84(2=Ки)кыр
А 36

# ЧЫҢГЫЗ АЙТМАТОВ

*Чыгармаларынын сегиз томдук жыйнагы*

VIII

## ТООЛОР КУЛАГАНДА

УДК 821.51
ББК 84 Ки 7-4
А 37

Көркөм сүрөтчүсү **Рысбек Исаков**

*1-басылышы 2008-жылы чыккан*
*2-басылышы 2009-жылы чыккан*

**Айтматов Чыңгыз.**

А 37 Чыгармаларынын жыйнагы: VIII том. Повесттер, аңгемелер. /Түз. Абдылдажан Акматалиев. – *3-бас*. – Б.: «Улуу тоолор», 2014. – 365 б.

ISBN 978-9967-13-989-3

Чыңгыз Айтматовдун 8 томдугуна автордун аңгемелери, повесттери, романдары жана публицистикалары кирди.

А 4702300100-14

**УДК 821.51**
**ББК 84 Ки 7-4**

ISBN 978-9967-13-989-3

© Айтматов Э. Ч., 2014

# ТООЛОР КУЛАГАНДА

## (КЫЗКАЙЫП)

*Роман*

## I

Бу табигат дегендин тирүү жандын баарына жана аларга ар дайыма таандык болгон, кысталыш кыйын кезде да мизинен тайып койбогон бир өзгөрбөс шарты бар, ал – тагдыр деген эмне экенин, жаралганда Жараткан бешенеге эмне жазып койгонун алдын ала биле албайт, кимдин кандай болорун жалгыз гана жашоонун өзү көрсөтөт, а эгер андай болбогондо тагдыр дегендин тагдыр болмогу кайсы. Жарык дүйнө жаралган кезден тарта, тээ бейпил бейиш төрүнөн кубаланган Адам ата менен Обо энеден бери так ушундай болуп келген экен да, ошо күндөн ушу күнгө дейре тагдыр дегендин бу купуя сыры жан аттуунун бардыгына, атүгүл алардын ар бирине түйүнүн чечпей, аларды кылымдан кылым, күндөн күн жана сааттан саат тынбай, түбөлүк коштой берери кадиксиз чындык катары бешенеге жазылган, мунун жандырмагын, а балким, Жаратткандын өзү да алиге толук табалек табияттын табышмагы бойдон калууда.

Мына эми, бу жолу да жанагыл тагдыр дегенин дал ошондой, ошондой болгондо да ушу ирет

табылар тамыры жок табышмак-сырдын так эле өзү болуп чыкты да, анан адам баласынын толуп-ташыган акыл-эсинен, а тургай Алла Тааланын ой-дилинин чегинен чыгып кеткен, коогасы коркунуч кордугун туудурган окуя болорун эч ким капарына алган эмес.

Ушундай кырдаалдан улам айта турган жалгыз нерсе бар, ошо акыл-эске багынбаган нерсени ой боолгоо менен гана түшүнүү аркылуу – алдыда сөз болчу экөөнүн жакындыгы жайында ой жүгүрткөндө: болгону ошол эле улуу тагдыр буйругу менен булар бирдей жазмыш жылдызынын белгиси астында жаралса керек деп ойлоп кетесиң. Ооба, ушундай да болушу мүмкүн.

Арийне алар бири-биринин кадыресе жер үстүндө жашап жатышкандыгы жөнүндө ойлоп да коюшкан эмес, атүгүл алардын антип ой чыгарышына да шек-себеп деген жок эле. Анткени алардын бири көчөдө соодасы менен ичимдик ичилчү жайлары жайнаган жана да жыты шилекейди агызган шишкебек бышчу көмүрдүн түтүнү түндөй каптаган, эл деген быкпырдай кайнаган шаарда жашачу да, экинчиси дал ошо кезде күндүн нурун сындырган бийик тоолордо, арасынан шамал өткүс арча өскөн тескейинде теменедей тагы жок аппак кар алты айлап жаткан, аскасы көктү көтөргөн, адамдын изин көрөлек капчыгайларда өктөм өмүр өткөрчү. Ак кар, көк муз жердеген бу жаныбарды ушундан улам мөңгү барсы дешет, ал эми тоо жырткычтарын изилдеген илим анын түпкү тегин мышыктарга алып барат да, андан кийинкиси кабылан тукумунан тараган Теңир-Тоонун мөңгү барсы экендигин айтат. Билгендер болсо аны

түз эле Жаабарс дешет, чынында бул аталыш анын олжосуна оңтою келген кезде кол салганына, көзгө илешпей, жебедей сызып каргыган кездеги табиятынан чыккан. Ооба, кээде аны кар жиреген илбирс деп да коюшат. Бу дагы анын жашоо-табиятына шай келген сөз. Башка макулук аттуулар тоолордогу күрткүлөрдүн түбүндө калбаш үчүн из түшкөн чыйыр издешет, а тигил барс дегениң болсо ушундай, жер өңүтүн тандабай, бет алган жагынан кайра тартпай, мемиреген ак карды жара жиреп, артына арык салып кете берет. Күчүнөн көзүң өрттөнөт.

Ийе, барстын ууга чыккан учуру көбүнчө түш маалында башталат. Отко тоюп, каны каткан кайберендер суусун кандырып, эртеңки күнгө күч жыйнап алыш үчүн туйлап аккан тунук сууга алдын ала макулдашып алгандай ар тараптан агылып түшөт. Кыя жолдор менен ээн-эркин, туяктары жерге тийип-тийбей, жеңил-желпи басышып, чакан-чакан топ болуп тизилишип алышат да, а эгер көз ирмемдин бир инде бир кокустук болуп кетсе аткан октой секирип, кырсыктан безип кетерге даяр болуп, айланага абай сала тик карап, теребелге кулак сала желип келишет.

Деген менен бу Жаабарсың өзүнүн жырткычтык ишин эң сонун билет. Ал жогору жактан, аска таштын бурчунан, алаар олжосун күтүп жатып, оңтою келген кезде капысынан октой сыза секирип, жебе болуп жетет да, буйдамына келтирбей баса калат, мунусу чыны жаза кетпес кол салыш, кээде бадал-шактын артынан атылып чыгып, колу менен шак уруп жыгып, алкымына канжар азуусун матырып, ысык кан

аралаш кызыл булоонун жытына магдырап калат.

Ал эми тигилер сууну каалашынча кана ичкенден кийин алардын артынан кумардан кана кууп жетип олжосун алган эң сонун. Ал үчүн жакын буктурмада шек чыгарбай бугуп жатуунун сырын билүү керек да, бир Кудайдын өзүнөн ашыкча кыймылдап албайын деп тилеп, алаар олжоң оозуңа түшүп, бир секирсең сеники болоруна карабай, өзүңдү өзүң токтотуп, ал тургай эликтер сууга тойгончо, тоо эчкилери кыл моюн баштарын суудан ала жогору көтөрүп, кулактарын тикчийтип, жайнаган сак көздөрүн жалжылдатып, кызыл ашыгына чейин суу кечип, шырп алдырбай кылкылдата жутуп жатканда да каныңа каар ойното карап чыдаш оң. Алар сууну канчалык көп ичишсе, барстын жолу ошончолук оң болот. А кокус буларга түз, майдан жерден кол салуу зарылдыгы туура келсе, анда бу кийиктерди куубай-ак койсо да болот, артынан сая түшкөн барс түгүл, желкайып өзү болсо да ак өпкө болуп жинигет. Бир күүлөнсө иш бүттү, өзгө түгүл үнгө дагы жеткирбейт. Анын үстүнө аларың башка жаныбарлар өңдөнүп, айталы тигил кургакчылык каатынан бу жердеги бадалдарга жан айласы айынан сандалып келген доңуздардай коркулдап чыйылдабайт, безилдеп чуркап баратып жүрөгү түшкөнүнөн улам заңдап да жибербейт; сууну каалашынча ичип, чаңкаган жанын жай кылып, мына эми кетейин деген учурун кыл жылдырбай кармагын да, каргый барып октой тий, ал анткени ошондо бу кийиктердин ыкчамдыгы баштагысынан басандай түшкөн кез болот. Көздөгөнүң көзүңдөн учуп күйгүзбөйт.

Ооба, Жаабарс бу жолу да түшкө жуук ичмеликтин жанына аң улоого чыккысы келди. Ал демейдегидей шаркырап аккан суу жээгин бойлой жайбаракат, бадал-шактарга жашырынып, алды жагына көз оту менен чалгын салып да, анан ошол эле учурда гүлтамгалаш мөңгү барстарынын бири каскактай болуп чыга калбасын деп артына бурула карап да келатты. Кээде ошондой да болот, ал турсун алдын ала сөз кармашып алгансып тигилердин бир үйүрү чыгып калса ит жеди дей бер. Бирине бири сүр көрсөтүп ырылдашкандын кереги эмне! Жалгыз гана болгон оң. Ошентип ал келатты...

Күз келердин алды эле, а бу деген көк тиреген Теңир-Тоонун тендеши жок дүйнөсүндөгү мактана турган мезгили эле, буюктурма бурганагы өз бийлигин ала элек, айсыз түндө ак булуту аймалаган ашуулары келип-кетер илбесиндерге жол ачып, жан-жаныбар жай отуна семирип, таңдайыңа балтатымы жабышып, түркүн куш учуп, а башкасы бак башында безелене үн салып, сарооз балапандары канат күүлөп, айтор, алардын жашоо-турмушу сайрандап турган кез. Күз күчүнөн тайган кезде ушу жерде бу куштардын бири да калбайт, кийинки жайга чейин кайдадыр житип жок болушат. Ал анткени аларың таш сындырган тоо суугуна кайыгып чыдай алышпайт.

Каны каткан кийиктер кайсыл жерде карегинен суу учуп келе жатты экен деп туш-тарабын көз оту менен чалгындап, өзүн өзү айланадагы аска таш менен бадал-шакка айлантып, тигиле тиктегендерге да гүлтамгасын байкатпай, жер менен жер болуп жылып, Жаабарс жойлоп

келатты. Буржуйган бука желкелүү, чулу моюн, казанбак башы уюл таш, мышык кулагынан от жангандай жана да кара түндү как жара жалын чачкан чок көздүү Жаабарстын тулку бою шайдоот, узун, ары орошон күч-кубатка толуп, гүлтемгилдери даана көрүнүп, коюу, бирок жибектей жумшак жүн каптаган териси бу жердин табиятына жуурулушуп, кай бир эзелки ырларда бакшылар менен хандар гана барс ичик кийип өтүшкөн деп айтылганы бекер болбосо керек. Кыялына кылдай ой албай бара жаткан ушу барс өзүнүн Африкадагы каны бир кабылан менен куюп койгондой окшош экендигин, жадагалса куйруктары да бирдей узун, ары сүрдүү көрүнөрүн көөнүнө алып койчу эмес. Анын үстүнө каны бир кабыланы мышыктардан бетер дарактарга тырмышып чыгып алат да, анан ошол жерден олжолоп аларын баса калат, а мөңгү барсынын табиятына андай амал жат келет, тик аскаларда, коогалаң коолордо каргып жүрүү тагдыры мандайына жазылган. Анын үстүнө барстар жашаган куш жеткис аска-тоолордо Африкадагыдай бутак-шактуу бактар жок, тоо-токойлору болсо төмөн жакта, тиги төш таянган өрөөндөрдө болот, ал дүйнөдө бир болсо сүлөөсүн аттуулар гана болот. Кай бир учурларда ошо тоотокою аталган бадал-шактуу жерлерге барстар да келип калышат, андай кезде бу үч атадан кошулар жакындарын таанып баган таризде жаман көрүп ырылдаша каңшылап айбат көрсөтүшкөн болушат. А негизи мөңгү барстарынын жашоо-турмушу көк челген бийик дүйнө – күн түнөгөн кыл чокулуу улуу тоолор менен жана да жебе жетпес жел туяк кийиктердин артынан

сая түшүп, кан кызыткан куугун кармашынын кумары менен бир түйүн байланышта.

Жаңылбас Жаабарс жер өңүтүн шарт аныктап, кол салар буйткасын буйдалбай тандады да, жылжып аккан суунун жээгиндеги сеңир таштардагы бадалдардын арасына комдоно жатты. Чеңгели менен тырмактарын тазалап, анан жел таппас болуп жашырынды. Каны каткан эликтер менен тоо эчкилери өзөндүн айдөшүнүн боору менен моюндарын койкойто, эки жакка элеңдей карап, баштарын өйдө көтөрүп, ээрчише тизилип, ушу жерге суугa түшүп келишмек. Алар жетөө экен, ошо жетөөнү тең ал аска таштардын жаракадай жылчыгынан тээ алыстан бая эле көргөн. Мына эми, ошолорду тосуп, оңутун күтүп таш болуп катты.

Күн төбөдөн нур төгүп, көктө адашкан ала булуттар асман тешкен Теңир-Тоонун мөңгү уктаган кыл чокуларына тийип-тийбей, илинип-илинбей жай каалгып өтүп жатты. Ушунун бардыгы, ал тургай аба ырайы да, күндүн көзү да мына бул кексе жырткычтын оюндагыдай болуп, олжо алар оңутун келтирип турду. Күсөй күткөн кол салар кези да жакын калды, а бирок анын тынчтыгына канжар такаган жалгыз нерсе – сеңир таштардын арасында дым чыгарбай өлүк болуп, тигилерди карегине байлап алып жатканы менен өзүнүн дем алуусу өзүнө даана угулуп, энтиккендей туюлуп тургандыгы болду. Мындай учур каруусун кага катуу чуркаганда же болбосо азыгын алар кез келип түйүнчөк болуп түйүлө калып ыргыган учурларда, анан да жанагы үйүгүш кумар азабынын чыдамды алган жытын чачкан ургаачы илбирс ыракаты

үчүн кан төгүлүп, эрегиште бири өлөр намыс талаш эрөөлдө, жон териси сыйрылып, омуроо эти шылынып, көзүнө урунган жырткыч аттууну алкымдан муунтуп жок кылар жиниктире жан тиштеткен кармашта күйүктүрүп бир болот. Ал эми мындай азыгын аңдып, кырдаалга кыттай биригип, көздөгөнүн көзүнө байлап, бүт дитин ага арнап, ташуюл болуп турган учурда мындай энтигүү, өзүнүн дем алуусу өзүнө ачык угулуп турган абалы болбошу керек. Ал бул балакетке мурда-кийин туш болгон эмес. Бүгүн анын жүрөгү да баштагыдан бир башкача катуураак согуп, тамырынын кагышы кулагына жетип турду. Ооба, тагдыр деген акыры өз өкүмүн салат тура, соңку учурда бу Жаабарстын турмушунда көп нерселер өзгөрдү. Анткени ал өткөн кыштан бери үйүрүнөн кубаланып, жалгыздык жанына батып, азап жеп келет. Сурабай келген карылыктын жазасы ушу экен. А бирок бул – тирүү жандын бардыгы барар тагдыр го. Ийе, анын жаншериги болуп жүргөн ургаачы барсына качантан бери көзү катып, көңүлү түшүп жүргөнүн ким билсин, айтор, бир жаш барс жалооруй тиктеп, дил төшөп, жанынан чыкпай калды. Ошол ошол болду, ошондон кийин бу Жаабарстын эч кимге кереги жок калды. Эмне кылмак, эр намысы кыйнаган кезде кармашка чыкты. Айыгышкан кармаштын акырына жете албай, арман-муң төгүп жеңилди. Андан кийин да намыс талашкан өлүм таймашына чыкты, а бирок ал өзөгүнө өч салган атаандашын кайрылгыс кылып кубалап жиберүүгө күч-кубаты жетпеди. Ошо чунак кулак жаш барс өлөрүн билбес өжөр да, чаалыгууну көрбөгөн өтө каар-

дуу кажыбаган неме экен, кыязы ушу көктүгү тиги кулагынын түбүнө жеткен өңдөнөт, айтор, ал ургаачы барстын жанына жанды жолотпой, жанынан карыш жылдырбай, акырек-моюнунан жалап эркелетип, эркелетип гана тим болбой көз оту менен каар чача сес көрсөтө баштады. Ушунун баары Кудай уруп карт Жаабарстын көзүнчө болуп жатты. Ооба, Жаабарстын алгачкы түгөйү улуу тоолор ураган жер титирөөдө мерт болгон, андан кийин тагдыр ага ушу ургаачы барсты туш кылган. Аны менен көп жылы көңүл байлашып чогуу жүрдү, эки ирет күчүктүү да болушкан, анан анысы минтип чунак кулак жаш барс менен үйүгүш кумарына батып кете берди. Көз күйгүзгөн куйругун бир туруп оңго, бир туруп солго шыйпаңдатып, бирде анысын чатына кыса кыңшылап, кайра чамгарактата жогору көтөрө калып түпкүчтөй түйүп жиберет да, жантүгөйүнө эреркей барып капталы менен, акырек-мойну менен сүйкөнүп, жагалдана эркелеп жүрүп көз көрүнө кетти. Көңүл үчүн көз кырын салып да койгон жок.

Ошондо Жаабарс чыдабай алардын артынан жойчудай түштү. Алар коктуну өрдөй жайбаракат желип-жорто баратышкан экен, аткан октой кууп жетти. А бирок бул жолу да эч кандай майнап чыккан жок. Аёону билбей айыгышкан кармашта ургаачы барс каары катуу жаш барсына болуша аны азапка сала талады, экөөлөп баса калышып, өнөбоюна тиш матырып ийишти. Бул кордук анын дилин ыйлатып, жүлүнүн үзө сыздатып, жүрөгүнө муң күйүтүн салды, үйүрүндөгү ордун сактап калууга, табигат берген барс дөбөттүн касиет-милдети менен өз тукумун

дагы да калтырууга жасаган намыс-аракетине баш көтөргүс мүшкүл сокку болуп, кабыргасын кайра түтөтүп салды. Эмне кылмак, ошондон кийин ал акыл-күчүн колго алып, кошуна үйүргө жаалын чача барып, үйүгүш жолуна жаңы эле кирген жаш канчыктардын бирин имерип, диларманынан арылмак болду эле, бу жолу да аны капияга кабылтты. Үч дөбөт барсы капталына от жагып, катыгын бере кайрылгыс кылып талашып, жүрөгүнө айкар кастык катышты. Жан кумары ынак кылган бул үйүр көңүл байлашкан бойдон коктуну көздөй жөнөштү, а тигил тагдыры сынган жалгыз барс Жараткан берген озуйпа отунан ажырап, эркек дүйнөсүнүн кызыгы берген өкүнүч менен өрттөнүп кала берди да, тукум улаш күрөшүнүн кызыгында бу табигат дегенин ар дайыма жаш күчтөрдүн тарабында болорун дагы бир жолу тааныды.



Жаназап түшкөн Жаабарс бул жерден кетейин деген, бирок ал негедир бир туруп каруусун кага жүгүрүп баратып ок жегендей тык токтоп, бирде жанталаша жата калып, кайра жин тийгендей тура калып айланага акыр заман чакыра долулана айкырып жүрдү. Азабоюн армандот басып, карышкыр болуп улууну көксөп муңканды. Жанына жалын чок баскан жалгыздыктан улам өзөктүн өртүн өчүрөр жер таппай эстен адашып, аңчылык ышкыдан биротоло ажырап, ушу азыр карылыктын карыбы боло элек болсо да, кара жанды кайра бир жолу кашайтып, бир үйүр тоо эчкилери анын жанынан беймарал өтүп кетишти. Бүткөн экен...

Чынында ошондой болчу. Ал ошондо өзүнө да түшүнүксүз, демейки маани-маңызын жого-

туп жиберген бул кыямат убакта ой-санаасын от кылган кайгы азабынын тамырын сезгендей болду. Аскалуу сеңирдин кылда учунда, кыйшая өскөн арчага сүйөнүп туруп, ал теребелге жөн эле көз чаптырды да, анан ал далай күндү карытып, далай мезгил бирин-бири эңсешип жүрүп, анан гана алгач ирет арзуу кызыгына жеткен, кыймыл-аракетинен кумар оту менен жаштык күчү төгүлгөн, төш кадаша моюндаша калышып эркелетүү ырахатына баткан, анан да өз жаны өзүнөн чыгып, түгөйүнө биригер абалга алып барып, эки дене бир жүрөк болор алдындагы бу дүйнөнүн жыргалынан кан тамыр кызыл от болгон кезиндей тагдырга ыраазы тейде баратышкан тээ ылдыйкы жайыктагы жаш түгөй барсты көрдү. Көрүп эле тим болгон жок, аралыктын көз учурган алыстыгынан алардын карегинен кумар оту күйүп турганын сезди.

Айласы күйгөн ал байкуш жата калды да, анан боортоктоп, өзүнөн өзү кайдадыр качып бараткандай болду. Өзүнөн өзү кайда качып кутулмак... Ошону айтсаң, жанагыл экөөнүн кумар жыргалын келкели келген бир кезде ал дагы баштан кечирген, ал турсун андай керемет абалды коңшу үйүрдөн имерип алган тал чыбыктай буралган, ак жыландай ойдолой, бутуңа ороло калгандай таасир калтырган, жибек денеси түгөл ийиген үйүгүш жолунда өнөбою алгач ирет от болуп күйгөн жаш канчыктан да сезген. Мына ошондо бул дүйнө бир гана көңүл байлашкан түгөйлөргө берген, ааламда алар жалгыз калган кезде гана баштан өтөр кумар черин чыгарчу тирүүлүк ыракатын көрүш үчүн, башкалардын көзүнө түшпөш үчүн, чагышып чалкып жыргаш

үчүн далдаа жерге качып барышкан... Мына ошондо да кызыл чок болгон кырк тамыр дене бойду өрт кылып, төбөдөгү көк асман да алоолонгон от болуп, бет алдындагы күн кирпиги сайылган тоо чокулары кошо жалын чача термелген чакта алар жанжалгашуу жыргалын көздөн учуруп, көөнүндө экөө бир болуп, каректе күйгөн бул дүйнө кучагын ачып кубанып, арзуу кумарынын мастыгын бири-биринин кыл тамырына өткөрүшүп, чок капталга от каптал тийгизише жай аптабын күйгүзүп, мөңгү барстарынын тукуму келер саатты эңсеп, эки дене бир жүрөккө айланып бара жатышкан.

Ай ошондо бул экөө жанаша сыза сүзүшкөн балык сымал жарыша жүгүрүп, чок денелер керилип, куйруктар уча кубалап, бирине бири өрт чача чуркашып баратышкан. Канчык андан бир аз, тумшук озум алдыда эле. Ооба, ошондой болушу кажет болчу, анткени ургаачы барстын дал ошо канчыктык касиети, болгондо да үйүгүш күүсүнө келген касиет-керемети ушундай абалда гана дүйнөгө бийлик жүргүзүп, балкыган дене жытын чача алат да, жан жыргалы көздөн учкан дөбөтү бир өмүрдө бир болчу магдыратма бул жытка мас боло, тигинин денесинен чыккан жылуу, назик илепке ого бетер эңги-деңги түшүп, а бирок тигинин кабынан чыга жаздай туйлаган жүрөгүнүн кандай согуп жатканын да туюп, алдакандай бир белгисиз күдүк ой көкүрөккөөнүн көккө учуруп бараткандай болду. Ошол саат, ошол тамыр кагышта бир өзүнө буга чейин угулбаган, асман-жердин ортосун бириктирип, күн нурунан жаралгандай бул үн төбөсүнөн угулуп, айлана-тегерегиндеги мемиреген тоолор ме-

нен токойлордун билинбеген, жыл маалында бир болчу термелүүсүнөн чыгып жаткандай туюлду да, атаганат кем дүйнө, мунун баары ай-ааламдын өмүр-күнүнүн кайталангыс күүсү, жазмыш кошкон бул экөөнүн Жараткан буйруп жалгашар алдындагы бири-бирине жан берүү ыры, өмүрдүн түбөлүктүүлүгү жөнүндөгү сүйүү кайрыгы экенин бу кумар оту күйгүзгөн мөңгү барсы билсечи. Бирок кээде мындай да болот, ал керемет закым, кийин чындык болуп, болгондо да өлөрөлгүчө сени өксүткөн ачуу чындык болуп чыгат. Ошо закымдуу жалган элестер да өттү, күн күндү кубалап, жыл жылды алмаштырды.

Түйүнүн чечпес тагдырга айла барбы, эзелтен ошондой болуп келген, аны өзгөртө турган күч да, сот да жок. Ошондо, жазмышы ага жарыгын чачпай, жек көрүндү болгон күнү, андагылардын көзүнчө эркек намыс талаш кармашында жеңилип, ал аз келгенсип жанынын жарымындай болгон түгөйү кан жуткурган, жанагыл чунак кулак канкор менен жан кашайтып кынала басып кеткен кезде ыза-кордукка чыдабаган Жаабарс кайгысын кайда катарын билбей башы оогон жакка басып кетти. Тагдырдын берген күйүтүн, азыр эле өткөн иштин жалынын кантип өчүрөрүн биле албай, кыжыры кайнагандан улам ары-бери сандалып, жадагалса аң уулаш жайын унутуп, каргаша канын ойнотуп жүрө берди. Мына ошондо – ушундай ырайымсыздыктар да болот экен да – бу тоолордун адамдын изин көрөлек жайык коктусунан ал өзүнүн жанагыл жан шериги менен көңүлгө өчпөс кек салган чунак кулак барстын денекумар бир болуп, дүйнө унутуп чагышып, ал экөөнү эч ка-

чан тагдырын да ажырата албай турган абалда калганын көрдү да, чечекей агып, карегим катып калсачы деп жиберди. Ал учурда тиги экөө жан жалгашуу жыргалынын жетер жерине жетип, акактап чарчап тил сунуп, көчүктөрү желимделип калгансып ажыраша албай, кыймыл-күчтөн ажырап, бири-бирине жаны чыгып бараткандай аёолуу карап, каректи өрттөп турган экен. Алар Жаабарсты дал ошондой абалда турган чакта көрүштү да, үрөйлөрү үч көчүп, демдери катып таш болуп өлүп калышты. Ушунун баары каш кагым гана убакытта болду. Каары келип, күңгүрөнө ыркыраган Жаабарс башын жерге сала, көзүнөн жалын чыгарып, бир жалтанбай кол салууга, камындырбай баса калып жулмалап, ай дегиче алкымына канжар азуусун салып шарт булкуп, эки чайнап, бир жутуп жиберчүдөй жаалданып, өксүткөн өчүн экөөнү катар өлтүрүп эми алмакка келатты. Көздөгөнүн көзү менен көрүүгө акыркы гана кадам калган эле. Ошол чечүүчү кадам таштаарда, жининен аша жек көргөн, жанагыл эки дене биригип, эки жүрөк бир тамырдын кагышына айланган түгөйлөрдөн чоктой күйгөн көздөрүн албай баратып, капылет жерден дал болуп катты да калды. Анткени аны кандайдыр бир сыйкыр күч, кандайдыр бир касиеттүү добуш, кандайдыр бир эрк токтотуп калгандай болду. Барс тукумун улантуу үчүн көңүл макулу менен жалгашкан түгөйлөргө кол салба, өмүргө зыян келтирбе, тарт артыңа деген кимдир бирөөнүн өзүнүн дилинен угулган касиеттүү буйрук-үнүнөн улам касташына канжар болуп сайылар жолунан башка чапкандай бурула берип мүдүрүлдү

да, беткелди жүрүп берди, а бирок эмнегедир ызырына күркүрөп, жаны чыгардай онтоо менен ый угулган ыркыроодон, өзөктөгү өчпөс өксүдөн өзүнөн өзү өрттөнүп баратты...

Күн сайын өз үйүрүнөн алыстай берген Жаабарс өзүнөн өзү кыжыры кайнап, жалгыз баштын жан кыйнаган азабы үчүн кашык каны калганча бир өмүрдүн бир болор тагдыр кегиндей кармашын тамырдын кагышы сайын кекене эңсеген безери жырткычка айланды. Аскалардын коңулунда жашаган көзүнө көрүнгөн эле жаныбарлардын артынан чабыт кумарын эмес, кыжырын чыгармакка сая түшүп, жегиси келбесе да канжар азуусун канга жууп, кең омуроо, барак төш баштагыдай мөңгү жиреп кеткиси келип, тентимиш турмушка кабылды. Ошолбу, ошол эмеспи, айтор, жебе көзү жеткенге ок болуп тиет, алкымынан кызыл жаян кан атып, төрт туягы тыбырчылап, бир туруп, кайра жыгылып жатканына каарын чачып карап, моокумдан кана ырылдап тура берет да, анан болгону булоолонгон ысык кандан аптыга жалап-жалап алып басып кетет. Кан эңсеген ачтыктан эмес, эч басылбай кан кайнаткан өткөндөн калган өксүгү үчүн ушинтет.

Күндөр кайрылбай кетти, кар менен мөңгү жамынган аскар тоолор гана түбөлүк турчу ордунда турат, андагы аба ырайы да алмашты, а бирок сыртынан эч нерсеси өзгөрбөгөн, бул аймактын падышасы болуп келген Жаабарс гана жалгыз каңгып жүрө берди. Анан мурда такыр болбогон деми кысылган күндөр көбөйдү...

Тагдыр анын акырындан чабытын ала баштады. Ошондон улам ал азыр эликтердин суу



...УНИВЕРСИТЕТИ
...

ичер жеринде Кудай деп оңутун күтүп отурат, анткендиги чабыт эске түшкөнгө чейин эле деми кысылмайы кармап, төрт аягын бууп салган. Болбосо баштагыдай кылмак, каны каткан кийиктер сууну кана ичкенче күтүп, анан алардын чаңкоосу басылып, магдырай түшкөн кез болот, ошону билип, аларың дене жыйганча чабуулга чагылгандай өтмөй оң. Бул азыр кыял болуп турган кез. Кээде аларың сен күткөндөй болот, кээде башка жактан чаңкоо кандырмакка кетип калышат. Андай учурларда алардын артынан жыт алдырбай аңдып, жыландай жылып жакындап, илерге көзү жеткенде гана ок болуп атыл, андан аркысы буйруктун иши.

Бул мертебе Жаабарстын денекул кылмак тагдырга таарына турган жолу жок. Башкалар басып баралгыс шаңкайган тоонун бүр чөбү менен сан түркүн бадалдын миң түркүн ашын тандап оттогон аркар-кулжалар букма жайда бугуп жаткан Жаабарстын түз өзүн беттеп, теребелден темененин көзүнчөлүк шек санабай келе жатышты. Алар анын бар-жогун алыс жактан эстебей, жакын жерден кол саларын эч сезбей, ичмеликке бейкапар тизиле калышып, жайбаракат суу ичүүгө киришти.

Жерге житкен ок болуп, башкага түгүл өзүнө өзү жок болуп, букмада бугуп жатты. Канынан кашкөйлүк али кетелек, ар кыймылды карегинен өткөрүп, кылтактап-талдап отуру. Баары жайында, жазмышы жана бир жазуусун чийген өндөндү, эми күтүү гана керек. А бирок жер солкулдата демиккени, ага кошулуп көкүрөгүнүн кырылдаганы кыр аша кетип жаткандай болду. Карылыкпы, ашууларда жулунган суук

аларын алган окшойт. Аны буктурмада ушул кыйнады.

Келтирери кезин келтирди, четирээк турган үйүр баштоочусу, шаа мүйүз кулжаны көзгө илешпей эки секирип жетип, жонунан апчып жыгарда дем кысылмасы каргаша болду. Жетерин жетип, тырмактары апчуур болуп ачылып, бүт тулкусун кол күчүнө салып чабарда тигил андан ыкчамдык кылып ойт берип кетти, кара жерди жара чаап, казанбак башын ташка уруп жатып калды. Ылдамдык ылдамдыктан утулду. Дем жетпей калды. Кыжырланган Жаабарс ордунан шарт туруп кайрадан ага секирди, дагы да тигини шамдагайлык куткарып кетти. Аркар-кулжалар жер көчүрө жүрүп бериштu...

Артынан жебедей сайыла түшүп, жеткенин желкеден алып жыгылса болмок. Ошентти, ызанын күчү дем берип жетеринде муунткан ачуу аны ого бетер демиктирип, Жаабарстын күчөнгөнүнө карабай алкымын кысып жиберди. Мындай мүңкүрөткөн мүшкүл иш анын башына алгач ирет мына ушунтип түштү, ызалыктан улам боору таш тагдырдын алкымын аткып бир чайнап, боорун эзип, өтүн ичип жибергиси келди. Андан өткөн, Кудай башка салбаган өксүктү жанагы үйүр баштагыч көргөздү. Алыстай барып артка бурулду да, ага айбат көрсөтүп, мүйүз кезеп, туягы менен жер чапчып сес көрсөтүп, анан кайрылбай кетти, баарынан да ушунуку өттү. Жырткычтын ырыскысы бутунда деген чын экен, бут эми басканга гана жарап калабы?.. Мурда деле мындай майда оңунан чыкпоолор болчу, бирок анда курчтук менен пайын келтирүүдөн кетирчү. А мында... Жараткандын бергенин тагдыр алган экен.

Өзүнөн өзүн жоготкон Жаабарс сабыры суз, ааламда жалгыз калгансып, курчу качкан көздөрү менен эки жагын жалдырай карап, жерге батырбаган демиккенин басалбай, башы оогон жакка каңгып баратты...

Гүлдүйнөсү кубулуп бүткөн экен. Негедир ал ушу азыр мурдагы жантүгөйүн, аны менен акыркы жолу үйүгүшө чагышканындагыдай күндүн ага күлүмсүрөгөнүндөй нурун, шаркыратмалар менен токойлордун бир керемет сыр каткан доошун, гүлдүйнө күүсүн, ургаачы барсынын мурда эч качан болбогон ыракат жыргалына баткандагы үнүн угууну көкүрөгү ачыша эңседи. Бирок дүйнө керендей тунжурап турду...

Каңырыгы түтөгөн Жаабарс – аскар тоолордун кезмети бүткөн падышасы, кайда бараарын билбей каңгып барат. Жанга баткан жалгыздык акыры бир өмүрдүн соңуна чыгарарын сезип, күнү бүтүп, түнү түшкөн бир кезди күтүп, асканын коңулунан өзүнө жатар жай издеп барат. Ошентип барат, ошол үчүн анын өмүр-күнүнүн соңундагы ажырыктын тамырындай чиеленишкен тагдырын тукуму бир жырткычтар эмес, адам баласы тең бөлүшөрүн ал таптакыр билген эмес. Ооба, Жаабарсты адамдар көргөндүр, ал аларды көргөн эмес, кээ-кээде тынч тоолорду жаңырта ок атуулар чыкканда адамдардын келгени деп түшүнчү, тарса-турстан кулагы тунуп, алардан желе-жортуп алыс кетүүгө шашылчу. Ошол үчүн ошол күндөн ушул күн ал адамды көргөн эмес.

Жаралганда Жараткан маңдайга эмне жазса жан аттуунун бардыгы ошону көрөт экен, ал акыры адам менен кез келди.

## II

Кээде кайсы бир окуянын болоор жери, өтөөр сааты, анан калса башкысы ага катышкан адамдын тагдыр-турмушун ойдо туйбас окуяга арга жок жерден мөгдүрөтө багынткан жагдайлары боюнча да биринен бири ажырабас окуялар болот, анын сыры, жандырмагы табылгыс бойдон кала берет. Бул жолу да дал ошондой обол-мурун ойго илинбеген иш болду. Болору анын санаасында да жок эле. Дилкыйноого салган бул абал акыры акыйкаттын жеңиши менен аяктайт деп ойлогон. Ооба, акыйкат дегендин өлүшү мүмкүн эмес да. Ошондуктан жүрөгүң согуп, тамырың кагып турганда сен ошо акыйкаттык үчүн жашай бил да, сен ошо акыйкаттыкты корго, анткени сени Жараткан жарык дүйнөгө ошол үчүн жараткан. Ушундай, а бирок ошо акыйкаттык деген эмне? Ал өзү кандай? Кептин баары мына ушунда жатыры.

Жума күндөн ишембиге караган түнкү турмуш агымы негедир бүгүн демейдегиден эрте башталды. Арсен Саманчин каш карая баштаган маалда адатынча ресторанга келди да, жанына жагым тартуулаган көнгөн орунуна отуруп, ич жылытар бирдемелерге заказ кылды, анан адатынча маашырлана тамекинин ыракатына кирген жок. Ооба, ал ушу пайдасынан зыяны ашкан чылымды биротоло таштаганы турат. Ошол үчүн өзү менен өзү күрөшүп, өзүнүн эркин өзү сынап отуру. Анткен менен тагдырына бириккен тамекинин кумары анын темирдей эркин талкалап, чылым чегип жаткандагы магдыраткан жанжыргал абалды кайра-кайра эс эң-

шерип эңсеттире берди. Анын үстүнө бир нерсени көз тешилте зарыга күткөн учурда, көңүлүң чөгүп, көкүрөк күйгөн кезенде ар дайыма ушундай абал өзүңдөн өзүңдү азгырары айкын иш. Азыр да ошентип туру. Көз байланар маал эле, сырт тарапты карады да, көчөдөгү жарык шамдар жымындап, бу калаанын кан жолу менен суудай аккан автомашиналардын жарыгы анын карегинде бирде күйүп, бирде жалп өчүп жатты.

Азырынча бу ресторандын казаны чындап кайнай элек. Жарым-жартылайы бош, болбосо кези келип, сааты чыккан мезгилде эл дегениң батпай чыгат. Дайыма ушундай, буга таң кала турган себеп жок. Жарп жазыша баарлашып, эл шаңында эс алууну каалагандар дал ушул жерге, Эмен сейилбагынын чет жагындагы хандадан кадырлуу, акчага бай адамдар гана бара алчу, кийин эле мынабу 90-жылдары мурдагы офицерлер үйү аталган жайды Евростилге салып, кайрадан кирген чыккыс кылып ондоп-түзөп, көз жоосун алгыдай жасалгалаган, анан да геосаясый мааниде өтө айырмаланган «Евразия» аталыш берилген, эң кымбат ресторанга бет алышчу.

Ал мына ушул жерде өзүнүн жылдызы жанар бир кезин күтүп отурат. Аны сыртынан сынай карагандар буга эмне болгон, дайыма келет, келгенде да жалгыз, жан адамга жарыгын чачпай, жылдызын ачпай келет да, кетет деп ойлошор. Кокус ал байлык үчүн эмне болсоң ошо бол деп башынан аша тобокелдикке барып, анан ошо кумар-оттун айынан бүт баарынан айрылып сормо саздан чыгалбай, жан айласын табалбай сыз-

дап отурган, келкели кеткен ишкер болсо анда муну көргөндөр жүлүнү сыздап, жүрөгү ыйлап турганда арманды арак басат деп калган жан тура деп коюшмак. Жо-ок, анын тагдыры таптакыр башка адам эле, жакын досторун күтүп отургандай түр көрсөтүп, кун жетпес кымбат шараптан кайра-кайра кылт эттирип коюп отурган. Дилкөөнүндө күйгөн бир арманга ал каяктан минтип байланып калганын өзү деле анчалык жакшы билчү эмес. Ооба, ар качандан бир качан ала жүргөн кол сумкасынан кандайдыр бир кагаздарды алып чыгып, убакытты бекер өткөрбөгөн адамдарча аларды караган болуп, алдындагы шараптан ууртап коюп, бу жерден күндө жаңырган музыканы тыңдаган тейде көрүнүп, а чынында ал өзү жер көтөрүп, тоо чыдагыс тобокелге көзүн жуумп арга жок бармак болгонун ичинен түтөп түшүндү, а бирок анын алдында мындан башка жол жок калганын, дилиндеги гүлдөй үмүт-күтүүсү күбүлүп бүткөнүн сезип, соңку жолу багын сынап, жазмыш жазганын эртелеп көрмөк болуп туру. Антпесе ал эңсеген бакыттын келмейи кайдан, андыктан ага тартынбай жакын барып, оюнда от болгон сөздөрүн айтыш кажет. Ал ага кандай мамиле кылар экен? Анын үстүнө билгендер аны өлкөнүн ырчы жылдыздарынын чолпону аташат, болсун деген менен алар бири-биринин ким экенин жакшы билишет. Ошондуктан азыр ага ыңгайды гана өткөрүп жибербөө керек, дагы бир жолу таалайы жанар кез болуп, жанагыл өзүнүн акыйкаттык дегенин сактап калар мүмкүндүк турат. Кашайгырды карасаң, дагы эле баягыл акыйкаттыгын кармайт. Мунусун качан токтотот? Эми

эмне болот? Ал азыр аны кандай кабыл алат, жүрөгүнө жетер жылуу сөз айтабы же,.. айтор, алдын-ала болжолдоп айтуу кыйын. Далай мезгил көөнүндө күйүп от болуп, ишеним-тагдыры болгон, тамчы сууга зар кылган эрме чөлдө азапка батып өлөсүң десе да жүрөгүнүн кагуусуна айланган ал ойлорунан баш тарткан эмес. А заман кыяматы таптакыр башка. Кыз кыялындай романтика дегенди да бу жашоонун чындыгы жокко чыгарып салган. Мунун болсо аны менен иши жок, ошол учкул кыялды тарамыштай тырыша кармап, ошо менен жашап, ошо менен өмүр сүрүп келет. Акыркы үлгүдө күзгүдөй салынган жол менен карегинди күйгүзүп, көз отуңа илинбей учкан, баасына башың сайылса да жеткис чет элдик жеңил машиналарга жанталаша кол көтөрүп, а бирок анысынан айла табалбай турган бу кеңкелести ушу азыр аларың адам экен деп карап коёр түрү жоктой. Ошентсе да, дагы бир жолу тобокелге ишенди. Ушундан улам ал эринбей эрте камынып, ресторан ырчысынын көзүнө түз көрүнүп тургудай, аны менен мандай-тескей жерди атайы тандап алды. Көз учура көздөгөнү ушул эле.

Ал аңгыча сахнага оркестрчилер чыгышты да, өз ордуларына каадалуу отура баштады. Даңазасы таш жарган мындай ресторанда башка жактан чакырылган жана жергиликтүү ырчылардын жылдыздары чыгып ырдай турган азыркынын жандуу рок-музыкасынын жанжыргалын каалашат.

Мурда опера театрынын оркестринде ойногон музыканттардын айрымдарын ал өңүнөн таанычу, кээлери менен жеке тааныштык жайы

бар эле. Анткен менен көптөн бери аларга жолукпай, далай мезгил аларсыз өткөн. Ушу азыр ал тигилерге керек болду бекен? Эмне болсо ошол болсун, ал үчүн кеп анда эмес эле. Бир аз гана убакыт калды, музыканын муң козгор үнү жаңырып, ар адамдын кумар-эңсөөсү күткөн, дил эргиткен бир керемет кези башталат да, ал сени акырындык менен өмүр бою өксүүдө эңсеп келаткан бир керемет дүйнөгө ээрчитип кирип, жандүйнөңдү кайра жаңы жаратып, көртиргилик көйгөйүнөн арылтып, жалгыз гана көңүл эриткен, көңүл жыргаткан мукам ырдын, назик үндүн ажайып ааламында жашап каласың. Анын үстүнө мунун музыка жандуулугун айта көрбө, жашоодогу анын шору да, жыргал-кумары да ошол болчу. Муну жөн гана кумар-кызыгуу дешке болбос, түшүндүрүүгө да мүмкүн эмес, айтор, бир керемет күч-касиет коштоп жүрчү. Бул боюнча оо мурун бир окуя болгон эле, аны эстеген сайын өзү да күлүп жиберет, анан ошо замат кайрадан өзүн келесоо, музыканын жинди дубанасы деп жемелеп алчу. Азыркыдан жаш чагы, кайра куруу дегенин жаңыдан келген кез эле, журналисттик жумуштар менен Лондондо өтчү бир конференцияга барып, кирсең чыккыс жыргалы бар мейманкананын жарымжартылай жертөлөсүндөгү кулак кескен жымжырттык баскан дааратканасына киргенде тиги шып жагынын кайсы бир жеринен алданедей сыйкырдуу музыка төгүлүп турганына, ушу кереги тиерде гана эске келер, падышаң да, башкаң да жөө барар жайда бул керемет күнү-түн дебей жаңыра берерине таң калган, бир туруп кыжыры да кайнаган. Зарылдыктан улам бар-

ган, эл аягы үзүлбөйт экен, бири кирип жатат, бири чыгып жатат, бири заара ушатып, дагы бири ич бошотуп, артын аарчынып, кайсы бири какырынып-түкүрүнүп дегендей, айтор, мында жакшы көрүнүш деле жок, ошондой болсо да мында киргендердин урматына Вагнер же Шопен, болбосо өткөн замандын залкар таланттарынын улам биринин керемет музыкасы ойноп турат экен. Ушундай да болорбу, бок-жини кускуң келтирер канализация түтүктөрүнө жогору жактан бир ажайып музыка тынымсыз төгүлө берет экен. Ал мындай шумдугу жанды күйгүзгөн, акылга сыйбас айла-амал менен жабдылган тейлөө маданиятына эстен тана таң калган да болчу. Мунусу кандай? Музыка деген Жаратканга жеткирер жалгыз жолдун өзү, жандүйнө ааламы го?! Бул ушундай, аны жаралгандын бардыгы билген, бирин бири түшүнө алган, жарык дүйнөнүн жападан жалгыз тили ушул жана Жаратканга жан берип сыйынуу менен ага арналган ыйык махтал ырларын бу музыка жөн гана коштоп турбастан, ал дайыма бийиктикти эңсеткен, ага жеткирген бир касиеттүү учурда гана жаралчу, дүйнө кабылдообуздун чексиздигине чейин угулуп турчу керемет күч экендиги бекеринен эмес. Адам баласы өзүн бүт музыкага берген кезде гана өзүнөн өзүн көкөлөтө Теңирине жакындатат, анын артынан сая түшүп, айла-амал менен алам деп жүргөн азезилдин азгырык башкаруусунан чыгып, ошо кезеңдерде адам эркиндигине жетип, бүт баарын билген көзү ачык абалга жетет. А булардын кылганын кара. Аттигиниң ай, Совет кезиндегидей «Даттануулар жана сунуштар китеби» бул жерде да бол-

гондо ал мына бул беш жылдыздуу мейманкананын кожоюндарынын жетесин жетик таанытар өкүмүн жазып таштамак. Мына эми, ал өйдө көтөрүлүп, мейманкананын далис-жайына барганда ой-санаасын удургуткан бул жагдай жайында тарса-турс айта салды эле, ошо замат таш тиштеп отуруп калды. Ийе, баягы жылдары, батыш империалисттерине каршы элдешпес күрөш жүргүзүүнүн жолдорун үйрөткөн Москвадагы комсомолдун жогорку курсунда окуп жүргөн кезинде жөндөп алган англис тили менен залкарлардын музыкасын даараткандан жаңыртып кордобоо керектигин айтты эле, андагылардан «эгер сизге бул ажаткана жакпаса, анда башкасына барыңыз» деген сылык-сыпаа, а бирок жаакка чапкандай жооп алды.



Музыкага кумарын арта берилген бул өзү кээде тамаша-чыны менен эгер бала чагымда жылкы бакпай, музыкалык мектептен окуганымда азыр мен айтылуу композитор болмокмун, а бирок ушу азыр да дил-көөнүмдөн өз алдымча обон чыгарып жүрөм, бирок мунун бардыгы өзүм гана үчүн. Кап, аттиң десең, атайын билимим болгондобу деп калчу.

Тагдырдын жазганын кара, турмушу басма сөздө, музыканын күйөрманы, театр сынчысы катары макалалар жарыялап келет. Деген менен бул тарап деле тынч эмес, кашайтып каптан салгандар да болот.

Ал жөнүндө ойлонуп кереги не. А бирок ал мынабу жерде гана, француздардын ак сөөктөрүнүн келгендердин чөнтөгүн кагар шарабы толо «Евразиядан» башка кайда бармак, ага ушул жер керек, анын дилоорусуна айланган арылбас са-

наа бу жайга айдап келген, ошондон уламбы, же таза ичимдиктин күчүнөнбү, каны кызып, көңүлү көчүп, дүйнөсү жайнап отурду да, кагаздарын аңтарып жатып, ооба, жаандан кийинки козу карындардай жайнаган жазмакерлердин бири, болгондо да жининдей жек көргөнү, негизи жалган атак-даңк үчүн жанын саткан жергиликтүү жазарман, аны айрымдар той-топурдун думанасы деп да жүрүшөт, кыскасы, ошол кейбир мунун музыка жана музыка маданияты жөнүндөгү бир маегинде айтылган пикирине кайрылып, каратып туруп как жүрөккө канжар уруп, кансыратып: «Кайра куруунун адашкан каркырасы – биздин музыка күйөрманыбыз Арсен Саманчин асманда кыйкуулап жүрөт. Бир кезде ал Горбачевдун тобунда каадалана канат какчу эле. Базар замандын талабынан таалайына таш тийген өзүнүн «Руханият» гезити аркылуу социализмди жандүйнө менен улам кыйла жаныртуу керектигине, адамзаттын Кудайы маданият экендигине, айтор, дагы ушуга окшогондорго байма-бай чакырып турчу. Мына эми, ошо Горбачев кана да, оболоп учкан ошо куш-каргалардын катары кана?! Каңгыган кайран каркыра жандүйнөнүн эркиндиги жөнүндө, музыка тууралуу жазып, музыканы эркиндиктин жогорку чеги, ай-ааламдын сулуулугу, ошондуктан бизге мындан башканын кереги жок деп дагы эле кыйкуулап жатат. Баракелде, эгер музыка анын айтканындай болсо, он сегиз миң ааламда андан ашкан эркиндик да жок десек, анда аны ар ким каалаганындай, оюна туура келгендей пайдалана берсе болот экен да: каалаcа минип алып чаап кетет, каалаcа онду-солду

камчы урат, мейли, күн күркүрөп добул урсун, бүт бардыгын бир чатырдын алдына чогултуп алып, дүйнөнү түгөл дал кылып, келгиле эле келгиле, бийлейли да, ырдайлы, кубанычка бөлөнүп, айкалыша алышып, дене кумар жыргалын бир көрөлүк. Бизге ушул гана керекпи?! Эми биз музыканы каалагандай калчайбыз, альбомдорду, дисктерди жайнатып, элге сатабыз, а акчаны болсо мына биз, ай-буй дегиче акчага тунганды билген азыркы заман байлары аталгандар, чимирилтип жатабыз, ооба, бүт бардыгы ушундай, боорукер-байкуш болгондон көрө жаңы кыргыз байы болгон артык. Бизди эч нерсе токтото албайт. Жалпы элдин шоу-эстрадага акыл таштай арбалып тартылгандыгы кайдагы бир ыйык асылдыктардан, жанагыл классика-мlассикадан, жана да фольклор-молклордон алда канча өйдө турат. А тигилер өзүнөргө эле буйрусун. Бизге болсо бизнес-электрондук бакшылык керек. Эркиндик деген мына ушул, ал анткени жандуу ооруга жан берип, арбаландана көтөрүлгөн жүз миңдеген колдор, чанактан чыга чакчыйган үкү көздөр күйүп, музыкадан жер көчүп, көк асманың бороондуу добулда калган токой сындуу ары-бери теңселет. Бүт дүйнөлүк электрондук музыка революциясы жашасын! Керек болсо биз деген аба ырайын да өзгөртө алабыз!» – деп жазыптыр. Каргыш тийгирдин айтканын кара!

Мындай калжың сөздү эстебей ак койсо да болмок. Көңүлү чөгүп, акылы азгандан улам алдындагы мөлтүрөгөн шарапты тартып ийди да, томсоро түшкөн чөйчөгүн кайрадан толтургусу келгенде, анын столуна ресторандын кызмат-

керлеринин бири келип калды, сыртынан караганда официант эмес. Салабаттуу, бука моюнуна бу евросервиске таандык боз түстөгү көпөлөк-жагоо тагынып алыптыр, алкагы чоң көз айнекчен экен. Ал киши директордун өзү болуп чыкты.

– Кечиресиз, сиз Арсен Саманчинсизби? – деди да, анын алдына «Евразиянын» эн-белгиси түшүрүлгөн дарек кагазын койду.

– Окей! – Адатынча шыр жооп берди. – Ооба, мен Арсен Саманчиндин дал өзүмүн. Жаңылган жоксуз. А сиз «Евразиянын» шеф-директорусуз го? – Ордунан бир аз обдула саламдашайын деген ойдо кол сунуп баратып:

– Демек, сиз бүт Евразия континентинин шефисиз да? – деп азил аралаштырып койду.

– Ошондой! – деди тигил кабагын ачпай. Арсен Саманчин ага ошо замат ичинен «Ошондой мырза» деген эң сонун атама ысым берди. Кийин ал бул ишине ыраазы болду. Дилинде калган кашайгырдын бул тамаша сөзү башына тийсе болобу.

Кол алышкан соң Ошондой аердеги орундукту четке жылдырып, столдун бир бурчуна капталын сала отурду да, көз айнегин сүрткүлөп калды, мунусуна караганда ал олуттуу бир иш жөнүндө сүйлөшүүгө ниет байлап жатса керек.

Шеф-директор Ошондойдун дал өзү капысынан кашына келип калганына бир аз таң кала калган Арсен Саманчин жаркын жүз менен сөзүн уланта берди.

– Урматтуу шеф-директор, кол сумкамды мындай алып коюуга ыракым этсеңиз экен, сизге тоскоол болот го. Сиздердин Евразияңар жанга

жайлуу, төрт тарабы төп келген сөз жеткис мыкты жай тура, кубанып да, суктанып да отурам, кээде гана келип калам, бирок...

– Билем, билем, – деп жиберди тигил, анткен менен сөз бөлалган жок.

– Маашырланып отурам, – Арсен Саманчин туш-тарапка көз ата сөзүн улады. – Караңызчы, канча эл келген, жалаң гана айдай сулуу айымдар, – деп бапырандап жатты, кыязы ичиндеги да кызытып жаткандай. – Ошону айтсаңыз, аялдарсыз ресторан да, өзүңүз билесиз да, гестоган эмес, – анын мурдунан чала француздарча сүйлөгөн тамашасын тигиниси түшүнгөн деле жок. – Ооба, аларсыз ресторан ресторан эмес, театрыңыз, базарыңыз да базар болбойт. Караңызчы, дагы келип жатышат, тим эле чүрөктөр! Ал эми мындагыларды бийиктен карагандыы каалагандар үчүн балкондон да орун табылат. Ана, оркестр да аспаптарын күүгө келтире баштады! Күткөнүм келди, музыка угайын дегем, чынын айтсам ошол үчүн келгем. А люстраларды айта көрбөңүз, Италияныкы экенин өздөрү эле айтып турат.

Маңдайындагы Ошондой башын ийкеп койду.

– Ооба, ошондой, Италияныкы, – деди да, сөзгө конок бериңиз, мен дагы бир нерсе айтуум керек дегендей колун көтөрө ишара кылды. – Мен сизге жөн келген жокмун, тиги... – үнүн акырын чыгарып, сөзүнүн аягын айтпай калды.

– Оо, андай болсо эң сонун экен! – Эл-журт аны дагы эле унута электигине, ал тургай мындай менеджерлер менен бизнес-шефтер да таанып жатканына ал жетине албай бапырандап: –

Келиңиз анда, жакшылык үчүн алып коёлу, – деп, тигинин сузунан жанбаган жүзүнө жагалдана жароокер карады. – Сиздердин шарап тим эле таңдайды алат, келиңиз сизге да куюп коёюн, дагы да заказ берейин.

– Жок, жок. – Ошондой анын бөтөлкөгө жеткен колун кармай калды. – Мен таптакыр башка иш менен келдим, кызмат боюнча. Ырас, сизди эл жакшы билет, анткени сиз белгилүү адамсыз, бул жөнүндө башка жолу жай отуруп сүйлөшөлү. Азыр бир маселе чыгып турат, кырдаал... Кыскасы, бизде бүгүн өтө чоң иш-чара болот, билесиз да, Ак-Суу алтыны боюнча Канаданын биргелешкен ишканасы, чет элдик демөөрчүлөр, бүт бардыгы маанилүү адамдар, ошолор чакырылган, аларга арналып атайы сый тамак даярдалган. Алардын аялдары, жансакчылары, айтор, коштогондору көп. Концерт да болот. Меймандар ээн-эркин отурушат экен. Жашырып эмне, жогору жактан азыр чалышты, бүгүн анда Арсен Саманчин болбосун деген көрсөтмө беришти. Талап ушундай.

– Токтоңуз! Токтоңуз! Ошончолук эле мага камкордук кылган ким экен? – Туталанып кетти. – Кимдин талабы жана кандай акысы бар?!

– Мен айтылган буйрукту гана айтып жатам! – Бети-башын кан тепкен Ошондой чечмелеп түшүндүрбөй кесе айтты. – Ким эмнеге камкордук көргөнү менен менин ишим жок. Жогору жактан айтылды, мен аны аткарышым керек! Ошондуктан сиз артыкбаш сөз сүйлөбөй, жакшылык менен тезирээк чыгып кетишиңиз зарыл. Азыр жөнөсөңүз эле иш бүтөт. Талап ушундай.

– Талап ушундай дегени эмнеси?! Муну кандай түшүнсө болот? – Ушуга араң үлгүргөн Арсен Саманчин каны качып кумсарган, анан да билинер-билинбес дирилдеген эриндерин кымтый үн дебей отуруп калды. Болбосо азыр ал күйгөн оттой дүркүрөп, мына бул шайтан алгыр столду көмкөрүп, ичкенинин бүт баарын ичегисинен сыдырып турган, бетинен теке жыт болгон май тамган Ошондойду жүндөй сабап, ылай кылып тепкилеп, ресторандын ичин астын-үстүн түшүрүп жаңжал чыгармак, ар-намысына тийгендин сазайын колуна гана карматмак, а бирок ага анын анчейин зарылдыгы жок эле.

Жараткан өзү жар болуп, жалыны жанды чыгара даулдап жанган өрткө айланып кетерде, кан кайнаткан касташын каракурттай чагып, как жерге казык кылып тикесинен кагып жибererде, жана да көк тиреген байтерек кулап түшкөндөй, таманы турган кара жер калчылдап барып жарылып, октолуу мылтык ортого түшүп мээленип турган мезгилде аны өзүндөгү адамда жок сабырдуулук эмес, кайдандыр жанган чагылгандын жарыгындай жарк эткен кандайдыр бир ой кырк тамырга кызыл канын кайнаткан, өнөбоюн үч көтөрө чыңаган бургу билек чындыгынан, дил түпкүрүндө жан түгөйүндөй жашап, жалгыз гана өзүнүн ички дүйнөсүн үн чыгарбай ырдап турган музыкалык ой жүгүртүүсүнөн жаралган түшүнүгүнөн кыл суурагандай сууруп кетти. Мына ушул дилдүйнөсүн кыйраткан кыяматка ал: «Чын эле ошолбу? Койчу, кантип эле ал ушуга барсын?» – деп ой мүшкүлүн тартты. Ага өзү да ишене алган жок, ошондон улам тагдыр күнүн байлаган жалгыз үмүтү менен сахнаны жалдырай карады эле

анысы көзгө көрүнгөн жок, оркестр гана анын чыгышына даярдык кылгандай ар кайсыл обондорду кыска-кыска кайрып жатат. Аргасы күйүп күл болгон байкуш чөнтөк телефонун алды да, жүрөктүн соңку кагышындай абалда анын номерин тере баштады. Манжалары титиреп кетти. Мейли, мунумду көрбөс, үнүм калтырап чыкпаса экен деп коркту. Бул абалын тиги көзгө сайылган көсөөдөй болгон Ошондой сезбесе экен деди. Андан кайда качмаксың, бүт баарын көрүп, көңүлүңдү көзүңдөн окуп отурат. Ал телефонун өчүрүп салган экен, бир аздан кийин: «Мен Айдана Самаровамын. Телефонум убактылуу өчүрүлгөн, байланыша албаймын», – деген кайдыгер, жансыз үн чыкты.

– Жооп бербей жатабы? – Ошондой ага каш серпе, купуя сырды билгендей суроо узатты. Саманчин унчуккан жок. Ал ага эмнени айткысы келди, кимдин жооп бербей жатканын тактады, кимди сурап, кимди билгиси келип жатат, божомолдоп сокконубу, же мунун кимге телефон чалганын билип турубу? Сураган жок. Сыр бергиси келбеди. Мунун аны менен кандай иши бар?! Ансыз да ал чачыладай чачылган оюн жыйнай албай басып кетип, баш бербей баарынан кечип кетүү керекпи, болбосо жанагыдай жанга канжар такаган көрсөтмөнү ким бергенин, ресторандын тартип сакчылары эмес, ага атайын шеф-директордун өзү келип, алды-артына түшүп, майдай-сүттөй мамиле жасап таанышып, сыртка узатууну каалап жатканын чаң чыгара териштирип билиши керекпи?

– Кана, кандай кылалы? – Ошондойдун өтүнүч үнү чыкты. – Туралыбы? Мен сизди узатып коёюн.

– Жо-жок. Узатуунун зарылчылыгы жок. – Арсен Саманчин караманча каршы болду. – Эч кабатыр болбоңуз, кетер жолду беш колумдай билемин. – Кол сумкасын кыжыры кайнай шарт жапты.

– Андай болсо жакшы экен. Баса, тамак акысын төлөбөй эле коюңуз. Ал жагын өзүбүз ырастайбыз. – Кара өрүктөй жылтыраган Ошондойдун бул сөзү чыгар замат, ичинен күйүп, туталанып турган Арсен Саманчин ок тийгендей жарылып кетти:

– Эй, сен эмне деп жатасың?! – Баятан бери сылык-сыпаа сүйлөшүп сиз деп жаткан, эми болсо буйдалбастан сенге өттү. – Сен мени ким деп турасың? Эмне, буерге мен кайыр сураганы кириптирминби? Көзүмө көрүнбөй жогол! Түшүндүңбү? Ресторанына да, сенин өзүңө да түкүрдүм. Оозунду ачпай официантынды чакыргын, бир тыйынын калтырбай төлөп туруп анан гана кетемин. А сен болсо көзүмө көрүнбөгүн! Бүттү!

– Болуптур, өз ишиң. Азыр келет. Андан кийин мен айткандай болсун! – деп эскертти да, Ошондой ордунан жай козголо өйдө туруп, бука моюнун андан буруп басып кетти.

Ушул жерден сиркеси суу көтөрбөй турган Арсен Саманчин арты өкүнүч бир каталык кетирди, каканак болуп жарылганы турган жаңжалга шибеге сайып жиберди.

– Эй, бери карагын! – Столдон кетип бараткан Ошондойду кайра чакырды да, ал ага бурулган кезде бурк эте: – Сен мени желкеден алып кубалап чыктым дебегин, бул кылганынды ушу бойдон калтырбайм. Менин да өз билгеним бар. Мен деген журналистмин, көз карандысыз жур-

налистмин. Билип койгунуң! – деди. Анын бул сөзү Ошондойдун жарасына камчы чапкандай болду:

– Билип койгондой сен ким экенсиң деги? Сүйлөгөнүн кара. Ким болмоктон ошол бол, түкүрүп да койбоймун. Сенден азыр аялдар да качып калыптыр.

– Сенин ишиң эмне?

– Менин ишим ошол, сен өзүңдү билип жүр. Азыр журналист дегениң жугунду ичкен иттерден айырмасы жок, кандай тойгузсаң ошондой үрүшөт. Түшүндүңбү? Эми сен беш мүнөттөн кийин бул жерден жоголбосоң анда, таарынба, өз убалың өзүңө, айбан. Күч колдонуп кууп чыгамын. Бүттү! Оозуңдан бир сөз чыкпасын!

Ошентти да ал көк канчыктын көзүндөй заары чыккан көзүнөн көз айнегин жулуп алып, көчөдө калган аялдар да карап койбогон «көз карандысыз журналисттин» жер тепкилеп чакырганына бир кайрылып койбостон, аксак аюунун аяк салышындай эки жагына алмак-салмак оой басып кетип калды.

Арсен Саманчин болсо бул окуянын аягы эмне менен бүтөрүн божомолдоп биле албай дел болуп турду.

Кашына официант келген экен:

– Кечиресиз, эсеп мына, – деди.

Али да болсо өзүнө өзү келелек, ачууга алдырып, алкымын муунткан ызадан чыгалбай турган Арсен Саманчин алакандай эсеп кагазы салынган тарелканы четке какты:

– Сен адегенде арак алып кел.

– Арак?..

– Ооба, арак. Кыргызча түшүнбөсөң – водка!

– Азыр алып келемин. Канча керек?

– Канчаны алып келалсаң ошончо керек! Тез апкел!

– Жарайт.

Официант арак алып келгени буфет тарапка шыпылдай кетти. Арсен Саманчин болсо ушу тапта негедир азабойдо таш болгон жинине чыдабай айлананы карады. Аны менен эч кимдин иши жок. Ресторан өзүнүн кечки турмушу менен: эл жыкжыйма, балкондон бери көчүк басар орун жок. Көпчүлүктүн уу-дуусу, күлкү, бокалдардын назик шыңгыры... Дубалдын боору менен ары-бери чуркаган ар түркүн жарык нур менен зал шаңына куюлушкан оркестрдин музыкасы көңүлдү көккө учуруп, дилкайгыдан арылтып турду. Мына ушул күр жайлоонун төрүндөй көңүл ачкан жайда жалгыз гана ал өзү суутумшук болуп чыкты. Тилегени таш болуп, ошол иштин айынан башы айланып, жер көчүп, жүрөгү сыздап жатты. Ошончодон дал мына ушу бүгүн эл көзүнчө кагуу жеп, каңгыган кейбир саналып, куттуу жерден кубаланып калам деп үч уктаса да түшүнө кирген эмес. Мындай баш тебелеген балээни ким чыгарып жатканын так билсе кана, а балким, Айдананын өзүбү, же анын айдама адамдары чыгарып жатабы? Кантип эле ошондой болсун, ал аны душмандарына сатып жиберүүгө дити баттыбы, ал экөөнүн ортосунда гана катылган сырды алар чын эле билип алыштыбы? Экөөнүн жеке иштерине тигилер неге кийлигишет? А кокус жолбунду кубалагандай бул жорук Айданадан чыгып жатсачы? Андай болсо ал деген кытай ант уруп, айкары ашкан кайкы мээ. Капырай десең, эл катары эс алып

отурган жеринен желкеден алып жерге чаап кубалагандай ал кандай иш кылды эле? Ооба, бир мертебе, мына жакында эле, кырдаалың сыр-тын салган кез болгон, не экенин өзү да жакшы биле албайт, айтор, алардын мамилелери сал-кындап, кездешмей кездер кечеңдей берип, акы-рында ар нерсени шылтоолоп, жолугушуудан баш тарта баштаган. Ошондо да ал кол сумка-сын колунан түшүрбөй бул жерге келген, ата-йын эстрадага жакын, дал анын маңдайында турган. Турганда да бир ирет көчүк баспай, ти-гини көз оту менен туткундап, тикесинен тик туруп ошол кечти карыткан. Улам-улам ал тиги-ге: «Эй, жалтырак-жултуракка маарыган сулуу-лардын Кудайы, эсиңе качан келесиң?! Жалгыз гана бир сени жылдыз чачкан жүзүң менен, жалгыз гана бир сенин кубулжуган жылаажын-ды өчүрөр үнүң менен сахнада жашай турган «Кызкайыпты» биротоло өлтүрүп, басып кеттиң-би? Ошо «Кызкайыпты» ушу сен касыңдай көрүп какшатып сатып жиберип, адеп-абийирин ак-чага гана алмашкан инсандардын таборунда тай-раңдап жатасыңбы, же сени жин-шайтан уруп кеткенби?!» – деп жер жаргысы келген. Бүткөн боюн бүгүлтүп, бүк түшүрөр какшык айтып, мындай кезде киши уккус сөздөр өзүнөн өзү чыга берет эмеспи, ошонун баарын кыйкыра бергиси келди, а бирок негедир анте алган эмес. Ал ошондо аны жөн гана каккан казыктай ка-рап тура берген, анткени өзү ушундай болот деп, а бирок келер кези кечигип жаткан, азырынча аны бир да жан көрүп билелек талашсыз улуу чыгарма саатын күтүп, багы ачылар күндү самап сумкасында жаткан. Ал күн качан келип, качан

коёт, муну менен бир да адамдын иши жок. Бир болсо ушу кыздыкы гана болор... Ошо маалда эстрада дегенин сурайылдай үн салып, безбелдектей безеленген музыка кулакты жара чыкты да, анан анын тула бойду туткундаган алайдүлөй жаңырыгына жанын берген ырчы кыз жалын болуп кубулуп, андагылардын алдында көз көрүнөө делебени козгогон дене кыймылдарын жасап, музыка ыргактары менен жан кумарына түшүп, карап тургандардын аладеңгилдерин аял коюнуна сала коюп, аларды азыр эстен танар абалга алып барып, а өзү болсо мунун баарын акча үчүн жасап, акча үчүн тагдырын байлап, жер сүзүп ыйынган бульдозердун үнүндөй болгон музыкага periштедей сулуу кыздын күнү түшүп, үнү менен тал чыбыктай денесин берип салгандыгы үчүн арманы ашып жатканын бирөө сезип, бирөө да ойлоп койгон жок. А тигил болсо отургандарга жан кумарына түшүп ырдоо менен каны дүргүп, баарына кайыл болгондордун ызы-чуу түшкөн кол чабууларынын алдында каккан казыктай тик турган Арсен Саманчинди коё бербей, каалаганын жасап жатты. Ал болсо колундагы жансумкасын кармаган абалында кыймылдабай тура берди, нес кишидей не болорун билбей акыл-эсин жоготкон, ызгаар-бороондо калып кайыкпай, бир кездеги жанбиргесин ичтен сагына издеген көздөр бирибирин улам кайра таап жатканына чексиз бактылуу болуп магдырап турган. А тигил да бул учурда мунун баарын сезип-көрүп жаткан.

Тагдырды карабайсыңбы, мына азыр да андагы абал кайталанмак. А бирок аны көпчүлүктүн көзүнчө колундагы ошондогу сумкасы, анда

өзүнөн башка биле элек баягыл залкар чыгармасы менен бул жерден жоготмок болуп жатышат.

Жалгыз бөтөлкө коюлган жайпак табак көтөргөн официант келди.

– Мынакей арак, куюп берейинби? Бокалгабы же стакангабы?

– Стаканга!

– Канча куяйын?

– Толтура куй.

Ал толтура арактьı алоолонуп өрттөнүп жаткан түпсүз тунгуюкка куйгансып токтоосуз тартып жиберди. Деми кысылып, маң боло түштү. Ошондон уламбы же... айтор, өзүн өзү өрттөп жибергиси келди.

– Канча берем? – Эсеп кагазын карап жатып кадыресе калбаат сурады да, бир тыйынын калтырбай төлөп, жана бир стакан арактьı шарт басып, бою-башын түзөп, өрттөнүп күйүп жатканын эч кимге билгизбөөгө аракеттенип, ошонусу менен тигил официантты да таң калтыра зыңгырап чыгып кетти.

Ал жайдыр-кыштыр шляпачан жүрчү, кийим илгичтен баш кийимин кийди да сыртка чыкты. Айдана аны Шляпачан жигит дечү. Сырткы эшикти жабарда ошо Айдананын үнү артынан шаңдуу жаңырды. Ресторанды жер жарган кол чабуу көтөрүп кетти. Айдананын керемет, ал сагынып, көптөн бери угалбай кусалык оорусуна батырган, бу ааламга бир жолу, бир гана, бир гана жолу ал үчүн гана жаралган керемет үнү жаңырды да, аны жүрөктүн бир кагымында молоташка айлантты. Ресторан өчүп-жанып, анан бир азга бүлбүлдөй калды да: «Айда-на! Ай-да-

на!» – деп жалбарып жаткандай болду. Ал меймандардын кубаттоосу болчу. Муну бүт тулкусу менен туйган Арсен артына кылчайбастан, сумкасын бекем кармаган бойдон жай кадам таштап, аладеңгил мастыгын араң жеңип: мына сага жашоо жыргалы, жарнама менен моданын жеткен жери, ал үчүн бу тегеректеги болгон инфраструктура кызмат кылат, атак-даңк таанымалдык дегениң азыр самандай сапырылган акчалуу болуу үчүн эле керек болуп калбадыбы деп ой жүгүрттү да, жыргай бергиле, силердин жашооңор акчага гана байланган деп шылдың аралаш кыжырданып жиберди. Анан кайра азыр акчасыз адам адам эмес деп койду. «Эх, эстрада, эстрада, жыргалсың!» – деди да, алдындагы кара жерди как жара тепкиси: «Ха-ха-ха! Мен эч качан унутпайм!» – деп болгон үнү менен каткыра кыйкырып, бийлегиси келди. Бирок өзүн токтотту. Токтотту да, ошо замат негедир ыйлагысы, болгондо да көк асманды солкулдата муңкана боздоп алгысы келди. Анте турган жөнү бар эле. Ооба, өмүр дегендин бир кезеңи соңуна жакындап келет, тагдырына таштай тиер бир балакетти жасап жибербеш үчүн оң жолун таап, көздөн кайым болуп, таптакыр жоголуп кетиши керек.

«Сүйүү жана өлтүрүү! Ушундай да болобу? Ооба, мас болгондо бүт баары болот! Жок, мас болгондо гана эмес, – деп жооп берди ал өзүнө өзү бул ойдон улам бүт денесин муз баскандай болуп. – Сүйүү жана өлтүрүү... өлтүрүү...»

Башы оогон жакка баратып дагы бир ойду таап алды: көр түбүндө жатканда да унутпайм, өлгөндө да кечирбейм...

## III

Жарык дүйнө жазмышта кимдин бешенесине эмне жазылган? Ошону айтсаң, кимге эмне буйрулган? Жандырмагын Теңирден башка табалгыс бу жазмыштың ар дайыма ошондой. Жана да андан жан адам буйтап кеталбайт. Ошо бешенеге жазылган тагдыр табышмагынын жандырмагын күтүүнүн өзү күндөн күнду жаратып турат. Ал сенин тамырыңдын акыркы кагышына, соңку демиңдин чыгышына чейин бир өзгөрбөй кала берет. Бул түбөлүк өзгөрбөс нерсе.

Мына, кайсы бир жактан кайрадан шамал сокту – бул тагдыр, болгондо да өз милдетин эстей калып, адамдардын жашоо-тиргилигиндеги ой-санаасын, жандүйнө жайын, кылык-жоруктарын, айтор, көрүп-билүүгө тийиш болгондордун баарын байкап келүүгө шашылган тагдыр. Ошо тагдыр ушу саам да жазганынан жазылбас иштерине киришип, адатынча алдын ала ойлогону боюнча көктү тиктеп, Теңирдин айткан буйругун өз башынан кечирип, келер күндүн жазганын, кимге эмне болорун, тагдыры кантип кетерин тымызын ичтен даярдап, эмне үчүн, эмнеликтен ушундай болот жана эмне кылуу керек деген чечилмеги чечекейди чеч кылган суроо-талаптарды коюп жатты.

Ооба, шыбырап секин айтсаң да, кыйкырып ыйлап жатсаң да Көк асман деген эч укпайт.

Жазмыш деген ошондой, жада калса тоолордогу жырткыч да алданеге бойбоздоп, ошондон улам ырайым сурап киркиреп, не жаздым деп күркүрөп бу көк асманга муңая карайт, мындай кезде ободогу ай дагы жүрөгүн басып, көз жа-

шын аарчып чыдабай бир туруп булуттарга, бир туруп ак шөкүлө чокуларга жашына берет, не дегенде тагдыр деген ага, мөңгү барсына да энчисин берип, келер күнүн даярдап салган...

Эркектик намыс талаш кармашында кордоло жеңилген Жаабарс тукум көбөйтүү вазийпасынан алакан жууп, үйүрдөгүлөргө суутумшук болуп басынып, ошол күндөн ушул күн муң-азага муунуп жашап келатат да, көнүмүш табиятына таянып тагдырына тайманбай каршылык кылып, багындым дебей, бир кездеги күч-кубаты кайрылып кайра келсе деп самап, анан ошо эңсөөнүн айынан бу тагдырга баш чайкап, нааразы болуп өкүнчү. Анан кантсин, үйүрдөгү көңүлү түшкөн канчыктардын бири менен жыт алыша жакындашууну ичинен түтөй көксөөчү. Көксөгөн менен майнап жок, канчыктардын бүт бардыгы бош эмес, эңсегенин эч капарга алышпайт. Анткен менен ал делебе-кумар күчүнө чыдай албай, атаандашка эч аянбай кол салып, алкымына азуу батырсам деген кармаштар да болду, а бирок андай теңчыгыш ага жан бирге таап берген жок. Кыскасы, кыял-аракет деген түш болуп, канчык илбирстер аны карамак түгүл Жаабарстын бар экенин таптакыр көзгө илбей калышкан. Ошондуктан ал олжо болчу алданеге кол саларда да жазгана басынып, барстардан тартына чет жакалай чуркоочу. А мындай абал ага тозоктун азабындай сезилчү. Башка түшсө баарын көрөт экенсиң, кай бирде башкалар ысык каны менен аптыга ашап жаткан олжого калчылдаганына карабай шилекей агыза чыдап, алардан артчусун күтүп калчу. Анткен менен ал баштагыдай эле көрүнчү; көздөрүнөн жалын

күйүп, желкесине жер батып, казанбактай башы бар, куйругу болсо шаа кылыч, женеси аска ташындай айбаттуу, айтор, ал сыртынан сырттандыгын жогото элек, а бирок соңку турмуш аны кордуктун колуна салып берди.

Үйүрдөгүлөр да анын бар-жогун билбей калышты. Жанкумарын кандырчу үйгүш маалында жаны бирге болгондор телегейин текши кылган канааттануу жыргалынан улам аны алданеге айыптуу санап, колдон келсе жеп жиберчүдөй карашып, андан четтеп, ал эми анын мурдагы өмүр-тагдыр арнаганы Жаабарстан жаа бою качып таанубай, көз көрүнөө дене кумарына берилип, кезегинде төшүн сылаган, жыт аңкыган куйругун аны тиктетип туруп тигинисине өйдө көтөрүп, көзүн сүзө, тил сунуп, дүйнө унутар абалга батып, анан анын алдынан көңүлдөшүнө дене тийгизип, көлөкөдөн өткөнсүп өтүп кетчү болду. Мына ушундай чүнчүгөн турмуш жакында эле, атам замандан бери кар жамынган Теңир-Тоо койнунда, тоолор менен капчыгайларда жашаган барстар арасында, кечээ эле үйүр башында жыргап-куунап жүргөн Жаабарстын тагдырына туш келбедиби. Ошону айтсаң, үйүр жашоосунан кубаланган ал байкуш өз алдынча кашкулак, момолой чычкан, дагы да ушул сыяктуу майда-барат макулуктарды, кээде коён дегенин да баса калчу, айтор, ага сырттандык турмуш сыртын салып койгон. Ооба, мурдагыдай олжого тунуп, оозунан ысык кан кетпей, ооматы ооп турбаса да азырынча ачкалыктан анча жабыр тарта элек.

Ал үйүр турмушунда катарда жок калганы менен азырынча намыс-арын эч кимге тебелете

элек, кыр көрсөткөндүн алдында куйругун кыпчып бүжүрөп да турган жок, абалкы сырттан сынында. Антпесе тигилердин көзүн карап, чөгөлөп жашоо тагдырын тапмак. Ушундан уламбы, айтор, анын ички дүйнөсүндө мындай турмуш мыйзамына багынбоо ишеними күн сайын күчөп, акыры ал анын жырткычтык табиятынын жек көрүүсүнө айланды да, анан ушул сезип-туюлар керт башында кыйчалыш тагдыр турганына карабастан ага буга чейин бир да жолу болбогон кандайдыр бир жеңилгис, өз дилинен өзүнө буйрук, талап берген күч жаралды, ал Жаабарска бул аймакты, мына бул канына сиңген, а бирок буга каргаша-тагдыр тартуулаган тоолор менен кокту-колотторду тезинен таштап, башкалар барып көрө элек бөтөн дүйнөгө кайра кайрылбас болуп житип кетүү сезими эле, а ал эңсеген башка аалам жайынча жетип баргыдай жакын жерде эмес, аскасы асман тиреген, түбөлүк ак кар уктаган тоолордун жылдызга жакын бийик ашуусунун ары жагында, жырткычтардын буту жете элек жерде болчу. Ал жерге жай толгон кездин белгилүү бир күндөрүндө гана, ошондо да тобокелге бел байлап барса болот, анткени кыраан учса кайыккан, Үзөңгүлөш тоо кыркаларынын ортосу – ошол самаган жер. Аны биякка тагдыры менен диларманына айланган кандайдыр бир ишеним күчү, санаасын жеген кусалык тартып туруп алды, анын үстүнө Жаабарс бир убакта ал жерде болгон эле, мөгдүрөтө мүлжүгөн ушу азыркы трагедиясына ошондо кабылган.

Жаабарс ошо асман тешкен Үзөңгүлөш ашуусунан өтүүгө бир нече жолу аракет кылды, жер

өңүтүн жакшы эле алган, а бирок жолу болгон жок. Ашууга барар жол тик жана жалама аска келип, ашууга жеткен кезде түз эле ак булуттардын койнуна кирип кетчү, а андагы бурганак ак дайра болуп атыла агып, түрмөктөлгөн кара булуттарды алдына салып айдап турчу. Анткен менен бул ашуу жакын эле жерде, созгон колуң жетчүдөй эле туюлчу.

Ооба, Жаабарс мунун баарын алдын-ала тактап чыккан, жол алганда да ошентти, күрткүнү жиреп баратып бир бутуна салмагын сала коюп алдыга жылар тараптын өңүтүн издеп жүрүп отурду, кулагынын учуна чейин жеткен карды жиреп, көк жалама муз баскан сеңир аскага жарганатча жармашып, жан тиштеген ажал алар кезеңдерде да устаранын мизиндей жерге болсо да жылып жатты. Алар олжосун алам деп жебе болуп атыла кууп бараткандагыдай болуп бул жерде да аба жетпей, жүрөгүнүн жарылчудай соккону кулагын жарып, анан канчалык тырышса да кыймылдоого келбей, асканын учу арманы болуп, тээ төмөндө калган, көзгө илешип-илешпеген, боз чаары чыгып кыйраган дүйнөгө кулатып иер дем кыстууга кабылчу. Мындайда ал жаны чыгып бараткандай абалда калып, кыркырап, өлүмдөн коркуп ырылдап жиберчү, жарым карыш жылалбай көзүнөн чар уччу. Көз атым эле аралык калган, ал-күчүн алдырбаганда бир-эки сааттын ичинде каргыш алгыр ашууну багынтмак да, көксөгөн башка дүйнөгө, көктөн түшкөн бейиш жайына жетмек. Эми ошо көк түтүнүн чыгара көксөгөнү ушу жолу ишке ашса, оо, андабы, анда ал өмүрүнүн акыркы тамыр кагышына чейин, эң соңку дем алуусуна дейре ошол жерде калмак.

Жалаң көк мелжиген тоо кыркаларынан турган, алгыр куш менен жырткычтын туйгун сырттаны гана жайдары жайдын бир учурунда Теңири колдоп жеткирер, а негизи тозокко салып ажалын берер ашуунун алдындагы куласа сөөгү табылгыс муз асканын боорунда жанын оозуна тиштеген Жаабарс дем кыстыгуу азабынан улам, ооба, Жараткан ага үн чыгарып ыйлап жиберүүнү бергенде, анда мынабу тоолор солкулдагандай боздоп-сыздап жибермек. Азыркы жайы ошондой.

Ушу арманга салган ашууну ашканга ал бир нече жолу аракет кылган, а бирок ойлогону ордунан чыккан эмес. Бир жолу да деми кысылып, бир буту көрдө жатканда мындай иш болгон, он чакты тоо аркары аны барс экен деп санашпай жанынан өтүп, жайбаракат ашууну ашып кетишкен. Алар аны даана эле көргөн, а Жаабарс болсо таш тиштеп, табият-тагдыр жараткан өзүнүн олжо-азыгын көрбөгөнсүп кала берген. Оо, тоолор, бу дүйнөдө ушундай да болобу?! А тоолор болсо тунжурап турду. Оо, кол жетпеген көк асман, бу жалганда ушундай да болобу?! Көк асман да мелтиреп турду... Бакыт издеткен кусадан Жаабарстын жаны чыгып баратты...

Тулпар тушунда дейт, мунун да арааны жүрүп, ойлогону оңунан чыккан кез болгон, башкалар даай албаган таш агызма шаркыратмадан илинбей секирген күндөр да өткөн. А кезде буга тунгуюк да, тоскоолдук да, тик жарлар да жок болчу, ал эми буюктурма бурганак деген аны уялашындай кучактап алчу да, андай учурларда кандайдыр бир сулуу периште ага: «Келчи, жаным, келчи жакын жаныма», – деп чакы-

рып калганда ал үн чыккан жакка аткан ок болуп секирчү, а тигил болсо кайыптай житип, жылаажын үнү башка тараптан угулчу: «Келчи, жаным, келчи жакын жаныма». Жаабарс ага да жебедей сызчу. Не деген менен бир убак өттү, баралына толуп, келкели келип турганда бу дүйнө ага баш ийчү, бүт баарына үлгүрчү, качканга жетчү, атаандаштан ашчу, айтор, ал жеңиштен башканы билчү эмес. Ал бар жердеги дүйнө жалгыз анын дүйнөсү эле.

Азыр болсо ал кайда, ашууга жетпей тырмышып, өткөндөрдү сагыныч менен азапка батып эстөөдө.

Күн чак түш. Чак түшүн күн сайын болот, а бирок ошол жайдагы чак түш көкөйдөн кеткис түш эле...



А турсун ошо жайдын өзү да эстен кеткис болгон...

Бийиктин бийигиндеги чайыттай тийген күн өз жарыгын аянбай төгүп, жан-жаныбар дегенди ченемсиз ишенимге бөлөйт, түз жерлердегидей куйкалап да жибербейт, көлөкө жайды издетпейт, тоо турмушун жарык нурга бөлөп, кар жанында кылтыйган чөптөн баштап, асманда каалгып жүргөн канаттууларга чейин, жер бетиндегилердин бүт баарынын жашоосун жандантат.

Ошол чак түштө жан бирге канчыгы экөө Үзөңгүлөштүн жалпак тоосунда күн нуру менен тоолордун керементине демдене салып-уруп, бирине бири ыраазы боло кубанып баратканда жанагыл эстен кеткис иш болгон.

Алар бул жерге жакында эле келген. Жол бою түнкү бороонго калбайлы деп күн уясына отурганча бири-бирине дем берген жүрүшүнөн жазышкан эмес. Иш оңунан чыгып, мерчеген

жерине мезгилинде жетишкен. Анткен менен эмне деген жол калды, эмне деген күч кетти... Табигат да ал күнү кучагын ачып жол берип колдоду десе болот. Жатар жай издей баштаганда да иш ошондой болду, ашуу аркылуу суу таппай чаңкап келишкен го, он чакты тоо элиги бейкапар жайнап чыкса болобу. Отко тоюп, суусун кандырмак болгон көңгөн жеринде аларды капилеттен кырсык күтүп, ал эми барстарга болсо олжо табылып турганы да табигат-тагдырдын айтканы окшойт. Ашуу ашып, жол басып чаалыгып келген эликтердин бирин түгөй барстар бурчамга келтирбей эле басып калышты. Кызыл каны булоолонгон жаш эликтин жаңы эти алардын кубатына кубат кошуп, көңүлдөрүн шай кылды. Көктөн жанган жылдыздар да алардын максат-оюна кошулгансып, келер күнүнө келкел тилеп, жакындарындай жадырап жанып турушту.



Эртең менен күн чыккан кезде аркайган аскалуу тоо кырлары менен көк челген бийик чокулар көздүн курчун сындырып, өзүнүн табигат берген улуулугун жарык дүйнөнүн күчү жана ыйыгы катары көрсөтүп турду.

Жаабарс менен жанын кошкон түгөйү таң эрте турушкан, тоонун керемет ыракатына батып, жандуунун буту тийбеген бадалдарды аралап, шиберди басып, жер кыдырып жүрүштү да көңүл тоюп, сезим куунак болгондо, күн төбөгө келген кезде, адегенде секирип-ыргып, андан соң далайга чейин тыным албай салып-уруп сызышты. Ушу тоо кабыландарына бу жарыктын Кудайы болгон күн дагы алардын экөө туруп бир болуучу өмүр жыргалына жетиши үчүн буга дейре бул ааламда боло элек ашып-ташкан кумар-күч

берип, экөөнү бирдей шыктандыра эргитип, демейде болбогон ченемсиз кубатка бөлөп турду. Бул табигат менен барстардын чанда бир болчу бир дүйнөгө айланышы эле...

Бул ааламда мына бул улуу тоолор менен көктөгү күндөн башка эч нерсени билбеген ал экөө жанаша, бири-бирине дем бере чуркап бара жатышты. Аларга азыр эч нерсенин кереги жок эле, жазып-тайып жолунан кайберен чыгып калса да кубана карачудай түрлөрү жок. Анткени алар ушу саам күнгө тоюп, күндү жеп, чабытын жазбай баратып күн жарыгын шимирип, күн жылуулугуна киринип, ошондон улам ого бетер күч алып, чаалыгууну унутуп, ушу азыр бир жаралган жашоонун бир гана болчу жыргалынын жеткен жери чабыт кызыгында деп күчөгөндөн-күчөп бара жатышты. Ооба, ушундай болгон...



Жер шары кең ааламдын кенедей селкинчегине айланып, бу жашоодогу бардык жан-жаныбар аттуулар түбөлүктүүлүктүн көз байкабас айлампасында калып, а тиги экөө болсо чаңкайган тоо кыркалары менен мелмилдеген өрөөндөрдү аралай сызып бара жатышты. Ал эми айкөл күн деген өзү жараткан чак түштөгү бийиктиктен жарк эте өзүнө чакырып, чекиттей араң көрүнгөн көктөгү куштарга теңелүүгө сүрөп, ушу саат, ушул учурда жырткычтар тукумунун периштелерине айланган жан биргелердин бүт денесин аяр сылай эркелетип турду. Ооба, ушундай болгон...

Билинбей жатып ал жайдын жагымдуу күндөрү өтүп кетти, бул жерде жашоонун мезгили соңуна чыгып, көк тиреген чокулардын боорунан күтүүсүз жерден ызырына жинденген бо-

роон-чапкын жан чыдагыс ызгаары менен жан чыгарган бурганак-куясын айдай келет да, асманды кара туман жеп, айлана алай-дүлөй болот, андай кезде кай жашоо, ал экөө Үзөңгүлөштүн кыяматынан качып, жолуна түшкөн. Асманы жакын жерге баргандардын бир далайы тоо силкинте көчкөн кардын алдында калышкан, ал эми таш жарган сууктан чечекейи аккан куштар асмандан муштум муз болуп аскага тийген. Ооба, ушундай болгон...

Мына эми, ошо керемет-сыйкыр күн тийген жакка дагы бир ирет, болгондо да кайып болуп жоголор өзүнүн акыркы күнү үчүн, жүрөгүнүн эң акыркы кагышын ошол жерге бериш үчүн бүт баарына кайыл болуп, бүт баарынан ажырап бул жолу жападан жалгыз баратат, а бирок анын сапары тозокко тогоп таштады.

Салгар жолдун изи жок. Ал жерге барчу жол өңүтүн Жаабарстын жанын сууруп алчу бул ашуу тосуп турат. Аргасын ашуу түгөттү, демигүүсүн бир аз басып, анан ошо замат муңкана кыркырап, күркүрөөгө күчү жетпей уңшуп-уңшуп, ач кене болуп жармашкан тик аскадан жылмышып ылдый түштү да, титиреп жаткан буттарын токтото албай талкаланып кетчүдөй калчылдап турду...

Жаныбар Жаабарстын жазмышы неге тайкы болууда? Балким, ал ошол жакты өзүн өзү жоготор жер деп эңсегенден уламдыр? Мындайдын кимге кереги бар эле? Тагдыр деген чын эле ага кандайдыр бир себеп менен ашууну аштырбай, аны дал ушул жерде, Үзөңгүлөш тоо кыркасынын этегинде жазалап жатабы? Бу тагдырдын тилин билген бар бекен?..

## IV

Мындан бир-эки күн мурун ал бир окурмандын өктөм жарыялаган: «Жандүйнө деген эмне? Ага көрүнгөндүн бардыгын киргизе берсе болот. А адамдагы эң башкы нерсе анын эрки жана акыл-эси!» – деген пикирине каяша-жооп даярдап жаткан. Анда ал: «Бир караганда жандүйнө деген ошондой көрүнөт, а бирок кээде анда болуп жаткан өзгөрүштөрдүн маани-маңызын анчалык четке кагууга болбойт. Анткени биз ошол маанилүү нерсени эске албаганыбыз менен жандүйнөнүн каалоосу көпчүлүк учурда тарыхый окуялардын бирден бир чечүүчү күчү болуп саналат. Жандүйнө деген жакшылык менен жамандыктын жаралар жери. Жандүйнө деген акыл азыгы!» – деген ойлорун айткан. Дегинкиси ал табиятынан эле жагдай шарты келип калса философчулук кылганды жакшы көрчү.



Ал азыр кайдан анте алсын, ошол кечте компьютерин да караган жок. Анткени ал ошо мазмуну кызык макаласын мындан ары эч качан жазып бүтпөстүгүнө ушу саам ишенип турду...

Ал азыр кечиндеси ар дайыма ыракаттанып угуп турчу музыкасын да койгон жок. Анткени ал ошо ыракаттанып укчу музыкасын мындан ары канча бош убактысы болсо да эч качан уга албастыгына ушу саам ишенип турду...

Каргыш алгыр жанагы «Евразия» ресторанында болгон окуядан кийин анын жандүйнөсү куу токойдун өртүндөй жалындап күйдү. Ал өзүнө өзү токтоналбай, өзүнө өзүн башкарталбай, өзүнөн өзүн ажыраткан арман менен кайгыга жана да тарабас тажаал ачуулга алдырып,

жандүйнөсүн талкалап жүрүп, анан гана өзүнө келе калган күндөрдү тапты. Не экенин ким билсин, өзүнүн үйүнүн жетим кыздай, жалдыраган үмүттөй жалгыз терезесине бир күндө бир нече жолу келет да, телмире тиктеп тура берчү болду. Анын үстүнө ал эми өзү жөнүндө таанываган үчүнчү адам катары ой жүгүртүп, өзүнө өзү бейтааныш киши сыңары мамиле кылганы таң каларлык иш эле.

Токтой калып терең үшкүрүндү да, башын чайкап, галстугун кармалап койду, бирок чечкенге чамасы жетпеди окшойт, анан ага маани бербей, айлана-тегерекке көз чаптырды, маңдайдагы көп кабаттуу, сансыз квартиралуу үйдүн жарыгы жок терезелери ага телмире да, мистейе да карап туруптур. Бул эмнеси?.. Куркулдайдын уясында жашаган кошуналарынын ушул саат, ушул түндө мунун эмне болуп жатканы менен кандай иши бар?..

Ушу азыр болгон ишке кайгырып курубекер күңк-мыңк деп ыйлактагандын кереги барбы? Кимди жемелеп, кимди коркутат? Баары бүттү. Чокусунда чогу бар такси аны мынабу беш кабат үйдүн короосуна жеткирген кезде, баятан бери алардын артынан сая түшүп келаткан чет өлкө маркасындагы машина кууп өтүп, бурула калып, көзгө сайган чаян жарыгы менен бет маңдайына аны карап токтоду. Көзүнө эч нерсе көрүнбөй калган Арсен Саманчин таксиден түшүп жатканда тиги машинадан чыккан узун бойлуу эки эркек ага шыпылдай жакын келишти. Баскан-тургандарына караганда булар соо немелер эмес, муну коркутуп, сөгүп-кордоп, атүгүл са-

бап салыш үчүн жиберилген айдамалар. Адегенде алар таксичини жолго салышты.

– Кана, бул жерден тез жоголгун!

Арсен Саманчинди болсо ошол эле жерден жакадан алып, тамга такашты.

– Ии, улуу урматтуу, үйүнө жеттиңби?! Жашаганы мына бул сасыган жай да, анан шляпа кийип алганын кантесиң! – Арсен Саманчин ооз ачууга үлгүрө электе эле тигилердин бири анын кычыраган шляпасын ылдый көздөй катуу булкуп, анын көзүнө чейин түшүрүп салды. – Сен тумшугуңду кайда сунуп жатканыңды билесиңби? Өз арбайыңды сок. Жайнатып жазгандарың да бекер болбой калат. Бирди көрөсүң! Сага окшогондорго ок аяган биз эмес! Түшүндүңбү, айбан. Дагы кырчаңгы макала жазып көр, дөдөй, тамга таанымак түгүл, аны көрбөй каласың. Жолбундарча ичкенин кара! Жоголгун! Кеч боло электе оозуңду жаап, көчүгүңдү кысып жүр, уктуңбу келесоо?!



Ушинтишти да, аны таштап зыр коё кетип калышты. Таш менен уруп калсачы? Антиш кайда? Кеңгирей түштү. Көз байлаган ымырттыкта үн чыгарбай кире беришти көздөй басты. Колунан жалгыз келгени шляпасын ондоп кийгени болду.

Мына эми, заманасы асманга учуп, эмне кылуу керек, кандай жашоо зарыл, кайда барганы оң деген суроолор аны эртеден бери эжигейдей эзип жатат. Көрбөгөнү деле калбады эле го?..

Бир кезде үйлөнүп да көргөн. Ал үчүн кийин өзүн жемелеген. Эми эмне кылуу керек? Эбак уктаган кошуналарына ушунун баарын саймедиреп, өзүнүн сүттөй ак экенин далилдөө керек-

пи? Ушинтип жатып ал ичинен өз көйгөйүндү кошуналарына түртө бер, тапканын мунун деп койду. Ошо үйлөнгөндө элден калбай үйлөнүү тоюн өткөргөн. Мына эми ошо кубанычтын бири калбай унутулду. А тууган-уругу болсо буйругаңын көрөсүң, экинчисин эртерээк ала бер деп жемелешти. Биринчиси менен болгон турмуш көпкө деле созулган эмес. Ушуларды ойлогондо кабыргасы түтөп, башка адамга айланып кеткиси келет. Эгер ошондой болсо го... Кайдан андай болмок эле? Бул бир келе калган кыял да. Сүйүү деген бир гана жолу бир кезде агарып аткан жарык таң, ошондой, а түбөлүккө жарыгын чачып агарып турар таң болбойт. Өзүнүн таңын түбөлүк жарык чачып, агарып тура берет деп талашкандар да бар. Боло берсин. Таң беле, же жок беле, үйлөнүштү да, анан бирин бири таанЫбаган адамдардай ажырашып кетишти. Мына ушу кичирайонго көчүп келип жашап жатканына үч жылдын жүзү болду. Жалгыз, өзүндөй адам менен кадыресе аялзатынын мамыр-жумур жашап кетиши кыйын. Ушу турмуш айынан туугандарынан канча жолу жеме укту. Үйлөнгөн жок, тагдырдын иши экен, буга ким күнөөлүү? Өзүнө окшогон, айтканынан кайтпаган бирөө менен көңүл табышып жашап кетсе го... Ии, аны жыланач гана идеяга башын байлаган бабыр десе да болот, ал үчүн бу жалганда идеядан артык эч нерсе жок, ага баш оту менен жинди болуп берилип кеткен. Борбордук Азия чөлкөмүндөгүлөрдүн жашоосун иликтөө боюнча келген англис журналист аял анын жалаң теориялардан турган «лекцияларын» угуп отуруп аны «кафедралык чыгаан» деп атаган. Анткени

ал өздөрүнүн маалымат каражаттарына материал топтоп жүргөн, анан бирөө муну журналист, философ, айтор, көптү билет деп коюптур. Ошондон улам ар кандай темадагы көйгөйлүү маселелерди сүйлөшүп калбайбы да, ал кургур «университетти» бүткөнчө шашпайбы. Анын үстүнө Арсен Саманчин атайы англисче сүйлөп, тигини «тилден калтырган». Москвадан үйрөнгөн да. Мына ошондо аз жерден «академик» боло жаздаган Лондондон келген журналист аял:

– Саманчин мырза, бизде өздөрүнүн ойлорун гана Кудай көргөн, башкалардыкын баштарына жолотпогон адамдар бар. Алар кафедрада туулуп-өскөндөр. Сиз да ошолордой экенсиз. Жашоо-турмушуңуз – өзүңүздүн гана алдейлеген идеяңыз экен, – деген.



– Ыракмат, айтканыңыз аябай жакты. А бирок мен кафедрада эмес, тоодо туулуп, чоңойгом. Сиз билесизби, тоолордо жашоо ар дайыма так, тыкан, баамчыл болууну талап кылат, антпесеңиз мүдүрүлүп кулап кетишиңиз мүмкүн.

– Түшүндүм, сиздин кафедраңыз тоолор экен да? Жаңы ачылыш. – Ал жылмая калды да, анан: – Айлана-тегерегиңер бүт эле тоолор экен. Мына, силердин борбор шаарыңардан да тоолор көрүнүп турат, кол созсоң эле жеткидей... Карасаңыз, кандай тоо кыркалары!..

– Айтканыңызда калет жок, тоолуу өлкөбүз. Мен туулуп-өскөн жердеги тоолор мындан да бийик, мындан да чоң, аягы кайда экенин билбейсиң. Ошондуктан ал Үзөңгүлөш аталып калган, көк тиреген чокулар асман үзөңгүсү...

– Эң сонун аталган экен, мага ушундай ажайып коздук аябай жагат. Бул тоолорду англис-

че Стиррап тоолору деп атаса болот. Ооба, сиз айткандай стиррап – stirrup! Бул дагы мага жаңылык. Ушинтип айта берейин, Саманчин мырза, сиз каршы болбостурсуз?

– Эң сонун атадыңыз! Муну кыргызча Стиррап-Тоо деп айтса болот. Үзөңгү-Тоо! Бул аталышты биздин эл укса сүйүнүшөт. А мени болсо тоолук эле эмес, кафедрада туулуп-өскөн дедиңиз, буга да макулмун. Кафедрада бүт дүйнөлүк мааниси бар маселелер чечилет эмеспи.

– Ошондойбу? Анда мен жаңылган эмес экенмин, туура түшүнгөнүңүзгө ыракмат. Дили бир менен сүйлөшсөң көөнүң агарат эмеспи.

Мына азыр терезеден көзгө сайма дүлөй түндү карап туруп ал ошо чер жазышкан аңгемени эстеди да, анан өзүнө өзү: «Иш ушундай, «кафедрада туулуп-өскөн, урматтуум». Сен бүгүн жашоонун дагы бир «момпосуюн» жедиң. Татымы таза бал бекен? Тойгондурсуң эми?! Чакчелекей будуң-чаң базар турмуш башталганда кафедраң түккө арзыбай калат. Алар сени эмне кылды? Ошо базардын баш айрыма камчысын үйрүп кууп чыгышты, мурунуңду бет кылып салабыз деп коркутушту. Деги сен бир нерсе түшүндүңбү? Ии, сүйүү да ушу базар текчелеринде товар болуп тизилип турат. Сен ушуну азыр билип жатасыңбы? Сенин деген бизнес доорго керегиң жок, зыянкечсиң. Соцреализмин үчүн дагы бир жолу өз башың менен кун төлөйсүң. Ооба, ошентесиң. Чилистен болуп акыл үйрөтөт... Көрөм сени, «Стирраптын чыгаанымын» дейт, ооба, сен кыйынсың, кайра куруу жылдарында тууган-уругуң сени менен чын эле сыймыктанышкан, эми алардын да жаагы жап болот. Ба-

рар жагың, басар жолуң, кылар ишиң калдыбы? А жанагыл «Кызкайып» дегенинди балык бол да, таптакыр унут! Анын кимге кереги бар? Ойдо жашап жатканда эле базардан чыккан жарыгы жок жылдыздар тебелеп салды. Азыр ошолордун заманы. Муну сен чаарбаштанбай мойнуңа ал, же көкбеттигиң карматпай жогол. Андыктан эмне кылуу керек?.. Москвада өз санаган көздөй адамдары бар, ошоякка качып кетсечи? Качкан менен аерде да жарыгы жок жылдыздар толо. Анда кантет? Айтор, кирсе кайра чыгалгыс куркулдайдын уясынын ичинде калган көрүнөт. Мындан эки жыл мурда энеңдин ким экенин билбей каласың деп бирөө-жарым ойлоду беле?.. Мейли, атасынын көрү, агама да, ага дагы коштошуу катын жазам да, анан... Ошентем!»



Ал терезенин жанында сыртты карап ушул ойлорго чөмүлүп көпкө турган. Анан эсинде жок, жатары менен тарс уктаптыр. Баарынан да жакшысы, ошол түнү анын чөнтөк же үй телефонунун безилдебегени болду. Чок баскан тооктой чырылдаса чырылдагандыр, а бирок ал ойгонгон жок. Бирөөлөргө күнкор эмес, эгемен журналист аталган Арсен Саманчинге ар дайыма сөз эркиндиги жүктөлгөн эле, өзүң жонду тоскон соң өз өлүгүң болсо да көтөрбөскө айла жок. Редакцияга даттануулар дайра болуп агып келчү, айрым маселелерин гезитке жазчу, ошол аркылуу анын өтүнүчүн аткарчу, калганын кайдан, баарын чечип бергидей ал адвокат болбосо... болгону басма сөздүн соко тарткан өгүзү. А басма сөз дегениң бейиштин төрү эмес, анда өз кызыкчылыгын көздөп көзү түз болгондор да, ит

аягы алтын дегендердин эшигинде үргөндөр да, калемдештерин кабанаак канчыктай талагандар да жүнүн жейт. Демейде ошолор тынчтык берчү эмес, а бүгүн болсо анын үйү көр ичиндей жып-жымжырт. Өлгөн экенмин десе, кадимкидей эле басып жүрөт. Балким, тигилер анын кечээ күнү эмне болгонун билип алышкандыр?.. Же ага, улактай секирген ырчыга, театр сахнасынын бир кездеги жылдызы саналгандардын Кудайындай кабыл алынган, а азыр болсо акчалуунун терин алган шайкелең кыздай сүрөтү ар кайсыл жерге чапталган «эстрада-чебичине» айланган ырчыга барып, көп жылдар бою көңүлдөрүндө бапестеп багып келген, экөө бирге кеңешип, анан ушул бүтүмгө келишкен опера жайын айтайын дегенде капилеттен калабага кабылып, кайра келбес кайырчыдай кара түндө калганын тигил узун кулактар угуп-көрүп калганбы? Оюндагы шедевр операсын ага кантип жеткире алат?.. Байланыштын бардыгын үздү, өзү болсо кол жеткис, жансакчылары кашынан жылбайт. Ойдогуну олуясы айткансып бүт баарын билип турат. Бул го бул болду, а тигил композиторду эми эмне кылат? «Кызкайыпка» музыка жазып жатпады беле? Ал бул ишти билсе, бүттү, ишин токтотот да, басып кетет, анан андайды ит менен издесең да таппайсың. Анын үстүнө классикалык чыгармага музыка жаза тургандар Кызыл китепке алынчудай азайды. Музыка чөйрөсүндөгүлөргө өтө кадырлуу, жанагыл «Кызкайып» идеясын айтканда көксөгөнү көктөн түшө калгансып жан-дили менен макул болгон, эптеп жатып акча жагын чечкен алиги демөөрчү менен айнышпас антын кармашып, ке-

лишим түзүп койгон композитор Аблаевге тигил каратып туруп кашайткан ресторанда болгон түшкө киргис окуяны кантип түшүндүрөт? Ошого сөзү, намысы жетер бекен? Ит эле болду! Андан да жанагыл күздүн күнкү кашкулактай сакчылар чокмордой болгон муштумдарын оозуна такап, желкелеп айдап келип көчүккө тээп, таксиге түртүп киргизип, «бери кара, абышка, атасы арактан өлгөн бул шүмшүктү Орто-Сай кичирайонуна жеткирип сал, эч жерге токтомой жок. Түшүндүңбү?!» – дешкеничи. Анысы аз келгенсип таксичиге да акча беришпедиби! Тирүүлөй гана өлтүрүштү го!

Арсен Саманчинди ушинтип айдап чыгышкан. Жана ал эстен кеткис «Евразиянын» фойесинин чыга беришиндеги күзгүнүн жанынан өтүп баратып өзүнүн бүт турпатын, сымбаты сынып, жүзүнүн сыры күбүлгөнүн көрө калганда күйбөгөн жери күл болгон, аз гана жерден чучуктай чыңырып ийе жаздаган. Андан калса чапанынан күлкүсү чыккан бечарадай кейипкешпирин тигил классикалык үлгүдөгү модалуу шляпасы ого бетер жүдөмүш кылып жиберди. Көйрөнүн кантесиң! Алеки саатта коомдук жайдан жанагыл кандуу моюндар ит терисин башына каптап, таманына шиш кагып айдап чыгышты. Анткидей ал ким эле? Кудайдын тузун уурдады беле?.. Арына келип, намысын коргоонун ордуна иттин чүкөсүндөй болгон кебетесин күзгүдөн көрүп, ыргыткан сөөк башына тийип, чыгып кетти. Ал өзүнө жарашыктуу кийинген, өң-келбети келишкен, өзүн кай жерде кандай алып жүргөндү билген интеллигенттердин бири саналчу. Анын үстүнө аны өз алдынча ой жү-

гүрткөн, эч кимге көз карандысыз, өз жеринде эле эмес, Азия аймагына курч жана кызыктуу ойлору менен таанылган журналист болчу. А тиги Айдана, эркелетип чакырган Айасы, кээ бирде ичи эзилип: «Менин гана эгеменим! Мен дагы эгемен болгум келет, экөөбүз тең эгемен түгөй болобуз», – деп калчу. Балээнинби! Кайдагы эгемен түгөйлөр?! Бүт бардыгы Теңирден тескери болуп чыкпадыбы. Бизнес-элита тарабынан, тап кызыкчылыгынын айынан ал алыс сүрүлүп, зомбулук менен жалгыз калды, ии, тап дегениң ар дайыма жашаган, дагы да жашай берет. Тигил болсо сүбөсүнө чейин жыланачтанган жылдыз болуп башка дүйнөгө, бизнес-бейишке жылт койду. Ооба, бейишке кимдин баргысы келбейт? Бардыгы, а бирок аерге бүт бардыгы бата бербейт. Тигинин жолу оң болду, эгерде мында чыныгы бейиштин ачкычы болсо, анда ал ага ошо бейиштин эшигин ачып, атүгүл төрүнө гана чыгармак. Ачкыч жок да...

Кызык эле иш болду, тигинин өзү үчүн, жандүйнөнү козгогон меццо-сапроносу үчүн арналып жазылган «Кызкайыпты» коюу идеясын эми кайсыл көргө көөмп таштайт? Көз көрүнөө жоголуп бара жаткан опера театрынын көйгөй проблемасын эми кайда ыргытат? Таланттар кетип жатат, аларды эч нерсе менен токтото да албайсың, не дегенде салтка айланган репертуардык театр жашап калабы, же жокпу – бул улуттук гана эмес, бүт дүйнөлүк проблема. Ал эми массалык маданият дегендин көзү күйгөн кызыл кулактары Арсендин ишин кумурскага жүк арткандай бүтүрүштү да, мындан кийин ал акыл жеткис материялар жөнүндө ойлонуп кыйнал-

башы үчүн көз көрүнөө сазайын колго беришти, өзүнөн өзү басынгандай кордошту. Ушуну менен иш бүтпөйт, эми алар жолго турбагандай, көзгө экинчи көрүнбөгүдөй, бутка чалынбагыдай кылып, эгемен-идеалисттин сары изине чөп салып, каалагандай келекелей берет. Алар мунун баарын попс-модернизм топ-моделчилери аталган, а чынында ошол эле шоу-бизнестин көчө шыпыргычтары болгондордун шылдыңдай жылмайган жек көрүү мамилелери менен жүзөгө ашырышат. Массалык маданияттын элди жылаңачтап жаткандыгына чалчакташкан бул чагарак куйрук чаяндар мындай иштердин жигин билгизбей бүтүрүшөт. Анткени алардын колунда бүт баары бар, интернеттен космоско чейинки каражаттар аларга кызмат кылат, акча берсең өз атасын маскаралап, же жамандап жаза турган башы жок басма сөз, эси жок эстрада да буларда. Ай, бечара, басма сөз менен бир кезде сөз эркиндиги үчүн күрөшчү эле, эми минтип базардын кулу болуп, акчалуунун арсылдап үргөн итине айланды. Эфир да алардын кызматында зуулдаган автомашиналардагы радиолорго чейин. Космос спутниктери да азыр жер жүзүндөгү кыйындардын шоу-бизнестерин көрсөтүп турат. Ушунун баары барып-келип эле классикалык көркөм дөөлөттөрдү четке сүрүп, адам акылын акча табууга гана мажбурлап жатат. Бүт бардыгы ошолордун колунда.

Ал эми сен, эй, коколой жалгыз – кыялы менен кылган ишине ыраазы болгон, бүт баарын билген, бүт баарын жасайм деген Кудайдын тузун уурдабаган таалайсыз, бардыгын билип, бардыгын көрүп туруп анан неге алардын

жолуна чыга калып жатасың?! Акылынан айныган адамга окшоп эми өзүндө болгондун баарын, ал аз келгенсип өзүңдү да, мына бу калчылдаган колдоруң менен жакалап, шоумендердин уюгуна алып барып бересиңби? Жадагалса ак сүйүүнө кара санап, жайнаган көзүн көл кылып курмандыкка чалып, мага гана зыяны тийбесе болду деп тигилерге салып бересиңби? Мунун өзү сен өзүң жадабай жазып жүргөн жашоонун маңызы менен анын сулуулугунун негизи дегенди зордук менен жок кылуу болуп саналат, ал Жараткандын амири менен түбөлүккө сага гана берилген белек, жандүйнө салтанаты, себеби, сүйүү деген – түбөлүктүүлүк касиет-күчүнөн энергия бөлүшкөн Ааламдын тартуусу. Бу дүйнөдө сүйүүгө теңеле турган эч кандай күч, кудурет жоктугун сен ушундай чечмелеп айтып келесиң. Сүйүү кумарынан дене эрип, жан биригип, эргиген абал – түбөлүктүүлүк менен жер үстүндөгү жашоонун алака-катышынын бийик чокусу, ошондуктан ташкындаган кумар менен сүйүү сезимдеринин салтанаты асман менен жер ортосундагы мамилелердин татаалдыгын аныктоочу трагедия жана драмаларды өзүндө катып турат.Бардык сүйүүнүн өмүр-тарыхы өлүмгө жетип жок болот, а бирок Теңирден сүйүүгө берилген түбөлүктүүлүк үлүшү улам кийинки муунга көчүп, алар да сүйүүгө берилип жана сүйүү аркылуу түбөлүктүүлүк агымына кошулуп жүрүп отурушат. Ал эми айкары ашкан бузукулук менен көралбастык кайра эле адамдын касиет-саттарын буктурмага айлантып, каракчы күч катары махабат дүйнөсүнө арамзалык менен кан агыза кол салат, адамдардагы мындай караса-

натай жашоо күрөшү тагдыр катары улана берет, улам жаңы жолдорду таап көбөйө берет. Ким ойлоптур болот деп, мына бул жолу да ошондой болду.

Мындай кезде сен дагы алапайдан ажырап, сөөгүң сөпөт болуп жеңилип, анан ошонун айынан өзүңдү өзүң жек көрүп басмырланасың, чүнчүткөн турмуш алтымыш вагон бир чиркеп, алысты көздөп салып-уруп келатканда жолунан чыгып кеткен поезд сыңары ак сүйүүңдү күм-жам кылып талкалайсың, анткени экөөнө тең ал сүйүү жогору жактан түбөлүктүүлүктүн мыйзамы менен ченелип берилген, анын аягына чыктыңбы, шоруң катты, адам катарынан чыгасың, кейпиң кетет, селсаяк турмуш жетелеп алат, анан жанагыл казаны кайнап, базары жайнап турган шоумендин алдында көрдөн чыккан арбактай болуп турасың. А бирок ал сен тарапка карап да койбойт. Анткени ал атаандашын да, душманын да жеңген адам. Жанына жаның кошулган, эки дене, бир жүрөк болуп сүйүшкөн дүйнөдөгү жалгыз махабатыңды сени каратып туруп эл көзүнчө эзиле кучактап, анын да дене-боюн балкытып, жылдызын жандырып, аялдын бактысын алаканына салып алып кетсе, кеткенде да жүрөгүңдүн жарымындай болгон адамыңды өзүңдөн жана анын өзүнөн сатып алып, анан товар катары кайра сенин, дагы элдин алдында соодалап турса, анда сага бул жашоодо не калат? Ооба, мындай кезде сенин жандүйнөңдө сенин сүйүүңдөн жаралган, мухит сыңары жашап жаткан, сенден жана андан башкалар сезип-туя албаган бир өмүрдүн бир күүсү, бир сүйүүнүн бир обону кайрыктарын жоготуп,

карегинден кан агызып, карыптыкты өз башына салат, анан сен андан алыстай да, ага кайра жакындай да албас жана эзели айыкпас шек саноо оорусу менен ооруйсун, жинденүүгө алдырып, жандуу ооруга чалдыгып, жандүйнөңдөгү асылдыктын бүт баарынан кол жууйсуң. Мында сен дагы кантесиң?..

Ушу жерден Арсен Саманчин өзүн өзү тыюуга, акылын кайра тапканга аракет кылды, мунун баары кызуу кандуулук, ташта дагы башкага өт деди. Эгер кызкайып баяны боюнча опера жазылып, партитурасы болсо, башкы ролго татыктуу аткаруучуну башка шаардан же башка өлкөдөн тапса болот. Кымбатыраак болушу мүмкүн, бирок уюштуруу маселесин чечсе болот. Акылга салсаң ушундай дечи...

Бирок да, ага карабастан анын жан дүйнөсү бууракандаган жек көрүү менен өч алуу көксөөсүнүн албуут ташкынына тартылып баратты. Олигарх деп аталчулардын бир жексуруну сени тебелеп-тепсеп жатканына чыдоого мүмкүн эмес. Мейли, каалаганынча пайда көрө беришсин, бирок эмне үчүн элдин баары алардын алдында бүжүңдөп киши өлтүрүүдөн тартып уят-абийирди соодалаганга чейинки арам иштерине жардамчы болушу керек? Ал алардын соккусуна асманындагы жылдыздарын күбүп түшкүдөй сокку менен жооп бергиси келди!

Ошондо Арсен Саманчиндин башына бир шойкомдуу ой келди – аны өлтүрүп, ошол эле жерде өзүн да өлтүрүү! Нөл-нөл! Сен да жок – мен да жок! Чекит. Андан кийин бул жөнүндө басма сөздө, башка маалымат каражаттарында эмне деп айтышат, акыйкатчылар менен көшөөкөр

жалганчылар эмне дешет – баары бир! Мурда теле менен кинолордогу атып өлтүрүүлөрдү кандай шылдыңдай күлүп, жининдей жек көрчү эле, анткени жанагыл киши өлтүргүч үч жолу атып, анан жерге кулаган каршылашынын өлгөн-өлбөгөнүн текшерген ок менен дагы бир башка атчу, айтор, мындай аракет ага тааныш эле, эми өзү да андайды жаңылбай жасоого даяр болуп турат.

Атаардын алдында эсин эңгиреткендей кылып касындын бетине өз өкүмүндү айтып алуу керек, анан тапанчанын оозун өз чыкыйына такап туруп, машаны басып жибер. Бүттү! Оо дүйнөдөн жолугарбыз... Ошондо териштирербиз.

Бирок ал ага чейин бир нерсени билип алгысы келет да, анан аны ошо бойдон тигил дүйнөгө алып кетүүнү самайт. Ал кан кызыткан кызыл кек. Тигил айбан продюсерди, тигил шоумен жаланкычты, анан өзүн атат, бул колдон келе турган иши, ошондо Айа Жаракандын жазгырбас абийир сотуна кабылып, «Кызкайыпты» ырдабай калган үнү менен жүлүнүн сууруп, жүрөгүн тилип ийгендей боздоп, өзү саткан сүйүүсүн, өзү өлтүргөн «Кызкайыпты» эч качан эстен чыгарбашын, бул үчүн күнөөлүү экенин жандүйнөсүнүн азапка батышы менен сезип турушун каалайт. Бейишкеби, тозоккобу, айтор, ала кетер көрүнбөс жүгү ушул.

Ооба, экөөнөн башка жан билбеген Хайдельбергдеги сүйүү тарыхы жүрөгүнүн сонку кагышына дейре анын эсинен кетпей турушун каалады. «Кызкайып» идеясы тигиниси ошол шаардын мэриясынын атайын чакыруусу менен концерт бергени, а мунусу болсо аны коштогон

журналист катары барганда, Германиянын Хайдельбергиндеги тоодогу замокто, ай нуру сүттөй төгүлгөн махабат түндөрүндө, ак гүлү жытын аңкыткан ландшафтта, немистердин тээ орто кылымдагы тарыхый шаарынын жогору жагындагы сейил бакта кынала басып жүрүшкөндө жаралбады беле. Ошол үчүн ошо Хайдельбергдеги керемет күндөр эсинен кетпей, тигини акыркы көз ирмемине чейин ботодой боздотуп, жалгызынан айрылгандай өксүтүп, сыздаган үнү жалган дүйнөдөн чын дүйнөгө угулуп турсун. Ошондо Арсен Саманчин ал дүйнөдөн куду тигинин көргөн күнүн көрүп, анан бүт ааламга: «Эми бизге Хайдельбергдеги түндөр эч качан келбейт!» – деп кыйкырып турмак. Ушинткиси келди, анткени ал бу дүйнөдө бүтүрө албаган Хайдельберг романын тигил дүйнөдө да жаза бермек.

Канткен менен бул ойлор дилазабынын ыры эле, ошондуктан ал өзүн бүт бардыгын унуткун, мунун баары кыжалаттан чыккан ой деп ынандыргысы, өзүн өзү кармагысы келди, а бирок өткөндөр өчпөс өчүндөй күйүп, өзөгүн кайра өрттөдү, өмүрүн сындырган кегин алууну туталана күсөй берди, кыянаттарга кыямат күндү түшүрөм деп көшөрүп алды. Бала чагында кулагына куюлган бир сөз, болгондо да кыл чайнаткан кыйчалыш кезде айтылчу накыл элирген оюн ого бетер дүрбөтүп салды: «Камчы сабын сындырган касташканың келгенде, эмне болсоң ошо бол, эч убакта алдына барып баш урба, толтосуна канжар толгоп касыңдын канын кана жут да, басып кет. Антпесең өзүңдүн каныңды ал кашыктап түгөтөт. Кан ичме кастык дегендин жайы ушундай».

Бул сөздөр качан, кайда, кандай кырдаалда айтылганын ким билсин, айтор, атадан балага өткөн сөз экен. Азыр ага ошол сөз айтылган кездей кез келди; же душманыңды өлтүр, же өз жаныңды өзүң кый! Башка жолдун бүт бардыгы түгөнгөн. «Жок, эмне үчүн, – деди ичинен. – Болбойт!» Өзүн жемелеп-жемелеп алып, эсине келген.

Ошондо ал өзүнүн үйүндө эмес, бөтөн жерде жүргөндөй чочуп, бирөө-жарым угуп койдубу деп эки жагын элеңдей карап терезеден шак четтей берип: «Ке-ле-соо десе! Дагы эмнени айтып жатасың?» – деп кекечтене өзүн сөктү. «Душманың го бар экен, а бирок аны эмнең менен атасың? Алдагы калтыраган сөөмөйүң мененби? – Анан дубалда илинип турган күзгүгө келип өзүн көрдү да, аз жерден бетине түкүрүп жибере жаздады. – Ушу сенин оюнчук тапанчаң да жок, анан аны өлтүргүң, көз көрүнөө атып салгың жана жаныңды кыйгың келет! Кыйынын мунун! Өлөр иттей энтигип араң турат да, анан өлтүрөт элем дейт! Куралды кайдан аласың?!»

Куралды кайдан табам деп ойлоно баштады. Ал жалданма киши өлтүргүчтөр жөнүндө, алардын ыкмалары тууралуу көп уккан, кинолордон күндө көргөн, оңойдой эле туюлган, а бирок башка түшкөндө анын эмне экенин билет экенсиң. Ниети туура көргөн соң, тапса да, сатып алса да болот. А бирок атканды билиш керек да!..

«Кызкайып» күйүтү болсо күчөй берди...

Ушинтип жатып уктаган эле, түш көрдү. Чөнтөк телефонун кармап алыптыр, чалган жок,

анысын тапанча сымал бир жакка мээлеп жатыптыр, атылмак беле, ошо маалда үй телефону безилдеп ийди. Ойгоно калып телефонго келди да, трубканы алган жок. Кайдан сүйлөшсүн, кыжырдана кол шилтеп койду. Дагы шыңгырады, дагы албады.

Жок жерден түйшүк табылды, тапанчаны огу менен табышы керек. Кимге барса?..

Таң сөгүлүп, көчө ойгоно баштады. Ал дагы эле эмне кыларын билбей, тынчы кетти. Бул балакетти кайдан табат? Балээси башты жейт окшойт. Билгендер курал саткан базардан тапса болот деп айтып жүрүшөт, акчанын көзүнө карабай сатып алышы керек, пулду үнөмдөп көрүнө алып жатмак беле. Пул эмес өмүрү түгөнгөнү турат... Ошону айтсаң, мындан ары кайгыкапа арман жок...

Арсен Саманчин алдыда кандай иш күтүп турганын жүрөгү менен сезди, ошондуктан ал батыраак эле тапанча таап, не бар, не жок аны ар дайыма жанына алып жүрүүнү чечти. Оңуту келсе алдастабай ойлогонун так жасайт, октор биринин артынан бири атылып, мелжеген жерге жазбай тиет, акыркысын болсо өзүнүн чыкыйына басат. Буйруса баары ойдогудай болот, ал тилеген кырдаал өзүнөн өзү түзүлөт, не дегенде аны эбактан бери тааныйт, ар дайыма кездешип турчу, башта чөйрө бир эле, ал мына бул жылаңач маданиятын баштагандан бери ага сейрек жолукчу болуп кетти. Себеби ал бардык эстрада дегендердин продюсери, «Евразия» сымал кан сарайдай көңүл ачар жайлардын ээси, олигарх, босс, өз чөйрөсү айткандай шеф, ушундай, бир кезекте ал ортозаар эле актёр болчу.

Базар заман келгенде анын чычкан өткүс токоюнан жол тапты да, анан шоу-бизнестин бүт баарын алаканына салып алды. Базарды каза жорткондор канча, алардын тапканы күнүмдүк талкан, а аерден иши оңолуп, кочкору койдой төлдөгөндөр саналуу гана. Ошондойлордун бири ошол, байлыгына манчыркап, акчадан башканы таанытбай калды, каалаганын алдына салып айдап алат, идеяларыңды уруп ойнобойт, айрымдарды тебелеп-тепсеп мүргүтөт, каалаган кызкыркынды роботко айлантып, безелентип белден ылдый ырдатат. Чыдаш кыйын, жетишет! Курал табылса эле болду, калганын өзүм бүтүрөм.

Ал өзүн өзү ушинтип ынандыра берди, анан жамандык эмес, эл үчүн жакшылык жасап жатмакчы болгонуна биротоло ишенип алды. Анткен менен ал деле адам да, кээде ага кекене кек сактап, тизгин тартпас өч алуунун каары кайда алпарат болду экен? А бирок бул жамандык жакшылык үчүн жасалып жатат да? Ушундай болушу мүмкүнбү? «Ой, дагы эмне деп акыл айтып жатасың, башты айлантып. – Кол шилтеп койду. – О-ой, жүрөгүң жок. Андан көрө ага кантип барасың, иш бар эле, сүйлөшөлү дейсиң, ошону ойло. Анан ошо жерден...»

Баса, ал экөө жакында эле көрүшкөн, сүйлөшүшкөн. Пресс-конференциядан кийин болчу, Эрташ дагы бир жакка барат өңдөнөт, кайра-кайра саат карап, анча чечилген эмес. Ким билсин, балким, ал ичинен анын кысыр идеяларын кызык көрүп, кыялында кызыл күн менен сүйлөшкөн келесоо деп келекелегендир. Ошентсе ошенткендир, кайра куруу жылдарында ал экөө тең жаш болчу. Арсен Саманчин болсо

театр турмушун, башка жактарды да камтыган макалаларды жазчу, Эрташ Курчаловдун чыгармачылыгы тургай аты да аталчу эмес, не дегенде ал анда көрүнбөгөн көп артисттин бири эле. Ал эми азыр?! Болору болуп бүттү да. А кезде театр дегениң жетерине жете жетилген эле. Бир жагынан жаңыча ой жүгүртүү башталып, театр сахнасына доор бүтүндөй батып кеткен. Руханий жаңылануунун күчү элди жандандырып, адам тоталитаризмдин чеңгелинен бошонуп жаткан. Ошо кезде Эрташ Курчалов шаардын драмтеатрындагы билинбеген артисттердин бири эле, ушундан улам анын бар, жогу менен эч кимдин иши жок болчу. Ырас, башкалардан бою узун, үнү жоон экенин эч ким таналбайт, а бирок кийин сахнадагы көптүн бири катары көрүнбөгөн артисттен шоу-бизнесмендин талант-күчү жашырынып жатканын, кумары канбас көрөрман сахна тургай, тиги стадиондорго чейин жүнүн жеп батпай турган эстрадалардын башкаруучусу чыгат деп ким ойлоптур. Олуяң дагы билген жок.

Ошо күндөрү элге, өзгөчө жаштар арасына «Эрташ Курчал» деген сөз кеңири тарап, ооздон түшпөй калган, анткени шоу-бизнестин өзүнөн ашкан пайда берер сахна, көз жоосун алган жасалгалары менен жандүйнөңдү азгырган жарнамасы, анан да көргөндөр кайра сагынган эстрада оюндары анын атын аңыз сөзгө айлантып салган. Эрташ Курчаловдун көргөндүн көзүн күйгүзүп, таңданткан клип-концерттерин бардык жерде, Кытайың менен Москвада да кубана кучак жая тосуп алчу болду. Айтор, анын эпчил продюсерлиги азыркы эстрада мейкиндигине

ээлик кылууга шарт түзүп, ишкерлик ишмердигине сөз жетпей калды. Айдана Самарованы мына ошол кесепеттүү эрташ-курчалчыл эстраданын кандайдыр бир күчү оп тартып кетти.

Эртеңки күнү опера театрынын жылдызы болор Айа ырчы өзүнөн өзүн өзгөртүп, үнүн да, өң-келбетин да, сахнадагы жүрүм-турумун да биротоло Голливуддагыдай кайра жасап, бардык телеканалдардан байма-бай чыга берди. Анын эмне үчүн күн санап мурдагыдан жарык жанган эстрада жылдызына айланып бараткaны жөнүндө түйшөлгөн бирөө болбоду, жоогазын гүлү соолгондо гана бармагын тиштеп, баш чайкап басып кеткендер чыкты. Кемчонтой акең каргага каш берем деп айтыптыр дегендей да. Аттиң десең, айдан сулуу Айданасы экөө тэ-э баягы Германиянын замогунда турушкан кезде тагдыр алардын жанын бириктирип, биринин жүрөгүн бирине берип, махабат бактысы кылып жаралган жана ай-ааламдын сүйүүсү болгон «Кызкайып» идеясы төрөлгөн ошо Хайдельбергден ал экөө бир поездде, бир купеде жанаша отуруп келатып эле, анан кайсы бир жерден сүйүүсү башка тарапка бараткан поездге отура калып кетип калгандай болду. Шарактап кеткен поезддин артынан жаналы калбай жүгүрдү, алып-учкан ал поезд, кайдан ага, көзгө да жеткирбей койду. Эми ал ээн талаа, эрме чөлдөгү поезд жол менен боюнан аша жүгүрүп, айныган адамдай: «Аа-й-аа! Аа-й-аа! Экөөбүздүн «Кызкайыбыбыздын» көрөр күнү не болот?» – деп кыйкыра берди. Кыйкырат да, көзгө көрүнбөй калган поезддин артынан жетем деп чуркап барат. «Кызкайыпты» алар «Кызыбыз» деп аташчу, ошентип бакырып барат:

«Аа-й-аа! Аа-й-аа! Токто эле, токто! Экөөбүздүн «Кызыбыз» кана?! Сен аны таштап кеттиңби?! Ай-аа!» Айасы ага эмес, алтымыш вагон бир чиркеп, алып учкан поездге да жеткирбей кетип калгандай туюлду. Аны ал тарапка банк эсеби менен кызыктырып, ким азгырып алып кетти? Түшүнүктүү. Локомотивди башкарган мурдагы белгисиз бирөө, азыр атак-даңкы таш жарган шоумен-ишкер Эрташ Курчалов болуп жатпайбы?..

Айдана менен жаны кошо кеткенсип анын артынан: «Аа-й-аа! Аа-й-аа! Экөөбүздүн кызыбыз кана!» – деп кекиртеги жарылганча кыйкыруунун не зарылы бар эле? Апенди да. Ал ошондо Көк асмандан: «Эй, айтканынан кайтпаган, акмак! Көк бет!» – деген жекүү сөз укту. Болору болду деп басып кетсе болмок.

Арсен Саманчин канчалык билимдүү болсо да, акыл-эс менен турмуштун өзүн батыл басып келаткан азыркы шоу-бизнеске берер жообу белен эмес эле, санаага бата баштаган. Анткени ал өзүнүн өлбөс деген идеялары менен дагы эле жашап, анын туткуну болуп, ошону менен ушу азыр ар кандай тоскоолдуктарга тушугуп, ошонун айынан мурдагы кумар кызыткан кызыкчылыктары менен айга учурган эргүү-кыялдары барган сайын негедир жашоосунан сүрүлүп, Айа менен «Кызкайыптан» башкасы бүгүнкү кезде көрпенделик бир нерсе болуп калгандай. Ал эми өзү ишене бербей келген массалык маданият барган сайын даулдап алган өрт болуп, дүйнө жүзүн бүт каптап, ошол эле мезгилде көк мухиттин аска уратар кубаттуу толкуну менен аны тоголото ура берди. Ушундай кырдаалдар-

дан улам, ал ар дайыма ааламдык массмедианы Кудайындай санаган массалык маданиятты атай турган жаңы сөз тапты, анысы дүң товар дегендей дүң маданият. (Айта берсин, ага массалык маданият кирпигин ирмеп да койбойт!)

Кечээ жакында эле шаардын 250 жылдыгына арналган шоу-концертте ал өзүнүн жаңы терминин ойдогудай тапканына дагы бир жолу ишенди.

Түн таяп калган кеч эле, кара таандай жыйылган элге стадион жарылып кетчүдөй болуп жаркырап турду. Өчүп-жанган жарнамалар, кызыл-тазыл афишалар мени кара дегенсип көйрөңдөнөт. Келгендердин көбү жаштар экен, тоо тараптан келген кечки сыдырым алардын маанайын көтөргөндөй.



Бардыгына көңүл ачар, эң эле узак созулган оюн-зоок керек эле.

Ал күнү ошондой эле болду. Кулакты жарып аза бойду солкулдаткан музыка андагыларды азыткыдай арбап, стадиондун үстү жагынан жаңырды, сахнада болсо бийдин бардык түрү – балеттен баштап, колу-бутун шалкылдатып, боюбашын калчылдатып бийлегенге чейинки ар кандай шапар тебүүлөр биринин артынан бири боло берди. Дагы башка оюндар... Ошондо элди дүр-р эттире жандандырган Айдана Самарова болду. Бул асман, жерди бириктире жаңырган концерт анын таанымал талантын дагы бир тастыктап, чыныгы жылдыз экенин тааныттуу максатында эле. Ошондой эле болду, ачык стадиондо миң кубулжуп асманга көтөрүлгөн терең коңур-назик үнү, келишкен шыңга боюна жарашык кошуп, кайра андан жагымдуулук алып

турган нур төгүлгөндөй болгон тал чыбыктай солкулдаган денеси, ошондой эле аны көптөгөн татына сулуу кыздар менен жигиттердин жанаша турушуп делебе-сезимди козгогон кыймыл-аракеттери, айтор, сахнадагы болгондун баары Айданага биригип, Айдананын үнү болуп жатты. Стадионду көтөрүп кетчүдөй болгон эл сахнага чыгып Айдана менен бир болуп, Айдана менен Айданадай ырдагылары келди. Жалгыз гана ал: «Операнын периштеси утурумдук таанымалдуулук канышасына айланды!» – деп ойлой берди. Мындайда аны менен кимдин иши болмок. Эл деген эл экен, «Лимузин» ырын эркек ырчы менен ырдап калды эле, айта көрбө, көрөрмандар көз көрүнөө жинди болуп кетишти. Ал ыр өзбектердин ооздон түшпөгөн ыры болчу, өзбек тилинде, обон ыргагы менен дене кыймылы ширелише аткарылды. Кыргызчасы мындай: аны «Сен мени сүйөсүңбү? Сен мени сүйөсүңбү? Жаныма келесиңби, «Лимузин» бересиңби?» Кыз ушинтип айтат. Ага эркеги: «Мен сени сүйөм, жаным. Мен сени сүйөм, жаным» – дейт. Ушундай сөздөр. А стадион болсо дубана болуп ак уруп, оолукмадай оолугуп: «Ли-му-зин эй, Ли-му-зин!» – деп колдорун көккө булгалап, делбетап болуп ээлигип жатты.

Стадиондун төрт жагына орнотулган эбегейсиз чоң, төрт телеэкрандан сахнадагы тигил экөө баш кошкондор түшө турган жеңил, кооз, оюнчуктай татына жеңил машинада – салону ачык кабриолетте дүйнөдөгү жалгыз бактылуу түгөй жар болуп отурушат. Айдана! Таалайын тапкан түгөйү да Айданадан кем эмес экен. Рулга алмак-салмак отуруп, бирде жарнаманын көз жо-

осун алган жерлерин аралап, бирде кар баскан аска тоолорду этектей, кайра мелмилдеген көк деңизди бойлой, анан шар аккан суунун үстүндөгү шаар келбетин элестеткен көпүрөдөн өтүп, мейкин талааны аралап, эки дене, бир жүрөк болуп зуулдап келатышты, алардын үстү жагында, бир аз арткараакта, оркестр ээрчип учуп алган. Шаар четине келип токтошту, жанына жаны кошулган, бакыт дегендин ченем билбес мээримине бөлөнгөн түгөйлөрдөй тиги экөө сейил бактын жанына токтогон машинадан түшүп, эки дене коргошундай эрип кучакташа, жарнамалары жымыңдаша көз кысып өзүнө чакырып турган ресторанга кириშти да, андан чыккан соң кайрадан кайдадыр «Лимузин» менен жөнөштү. Махабат бактысы деген ушул го! Карап туруп... ооба, жалындап бараткаңыңды өзүң билбейсиң.



Кайрадан музыка жаңырат, кайрадан стадион: «Ли-му-зин!» «Ли-му-зин!» «Ай-да-а-на! Ай-да-а-на!» – деп жерди жара кол чабат.

Арсен Саманчин өзүнөн өзүн жоготуп, кирерге жер таппай турду. Агынан жарылган элден артыкпы? Ал деле элге кошулуп... Ооба, жеткен экен, акыры ал да: «Ли-му-зин! Ай-да-на! Ай-да-на!» – деп жаткандай болду, анысы өзүнө араң угулду.

Ушу маалда күтүүсүз жерден казандай кайнаган элди элейткен бир укмуш көрүнүш көзгө сайылды. Түнөргөн түндү өрттөгөн жарык чагылгандай жарк этти да, көккө атылган ракета фейерверктерден бүт аалам алаканында тургандай болуп көрүндү. Бир укмуш! Шаар мэрине миң алкыш! Эрташтын берген акылы го?.. Мейли, фейерверктер демейдегидей шаан-шөкөт

өтүп жаткан жерден эмес, шаар сыртынан залп менен атылып турду. Ордо калаага жакын бөксө тоонун чокусунан кубаттуу ракеталар атылып, көз кызарткан жаркыроолор көктү көздөй бирин бири кубалай жылдыз нур чача чыгат. Мындай шумдук керемет мурда-кийин бир да жерде болбогон, муну да ошо Эрташ Курчал балакет тапса керек. Ошонун гана колунан келди. Чынында да укмуш керемет! Ушунун баары шаар маарекесине байланыштуу жасалганы менен иш жүзүндө ай-чырай ырчы жылдыз Айдананын урматына арналгандай болду. Ал анткени жанагыл жалынга салган музыка жаңыра берди, бактаалайга чалкыган эки жаш түшкөн «Лимузин» панорамма телеэкранынан кайра-кайра көрүнүп, ичиң түгүл жүрөгүңдү күйгүзөт. Жаркыроолор асманга жетип, бул аалам жылдыздан жаралган коoздукка айланып турду...

Ушул маалда, ушул жарык дүйнөдө эзели эч ким билбеген бир окуя болду.

Көк жалмай көтөрүлгөн жаркыроолор тоо койнуна кол салып, аска-чокуларга чейин тик сайылып тургандыктан, андагы куштар коогага түшүп чырылдап, жан калар далдаа жер издешкен кезде, баягы каргыш алгыр ашуунун түбүндө алсырап жаткан Жаабарс чочуп ойгонду. Тоолордун үстүн жаркыткан жарык жылдыздар эмес, таптакыр башка, мурда болбогон иш эле. Ушундан улам ал дагы бир алаамат азабына кабылбайын деп буйтка жерге жылт койгусу келди, а бирок анте алган жок. Атүгүл минтип түнү бою күч жыйнап, күн сайын мында келет да, бу түгөнөр өмүрдүн эч түгөнбөс арманына айланган азезилдей ашууну ашып кете

албай, жоголор жайы он жомок болуп турган. Тагдыр аны эмне үчүн кыйноого салып көшөрүп, кыл жылдырбай турат? Тагдыр деген тагдыр да, өткөрөм десе ашуудан азыр эле жылуу-жумшак өткөрүп коёт. Андай болбой жатпайбы, Үзөңгүлөш ашуусунун этегинде жалгыз үмүт кучактап отурбайбы?! Качан ашат, кантип ашат? Азырынча тагдыр ага айта элек. Майрамдык шаан-шөкөттүн жаркырагы тагдырына таш түшкөн Жаабарсты ошол түнү түйшөлткөнүн Жараткан да билгендир...

Рок-музыканын бороондуу деңиздин толкунундай ыргагында калган стадион дагы эле: «Ли-му-зин!» «Ли-му-зин!» «Ай-да-на! Ай-да-на!» – деп дуу түшүп жатты.

«Мына ал дүң маданияттын «Лимузини» менен кетти!» – деп кейип алды Арсен Саманчин. Анан дароо: «Кызкайып» эмне болот?» – деп жиберди. Анын «Нивасы» мындан эки кварталдай жерде, дээрлик чет өлкөлүк маркадагы жылтыраган машиналар токтотулуп коюлчу жайда эле, ошого баратып: «Дүң маданиятка көнгөн жашоо эмнени гана жасабайт? Жакырлар менен жумуш издегендер толду, «жумуш бергиле!» – деген жазууну көтөрүп алышып жол боюнда турушат, ат чабым жерге тизилген. Булардын көбү көчөсүндө жан калбаган алыскы айылдардан келишкен. Бул башка эмес, дал ошо адамзат коомуна коюлган адам талабы, себеби адамзат коому өзүнүн жаңы муундары үчүн алардын керектүүлүгүн камсыз кылып турууга жарамсыз, башкача айтканда, бул дүйнө сенин мага керегиң жок, көзүмө көрүнбөй жоголгун деп турат. Ал эми колунда токочу барлар «Лимузин» минип дуулдайбыз дешет».

Түнкү көчөдө өзүнүн «советтик» «Нивасында» баратып ал ушуларды ойлонду. Көнгөн машинасы, андан жакшысын ал каалаган да эмес, анын үстүнө чөнтөгү жука. «Лимузинди» көрүнгөн эле мине бермек беле! Айанын лимузинчил болгонунун жөнү бар, жылдыздардын жылдызы, колуң түгүл көз жетпейт, сакчылары жанында, сени менен сүйлөшмөк беле... Мурдагы эри менен жараша турган түрү жок, анысы бөтөлкөнүн түбүнөн чыгалбай калган дешет. Турмуш деген турмуш, ал жөнүндө тиги-бу дештин кереги жок. Тагдырды табалап болобу, эң сонун үнү бар опера ырчысы Айдана Самарова деле күтүүсүз иш жасабадыбы, Милан сахнасынан ырдамак, жылдызы жанмак. Ал ошенттиби? Жок, таанылуунун жеңил жолун тандады да, тал башынан күйгөн куйруктуу жылдыз болуп чыга келбедиби? Акча жааган концертин берет...

Мунун баары анын иши, анын тагдыры. Андан көрө сен өзүңдү кара, ат жалынан оодара тартып салышты, ушундан улам кызалаңдап, оту жок кайнап, тигилерге жаман сөз айтып келесиң. Чындыкты моюнга алгының, ичиң күйгөндөр сенден күчтүү болуп чыкты го?.. Көз карандысыз, белгилүү, дагы эмне элең, айтор, болгону галстугу моюнунда койкойгон, суроодон башканы билбеген журналистсиң, а тигил ким? Жолуңар кайдан бириксин?! Бириң масс-медиа ааламында ак жылдыз да, бириң масс-медианын таманы баскан талпаксың. Жайына кой! Сүйүү деген өзүнүн бар-жогун сенден жашырган жалтак сезим эмес, ал дайыма тоскоолдорго кабылып, кабылган кезде кайрадан жаңы күч алып, кубаныч менен кайгыдан, сүйүнүч

менен армандан кайра жаралып турат. Ошон үчүн сүйүүгө жеткени да, жетпегени да бактылуу, сүйүүнү сезбеген гана бактысыз. Ак сүйүүдө аскар тоодон көк рапис зоо тосуп да токтото алгыс көчкү жүргөн учурлар болот, андайга сөз айтылбайт. Анткени ар бир сүйүүнүн өз тарыхы, азабы жана бактысы болот. А сен болсо өзүңдүн жеке кайгыңды жер жүзүндөгү ааламдаштырууга, массалык маданиятка оодара салып жатасың. Карасаң муну, оюңа койсо Кудайдын сакалын жулуп алгың бар! Эсиңди жый! Андан көрө сен «Кызкайыбымды» жактырбайт деп массалык маданиятты тепкилей бербей башка маселеге жооп берип, бөлөктөрдү өзүңө ынандырганга аракет кылчы. «Кызкайыпка» дүңмаданият кандай ыкмалар менен каршы туруп, кантип четке сүрүп жатат? «Кызкайыптын» буга кандай тиешеси бар экенин Айа экөөңөр көзмөкөз жалгыз калган кезде, өмүр бою ушул гана учурду күтүп, өмүр бою ушул учурдагы чер жазыша баарлашууну самап жүрүп, анан акыры ак сүйүүнүн тагдыры тартуу кылган бир бейиште, ал экөөң мээр төгүшө отурган кезде Кызкайып кайдан келе калганын, идея кандайча жаралганын баштан-аяк айтып бер. Бирок силердин бу жагынан тажрыйбаңар мол, жаш эмессиңер, а тагдыр болсо силерди өткөн иштин баарынан ажыратып койду, ооба, ал силерге бир кезде убактылуу Европада болууну, тоо этегиндеги эски сейилбактагы канча мезгил карыткан замокто жашоону берген, булуттардын арасынан ай силерге суктана карап нур төккөн. Ошол күндө, ошол тагдыр саатында, ал отуздан ашып, сен болсо кыркка келип калганыңарга карабастан ма-

хабат жыргалына куунап, бу дүйнө жалаң сүйүү кубанычынан жаралган, биз анын аппак таңыбыз деп кыялга баткан ал кезде капылет жерден маңдайыңарга Кызкайыптын өзү пайда болуп, эки жан эрип бир болгон ушу силерден өзүн сактап калууну чөгөлөп сурангандай, жабыккан жандүйнөсү менен ой-санаасы, Кызкайып берген дилазабы ырларынан төгүлүп, анан аны бүт дүйнө балкып уккудай үн беришин өтүнүп, жалгыз талдай жалдырап, өмүр бою өзү издеп, өмүр бою эч табалбай койгонун мына азыр кайыптан таап алгансып Кудайга үнү жетип турсачы. Ооба, бул кыялга келген бир элестетүү дечи, ошентсе да дал ошол кездешүүдө чыгармачылык ойдун өзү, операнын идеясы, анан аны менен байланышкандардын бүт бардыгы жаралган болчу. Ошондогу Кызкайып менен кездешүү куду өңдөгүдөй болгонун, силер аны опера аркылуу театр сахнасына алып чыгып, анын ролун Айдана ырдап аткарып, анан аны силер түбөлүк сактап калууга ак дилден ант кылып, атүгүл Айанын өзү да «Кызкайыпты» тилден калганча ырдап өтөрүн наздана шыбырап убада берген деп бирөөлөрдү ишендирип көрчү.

Ой, сен эмне деп жатасың?! Токтогун, бул жомогуңа ким ишенет? Акылынан айный элек бирөө укса төбө чачы тик туруп, мунун баары ойдон чыгарылган калжыр кеп, миф, аңыз сөз, имиш-имиш тура деп басат да, кетет. Башы бар адам башка эмне айтмак. А бирок Арсен Саманчиндин жандүйнөсүндө Кызкайып жер үстүндө эмес, көктө жашайт, ошондуктан ал кандайдыр бир жогорку күчтөр менен байланышы бар. Айдана да ошондо ушундай ойдо, дил-максаты

бир тилекте болчу, анан эле аны шайтан азгырып, «Лимузин» минип асманга кетти, кайдагы асман, акылын байлап, жүрөгүн алдап бизнес-туткуну кылып кетишти. Ошентишти, ал эми Кызкайыптын образы болсо көктөн келген ишеним-аян катары анын каңгырап жалгыз калган жандүйнөсүндө жашап, бир өмүр өтөрөткүчөктү арылбас арман, кутулгус куя катары көкөйүндө көк түтүн чачып тура берет. Ооба, Кудай дейбиз, а бирок аны көргөн бир жан жок, ошондой болсо да эл Кудайга, анын бар экенине ишенет. Жерде жок ыйык түшүнүктү ишеним катары кабыл алганда гана ошо сен издеген образ турмуш чындыгы катары жандүйнөңдө жашай берет, болгону ага бериле ниет бере билиш керек. Кеп маңызы ушунда.



Өйдө жактын кудурет-күчүнө ишенүү ал экөө Германиянын Хайдельбергинде жүргөн чагында болгон. Балким, бул дагы тагдырдын бир буйругудур, ар дайыма боло бербеген келкелдин келген кезидир. Болсо болот, ооба, ал жерге алар Айдана Самарованын жеке концерт берүүсүн өтүнгөн музыка клубунун чакыруусу менен келишкен эле. Бүт бардыгы ойдогудай өткөн. Айдананын бул жакка дал Хайдельбергдин өзүнө чакырылышына Арсен Саманчиндин да эмгеги чоң болчу, бул ишти анын жакын адамдары, журналист достору, тааныш музыканттар уюштурушкан.

Ал жердеги музыкага терең түшүнгөн көрөрмандар классиканы ырдаган Айдананы асманга жеткирип салышты. Ал тургай тележаңылыктардан да анын ырлары берилип, басма сөздө ал жөнүндө макалалар жарыяланып, жарнамалар

болуп дегендей Айдана жакшы эле таанылды. Баарынан да ошо Хайдельбергдин эски чиркөөсүндө ырдаганда кызык иш болду, протестант немистери меймандар үчүн бүт баарын жасайт экен, сыйына турган залды дил-ыйманга тиешеси анча жок, бирок урматтаган иш-чараларга бере беришет экен. Мунаралары шаңкайган, казанбактары калдайган чиркөөдө ырдаганда акустикасы эң сонун бул жай кубулжуган үнүңдү ого бетер кубултуп, ар жагы асманга чейин жеткирип, көк менен жердин ортосунда жаңыртат. Бүт аалам сенин үнүңө магдырайт. Ал өзүнүн арияларын фортепиано менен органдын коштоосунда немис, орус, италия тилинде, анан бир-эки кыргызча ырдады. Кол чабуулар жер жарып, чиркөөнү терметип, залдагылар менен балкондогулар ар бир ырга ушунчалык суктана ыраазы болуп, көздөрүнөн жылдыз жанып, жүздөрүнөн кубаныч төгүлүп турду.

Мөмөсүн ийген ийгилик менен чыгармачылык эргүүнүн бул жердеги толкун-маанайы ал экөөнү Хайдельбергге бирге барууга тарткан сүйүү сезимдерин күчөтүп, ушу азыр жүрөктүн ар бир кагышы сайын бирин бири эңсеген да, бирин бири сагынган, мындан ары ар дайым кошулган жанын өмүр бою бөлүнбөөчүдөй абалга алып келди. Ушул дүйнө ушул экөөнүн сүйүүсү болуп турганда алар капылет жерден «Кызкайыпты» табышкан. Ооба, концерттен кийин аларды ошо чиркөөгө жакын турган ресторанга чакырышып, урмат-сый көрсөтүшкөн. Андан алар тоо сейил багындагы эски заманда келиштире салынган, кадырлуу меймандар үчүн гана эшиги ачылчу замокту айланып, көңүл ачып жүрүш-

көн. Анын үстүнө күн бою бирге жүрүшсө да сагынышып, ээн жерде экөө гана жалгыз болууну самап калышчу. Азыр да ошону көнүл көксөп, жүрөк эңсеп турган кусалык кумарын кандырууну каалашты. Махабат деген жалгыздыкты жанындай көргөн, кызганчаак кыял, эрке мүнөз келет. Алар үчүн бул дүйнөдө бир гана сүйүү бар, ал ушул экөөнө гана арналган. Замоктун кире беришиндеги бардан бир аздан виски ичип, андан соң сейил курмакка бак аралап кетишти. Түн жарымы чен эле, тоо боорунан төмөндө жаткан орто кылымда салынган шаар жомоктогудай жарык чачып, кыялыңдын кылын чертет. Алар бул керемет көрүнүшкө суктана карап, музыка жөнүндө, композиторлор туурасында сүйлөшүп жатып, Айдана минтип калды:



– Арсен, сен үчүн мен кандай ыр ырдап беришимди каалайсың?

– Азырбы?

– Ой, жок. Тамашалабачы. Симфониялык оркестр менен ырдайм. Сен залда болосуң, атайы келгенсиң. А мен болсо бир гана сага арнап ырдаймын, Арсен. Кандай ырды каалайт элең? Италиянчаныбы?..

– Айа, сенин ырларыңдын баарын эле уккум келет. Италиянча дейсиң, испанча дейсиң... Мейли буга. Эгер өзгөчө каалаганымды билгиң келсе, Айа, мен Кемчонтой эмесминби, аялдар жөнүндө ойлой берип күнөөгө баткан кечилден бетер тымызын ойлоп жүрөм, анткени мен Кызкайыптын арияларын уккум келет.

– Эмне дейт? Кызкайыптын арияларын?.. – Күтпөгөндөй таң калды. – Кызкайып уламы-

шын укканым бар, а бирок анын либреттосу, музыкасы, дагы башкалары болуш керек да. Сен чын эле оюнан аял кетпеген кечил болуп кеттинби? Кызыксың, Арсен!

– Мында эч нерсе деле жок. Кептин баары ошол кыялдан чыгып жатпайбы?

Ошондо алар кезеги келер бир күнү «Кызкайыпты» коёбуз деген идеянын жаралган жеринде турушканын сезип-туюшту бекен? А Арсен Саманчин болсо ушул жылды, ушул күндү, ооба, дал ушул керемет кезди тагдырдын буйругу менен келген ушул гана жерди күтүп, оюнда бүрдөп гүл ачкан идеясын алгачкы жолу ага алгачкы махабаттай айткысы келген...

* * *

Болорун айтпас бул тагдыр таштан да катуу неме экен, ошондо эле Арсен Саманчиндин эртеңи кандай болору чечилип жаткан тура, үч уктаса түшүнө кирип койбогон киши өлтүрүү жөнүндөгү ой ушул жакшы тилек менен башталган иштин аягында көк канчыктын көзүндөй кылыя пайда болорун, өлтүрөм деген өзү да кылчая албай кылычтын мизи менен басып каларын, башкалар үчүн байпагындай кеп эмес, а бул үчүн күнү-түн мүшкүл түшүргөн тапанча табыш көйгөйү көкөйүн кесип саларын ал анда кайдан билиптир. 

* * *

Тагдыр дедик, дагы да андан айталы. Ал кезекте кайран Жаабарс карайып каргыш алгыр Үзөңгүлөш ашуусунда эле. Артка кетер түрү

жок, ары кетип, бери кетип ашууну ашар жол чалат, көздөн учкан ушул тоону ашса эле өмүрдүн өтөр кезинде өкүнүч менен бир келген из таптырбай жоголуп кетүү тагдырын Кудайдан тилеп куурады. Бирок анын сөөгүнө жеткен көйгөйүнө тагдыр деген боор толгоп да койгон жок. Жаабарсындын абалы кандай болсо ошондой. Эми эмне кылат? Айланы кайдан табат да, ал-күчтү кимден алат?..

Жаралгандан бир да жан: акылдуу деген адам да, кабылан делген жырткыч да алдыда нелер болорун биле албайт. Алардын ошол тагдыры менен байланышкан эч бир иле, дал чыгып калуу деген да жок, а бирок ушул татаалдыгы башынан ашкан ааламда адам менен жырткыч жаныбар ошол эле жазмыштын жазганын көрүп, ысык-суугуна кабылып, айтор, бу жалгандын буйруганын алат экен. Бу дүйнөң түшкүр каалаca баары болот экен го.



Бүт баары болот, бул байкуш бир жек көргөнүн өлтүрүп салайын деп бир курал, болгондо да тапанча таппай тал башын карап карайлап, кайгыга батып отурат. Башка өлкөлөрдө, айталы ошол эле Америкада ар бир жарандын чөнтөк телефондой зарыл болгонсуп ок ата турган куралы жанында болот, турмуш муктаждыгы дешет. Ошондон го, жанагыл телеэкрандардан кай жагына бураба күнү-түн эле атышуу, кызыл кыргын көрсөтүлө берет. А бул жерде болсо адам укугунун же жашоосунун дагы бир көйгөйү чыгууда. Бул дагы турмуш зарылдыгы, а бирок ошол муктаждыкка айланган куралды ал кайдан, кантип таба алат? Кимден сатып ала алат? Мына, мүгдүрөткөн маселе!

Буга караганда Жаабарстын көйгөйү жеке тагдырына, өз жанына гана байланыштуу нерсе, өмүрүнүн аягын акыры алар актыкка – бул жашоодогу бакытка бергени барат. Бирдейби, бирдей эмеспи? Бир болсо да, бир болбосо да ойлонгондон не пайда? Бу опаасыз дүйнөдө нелер болуп, не болбойт?..

Андан көрө, канча болуп кетти экен, бир жылдан ашып калды го, Кызкайып жөнүндөгү ошол ойду кайталаш кажет. Ал учурда ал экөө бири-бирисиз жашай албастай тартылып, бирибирин кирпик учунан түшүнүп, ак сүйүү бактысы тагдырыбыз деп эзилише сүйлөшчү жерге, Хайдельбергдин алар барган сейилбагына, ооба, аңыз кепте жашаган Кызкайып кайрадан жанданып жашоосун жаңыртып дал ошол бир болгон керемет түндө аерге барып калышы мүмкүн беле?.. Же болбосо аңыз сөзгө айланган ал сүйүү трагедиясынан улам өтөр-кетер жашоодон кийин да түбөлүк асыл ой катары жашай берер сүйүү жаны көзгө көрүнүшү ыктымалбы? Арсен Саманчин мындай ой жүгүртүүнү четке какчу эмес, булардын баары адамдын жандүйнөсүндөгү кубулуштарга, чөйрөгө байланыштуу дечү.

Аздектеген Айасына Кызкайып жөнүндөгү уламышты айтып жатканда мына ушулар да ага дем берип, эргүү болуп турчу.

– Сен билесиңби, Айа, Кызкайып биздин Үзөңгүлөш тоолорунда ушу күнү да жашайт, ал өлгөн эмес. Ушуга ишенесиңби?

– Ишенем, ишенбей анан! – Айдана адатынча жылуу жылмайды да, апакай жумшак алаканы менен Арсендин мойнун сылады. – Сүйлөп жатканыңды аябай жакшы көрөмүн, анткени сен менин жүзүмдөн сылап-сыйпап жаткандай

боло берет. Сүйлөй бер, Арсен, айлана кандай керемет. Бейпил түн, айдын нуру сүттөй ак, аллеядагы шамдар жалооруй карап тургансыйт. Бу дүйнөдө бизден башка эч ким жок. Куштар да уктап калышты. Сүйлөй бер.

– Куштардын уйку салганы жакшы. А Кызкайып жөнүндө сөз болгондо мен сүйлөбөй коё албайм. Муну жомок деп да, башка деп да айта берүүгө болот, ал өзү ошондой, а бирок мен үчүн эч качан жомок эмес, Айа! Ал таптакыр башка. Ишенесиңби, тоо аралап жүргөндө капыстан эле тэ-э алыстан көрүнөт да, анан ошо замат көздөн кайым болот. Ушундай. Ал жөнүндөгү уламыш көптөн бери айтылып келет. Кызкайып ошол күндөн ушул күн тыным албай тоодон тоо кыдырып, дайынсыз кеткен сүйгөн жигитинин бир кабарын табам деп издеп жүрөт, а кызды болсо кармап алыш үчүн артынан карыша түшкөндөр да бар. Элдин баары ушинтип айтышат, ушуга өздөрүндөй ишенет. Кызкайыптын сөз бекитишип сүйгөнү жаш жигит экен, ууга чыкса олжолуу кайткан кылмерген экен. Мергенчиликке кетет да ошо бойдон кайтпай калат, келет дейт, келбейт. Карасанатай кастары буктурмада бугуп жатып сыйыртмак салып сыздатып, колубутун бууп, үңкүргө же зынданга салып таштакшканы, же анын тилин кесип, көзүн оюп салышканы белгисиз бойдон калат. Бул өзүнчө тарых, тарых болгондо да жөн эле көрпендечиликтин карөзгөйлүгү, бийликке болгон кумардануунун тарыхы. А кездегилер да азыркы адамдардай болушкан.

Бизде мындай каада бар, жай келген сайын, ай толгон түнү Кызкайыптын тагдырына күйүп, аны эстеп боор ооругандар бийик тоого барышат

да, алыстан болсо да ага көрүнө турган жерге алоо жалын чыгарып от жагышат. Алар менен бүбү-бакшысы да барат, от айлана добулбас кагып, Кызкайып менен анын ант берген сүйгөн жигитинин атын аташып, отко кел дешип чакырышат. Аялдар болсо от боюна отуруп, кошок кошушат. Мунун баары тиги экөөнүн урматына жасалат. Баргандардын айтышкандарына караганда Кызкайыптын келген учурлары болот экен, келиптир, жарык анча жетпеген жерге чейин келип, отко, от боюндагыларга таазим кыла жүгүнүп, анан кайра кайып болуп кетет дейт. Жигитин кайрадан издеп кетет экен, алар табышышканча, өлүшпөйт экен. Ушундай, барга барып, бир аздан виски ичели?

– Аякта жана эле болбодук беле? Сен бир аз кызып калдың. Барбай эле коёлу. Мен бу Германиянын Хайдельбергине, мына бул сейилбакка, сен экөөбүз ошо Кызкайып үчүн эле келгендей болуп, ага аябай боорум ооруп жатат.

– Андай болсо мен сага ошол окуянын өзүн айтып берейин. Биздегилер Кызкайыпка от жагат дебедимби, андай отторду тиги Кытай тарапта да жагышат. Алар менен биздин чегара жакын, Үзөңгүлөш ашуусунун эле ары жагынан өтөт. Ал жакта да кыргыз туугандар жашайт, эзелтен бери ошол жакта, а бирок карым-катыш деген жокко эсе, шарт ошондой болгон, анын үстүнө жол да жок, жай мезгили болгондо, күн ачык кезде ошо ашуу аркылуу барса болот. Айтор, тозоктун жолундай, эки дүйнөнү көрүп өтөсүң. Бир жыл мурун ал жакта журналисттик иш боюнча болгонмун, самолёт менен Үргөнч өрөөнүнүн үстүнөн өткөнбүз, андан ары машинага отурдук. Эл менен жолугушканбыз,

алар жөнүндө гезиттерге макалалар жарыялан-ган. Ошондо мен бир кызык болгом, Кытайдагы биздин кандаштар да куду биздегидей Кызкай-ыпка таазим этип, Үзөңгүлөш тоолорунун өздөрү жагына барышып, түн киргенде биздегидей от жагышат экен, арбактарга куран окуп жалы-нып, махабаты үчүн кайып болгон кызга жар-дам берүүсүн сураныщат экен. Ишеним, салт-тын бир экенин карачы. Бирок Кытайдагы кыр-гыздардын бул боюнча бир кызык айырмасы бар. Аларды каадасы боюнча тоого от жагыш-кан кезде Кызкайып эми көрөт, ага керек бо-луп калат деп, жарашыктуу токулган атты да-ярдап, эки сулуу кызга карматып коюшат экен. Көрдүңбү, алар кандай?!

– Арсен, азыр мынабу Хайдельберг тоолору-на да Кызкайып үчүн от жаксак эмне болот? Кел, ошентели?.. – Айдана аны кантер экен деп тамашага чалды.

– Эч нерсе болбойт, – деди ал күлүп. – Ал үчүн мурда ойлонуш керек эле да. Отун, бүбү-бакшы керек, аларды кайдан табабыз? Же мен бакшы болоюнбу?

– Бол, галстукчан бакшы бол! – Айдана жыр-гап күлдү. – Сонун болот. Сен эң жакшы бакшы болмоксуң. Муну азыр эмес, кийин жасайлы. Шаар көчөлөрүнүн үстү жагындагы тоо этегине от жаксак эмне болот, эл аралык жаңжал чы-гып кетпейби?

– Чын айтасың. Антсек эле бүт Европага таа-нылабыз, – деди Арсен Саманчин баш чайкап күлүп. Анан аны бериле кучактап койду. – Се-йилбакта отурган кандай жакшы, Айа, сени тажаткан жокмунбу?

– Жок, эс алып жатпаймынбы? Экөөбүз менен Кызкайып бирге болгонуна аябай бактылуумун.

– Ыракмат, Айа. Анда мен сага ошол окуянын бүт баарын айтып берейин, жакшылап ук. Муну илгери болгон дешет. Биздин ошол тоолордо шамдагайлыгы менен кайрат-эрки шай келген бир жаш көзгө атар мерген жашаптыр. Ал кийиктерди терип атып, илбирс менен карышкырды сулатып, терисин сыйрып алчу экен. Эли-журтун кийик эти менен баккан жигиттин калкына кадыры өтөт, аны эл башы, журт бийи кылып алабыз дешет. Ооматы жалын-чок болгон ошол күндүн биринде тоолордун ары жагындагы өрөөндөгү эл той берип калат. Ага тууган-дары менен кошо ал дагы барат да, ошол жерден ай менен күндөн жаралган, жоогазын көйнөк бир кызга ашык болот. Ошентип алар бири-бирисиз жашай албас абалга жетип, ак сүйүүнүн айынан ар күн сайын тоолорду ашып, ал кызга барып турат. Бир көзү ачык аял ал экөөнө төлгө ачып, асманда бир жылдыз бар, ал силердин сүйүүңөргө арналган, үйлөнүү тоюңар болгон күнү бүт жылдыздан жарык жанып, жаркырап турат. Кокус булут эле каптап калбаса, ал жылдыз мына бул бийик тоолордун жогору жагынан таңга чейин акжарык чачып жаркырап жанат, силер ага таазим кылгыла, ал силердин жылдызыңар дейт кызга. Кыз мунун баарын төкпөй-чачпай болочок күйөөсүнө ак дилинен ачыла айтып берет. Ошондо жигит ага да бир купуя сыры бар экендигин билгизет. Көрсө, аны Жараткан ушул кызга үйлөнүш үчүн бу дүйнөгө жараткан экен. Муну мергенчи жигит жактагы

дагы бир көзү ачыгы Жараткандын маңдайга жазган жазуусу деп айтыптыр. Болочок колукту ошондо опсуз таң калып, тагдырдын сырын экөөнө бирдей жан кылып, бул дүйнөдөн өткүчө, аркы дүйнө бүткүчө ок тиштеген ак никелүү жар болорун ант кылат.

Ошол ошол болот, ошондон кийин кылмерген бүт уруусу менен, аксакалын баш кылып, акылманын каш кылып кыздын колун сурап, кыз каадасын жасап, аны алып кетмекке болочок кайын журтунун астына барат. Андай кыз тою ал кылымда болбоптур. Тоо дайрасы акчу экен, ошол жерде көз жеткис өзөн бар экен, ошол жерге канча бир боз үй тигилип, канча бир мейман толду дейт. Таңдайына жел тийбес тандамал ырчы келишип, кызыл күндү батырып, агарган таңды атырып, кыз урматы үчүн деп, кырк күнү оюн болду дейт. Калыңына тыйынын күндө санаган, битинин канын жалаган хандын казынасы жетпептир, үйүр-үйүр жылкы айдап, короосу малга толуптур, шаа мүйүздүү уйларын кылмергендин кайын журт карабай-ак коюптур. Күлүктөрү бир кылка, аргымагы ар башка, жоргосу жолду карыткан тандамал жылкы тукуму ар үйгө үчтөн жетиптир. Адамдын тилин байлаган кызыл алтын, ак дилде алтымыш төөгө жүк болуп, көргөндүн көзүн талыткан көп көргөндү жаңылткан аң териилер азабойду алды дейт, кыз берер тарап кызыгып, кызыл дүйнө, ак көңүл ааламында калды дейт. Ошентип берери бүттү дегенде, айтылар акыл кыз тарапка келгенде кызыгын кылым көрөлек көз тешери күйөөлөп барган кылмергендин кайынга кайрылып таазим кылышы менен башталат. Эки ийинге ар-

тылган эки илбирстин териси миң илбирстен бир чыгар гүл илбирстин өзү экен, ай сулуунун ата-энесине ийиле калып, ийнинен алып тартуулады. Жарданган элдин эскертер сөзү калган жок, орундарынан дуу турушту да, эки жаштын ынтымак-бактысы үчүн кыз-күйөө антын айтышар өзөндөгү дарыянын боюна барышып, антын алып, ак батасын беришти. Тоо дайрасы топтоло агып шарп эте, эки жашка макулдук берип, мемиреп калды. Ошентип кырк күн, кырк түн бою кыз тою өтүп бүткөн соң, келин тою жети күндөн кийин болмою элге айтылды.

Кудай кошкон кудалар түгүл тоо кубанган ал тойдо эки жашка касын тигип, каргаша ташын канжар кылып каткандар чыкты. Күйөө бала күн алдында теңдеши жок мерген экен, өзүнчө түтүн булатса журт башы болмоюн эли чечип коюптур, анысы ал болгондо иш бүтмөйү каяктан, Жаратканы жарашыктуу өң берип, келбетсынын келиштирип коюптур. Жек көргөндөр ушинтишти, жең ичинен сүйлөшүп, кылмергенге кыямат жайды көргөзүп, кара көзүн кашайтмакка кара түндү калыс кармап касам ичишти.

Дилкаралар касамын агадилдер билсечи да, актык менен каралыктын калысы жалгыз өлүм болсун деп эл үчүн жана жер үчүн, андан калса кызыкчылык керекпи, кызыгы кыздай кылыктуу бийлик үчүн, жоругу жолдо жоголгур жоолашкан кара ниеттер, эң кур дегенде жандүйнөнүн курмандыгы үчүн жандарын кыя ачыкка чыга кармашса боло. Адамзаттын арамдыгынын түгөнөр чеги бул дүйнөдө болобу?..

Кастык иш карында жатып жетилет да, касташканга канжар болуп сайылат. Эки жашка

бак айтылып, ак тилектер ай нурундай төгүлүп жаткан ак тойдо арамдык менен кас саноо акса-натай адамдарга жашынып, тигилерге айтылар ажал огу болуп жатканын ким билиптир, Кудай ай! «Адамдардын ошол ишин күн билсе, чыдай албай өчүп калмак асмандан». – Муну акындар кийин шунтип ырдамак. «Булут билсе адамдардын ал ишин, ушул тойду өткөртүү үчүн башка, таза талаага, көз ачырбай нөшөр төкмөк токтобой». Дагы акындар кийин шунтип ырдамак. Жана да алар арылбас арман кылгандай бу дүйнөдө адам болуш эң кыйын да, бу жалганда айбан болуш эң оңой! Кандай гана улуу сөз!

– Укмуш айтылыптыр, Арсен!

– Ак тилектер ыр болуп, ант бергендер сыр болуп турган саатта «дайра билсе адамдардын ал ишин, тоону көздөй күр-шар түшүп агат эле тескери». – Кайра да кайран акындар зар какшап шунтип ырдамак. Анткени мындай уюшма кара кастыкка табигат каршы тик турмак.



Ооба, бул ушундай болгон иш экен. Кудай кошкон кудаларды кубанычка бөлөгөн кыз кайындамай үлпөтү ошентип үч кылым бою айтылар шаан-шөкөт менен өтөт, ата арбагы ыраазы болсун, эки жашты ар убак колдосун дешип бүбү-бакшы, көзү ачык олуялардын өзгөчө каадасына да жол беришет. Айтор, бүт бардыгы кыз-жигиттин көңүлү, ак никеден аскар тоо болор бактысы үчүн жасалат. Андан кийин салтанат өзүнүн саатын өзү алат да, кызык оюн кыз куумайы башталат. Ошо кезде дүйнө түгөл кыз тоюна келет; көктөгү күн сулуу кыздай жылмайып, мээримин төгүп мемиреп тиет, түркүн гүл жытын аңкыткан, түркүн чөп бүрүн тазарткан жам-

гыр аларга жаабай, алардын айлана-тегерегине себелеп сезим сергитип кетет, туланын бассаң тура калып буттарындан кучактап, тууганндашкан эки элдин көңүлүн көккө көтөрүп турат.

Кыз-күйөөгө ат мыктысы тандалат. Ат туягы аларга ат жалынан бакыт берет, же бербейт. Кыз куумайдын абалтан берки салты ошол. Жебедей сызган күлүктөгү сулууга аткан ок болуп жетип, ат үстүнөн кучактай калып өбөр иш кыз кууган жигит милдети. Айтор, бул тамаша менен жарп жазар оюн эмес, ат жалындагы тагдыр менен бакыт.

Ана, күткөн элдин алдына күндү уялткан кыз чыкты, андан кийин кабылан сүрдүү куш мүчө, сырттан келбет кылмерген жигит чыгат. Кыз келбети кеп билбейт, атка отурганы да, өзүн кармай алганы да, өңгөдө жок өң-түсү да жарашат, жылдыз менен булуттун бир түнүнөн бүткөндөй экен. Көргөндөр кирпик кага албай, өздөрүн өзү таба албай кадоодой катты. «Жан аябай жакшы чап! Жеткирчү болсоң көрөсүң! Жеткирбегин, эркектер биздин ким экенибизди билишсин!» – Кыздын курбулары жабалактап жатышты. Мындайда эркектер тынчып калчубу: «Узатпай жет! Жетпей калсаң шылдың гана болосуң!» – дешти демитип. А думана менен бакшылар оюнга түшүп, алка-шалка кетишип, ач добулбас кагышып, жарданган элди жандантып, тулпарларды оздук чайнап элиртти.

Карыялар жапырт бата берген соң кыз куумайы башталды. Кыз бир топ алдыда, көз жеткис жашыл түздүктү ак жарык болуп как жарып барат. Артынан аскага көктөн бой урган бүркүттөй сызып жигити барат. Кыз куумайдын же-

тер марасы өзөндөгү кечмелик. Караң калгыр кечмелик ордунда турбай ок болуп буларга келет жакындап! Артынан түшкөн ак жарыкка жетер бекен, ат үстүнөн ал экөө бир денеге айланып кетер бекен?.. Жетпей калса жигитке кыз кайрылып марадан алдынан тосуп чыгат да, жеңүүчү катары тигинин көңүлүн алып бетинен өбөт. Оюндун шарты ушундай, а бирок ар дайыма кыз куугандар марага чейин жетишет.

Бул оюн деп айтылганы менен баш кошо тургандарга турмуш сабагын, жашоо философиясын берет. Ал мындай: кыз ошондо тагдырдан тагдырга – өмүр бою ажырашпай жашоону энсеген, бакыт берер жигиттен качканын, болгондо да жеткирбейм деп качканын кийин эч унутпайт, а жигит болсо өзү каалаганына, бактысына кантип жеткенин түбөлүк эстен чыгарбайт. Бул жолу да ошондой кыйын иш болду. Мен муну сага, Айа, эзелки бир окуяны билип койсун деп айтып жатканым. Ооба, ошентип кыздын аты учуп барат. «Чап! Жеткирбе!» – деген үндөр жер жарат. Кулагын жапырып кең арыш алган бу күлүк кылмергенге сүйгөн кызын берчүдөй эмес. Жигит кызга жеткиче шамал ал экөөнү кучактап, экөөнү тең аймалап бу дүйнөдө сүйгөнүң сени куугандан, сүйгөнүң сени жетсе экен деп качкандан ашкан бакыт жок дегенсийт. Ооба, бир бакыт жетсе экен деп качып барат, бир бакыт жетемин деп кууп барат. Эки бакыт ат жалында биригип бир бакытка – сүйүү бакытына айланып кетер бекен?..

Тагдыр, тагдыр! Бул оюнду кимдер ойлоп тапты экен?! Аларды көздөй кечмелик алардан

аша учуп-күйүп келатат. Жетер жер абдан аз калды. Тагдырын берип, таалайын арнаганы качан жетет, качан сыга кучактап жүзүнөн үзүлө түшүп өбөт?.. Кыз качып да, ушуну самап да барат... Кыз качып да, качпай да барат. Кыз сүйүп да, сүйгөнүн кылчактай күтүп да барат!.. Кыз өзүнөн өзү ат тизгинин тарта кармап, үзөңгүгө бут чирей калды. Өзөндүн суусу көрүнүп, кечмелик көзгө кадала баштаган, антпесе болбойт, сүйүүдөн качкан бакытка, бакыттан качкан сүйүүгө жетпейт. Кыз денесин кубаныч кучактай калды. Сүйгөнү минген күлүк ат куйрук улаш жакындап келет... Кайран асыл жаныбар, кыз атына кынала теңелип берди. Кыз анын көкүлүн сылап жибергиси, жалына кулап түшкүсү келди. Ошентмек, жан биргесине жанын берип, анын жылдызын күндөй жандырмак. Ошондо кызга жигиттин деми угулду, аны бүт денесин, бүт жандилин балкытып укту. Тал чыбыктай белине тааныш, тааныш болгону менен атка мингенден ушул көз ирмемге чейин жок болгон, анан аны көшөрө күтүп, көшөрө эңсеген тааныш кол кыз денесин коргошундай эритип барып оролду. Үзөңгүгө үзөңгү тийип, эки жарык бир жарыкка айланды. Кыз булуттан чыккан айга окшоп жарк эте карады да, жигиттин жылуу деминен дем алалбай калды, ак жүзүн кызыл толкун каптап, ал дагы ага кынала түштү. Кыз атка мингенден ушул көз ирмемге чейин ушуну күткөн, дал ушуну ичинен күйүп самаган. Жигит максатына жетти, анан экөө тең сагыныша өбүштү. Ушул учур түбөлүк болуп калсачы!..

...Табышкан эки жаш, жарышкан эки аргымак ак канаттуу куш болуп жашыл өзөн дайрага кетип барат...

Казганактап карап турган калың эл:

– Жол бергиле жигитке, жол бергиле! Азаматсың! Жигит экенсиң! Алдын тоспогула, ал биздин бала болуп калды, биз биргебиз, биз бирбиз! – деп жатышты.

Кудалашкандардын бул тою ушуну менен аягына чыгат. А бирок жанагы ичи бузук кытмырлар кылмергенге ого бетер кара санап калышты. Жакшылыктан жамандыктын жолу ачык деген ушу го.

Кудай деген кудалар жети күндөн кийин дагы тойдон жолугарын айтышып коштошту. Кылмергендин туугандары өз жерине келер менен үйлөнүү тоюна токтоосуз даярдык көрө башташат. Ар бир иш өз жолу менен болмою эске алынды да, той каада-салттын кадырын көтөрмөк болду. Баш кошкон эки жаштын ак өргөөсү өзүнчө, бүт баарына дайын жерге тигилип, куда тараптан келе турган меймандар үчүн дагы өзүнчө катар-катар боз үйлөр даярдалып, белек-бечкек, кийити менен камдалып, жарчысы элге тандалып, ырчылары күн мурунтан шаңданып, жаштардын оюн-зоогу өзүнчө уюштурулуп, айтор, кызыгы элде бололек той өткөрүлмөй болот. А кездеги салт боюнча үйлөнүү тою ошол элдин кадырын айтар иш болгон.

Меймандар келет, той башталат деген күндүн алды экен. Кылмерген эки инисин ээрчитип, сый конокторго кийик этин тарталы, куш этинен салалы, кымбат баалуу аң терисин тартуу жасайлы деген ой менен аң улоого түн бой түзөр

маалда кетет, жолу жомоктогудай болот. Улуу шашке болгон дейт, капылеттен кылмергенди кыйкырып издегендердин үндөрү угулат. Туугандары аны издеп, ат тердетип келишкен болот. Бир топ экен, тоо жаңырта: «Кырсык болду! Күтпөгөн кырсык! Бери кел!» – дешип ызычуу түшүп чакырат. Кылмерген кандай кыямат болуп кетти деп барса, алар төштөрүн койгулап айтышат. Көрсө иш мындай экен, өткөн түнү колукту болор кайындалган кыз өзүнүн мурда сөз бекиткен жигити менен качып кетиптир, имиш-имишке караганда аны базары көп бир шаарга алып кеткен болуш керек дешет.

Ушул сөз айтылар замат ачык асман алайдүлөй түн түшүп, бороон согуп, жай ордуна кыш келгендей бурганак болот. «Маскара болдук! – Келгендер күйүп бүк түшүп, колдорун асманга созо: – Оо, Кудай! Бизди эмне үчүн минтип жазаладың? Жазыгыбыз не?! Андан көрө ошону өлтүрүп салсаң боло, андай шуркуяны көргөн жерден мууздап салыш керек!» – деп чуу түшүшөт да, табабыз, союп салабыз дешет. Кылмерген үн чыгарбайт, каны качып кубарып, ордунан жылбай, ок тийгендей отуруп калат.

Боору ачыган Айдана ушул жерден чыдабай:

– Өлтүрүшкөн турбайбы?! Кыйын болгон экен го?! – деп жиберди.

– Ошондой, – деди Арсен Саманчин аны коштой. – Анан ушунун баары, Айа, операнын сахнасында болуп жатат деп коёлу. Музыкасы кандай болуш керек, чыгармачылык кумар, кандай үн, мизансахна кандай көрүнүшү зарыл, айтор, бүт бардыгын элестетип көр. Анан, ооба,

кылмергендин туугандары кызды таап, ошол жерден жазаламак болушуп, шашыла атганып, аны да кошо бастыр дегендей кылып жатканда ал мындай дейт: «Токтой тургула, баарыңар угуп койгула! Мындан ары мындай сөзүңөрдү мен укпайын! Түшүндүңөрбү?! Анда эмесе мен эч жакка барбаймын. Эгер, бул менин башымды жутар каргыш болсо, мен да ага, ант бузар жүзү кара шермендеге, каргыш, наалат айттым! Адам тукумунун бүт баарына каргыш тийсин! Ушинтип адам аталганча, айбан болуп жалгыз жашаган артык. Бу жашоодо мындан ары мен бир да адамды көрбөймүн жана да бир адам мага жолукпайт! Уктуңарбы?! Уксаңар ошол, бул жерден жоголгула, мени издеп убара болбогула!» Ушинтет да атынан ыргып түшүп, артына кылчак карабай тоо аралап кетет. Мындай болорун күтпөгөн туугандары дел болуп туруп калышат, анан эстерине кылмерген эми киргенсип анын артынан чаап жөнөшөт. Таппай калышат, азыр эле баскан, жер жуткансып изи жок. Ошол ошол болот, ошондон кийин аны көрүп-билген жан болбойт.



Ушул жерден театр сахнасы үчүн бир драмалуу көрүнүш кошуу керек. Кылмергендин туугандары айылга жөнөй берерде аларга дайыноту менен жоголгон колукту-кыздын үнү капылет жерден, ал жандарында тургандай болуп угулат. Көрсө, ал баш кошор күйөөсүн кайдасың деп чакырып, суй жыгыла издеп жүрүптүр. Ооба, кыз бирөө менен эч жакка качып кетпегенин, бул иш бирөөлөрдүн карөзгөйлүгү менен жаманатты кылган ушагы экенин ошондо эч ким

билбейт. Ким билмек, уюшкан арам ойдогулар ошол түнү кызды жан адамга билгизбей уурдап кетишет да, колу-бутун байлап, атка таңып алыс алып барышат. Баягы кыз куумайга мара болгон дайрага жетишет, ошондо анын колу-бутун чечишип, эки жигит эки колунан кармап, кечмеликтен алып өтмөк болушат. Кудай да куурап турганбы ушул жерден кызды сактап калат, кандай болду ким билсин ал тигилердин колунан суурулуп чыгат да, ат үстүнөн дайрага боюн таштап жиберет. Беркилер артынан чуркап жетпей калышат, кыз күрпүлдөп аккан дайрага түшкөн бойдон көрүнбөй калат. Карөзгөйлөр кармап калабыз дешип агын суу бойлой барышат, сууга түшкөндөрүн ок дайра оп тарта ташка чапкылап, ай-буйга келтирбей агызып кетет. Кубангандан Кудайы кызды колдоп, суудан аман чыгарат, керемет-сыйкыр күч берип, аны куш кылып бийик учуруп, баягыл кылмерген менен анын туугандары жолугуп, азыр эле ажырашкан жерге алып келет. Кыздын үнүн угушар замат алар аны токтотуп, кандай иш болгонун сурап билели дешет, а бирок ал көзгө көрүнбөйт, үнү бар да, өзү жок. Анан ал да кайыптай кайым болот.

Ошол күндөн ушул күн ал Кызкайып аталып, купуя сыры ачкычы жок кулп болуп калат.

Ошол күндөн ушул күн Кызкайыптын бойбоздоп кошкон кошогу ошол улуу тоолордон жаңырып турат. Айа, мен сага ошол кошокту колумдан келишинче кошуп берейинчи. Тоо арасынан, алыстан-алыстан, капылет жерден угулуп жаткандай элестет. Анда эмесе угуп тур, ал кошок мына момундай:

Кайдасың сен, кайдасың сен, жан биргем,
Кайып болуп кас колунан качтым да,
Кыз боюнча калдым таза мен сага.
Кайдасың сен, кайдасың сен, жан биргем,
Аруу бойдон сендик болуп калдым мен.
Ушак угуп шерттен шерим тандыңбы?
Кайдасың сен, күкүк кылып какшатып,
Кыз башыма күйүт тагдыр салдыңбы,
А мен сенин кайындалган колуктуң,
Куугун келет, кууратпасын, жолуккун.
Ант алышкан дайра турат, кайдасың,
Жетким келет, кайсыл тозок жайдасың?
Антыбызга дайра күбө, Жараткан,
Тагдырымды тагдырыңа байласын.
Жаным сендик, жаным сендик, кылмерген,
Дүйнө кезип издеп таппай келем мен.
Анан кайда кайып болуп кеттиң сен?
Сени тагдыр койдубу же таш кылып,
Мени тагдыр түгөйү жок баш кылып,
Кай жердесиң акыреттик жан биргем,
Тагдырыңды тагдырым деп мен келем.
Эсиңдеби, ай алдында ант берген,
Жаным сендик, жаным сендик, кылмерген.
Тоолор такыр өбүшпөйбү бир бирин?
Туман тарап, көрүшпөйбү бир бирин?
Капчыгайга түн жарыгы тийбейби?
Кайберендер сенин дайның билбейби?
Кайдасың сен, кайдасың сен, мен сүйгөн,
Кай жердесиң акыреттик жан биргем.
Кыз куумайда ак сүйүүнүн кызыгын,
Биз өбүшүп тatканыбыз жок беле?
Махабатка батканыбыз жок беле?
Кудай бизге бакыт берген ошондо,
Эл жабыла бата берген ошондо.

Кайдасың сен, кайдасың сен, мен сүйгөн,
Кай жердесиң акыреттик жан биргем.
Сенсиз мага айдын нуру төгүлбөйт,
Сенсиз менин өмүр-күчүм көрүнбөйт.
Экөөбүзсүз асман болбойт бактылуу,
Ким какшатып койду каргыш аркылуу.
Экөөбүзсүз тоолор болбойт бактылуу,
Ким какшатып койду каргыш аркылуу.
Кудайга деп курмандык жасаганың жок беле,
Кайын журтка барс тери тартуулаган жок белең?
Сен кандайча жакпай калдың тагдырга,
Атантайдай март элең го жалпыга.
От боюнда шапар тепсек болбойбу?
Кайдасың сен, кайдасың сен, мен сүйгөн,
Кай жердесиң акыреттик жан биргем.
Куугун келет кууратпасын, жолуккун,
А мен сенин акыреттик колуктуң.
Кайдасың сен, кайдасың сен, жан биргем?..



Өх, Айа, демим жетпей калды окшойт, – деди Арсен Саманчин. – Таң калба, мен бир кетсем барбы, ушинтип эч токтобойм, кете эле берем. Демимди бир аз басайын да, кайрадан улап баштайын. Түгөнбөйт, кайра айткан сайын кайра кызый берем, ал анткени бу кошокто бүт дүйнөнү багынтып, бүт мезгилди карытып, өмүрдөн өмүргө улам кайра жаралып өтүп турган жан-дүйнөнүн азабы менен дил муңу жана да ак сүйүүнүн арылбас болгон арманы бар, ак менен каранын, чындык менен жалгандын кармашы бар. Ошондуктан ашык болгон ал экөө бирин бири тапмайынча алардын трагедиясы улам күчөп улана берет. Адам сүйүүдөн жаралган, ошол үчүн адамдар өз өмүрү өткөнчө ал экөөнү аяй

беришет. А театрда болсо муну ого бетер күчөтсө болот. Мына, сахнанын бир четинен агып турган дарыя да ырдайт. Опера өнөрүндө мындай көрүнүш дегеле болгон эмес, карап турсаң, кызды сактап калган албуут дайрага тил бүтүп, ал капыстан минтип ырдап жиберет:

Мен аскадан бой таштаган дайрамын,
Кыяматтан сактайм, жаным, өзүңдү.
Арам ойлуу душманыңдан калкалап,
Коюнума катып алам өзүңдү.
Мен дайрамын кучагыма бой ургун
Кайдасың деп мен да сендей курудум.
Кыяматтан сактайм, жаным, өзүңдү.

Ушул көрүнүштө сахнанын артындагы өзөндүн шаркыраган доошу коштогон хор ырдалат, бул аркылуу жаратылыштын да адилеттүүлүккө чаңкап турганы айтылат. Эгерде, ушулар күчтүү симфониялык музыка менен коштолсо, ага кубулжуган таза, назик үн, сенин гана үнүң куюлушуп турса, ой-бо-ой, анда Кызкайыпты көктөн асман угуп, ай угуп, жылдыздан бери кошулуп ырдашмак. Элестетсең, Айа, анда эмне гана болмок?..

– Таң калып турам, мен мындай бүт аалам чогуу кошкон кошокту биринчи жолу угушум, – деди Айдана. – Дарыя ырдайт, бир керемет! Ырчы дайра. А сен, Арсен, бул кошоктун бүт баарын билесиңби?

– Билем. Бала чагымда Кызкайыпка жагылган түнкү оттордо көп болгом. Ырчылар ырды төккөндө көзүбүздү чылк жумуп, бүт дилибиз менен укчубуз. Оо, алар андай түндөрдө таң ага-

рып атканча ак түтөк болуп, өз өмүрүнүн арманындай ырдашчу. Анан кайдасың боорум Кызкайып деп, аны буркурап-боздоп чакырышчу. Алар үчүн мына сен сахнага чыгасың го, ошондой эле нерсе. Түгөнөт десе күчөгөн, бүт баарын токтолбой да, такалбай да төккөн ырчыларды төкмө ырчылар дешет. Бир жолу менден төкмө ырчылар орусчага кандай которулат деп сурашты. Ырды гана эмес, жандүйнөнү төккөн бард* дегем. Акындар үчүн окуя-ишти билген угармандар болушу керек, ошондо гана алар бүт дүйнөнү асыл сөзгө айлантып, бир өзүн алгыр куш сезет.

– Билем, билем, – деди Айдана. – А эл кылмергенди кай жакта деп айтышат? Тирүү дешеби? Эмнеге кабарын айтпайт?

– Мунун дагы буга чейин жообу жок, балким, түбөлүк жоопсуз калгандыр. Анын кайда экенин, эмне болгонун эч ким билбейт. Анткен менен аны бир күнү келип калат деп азыр да күтүп жүрүшөт. Анткени алар аны өз тагдырына, өз махабатына, бүт ааламга таарынып, бир да жан жетип көрө элек жерге кеткен дешет. Өзүнөн өзүн унутуп, Тибеттеги кечилдердин үңкүрлөрүндө күнү-түн тынбай дуба окуп, безерман кечил болуп калган деп айтышат. Болсо болгондур, а бирок ал жанагы кызың көзүнө чөп салып кетти деген чаян сөз айтылган соң, ачуусуна чыдай албай көздөн кайым болгон го. Аныгын билген адам жок, кайра жангыс өкүнүчтөн карышып, канжар мизин кармаган тагдыр тапты да. Кыйын иш, империясын тарттырып ийген император деле мынчалык жанын кыйнабайт, демек, бул жерде жөнөкөй жашоо

эмес, дүйнөдөгү жашоо кылмерген үчүн ак сүйүүдөн жаралган. Кызкайып жөнүндөгү уламанын маңызы, аңыз кептин философиясы мына ошол жөнүндө. Ошо махабат баяны, адилеттик ыры жөнүндөгү улама-философиянын өзөктүк каарманы Кызкайып, ооба, Кызкайыптын эки дүйнө биригип жеңе албаган, чындык издеген сүйүүдөн тапкан жазасынын азап эрдиги. Адам дүйнөсүнөн биротоло баш тартып, алардын карасанатайлыгы менен күнөө ишине каршы болуп, аруулук менен чындыкты тагдыр кылып, а аруулук менен чындык деген ар дайым жалгыз болорун айкындап кетти, а кыз болсо ошол адамзат дүйнөсү үчүн, карөзгөйлүк менен кастык үчүн түбөлүк кечирим сурап кайып болуп жатат, анткени анын сүйүүсү менен күйүтүнүн жер чыдагыс күчү мына ушунда. Кызкайыптын жалдыраган жалгыз махабатын жер үстүнөн жан үрөп издеп табалбай азап тартканы бүт ааламдын айыкпаган оорусу.

Көңүл бурсаң, Айа, Кызкайыптын көзгө көрүнбөс образында, дегеле ушул эпос-аңызда ажырашуунун түбөлүк түгөнбөгөн арманы, адам дүйнөсүндөгү кастык көрүнүштөрдүн курмандыгы бар. Бу жалганда жамандыктын азабын жакшылык гана тартат деген эч ким жокко чыгаргыс чындык мына ушундан жаралган. Ошондон улам Кызкайып карасанатайлык менен көралбастык өртүнөн коркпой, сүйгөн адамын түбөлүк азап зынданынан куткарып, жашоо чындыгына, турмуштун өзүнө кайрып келүүгө чечекейи чеч боло аракет кылат. Ушундан улам ал, тилсиз жоо сактап калган кыз, убакыт менен мейкинге баш ийбеген, бүт мезгилге Кызкайыптын

ыйык образына айланды. Ал азыр биздин жаныбызда, анткени экөөбүз ал жөнүндө сүйлөшүп жатпайбызбы, ушундай болот, аны эстесең да, ал жөнүндө ойлонсоң да сенин жаныңа келет, ал муну сезет. Кандай, Айа, оозеки чыгармачылыкка жасалган саякаттан ааламдын сүйүүгө болгон кусалык обонун сезе алдыңбы?

– Айта көрбө! Сен өзүнчө эле бир лекция окуп жибербедиңби? Сенин ушунчалык ой жүгүрткөнүңө таң калам, – деди Айдана ага жылмая карап, ийиндерин кысып. – Эсиңдеби, бир журналист кыз сени «ай-ааламдык жалпылаштыргыч»* деп атаганы эсиңдеби? Сага бул жагабы?

– Мейли, мен ошо Кемчонтой эле болоюн, а сенин алдыңда башка маселе, – опера сахнасында Кызкайыптын өзүнө айланып, өзүңдүн ааламда жок керемет үнүң менен көккө, космостун дал өзүнө жетиш милдети турат.



– Ой, уялтпачы, алтыным! Ушул сейилбактагы орундуктан түз эле космостун өзүнөбү? Ырчы-космонавт боломбу? Эң сонун экен, мага аябай жакты. Чынында сени менен жүргөн адам эч убакта зерикпейт.

– Кечирип кой, булбулум, мен чын эле айтып жатам. Мен айтып жаткан Кызкайып биздин жаныбызда, тиги дарактын ары жагында, күйгөн шамдын жанында экенин сезген жоксуңбу? Кызык, ал эмне деп жатканын да билбейсиңби?

– Эмне дейт? Айтып берчи?

– Тыңшачы! Бириңерди бириңер жаныңардай сүйгөн силерге, мени эстесе деп, эстесе ыраазылык билдирейин деп ушул күндү, ушул түндү канча бир сансыз күн бою, кылымга кылым ал-

машып күттүм эле. Күлкү бербей күндөр өттү, кыйноого салган кылымдар кетти, а мен болсо сүйгөнүнүн кайындалган кыз колуктусу бойдон калдым да, ошондон улам билгендердин эсинде Кызкайып аталып келем. Ошол үчүн адамдар мени келип калсын деп тоолорго барышат, кусалык менен күйүттөн күл болгон мен байкушту алар от жанына келишимди, ошол жерден мен аларга кездешүүмдү каалашат да, бакшылары арбактарды чакырып, алардан бу айыпсыз Кызкайып тагдырын берген мергенин мункана издеп, тоо арасын сыздата кайдасың кара көзүм деп, жан биргем жалгыз өзүң деп, бой боздогон кошогун боорунду тилип кошо берет дегенди сурап-билиш үчүн тоолорго барып алоо жалын от жагат. Арбактардын айтары мындай кезде дайым даяр, дайым бар, жакшылап уксаң, бул экөөбүзгө да тиешелүү, алар: Кызкайып адамдарга келип ыр-кошогун бүт дүйнө уга тургандай ырдашын, ошондой эле булар таштүйүн тагдырын, арман-күйүтүн айтып беришин суранып жатышат дешет да, жер жүзүндөгү бойго жеткен бардык кыздарга кайрылып, ушул ырымды сүйлөшкөн жигитинерге ак сүйүү менен жан биргеликтин тартуусу иретинде ырдап бергиле дегин деп жатат дешет. Мында да бир концепция деген бар. Ошондуктан, Айа, ырдайлы, бизди да арбактар билсин. Кызкайыптын кошогун көрүүчүлөрдүн алдында ырдаганыңдай уксун. Анан алар сени жогорку жактагылардын касиеттүү күчү менен кубулуп келген Кызкайып жиберген адам деп айтышат. Ушуну менен иш бүтөт, асмандагы Кудай менен арбактар сага ыраазы болот, а адамдарды билесиң да, алар сени

чын эле ошондой ойлошот, ырына таңданышып таазим кылышат, анткени үнүн буларга космостон гана төгүлүп тургандай таасир калтырат.

– Ой, ой, ой! Дагы эмне дегиң бар? Мени тим эле космостон түшүрбөй салдың да? Акылыңа келчи!

– Ой, сен шашпай тур, Айа. – Арсен айтканынан кайтпады. – Акылга анан келебиз, ал кайда качмак эле. Азыр мени гана угуп тур. Тетигил дарактын астын, күйүп турган шамдын жанын карасаң, Кызкайыптын көлөкөсүн көрдүнбү? Карасаң, ал бизге ыраазы болуп, чын дилинен жүгүнүп жатат. Түбөлүк жапжаш бойдон, андан да түбөлүк сулуу кыз бойдон... үлбүрөгөн жука жибек көйнөкчөн, ийинине арта салмасы канат сыяктуу, ах, кандай гана сулуу да, кандай гана сын-келбет!

Айдана ага макул болбоско айласы да жок эле, башын ийкеп, анан мындай деди:

– Сен, Арсен, айтканыңан кайтпаган романтик экенсиң. Сага ишенем, ушу азыр да бир чети ишенип, бир чети таңданып турам. Ошентсе да, жерге түшүп туруп кыялданыш керек да. Кызкайыптын ариясын ырдайын, а бирок ноталар менен партитура кана, музыкачы, оркестр, сценография, костюмдар кайда, жүздөгөн үн бир чыккан хор кана?.. Сен болсо дарыя да ырдайт деп жатасың, ага сахналык технология керек, анысы кана, композитор менен режиссёр кайда? А каражатчы, каражат?.. Опера театры азыр бизде эле эмес, бардык жерде күлкүсү чыккан чапан кийип, кайыр сурап отурат. А мамлекет болсо опера түгүл кумурскага артканга жүк табалбай жүрөт.

Арсен Саманчин буга макул эледей болгону менен ал өз оюнан кайткан жок:

– Билем, билем, опера театры азыр кароосуз калган храмдай, аны көйрөң эстрада, маскарапоздор, дагы башка шайкелендиктер ээлеп алган. А мыкты ырчылар болсо көзүнөн жылан көрүнгөн базардын чытырман чычырканак токоюна сайраганы кирип кетишкен. Баары ошондой, композиторлордун бири да опера үчүн музыка жазбай калышкан. Классикалык искусство өлбөйт деп жанагы ызы-чууну унчукпай карап отура веребизби?

– А сен эмне кылайын дейсиң?

– Айа, эгер сен азыр Кызкайыпты ырдаганга чын дилинден макул болсоң, анда мен жолду жөн эле бульдозёрдой тазалайм. Аягына чыгамын. Бул боюнча композитор Аблаев менен макулдашуу болгонун билесиң. Ал ишти күтүп отурат. Либреттону өзүм жазамын. Ал биз менен жолугат, барганда сүйлөшөбүз.

– Макул. Көрөлү, адегенде либреттону бүтүрчү, менин либретто жазгычым! Кеттик...

Хайдельбергдин эски сейилбагын түн ортосу кучактап уктап жаткан кез. Арсен Саманчин Айдана Самарованы колтуктап алып мейманкананы көздөй келе жатат, а бирок дагы эле жанагылар жөнүндөгү сөзү бүтө элек. Жадагалса ал жомок жатканда да бүткөн жок, ал экөөнүн шыбышы уктаган түндү түрткүлөп турду. Күн турмушу башталса Москвага, андан өз жерине учушмак.

Ошондогудай жолугушуу андан кийин эч бир жерде болгон жок. Кудайдын бир бергени экен, ошол Хайдельбергдеги тагдыр тартуулаган эс-

тен чыккыс күндөр менен кайрылгыс болгон түндөр ал экөөнүн сүйүүсүнүн кыл чокусу болуптур, а Арсен Саманчин муну о кийин гана түшүндү. Деги эмнеси болсо да күнү күлүп, түнү сүйгөн ал мезгил ага олуттуу ой жүгүртүүлөрдү тартуулады, аны өзү да ошондой кабыл алчу, анткени алардын махабаты Хайдельбергге, дал немис романтизминин борборуна жетти, жашоотурмуштун өз нугунан улам кайра жаңырып, улам кайра ишеним арттырып, бу дүйнөнүн кайсыл бир керемет бурчунда сүйүү кумарынан жаралган дене-бой эрип бараткан кездеги бирин бири эңсеп каалашынан улам бир дене жана бир жүрөк болгон, жандары ажырашпас абалга жетип, анан бири-бирине куюлушуп биригип кеткен учурлары үчүн жана да «Кызкайып» идеяачылышынын өзү үчүн алар мурдагыдан ого бетер жакын, мурдагыдан ого бетер ажырабас, түбөлүк өлбөстөй болуп кетишкен. Балким, ушул эки жан бир сүйүүгө биротоло айланган жагымдуу күндөрдөн уламдыр, күнүмдүк убайым-санаа дегендер таптакыр унутулуп, ал тургай алмадай баштан алганы менен ажырашкан учуру, соттон-сотко барып чырдашкан кездер, башына май кайнаган мезгилдер, айтор, кайырчынын тагдырындай кыйын кезеңдер көңүлдөн учуп кеткендей болду. Ал анткени ушунун баары анын да, Айдананын да өткөн тагдыр-турмушуна таандык болчу. Ошону айтсаң, Айдана да жайсыз жарга туш болуп, жазылганы ушу экен, артисттердин арасында эрен-төрөн көрүнбөгөндөй, тез эле ажырашып кеткен. Мына эми, ал экөөнү жүз жылдан мурун салынган бу Хайдельберг шаарынын сейил багына алып келген тагдыр-

дын таттуу тартуусунан улам өткөндөр убактысынча унут калып, алар энеден башка өбө элек, энеден башканын колу тие элек таптаза периштелер болуп калышты да, ал – Кудай, тигиниси болсо аял Кудай, а анан бул экөөнө жер көтөргүс тагдыры бар Кызкайып келди...

Хайдельбергдин сейилбагында ушундай унутулгус иш болгон.

Кыялдан кызык, оттон ысык ал күндөрдөн кийин баары башкача болуп кетти...

Тагдыр деген тагдыр да, ал буйруган эмес экен. Адегенде сүйүү бейишин сүйлөшүп жүрүштү, кийин куру кыял болуп калган «Кызкайыптын» көйгөйлөрүн кээде талкуулап жүрүштү, телефон чалышып турушчу. Анан эле бүт бардыгы сел алгандай жок болду, тигиниси теледен түшпөй тескери басып, «Лимузин» менен кете берди. Ошол «Лимузиндин» акчасы канча болду экен?.. А бирок аны ошол үчүн айыптоого болобу?.. Ким эле азыр акчадан качып жатыптыр, мындай атагын айга жеткирген шоу-бизнести тебелеп кеткенди кесир урбайбы. Ал тигил Эрташ Курчал деген менен контракт түзгөн болуу керек? Анткенге укугу бар, укугу бар! Эми сен, чириген байларга каршы күрөшөр багы жок байкуш, эмне дейсиң? Жазымыш эткенден башка эмнең бар? Аны чыгарса чыгат, болбосо жок, басма сөзүң да байлардын колунда. Ушундай кастыкка түшүп, ичи тардыкка жеткени үчүн Арсен Саманчин өзүн өзү жеп ийчүдөй жек көрүп ийди. Эми эмне кылат? Басар жолу, барар жери калбады. Ушул жерге казык кагып, өзүн байлап салса болмок. Антер түрү жок, кимдир бирөө күч атасын таанибайт деп койгон да. Мына, мас-

салык маданият аны, кыялкеч идеалистти ташка бастырып салды... Ал эми Эрташ Курчал болсо күч атасын тааныткан кубаттуу Кудай болду да калды. Анын ресторандары, эстрадалары, стадиондору канча, рекламалары менен телеканалдарын айтпа, айтор, анда не кааласаң баары бар, баарына мыйзамдуу кожоюн, жанагы жаналгычтын жанын сууруган массалык маданият дегендин аска уратар толкунун ошол күйдүргү баштаган, ошол үчүн ал Арсен Саманчинди «Кызкайыбы» менен кошо ышпалдасын чыгарып, ишке ашпаган ойлордун артына тыгып таштаган.

Кийин ошо Кудай урган Эрташ Курчалды өлтүрүү жөнүндөгү коркунучтуу ойлорунун таасири кайра өзүн капылет жерден бушайманга салды. Ошентсе да, ал эми жанагыл кайра жангыс өч алам деген дил-оюнан кайтпай, ой-дарты өлтүрөмгө гана байланып калган шорун каткыр «кантип?» дегенге келгенде өзүнүн бир бечара экенин сезип, анан ушундан улам жогорудагыдай беймаза кыжырданууга алдырып ийдиби, айтор, бир кыйнаган өксүк алкымдан муунтуп, акыры ал өзүн баягы эле бир обон менен капканга чаптырып салды. Тагдырбы? Аны ким билсин! Баарыдан да баягы Хайдельбергде, сүйүүгө балкып, бакытка чалкып жүргөндө жаралган бир укмуш романтикалык идеялары акыры минтип аны киши өлтүрөм деген өгүздөй өжөрлүккө чынжырлап саларын, эски журтта жулунбай калган казыктай кылып коёрун, кара көзү кашайгыр, а кезде кайдан билиптир. Деген менен ошол азапка түшүп, жан кыйналган күндөрү деле кээде дили агара түшчү, ошондо Айдана Самарованы Кызкайыптан кечирим суроого көндүрүп, улуу

тоолорго барып от жагып, баягы Хайдельбергдеги туулбай жатып туна чөккөн кооз кыял үчүн буркурап бугубузду чыгарсак деген тексиз ойлор эмнегедир аны кызыктыра берчү, а бирок Айасына телефон чалып, ала албай койду. Балким, анысы аны жарыла каткырып, шылдыңдамак, акылын таптакыр жоготуптур демек. Ошентсе да кыялынан баш тарта алчу эмес. Мүмкүн жазып-тайып аны менен Айа да тоого барып калса Кызкайыптын арбагына чөгөлөп табынып, тигинин көзүнчө асманды күбөгө чакырып – сүйүүнүн тагдыр тартуулаган түбөлүктүүлүгүнөн баш тартууга эч кандай себеп болбошу керек (дагы чексиз философияңа, түпсүз космосуңа кеттиң), анткени сүйүү деген сүйүшкөндөрдүн түбөлүктүүлүктү көздөй кеткен кошбирдиктүү жолу, ошондуктан түбөлүктүүлүктү талкалоо айааламдагы жашоонун өзүн жараткан Теңирди таанабагандык болуп саналат. Чын-чынында сүйүүнүн бороон-чапкынын да ал жараткан, бу жарыкчылыктагы жашоону улантуунун түбөлүк күчү да мына ошондо. Ошондуктан сүйүүнү өлбөстүккө карай умтулуу дейбиз, а адамдар болсо ошо Кудай берген чыйыр менен кете берет, а кандай кетет, жолу кандай болот, ал өзүнчө кеп.

Мунун баарын бирөө укса кайрадан шылдыңдап күлмөк. Деги мындай ойлордун кимге кереги бар эле. «Голливуддашуу», ооба, ошо менен айыкпас болуп ооруган Айдана жөнүндө Эрташ Курчал фильм тартам деп жаткан имиш, тартсын, а бирок ал шоу-бизнестин жылдызымын деген неме кайдагы бир тоолордо арбактарга жалынып, Кызкайыпты күтүп, акча сапырар убактысын бекер кетирмек беле? Күлө турган киши жок.

Ошентип эртенден үмүт калбады.

Тагдыр бул туурасында «Евразия» ресторанында ага өзү жөнүндө тапатак жана ачык-айкын түшүндүрдү. Ооба, иш астын-үстүн болду да, калды. Ушуга курал менен жооп берүү муктаждыгы чыкты, а аны болсо кандай да болсо табыш керек, башка жол жок. А бирок аны кайдан жана кантип табат? Көрдөн кайра тургузар көйгөй ишиң мына ушул! Эмне үчүн бул жашоо туңгуюктан туңгуюк болуп баратат? Башка эч нерсе калбады, непадам өлүп баратсаң акыркы сөзүңдү гана айтуу калды.

Ооба, бул түн Арсен Саманчинди түгөнбөс түйшүк азабына салган, өзү менен өзүн кармаштырган узун түн болду. Бут тарталбай уктап жаткан беш кабат үйдүн короосун караган, жарыгы жалгызсырап да, жалдырап да күйгөн терезесинин жанында туруп ызага буулукту, кайгынын уу тырмактарына жанын кейитти,киши өлтүрүүгө кадам таштабагын, эгер андай болсо эле анын артынан өзүн өзү жок кылуу болорун айтып, өзүнө өзү сот болуп жатты. Кек сактаган карасанатайлыктын акыры кылмыш менен бүтөрүн өзүнө айтып жатты, а бирок дил-ою менен азабоюн бийлеп алган өч алам өртүн ал эмнегедир баса алган жок. Кайрадан көгөргөн намыска алдырып ийди да, кайрадан кутултпас курал табуу керекке түштү. Кыжаалат ойлордун кыйноосуна түшүп, чайнала берди…

Ошол түнү жолу оңолбос Жаабарс да бийик ашуунун этегинде убайымга ууланып турду. Ал аймакта жалгыз гана ушунун көзү илинген жок. Бул дагы Кудай куткарбас санаага батып, ындыны өчүп, капага чөктү. Айласы кеткен кез-

де, не кыларын биле албай көк көргөзбөй жайнаган жылдыздарга карап улуду. Эмнегедир ал жер үстүнөн үмүт үзүп, жылдыздарга кеткиси келди, анткени алар кыштыр-жайдыр бири-бири менен жанаша жанат, бирин бири жек көрүп кууп жиберишпейт.

Ошол жылдыздарга ошол көз ирмемдерде Арсен Саманчин да карап турду. Анын да ошо жакка кеткиси, эч качан эч нерсе ойлобой жашагысы келди...

Ойлонбой коюуга мүмкүн эмес экен, кайрадан ойлонду, ойлонгондо да тапанча жөнүндө, аны бир тууган агасы Ардак Саманчинге айтып таптырып алса болобу деп ойлонду. Анын соода тармагындагылар менен байланышы жакшы, тааныштары да көп. Мурда врач-терапевт эле, азыр ит багат, Орто Азия тукумундагы овчаркаларын кармайт, Европага, көбүнчө Германияга сатат. Кардарлары кара таандай көп. Иттерине документ камдаганды билет, анан ошолордун акчасы менен жашайт. Бир кыз, эки уулу бар, үчөө тең мектепте окуйт, аялы Гүлнара башта медсестра эле, азыр күйөөсүнүн жардамчысы. Айтор, булар базардын көзүн жаңылбай таап кетишти. «Иттердин жардамы аркылуу базар менен көнүшүп калдым», – деп калат Ардак тамаша-чыны аралаш. Шаар четинде короосу менен үйү бар, ит баккан жайы да ошерде. «Жигулиси» турат.

Ардак түз жүргөн, бирөөгө жамандык санабаган, мээнеткеч, көп окуган адам. Болгону тигил Туюк-Жардагы туугандары ушунчадан ит бакканы эмнеси, ал үчүн мына биз уят болуп жатабыз дешет, айтор, анын бизнесин жакты-

рышпайт. Жогорку билимдүү врач болсо, диплому чөнтөгүндө турса, анан мунун көрүнгөн жерде ит сатканы эмнеси деп наараазы болушат. Айрыкча буга айылдагы Кадича эжеси тутала на намыстана берет да, Ардактын иши жөнүндө кеп башталса эле чыдабай кетет. Чын-чынында ит сатат деген сөз айылдагылардын көбүн айран калтырат. Мындайды бир да жолу көргөн-уккан эмесмин, короосу толо ит, кааласаң тандап ала бер, койдой эле багат экен, эми мышыктарды, анан келемиштерди багып сатып калбасак эле болду деп калышат анын үйүнө барып келгендер. Чын, бул айылдагыларды жака кармата турган иш. Ушундан улам айылда уу-дуу кеп, а Ардак болсо аларга түшүнөт, чыдайт, ошол үчүн айылга кемде-кем барат, болбосо жок.

Агасы катары Арсендин бой жүргөнүн жактырбайт, сөз удулу келгенде канчага чейин жалгыз жүрө бересиң, тезирээк үйлөнбөйсүңбү деп калат. Ылайыктуу кыз-келин шаарда эле эмес, айылда да толтура. Болуптур, өткөн өттү, кеткен кетти, алдың, ажыраштың, анан эми өмүр бою эле аялы жок жалгыз жүрө бересиңби? Билем, сен европалыктардай ой жүгүртөсүң, алардын тилдерин да билесиң, элге белгилүү журналистсиң, көз карандысызсың, бардык жер чакырып турат, тапканың өзүңө деги жетет, ошентсе да кежиринен кетпеген кечил болбогондон кийин үйлөнүш керек деп калчу.

Бул жагы ушундай, а куралга келгенде иш кыйынына оойт, эмне үчүн тапанча керек, аны сен эмне кыласың, кимди атасың деп такып сурашы бышык. Врач дегендериң так, тыкан болот эмеспи, бул да ошондой, кээде эле ичип

койгону болбосо прокурор мүнөз, анан ушундай зарыгып турган кезде андан бир нерсе чыгат дейсиңби?.. Кокус бир нерседен шекшип калса, анда иштин бүткөнү.

Түн жарымынан ооп калган кезде ушуларды ойлонду. Аны болсо терезеден асмандагы жылдыздар карап турду. Жайындасы жылдыздар көбөйүп кеткендей көрүнөт. Ушулардай жарык чачып, көйгөйүң жок жашасаң, аттиң...

## V

Эртең менен аны безилдеген телефон ойготту. Ордунан туруп барып телефонду алганча чок баскан тооктой чырылдак басылып калат деп ойлоду ал, таттуу уйкусун таштап басып кеталбай. А чалган адам көшөрүп туруп алды. Бир  чети ага ушул жакшы болду, дил-кыялдын чындык дегенге жакындашпаган ой жүгүртүүлөрүнөн, ишке ашпаган түштөрүнөн кийин ал чыныгы турмушка келди, адегенде эле телефондон издегендер башталды. Бул ыракматы атасынын бир тууган иниси Бектур аке экен. Канткен менен ал кыйышпас жакын тууганы эмеспи, телефонду көп чалчу. Бүйрө адам, элди билчү, кечээ жакынга чейин, алардын чарбасы тараганга дейре, ал ошо Туюк-Жар колхозунун башкармасы болуп келген. Андан кийин да бош калган жок, кырдаалга туура келер деп эч кимдин башына келбеген мергенчиликти таба койду. Ошентип, Үзөңгүлөш тоолорунан аң уулоочу «Мерген» фирмасын түздү, иштин жүрүшүп кетиши үчүн ар кандай бизнес-пландарды, сунуштарды жасап, анан ошонун аркасы менен акыр-

кы жылдары буга келгендердин саны көбөйдү, чет өлкөлүктөрдүн изи суубай турган болду. Чет өлкөлүк мергендерди чакыруу документтерине, жанагыл жарнама дегенине Арсен Саманчин да көп жардам берди. Акыры иш ойдогудай болду.

Телефон билгендей эле безилдеп ийген экен, болбосо бул ээ бербей эрк-кайратын, акыл-сезимин эзип жаткан кыйноолор, өз жанын өзү азапка салган террорчулук эмнеге айланып, кандай бүтөт эле, ким билет?

Телефон мына ушундай маалда чыркырап ийди. Жагдайы жанды жеген абалдын таасиринен улам ал ким болсо да сүйлөшкүсү келген жок, кайдыгер барды, демейдеги коёндой окшош үндөрдү угам деген, а бирок Бектур Саманчиндин тааныш үнү жаңырганда башкача боло түштү, жолугалы дейт, анда эмне жөнүндө сүйлөшөрүн билип, кездешүүнү алгач түшкө жуук убакытка жылдырмак болду. Анткени ал акыл пештеп, өзүнө келип, демейде айтып жүргөндөй жандүйнөсүнүн сейсмикалык толкунун токтотуп алышы керек эле. Андан кийин… Ооба, алгач ал-жай сурашмай болот, андан кийин, мына кызык, Арсен Саманчинге бир идея келе калды, балким, көзү ачылгандыр, балким, башкасыдыр, айтор, акыры кууратып бүткөн куралды эч кандай машакаты жок эле таап, өзөгүн өрттөгөн маселеси жөн эле чечилерин эсине салган ой, өзгөчө туюм аны жандандырып жиберди. Жеңилдей түштү. Ошон үчүн ал жан-алы калбай сүйлөшүп, жолугушса жолугарын айтып, көптөн бери иштери кычап телефон чалалбай калганын шашыла билдирип кечирим сурап жиберди.

Албетте телефондон сүйлөшүү таптакыр башкача, жамандыктын жазасын берүүгө зарыл болгон, Арсен Саманчин дилине сыр катары катып жүргөн иштерге тиешеси жок болду. Алар туугандык иштерди мурунтан эле өз ара сүйлөшүп, кеңешип, анан сөзсүз Бектур акесинин бизнеси тууралуу, «Мерген» аңчылык фирмасы жөнүндө, айтор, мергенчилик тууралуу пикир алышчу. Бул жолу да ошондой болду.

– Ой, эки күндөн бери телефон чалып, такыр алалбай койдум, – деп амандашкандан кийин эле жемеден баштады сөзүн Бектур агасы. – Сен кайда жоголуп жүрөсүң, Арсен? Чөнтөк телефонуңду да өчүрүп салыпсың?! Деги сага эмне болгон?

– Баары жакшы, Бектур ага, сен шаардасыңбы?



– Ананчы, сени менен бир сүйлөшөйүн деп жетип келдим. Сен эмне, араб ханзадаларын барстарга алып чыгарыңды унуттуңбу? Өзүң айтпадың беле? А тигилерге болсо дал өзүңдөй түш жоруган суу тилмеч керек. Сен болсо ишти создуктуруп эле жатасың, же дайының жок, иш эмне болду? Бүт баары эле сени эгемен, көз карандысыз, эркин дешет. Эркиниң ушулбу?! Айтарын айтып, унутуп койгонсуң го?..

– Жок, Бектур ага, кайдан унутайын!

– Анан эмне кечиктирип жатасың? Убакыт аз эле калбадыбы! Арабдарыңдын келерине жети эле күн калды. Сен болсо бир кабарың айтпайсың.

– Кам санаба, Бектур ага, мен телеге чоң көрсөтүү даярдап, ошо менен алекмин. Чет өлкөлүк журналисттер келген, маек курганбыз. Эч каба-

тыр болбо, Бектур ага, ал иштер жайында, сүйлөшүлгөн. Арабдар менен мен өзүм болом, өзүмдөн башка ким тилмеч болмок эле, менеджер да өзүм, кыскасы, аларды мен алып жүрөм.

– Андай болсо жакшы экен! Кудай берет деген ошол. Араб ханзадалары бизде биринчи ирет болуп жатпайбы, экинчиден, алар Алла Тааланын жердеги өкүлдөрү катары келатышат да. Ошондуктан бардыгына даяр турушубуз керек, болгону жети күн калды. Тоолордо, капчыгайларда канча даярдык көрүлүшү зарыл, кандай даярдануу кажет экенин өзүң билесиң. Эң негизгиси азыр учуру келди, барстар ашуунун артындагы бийик жерлерден биздин Үзөңгүлөшкө түшүп калышты. Мезгили.

– Түшүнөм, Бектур ага, мен даярмын дебедимби.



– Анда, Арсен, сен экөөбүз жолугушалы, шашпай сүйлөшүп алалы. Анын үстүнө башка да иштер бар эле, Арсен. Биз сен жөнүндө санааркап жүрөбүз...

– Макул, Бектур ага, жолугушалы. Азыр саат тогуз, кел он бирде. Кайсыл жерден жолугалы?

– Макул көрсөң сенин үйүңдөн эле жолугушпайлыбы?

– Жакшы болот, мен чай даярдап коём.

– Сүйлөштүк анда, чайды эмне кыласың? Мен эмне бир жактан келген конок белем, өзүбүз да. Аялың, үй-бүлөң болсо кеп башка. Туугандарың сен үчүн кабатыр болуп жүрөт, а сен... Болуптур анда, барганда. Он бирге жетип барам.

– Күтөм, Бектур ага, күтөм.

Арсен Саманчин трубканы ордуна койду, женилденип дем алды, эки жагын каранды. Эсине

түштү. Бектур Саманчиндин шофёрунун чөнтөк телефонуна чалды, жигиттин гүлү, мунун агасынын аркыраган жибин* айдайт. Аты – Итибай. Кээде Арсен аны итиң бай адамсың, демек, итиң бай болгон соң, Кудай урбадыбы, өзүңө да анча-мынча артат да деп тамашалай берет. Эх, байлык жөнүндө түбөлүк кыялдар ай, адамдар кандай гана салыштырууларды ойлоп таппайбыз... Чыгарда мага чалып кой деп Итибай менен сүйлөштү.

Ушуларга алаксып, көңүлү бир аз тынчый калган Арсен Саманчинге ач кенедей жармашып, чаяндай чаккан баягыл ойлору кайрадан келди. Ооба, өзүнүн эң жакын тууганы Туюк-Жар аймагындагылардын бүт баары сыйлаган, эл адамы болгон Бектур Саманчиндин айткандарына сөзсүз макул болуу керек. Ага жанагы Араб өлкөсүнөн келаткан даражалуу конок-аңчыларды тейлөөгө да жардам бериши зарыл. Келе тургандардын бири Сауд ханзадасы Хасан, экинчиси Кувейт ханзадасы Мисир дегендер мунайзаты суудай аккан немелер. Айтылган сөзгө караганда алар эки атанын балдары. Ат чабышка алгыр куштарга анан айрыкча эч ким баралек жерлерге аңчылык кылууга аябай кызыгышат экен. Ошондуктан аларды мөңгү барстарына ууга чыгаруу камылгасы көрүлүп жатат. Анын үстүнө бу Үзөңгүлөштөгүдөй мөңгү барстары дүйнөнүн эч жеринде, Жакынкы Чыгышта да, Африкада да жок. Ал жактарда кайдан болсун, мындай сейрек учуроочу асыл жырткычтар андай мээ кайнаткан аптаптуу аймактарда жашабайт, тагдыр аларга жайы салкын, кышкы аязы таш жарган, тоолорунан куш учуп өтө алгыс

бийик жерлерди мекендегенге берген, анан ошол үчүн азыр алардын жүнү Кудай ургандай таза, көз талдырган кооз, ар бир талы ат башындай алтынга тете болуп жатат. Араб ханзадаларынын келери да ушуга байланыштуу эле, ошол үчүн аларды тегерене тейлегендер болот, а тургай сакчылары менен коштоп жүргөндөргө керектүү курал берилет. Ал жерде анын орду чоң, эки тараптын көздөй тилмечи, ханзадаларды жана алар менен чогуу келгендерди коштоп жүрүүчү менеджер, Арсенсиз алар бирин бири жалдырап караган балык болуп калышат, демек, ага мылтыктын мылтыгы, жок эле дегенде сөзсүз тапанча берилет. Иши оңолгону турат, анан ошол тапанчаны ал өзүнө калтырат, анын жолу өзүнөн өзү табылат, аңчылык эгер аларга айтып бүткүс бир керемет дүйнөгө айланган болсо, анда кумары канган ханзадалар күн кармап күлүп турганда тапанчаны жөн эле белекке берип коюшу ыктымал. Тоодогу тамаша бүткөн соң шашыла шаарга келет да, көксөгөнүн алеки саатта бүтүрөт. Ооба, жакшы кыял жарпыңды жазат дегенди дил жарыгы кылды да, Туюк-Жардагы Бектур агасына шылтоолоп кетип калмак болду.

Телефон ойготкон күн ушинтип башталды. Жалдыраган телефондун безбелдектей көшөрө безилдегенинде кеп бар экен, маң басып турган, дароо эсине келтирди, өткөн түндөн өрт алып, анан түшүндө да жанын кыйнаган дилазабынан өзүнүн кадимки жай турмушуна кайтып келди. Ойлонду, ойлонгондо да акылы менен ойлонуп, өзүнө өзү тыюу салып, өзү менен өзү тынчтык келишимин түзүп, ажырыктын тамырындай жайылып бараткан каргашалуу ой-

лорун убактылуу четке какты. Иш, аны аткарыш керек. Анан ичинен: «Арс, болду, болду, акылыңа кел! Азыр ал жөнүндө ойлонууга болбойт, мээң ордундабы, Арс?» – деп жатты. Арс – Айданасы эркелетип атаган ат, бул болсо аны Айа деп эркелетчү. Аттигинин десеңчи, дилиңде күйгөн ал күндөрдөн каңырык түтөткөн үшкүрүк гана калды. Эриксизден ал ушуну эстегенде өзүн эрте күздө эле жалбырактары күбүлгөн дарактай сезет. Жандүйнөсүндө илип алар эч нерсе жок.

Иштеш керек, илегилек санаалар менен өзүнө азап үйгөнү жетишер, тирүү туруп өлмөк болду. Иш толтура! Башы башталып, аягына чыга элек, а чыны редакцияларга зарыл болгон канча материалдары бар. Өзү күнөөлүү, болбосо, учур проблемаларын козгогон публицистикалардан тарта, кайдагы бир гидроэнергетика маселелерине чейинки темаларга дейре кайрылган аягы жок макалалары бар. Мындай болгон эмес, башында быштыбы, кагазга түшүп, редакцияга жетчү. Кашаң аттай кайдыгерлик көбүнчө ага ушу көз карандысыз журналист атыккандан кийин уялаш болуп кетти окшойт. Эркин да! Эч кимге отчёт бербейсиң, эч ким да сени тескебейт. Каалачам иштейм, каалабасам жок! Кудайды караса боло, ушу кантип болсун!

Бүт баарынан оолактоо үчүн, өзүнүн киши колдуу болгон сүйүүсүнө, өзүнүн киши колдуу болгон идеясына кайгы-муң баскан жүрөгүн бекер күйгүзбөш үчүн жекирүүдөн азыр эч нерсе чыкпайт деп, ал өзүнүн көңүлүн өзү көтөрүп жатты. Анын үстүнө каргыш алгыр капитализм өз билгенин жасоодо! Жасайт, ага эч ким каршы чыга

албайт. Капитализм дейт, деги буга капитализмдин кандай тиешеси бар дейм да? Ооба, ооба, идеяны товар катары сатып алууга да, аны акчага сатып жиберүүгө да, андан калса ошо идея дегенге тыюу салууга да болот, демек, акчага бүт бардыгын жасоого толук мүмкүн. Андай болсо тиешеси бар экен. А бирок сен мындай кырдаалга сатып албоочу катары, таптакыр башка, көчтөн калган кемпайсың, ошол үчүн өз энчиңди өзүң ал. Жалгыз экениңе караба, тигилерди эрөөлгө чакыр, анан көрөсүң, туурадан чыккан туз баштыктай бул ким деп, жети бүктөп, бир түзөп, как жерге казыктай кагып жиберет. Башыңды жулуп ыргытат, сурагын сатып алат. Ошондуктан ар нерсенин өз жолу, болор сааты деген бар, жетишет, жолбун ойду унут кыл. Билгениң барбы, бүт баарына түкүрүп сал да басып кет деп өзүнө өзү акыл берип жатты. Анын үстүнө кыдырдай болуп Бектур ага келип, башка маселе чыга калбадыбы! Сөз олуттуу болот.

Өзүн өзү ушинтип тынчытып жатып, анан ошол эле учурда алданеге кайрадан өзүн жетелеп баргандай болду, ооба, Кызкайыптын алдында айыптуудай алайып, кечирим сурап актангандай, аны жалбарып жооткотуп жаткандай тейде турду. Кыялында экинчи өзү Арсендин эшигинин сыртында турган Кызкайыпка кайрылып, ага бир нерселерди эзиле шыбырап жаткансыды. Ал тигиге үн чыгарбай, а бирок ал түшүнгөндөй кылып эбиреп, Кызкайып, бүт бардыгы жайында болот, бир аз эле чыдай турчу, макулбу деп кечирим сурап жаткандай жалбара шыбырады. Кудай буйруса бир нерсе болот, ошондо мен силерди – сени, Айдананы жана

классикага каныккан музыканы жолугуштурам. Айдана сахнада болот, а сен сахнанын артында анын жанында эле болосуң, бүт бардыгын көрөсүң, бүт бардыгын угасың. Ошол үчүн бир азга гана чыдай тур. Анан бул жерде Айдана күнөөлүүбү же жокпу, аны ойлон. Эгер билгиң келсе, ал өз ыктыяры менен бизди таштап кеткен жок, сен туура түшүнөсүң, анткени аны да куду сени уурдагандай уурдап кетишти, ооба, азыркыча азгырып уурдап кетишти, акча үчүн акчага сатып алышты. Ооба, ошентишти, мурда сулуу кыздарды эрк-оюна карабай атка таңып эле ала качып кетишчү, азыр болсо андайларды долларга ороп, атак-данк менен арчындап алып кетишет, мындайда өздөрү эле чуркап барышат, байлык үйүрлөрүнө кошулушат, үйүрлөрдүн ээси миллионерлер, аларды доллар менен камчылап, долларды жем кылып берип, багып алат. Ушинтип жашап калдык. Башка жол жок, бардыгынын тагдыры базарга гана байланган. Эч ким күнөөлүү эмес, базар экономикасы дегендин арааны жүрүп турат, жашоо опур-топур, эртең эмне болорун эч ким, ошол байпагы манат байлар да билбейт, бул турмушка өзүбүз күнөөлүүбүз. Ой, кечирип кой, Кызкайып, мен негедир эл турмушун изилдеген саясат илимине кирип кеттим окшойт, ушундайым бар. Бирок сен муну жүрөгүңө жакын ала көрбө, санааркап убайым жебе. Кээде күйгөндөн ушуларды айтып жиберем, мени кечирип кой, Кызкайып. Анан эмне кылабыз, жашоо ушундай болуп калбадыбы. Мага өзүңө ишенгендей эле ишен, бир аз күтө туралы, күт, Кудай буйруса кубаныч менен кезигишип декларбыз. Азырынча күтө туралы. Ии, баса, бир мүнөт-

кө сабыр кылып токтой турчу, дагы бир нерсени сага айтайын дедим эле. Бул менин жүрөгүмдү көптөн бери өйүп жүрөт, Кызкайып, сенден кантип жашырайын. Эч кимге билдирбей ичимден ойлоп санааркай берем, Айдана ал жерде кандай жүрөт болду экен, шайкелең кыздай көз ымдаган жарнамалар аркылуу даңазаланып жатканындай, сахналарда жылдызы төгүлүп, күлүпжайнап, жаркырак менен кызыл-тазыл жарыкка тунушунча тунгандай ал чын эле өзүн бактылуу санайт бекен, өксүүгө толгон өмүрүн, анан өзүн бактылуу кылдым дээр бекен, же сыртынан ушундай көрүнүп, а ичинен, ооба, гүл талындай назик дили кырдаал берген тагдырдан улам жетим кыздай сыздап ыйлап, эркиндик, бакыт, сүйүү деп зар какшап муңканып жаткан жок бекен? Жандүйнө сырын жашырып, өзүнө өзү өкүнсө анда кыйын, тагдырдын трагедиясы. А бирок, менден качкан менен кайрылбас Хайдельбергдеги сейил бактагыларды эсинен чыгара албайт болуш керек, аны эстесе көңүлү түтөп, жүрөгү канаар, анткени ал экөөбүз аерде чогуу жүргөндө дүйнөбүз бир башкача өзгөрүлгөн, Кызкайып, аны сен өзүң көрбөдүң беле. Андан кийин... андан кийин да дүйнөбүз бир башкача өзгөрдү, эки ааламга ажырашып кеттик... Кечирип кой, Кызкайып, кайрадан өзүмдүн... Ушинтип калдым.

Кызык болду, өзүнөн өзү бөлүнүп, сүйлөгөн өзү, тыңшаган өзү болуп, дилинен шыбырай берди, анан ал селт эте калып, өзүн өзү акылга келтирүүгө тырышты. «Эсиңе кел, эсиңе. Айтканыңан кайтпаган көк мүнөзүң сени дагы кайда алып баратат? Кимге асыласың? Ким менен

кармашкың бар? Басма сөздө деле өзүң жалгызсың, коколой башыңа кордук үйүп бирдеме жазымыш болосуң, анын аз келгенсип көп укканды көк мээ кылар философияңды айтасың, көрүнгөн бизнесмендерге ырылдап турасың, жанагыл ыңырчак минип, ит саткан өз агаң Ардак айткандай, азыркы долларбайлар дүйнөлүк базарда санаалашып-паралашып жүрүшөт. Сен да бирэки жолу бул сөздү пайдаланып, ошентип жаздың, тигилердин биринин да кылы кыйшайып койгон жок. Эмне үчүн антишти? Акча, базар оюнунан сырткарылардын бүт баары алар үчүн киши эмес, сен да ошондойсуң, адашкан селсаяксың. Билесиңби сен, ошол долларбайларга кээде Кудайыңдын өзү кызмат кылып жүргөндөй сезилет. Ооба, ооба, ал аларга Кудай катары көз салат да, алар менен кошо коррупцияланып жатпайбы! Анын эмнеси бар экен? Баары белгилүү, Кудайдын өзү да ай-ааламдын банкири болуп жатпайбы. Ой, токточу, кайдагыны келжиреп жатам? Жараткан, мени кечир, кечире көр. Кудайга акаарат айткан да болорбу? Кечире көр, Жараткан, жазала мени! Мага окшогон чөйрөгө ыңгайлаша албаган саркындынын изин ит таппас үчүн түз эле мухитке ыргытып жибериш керек. Бирок мындайлар адам бар жерде жарала берет...»



Айтор, баш каткан турмуш. Адегенде ал квартираны тазалоого киришти. Бектур ага ар нерсеге тыкан, талапчыл адам, эмне болсо бетке айтат. Убагында колхоздун иши өзү каалагандай жүрчү, баары орду ордунда болчу. Шалаакылыкты жининдей көрчү, кыкты эмне үчүн жол боюна төгөсүң, жыйган чөбүң эмне үчүн кыйшайып

калган, же сенин өзүндөй маспы, чарбагын чоч-коканабы, огородундагы отоо чөп быйыл баарыбызды тойгуза турган деп айтчу экен. Ушундай жаны тынбаган адам.

Агасынын сырын билген Арсен Саманчин оозгу бөлмөсүн чаң соргуч менен тазалады. Көрүнгөн жерде чачылып жаткан гезит-кагаздарын чогултуп кирди. Окулуп-окула элек журналдар толуп кетиптир. Анан күзгүнүн чаңын сүрттү да, үйүндөгү эң аялуу, эң бир кооз, наркына баа жеткис жалгыз буюму, кезегинде Айдана ойногон ачык күрөң түстөгү пианинонун чаңын аарчыды. Ооба, Айдана демекчи, ал эки жолу, түн жарымына чейин ойногон.

Ошол кеч эсине түштү. Арсен Саманчин өз алдынча үйрөнгөн, оюна келгендей ойной берет, а Айдана болсо пианиного тил киргизип жиберет экен. Ага негедир токойдогу булбулдун сайраганындай болуп, алыскы Европанын жаңырыгы угулуп тургандай туюлган... Арсен ошондо ага аябай суктанган, кулактан кирип бойду алган керемет кайрыктар Айдананын назик, ичке манжаларынан, карагаттай көздөрүнөн төгүлүп жаткандай сезилген. Арсен Саманчин мындайда кантип чыдамак, боконо сөөгү болкулдап, тамагы буулуп, ушу бүгүн арман-муң болгон өткөн күндөр ой-кыялын кыяк кылып жиберди да, анан ал пианиного отуруп, ошол кечте Айдана ойногон музыкалардын кайрыктарын кайталагысы келди. А бирок ичи тыз дей түштү. Ооба, ал бул жерге эч качан келбейт, пианинонун жанына да отурбайт, пианинодон төшөккө чейин бар болгону үч кадам анын өзүнүн музыкасы бар... эч качан. Ошондой болду, са-

тып кетти, ал үчүн урушмак турсун, күнөөлөй да албады, аны тагдырдын алы жетпеген күчтүн курмандыгы болуп калды деди, негедир мурдагыдан башкача ойлоп.

Ой түбүнөн Арсенди телефон сууруп чыкты. Итибай экен, баратабыз дейт. Тосуп чыкпаса болбойт. Кийимин которуп, галстугун тагынып, тууган-урук ичиндеги эң кадырлуу адамды адаттагыдай тосуп алмакка койкоё короого чыкты. Эски заман кезинде мындай конок келгенде алыстан салам айтышып, атын тизгинден кармап, өзүн колтуктап аттан түшүрүп, күлүгүн байлап, басмайылын бошотуп тосуп алышчу. Азыркыдай кайдан болсун, машинасына май куюп бербей эле, атына сулу беришчү.



Ушинтип кыялында меймандын атына сулу берип жатканда Бектур ага машина менен, болгондо да кандай машина, карагат түстөгү япон жиби кирип келди. Фаралары жаркырайт, алты жүз аттын күчүндөй күчтүү, ой-тоонду билбейт. Айылда мындай машина жок, Бектур аганын бул жиби Туюк-Жар чөлкөмүндө жалгыз, Араб Эмираттарынан алган. Айылда азыр эл жарды, «Жигули», «Москвич» дегендер деле саналуу, колхоздун анча-мынча байлыгынан ажыраган соң ар ким өз арбайын согуп, кээси ууру кылып, айтор, күн өткөрүп калышкан. Эртеңки күндөн үмүт аз, бир нерсе десең эле бизнес жаса дешет, бизнесиң кана, чөп, картошка, дагы эмне бар?.. Ошентсе да эркиндик бар, бу жетишпеген турмушта ошо эркиндик дегениң да оңой эмес дечи, а бирок курсакка келгенде куру бекер кеп экен. Азырынча бардыгын өткөөл мезгилге, анын ушундай болоруна шылтап жатышат. Ошол өтсө

эле жыргайт экенбиз. Күтө бер! Ооба, жадагалса бир келесоо бапылдап, базар балдары төрөлсө анан деп жүргөн. Иштин бүткөнү ошол да! Ал эми айылдыктарга машина кайдан, орто кылым ортого келип отурган, жүктүн баары эшек дегенге түшкөн. Чал-кемпирлер ошонун көзүн карайт. Жаштар болсо... ооба, цыган-турмуш артында.

Калп айткан менен болобу, айрымдарга ушу бизнес замандан да бирдемелер артууда. Тик жарлар менен аскалардан бал чогултуп акча жасагандар да чыкты, мурда муну ким ойлоптур. Ойлосо да сатышчу эмес, бекер беришчү, балдар менен улгайгандарга дешип сатышчу эмес.

Мына, Бектур ага анын дал алдына келип токтоду. Салабаттуу деп ушу кишини айт, аңчылык бизнес өнөрүн өздөштүрүп, ишти жыл бою жүрө тургандай жолго койгон. «Марко Поло» деп атап алышкан аркар-кулжаларга, эчки-текелерге, аюуларга, сайроочу жана алгыр куштарга маал-мезгили менен аңчылык жолун башташат. Мына эми мөңгү барстары чөнтөктүүнү чөгөлөткөн чоң бизнес болду. Бектур ага азамат, эч нерсе дей албайсың, жолун тапты.

Арсен жиптин сүрдүү эшигин ача калды эле кайран Бектур агасы жылуу жылмайып жерге түштү да, бекем кол алышып кучакташа көрүштү. Ооба, ал дайыма жаркын маанайы менен, келбет-өңү менен, жарашыктуу чокчо сакалы менен да өзгөчөлөнүп турчу, ийе, булардын тукуму ушундай, сырт турпаты келишимдүү, зыңгыраган немелер, болгону Арсен гана сакалмурут койгон жок. Алар бири-бирине эки колун

сунушуп, бекем-бекем кысышып, кубана жылмайышып, ызаат-сый көрсөтүштү. Бектур ага шадылуу колун көкүрөгүнө коюп, мындай деди:

– Кудага шүгүр, аман-эсенбиз. Өзүң кандайсың? Көрүшпөгөнүбүзгө канча болду, Арсен, эки ай болуп кеттиби, же андан да көппү?

– Ооба, байке, үч айдай болуп кетти го?

– Көрдүңбү! – Бектур ага коюу кашын серпе калды. – Мен шаарга келип эле аттым, а сен колго тийбедиң. Болуптур, эми сен керексиң, биз менен көбүрөөк бирге болосуң. Билесиң да.

– Билем, байке. Мен ар кандай иштер менен жүрбөдүмбү. Болбосо кезигишмекпиз, аны өзүнчө айтып беремин.



Ийе, Айдана экөөнүн иши эмне болгонун, ал кимдер менен катышып жатканын, кимдер анын сүйгөнүнөн улам аны коомчулуктан түбөлүккө сүрүп чыгууну көздөп турганын, а өзү болсо аларга эмне кылганы жатканын, албетте, айтпайт дечи. Не дегенде алардын сөзү башка. Бектур ага да ошол зарыл иштин айынан Туюк-Жардан келип туру.

Боору бир жакындардын агынан жарыла амандашып турушу көргөндүн көзүн тойгузду, булардын жанынан өтүп бараткан кошуна-колондору да ал экөөнө жетине албай жылмая сүйүнүп жатышты. Чолок шымчан эки бала арыбери ит жетелеп, короодо ойноп жүрүшкөн. Бектур аганын жалтыраган кара жибине суктана карашып, жол тандабаган бул машина аларга аябай жагып калды көрүнөт, бирин бири капталга түртүп, бирдемелерди шыбырашып калышты. Кыязы бул тентектер ушундай кубаттуу машинага итин да салып алышып зуулдата ай-

дап баратышса, баатырларга көчөдөгүлөр таң кала карап, ал тургай колдорун булгалап да жиберишсе деп турушту окшойт. Мунун баарын Арсен ойлоп жиберди, таппаганы жок.

Бу жашоонун жакшылыгы менен кубанычы көз алдында турган кезде көңүлүң таңдай тазарат. Ошол чын, жай мезгилдин шашкесиндеги күн да негедир демейдегидей чакчайып тийбей, жер үстүндөгү жан-жаныбар аттууга бейпил өмүр тартуулап, тоо-талааны күлүмсүрөп эркелетип турду. Ооба, күн жарыктык да адамдардын жылдызы жанган бир керемет учуруна аралашып кетти. Бу жарыктыктын жашоосу ар дайыма ушундай эриш-аркак төп келип, өз жайында болбойбу! Анткен менен булуттардын арасынан кандайдыр бир түнөргөн көз жердегилерди жекире карап турат имиш деп айтып калышат. Ага эмне керек? Эмне үчүн антет? Мейли, караса карай берсин...



Маселе боюнча сүйлөшүп жатканда мурдагыдай эле Арсен Саманчин өзүндөгү ишенимдүүлүктөн кайткан жок. Анын үстүнө Бектур агасы көзү жеткен, болор ишке гана киришкен, киришкен соң аягына чыккан адам. Ошондон улам бул адамдын айткандарын угуп, далил-сунуштарына баш ийкеп, ыгы жок билерман болуп талашпай, каршы да чыкпай тура бергиң келет, не дегенде анда адамды муюткан, ал тургай пикирлерине шыктанткан кандайдыр бир тартып алар касиети бар.

Ооба, Бектур ага ушундай кылмак, аңчылык кылуу документтери бүт экен, лицензиядан баштап, бизнес планы, аны өнүктүрүү жолдору, эң негизгиси барстарды атууга уруксаты, айтор,

киреше, салык жана башкалары так көрсөтүлүптүр. Жанагы келе турган араб ханзадаларына булар жөнүндө, фирманын милдети тууралуу сында маалымдаптыр.

Ии, унута жаздаган турбайбы, өткөн жылы алар менен контракт түзүлгөн, ага Арсен Саманчин өзү жардам берген. Ошол боюнча азыр иш жүргүзмөк. Анткени Бектур Саманчин Туюк-Жар аймагындагылардай эле ингилиш менен таптакыр иши жок, ошол жагы, араб мырзалары менен сүйлөшүү, аларга тил боюнча кынтыксыз кызмат көрсөтүү тарабы толугу менен Арсен Саманчинге жүктөлөт. Бектур агасы ушундай чечкен. Ооба, ал бизнес адамы, эң оболу пайда жагын ойлойт, ошондуктан мындай жооптуу ишке, араб ханзадалары менен сүйлөшүүгө жана да ортомчулук милдет аткарууга Арсен гана ылайык эле. Не дегенде араб ханзадаларына, ийе, королдук статусу бар меймандарга, катардагы тилмеч эмес, алардын андай-мындайын билген, бул жакты да айткандай айта алган деңгээли бар адам керек болчу. Ошон үчүн ал Арсенге гана токтолгон, ошон үчүн ал Арсенге келип отуру.

– Эмесе мындай, Арсен, ата-бабаларыбыздын арбагы колдосун. Жанагы тилмеч, тигилер менен тең сүйлөшө алар биздин адам, бейиши болгур ыраматылык агамдын баласы сен өзүң болосуң, сен экөөбүздү агамдын арбагы колдоп, биз менен бирге болсун, – деп муютуп кирди Бектур ага. – Бизнесте да кадыр-барктуу, санаалаш адамдар керек. Жардамыңды аяба, биз менен бир-эки жума чогуу бол, эс алып да аласың. Анын үстүнө сени эч кимдин көзүн карабаган

эркин журналист деп бардык жерде сөз кылышат, атагың чыгып жатат, туурабы?! Сен болбосоң анан ким болот, мына беш күндөн кийин ханзадалардын адамдары келе баштайт, аны билесиң, ии, меймандардын даярдык көрө турган тобу. Алар үчөө. Ал эми ханзадалар болсо өз самолёту менен Олуя-Ата аирпортуна келип конушат.

– Байке, аирпорт эмес, аэропорт, – деп Арсен агасынын сөзүн оңдомокчу болду. А агасы болсо ага кабагым-кашым деген жок.

– Мен аирпорт эле дейм, бизде ушинтип эле айтышат. Билесиң да, Олуя-Ата аирпорту бизге жакын эмеспи. Келишим түзүп макулдашканга өзүң катышып, өзүң сүйлөшпөдүң беле. Мына эми келер кез келди, тигилер тим эле бучкактап жатышат. Арсен, ханзадаларды аирпорттон сен экөөбүз тосуп алалы да, түз эле тоого алып кетели. Ал жерде баары ойлонуштурулган, барганда көрөсүң, андан кам санабай эле кой. Мен колхоздун баягыл конторасын сатып алгам, эки бөлмөсүн мейманкана кылып жасап койдук, шаардагыдай болбосо да, бардыгы бар. Аларды дал Үзөңгүлөш ашуусунун этегине алып барабыз, көңүлдөрү болсо ашуунун ары жагына өткүлө дейбиз. Андан ары, өзүң билесиң – Кытай, жыбыт-жылгалардан бери билебиз да. Ал жакка альпинисттер эле барбаса, келип-кеткендерден эч ким жете элек, ханзадалар көрөбүз дешсе көрүшсүн барстарга ууга чыгышып, бардыгы акча болуп жатпайбы. Ал жагын үлүшкө коюп бөлөбүз.

Айтор, алар көп нерселерди макулдашып чечишти. Бул жагын ал дасыккан эл аралык

бизнесмендерче пландаптыр. Ханзадалардын тоодо болуусу, алардын аңчылыгы, айтор, чатыр, боз үйлөрдөн тартып аттар менен ат багарлардын тизмесине чейин, алардын ким экендиги, уятка калтырбай тургандыгы аныкталып, анан гана киргизилиптир, иш-аракеттери, эмне кылыш керектиги саат-мүнөтүнө чейин көрсөтүлүптүр. Туура, мындай иште майда-баратына чейин такталбаса болбойт. Ал эми курал-жарак жагы да ошондой экен, алыстан жарык берүүчү жана оптикалык приборлорго чейин протоколдогудай ийне-жибине чейин жазылыптыр. Бизнес тактыкты жана өтө кылдаттыкты жактырат, бир жеринен кылт этсе эле иш бүттү, агып келаткан акча күйөт да, калат.

Туюк-Жардын аңчылык бизнес долбоору мына ушинтип талкууланып-такталып жатканын жайы-кышы кар баскан тоолордогу мөңгү барстары билип калса, аларың ошол замат кырка тоолор менен ашууларды ашып кетишмек. Эң кур дегенде бул жөнүндө дубалап койгонсуп алигиче Үзөңгүлөш ашуусунун этегинде муңканып жүргөн, ооба, кабылан тукумунун карыбы, жек көрүмчүсү болуп саналган Жаабарс байкуш билсечи.

Арсен Саманчин болсо, албетте, Бектур агасы менен жолуккандан кийин аңчылыктын жүрүшү кандай ойлонуштурулганын майдачүйдөсүнө чейин билчү, бирок ал бул жолдо аны дагы эмнелер күтүп турганын алдын ала көрө албайт эле. Эми баары өткөндөн кийин, алдыда болчу окуялардан бир аз мурдараак түзүлгөн бир кырдаал көзү ачыктык эскертүү болгондой сезилиши мүмкүн. Ошондо ал эмнегедир күндөлүгүнө

«Көзгө көрүнбөс эшик, же тагдырдын формуласы» – деп тема коюп, бир нерселерди жазып койгон эле. Мына ошол көзү ачыктай жазган анын жазууларындагы ойлор булар: «Көзгө көрүнбөс эшик, же тагдырдын формуласы» – деп жазып койду, балким, макалага тема тапкандыр. Ошондой экен, андан соң мына буларды улай жазды: «Ар бир пенденин алдында мурунтан эле даярдалып коюлган, а бирок көзгө көрүнбөгөн, ачык турган жазмыш жазган каалгасы болот. Анын босогосун аттоону тагдыр качан буйруса ал ошондо, эшиктен ары киргенден кийин, башынан байланган барымтага түшкөн соң гана жазмышы экенин билет. Энеден кайра төрөлүү мүмкүн эмес сыңары ошо босогону аттагандардын эч кимиси кайрадан артка кайта албайт. Тагдырдын буйругу ушинтип ишке ашып турат. Бул тагдырдын формуласы, кирүү бар да, чыгуу жок...»

Арсен Саманчин дагы улантып жаза берсе болмок, анысы өзүнчө бир кайгылуу эссеге айланмак, а бирок азыр эмес, сааты чыккандан кийин гана, окуя болгондон соң гана, ооба, ошондо гана...

Түш болор кездин алдында жайкы күн жерге түшө баштаганы үй ичине да сезиле баштады. Ал түндөн бери ачык турган терезесин жаап, шкафтын үстүнө коюлган чакан кондиционерди иштетти. Куркулдайдын уясындай бул үйлөрдө ысыкка чыдоо эң кыйын, ошо акактаткан аптаптан ушундай бөлмө салкындаткычтары гана сактап калат. Өмүр бою тоонун таза абасына көнүп калган Бектур ага терезени жаппай эле кой, аба кирип турсун деп калды. А кишинин айтка-

нын аткарбаса иш болбос, а бирок ошо терезенин ачык турганы да бекер болбоптур...

Терезе жабылып ачылган соң, бер жагы эки сааттан ашкан сүйлөшүүгө кайрадан киришти. Ага-ининин аңгемеси бүткөнчө тыным билбес Итибай чай ичип, андан соң жипке май куюп, аны жууп-тазалатканга, атүгүл базарга кайрылып мөмө-жемиш ала келгенге да үлгүрүптүр. Баарынан кызыгы, мына бу эки Саманчинди буга чейин алардын бир боордугу бириктирип келсе, азыр анысына жер жүзүнө жайылган бизнес дегени, аңчылык долбоору кошулуп, ал экөөнү ого бетер ажырагыс кылып салды. Бул ушундай экен, айтмакчы, ошо бизнес жөнүндө, жанагы поездден поездге түшүп соода кылгандар айтат, дүйнөдө бу тоо-талаанын гүлдөрүнөн өткөн өтүмдүү товар жок имиш. Ушундай деп ким ойлоптур, гүл дегениң талаада жайнап өсүүдө, аны баккан да, караган да киши жок, өзүнөн өзү өсүүдө, көз жоосун түшүрө суктан, ат менен кетип баратып балдарга терип берсең да болот, а гүл сатат деген кыргыздарга чын эле күлкү келерлик иш. Аңчылык деле ошондой болчу, эми минтип ошо аңкоолук дегенден чоң бизнес чыгып, Саманчиндер болсо акча табабыз деп анын план-долбооруна баш оорутуп отурушпайбы.

Кептин баары бул долбоордун адам буту баспаган улуу тоодо өз алдынча жашап жаткан мөңгү барстарына байланышып жаткандыгында болуп жатпайбы. Демек, акыр заманды айтчудай болгон базарың аларга да жеткен экен...

Аңчылыкты уюштуруу, аны өткөрүү тууурасында далай кеңештер айтылды. Арсен Саманчиндин көзү ачылды, маңдайында пландарын

кагазга чиймелеп, бүт дили менен бериле кызый сүйлөп жаткан Бектур агасын угуп отуруп өтө ыраазы болду, тим эле ал өз ишин театрдагыдай пландаптыр, бүт бардыгы көз алдында, мурдагы колхоз башкармасы азыр режиссёр-коюучу болуп көрүндү да, аңчылыктын ыкмаларын, анын өтүшүн драмадай сүрөттөп берди. Таң каласың, Бектур аганын айтуусу боюнча жанагы ханзадалар жырткычтарды өздөрү тандап, жаземдебей таамай атып алышы үчүн жырткычтарды буктурмага айдап келүүнүн бир укмуш жолун сунуштады. Кулак угуп, ойго келбеген иштерди угуп отурган Арсен анын маңызына түшүнгөндөй эле болду, антпесе болбойт эле, тоодогу аңчылыктын бардык маселелерин араб ханзадаларына түшүндүрүп берүүсү зарыл болчу, ошентсе да ал жандүйнөсүнө жыландай кирген ойлорго кабылып жатты. Жакында баштарына түшчү алааматтан бейкабар Теңир-Тоодо ээн-эркин жүргөн барстарга боору ачып турду. Ошондой эле ал барстардын тагдырын дал ушул эл жүнүн жеген жерде, Хрущев үйлөрүнүн кайсыл бир кабатында, эңгезердей эки эме өздөрүнчө эле Кудай болушуп чечип жатканын, атүгүл алардын өмүрүнүн акыркы күнүн, саатын белгилеп отурушканын байкуштар билер болсо, анда тигилер Гималайгабы, айтор, бир жакка качып кетет беле деп ойлоду.

Ой деген бирде космоско чыгып, кайра уясына учуп келген эркин куштай го. Ушу азыр да анын башына кайрадан бир ой, бул мертебе барстарга силерди кызыл кыргын кылганы жатышат деп кантип кабарласа болот деген ой келди. А кокус чын эле билдире турган кырдаал-

шарт болсо, анда кыпкызыл акча болуп жаткан бизнести эмне кылат? Кайда катасың? Жырткычтарды учкул кыялың менен сактап кал, а бизнесчи? Ал эмне болот? Көрүнө катып саласыңбы? Эгер чын ушундай мүмкүнчүлүк болсо, анда дүйнө солк этмек эмес, анда адам тукуму өздөрүн өзү өлтүрүп, тукум курут кылып жок кылмак. Ошондуктан азыр бизнеске гана артыкчылык берилет, калгандарынын бүт бардыгы кийин, кийинкиден да кийин болот. Ии, адатынча дагы бир нерселерди балп эттирип айтып көрчү, антет экенсиң, ооба, андан көрү асынып калганың жакшы. Ушу кезде Бектур аганын сөзү барган сайын акыл-насаат айткандай болуп бараткан, ошондон уламбы, айтор, Арсен Саманчин аны менен сүйлөшүп жатып маал-маалы менен өзүнөн өзү эле ушуларды ойлоду да, «Мерген» бизнес-аңчылык фирмасынын кожоюнунун көрсөтмөлөрүн ханзадалар каада менен келгенде кереги суудай тиет деп блокнотуна англис тилинде жазып жатты.



Арсендин дил-оюнда эмне болуп жатканын, эсинен чыкпай элирткен бир азгырык санаанын кайдан келип, убайым таштап турганын Бектур Саманчин такыр билген жок, өзү бир сөз айтпаса анын билмеги кайдан...

Кээде ушундай да болот, жалпы иште анын көзүн билип талкуулаган адамдын ичинде турмуш чындыгынан өтө эле алыс, түшүндүрүүгө эч мүмкүн эместей кандайдыр бир кубулуштар болуп кетээри кимдин оюна келиптир. Шамал тоонун аркы бетин урса, берки бетиндеги бутактар термелчү беле. Ошондой кеп.

Анткен менен Бектур ага андан эч бир шек санабастан, тескерисинче, Арсенди тууганчы-

лык менен өтө жактыра, өз сунуштарын жантыгынан жата калып чечмелеп жатты. Кагаздарга пландарын жана чиймелерин чийип, барстарга буктурма жасалчу жерлерди белгиледи, алардын үч жактагы айдакчылар кайсыл жерде болору көрсөтүлдү, айтор, жырткычтар түз эле ханзадалар кароолго алып турчу жайыкка чыгат. План ушундай, албетте, мындай учурларда оңунан чыккан, оңунан чыкпай калган учурлар болот, алар колго багылган колхоздун койлору эмес. Ошентсе да жер сырын билген, тоолорго көнгөн дулдул атчан беш-алты айдакчы жырткычтарды бура кетирбей сая кууп, эки капталынан дагы беркилер чыгып, айтор, камоо-кароолго жеткириш керек. Четтен келген мергендер чер жаза атып алышсын, экинчиден, барстар деген бул жерде жайнап жүрөт экен деген ойдо калышсын. Аңчылыкка кол кабыш кылгандардын милдети ушул, олжо деген ушулардан башталат.



Ошондой жооптуу ишке чегерилген, жер өңүтүн өз үйүндөй билген айылдагы жигиттердин тизмесин да көрсөттү. Бектур аганын айтымында алар өз ишин билишет, куралдар менен камсыз болгон, добулбастары да бар. Булардын баары Арсен үчүн ойго келбеген, кыялына да илинбеген иш болду, алдыда боло турган иш чын эле шахматтай ойлонулуптур. Таң калды. Ошентсе да, алар шашпай чай ичип, аңчылыктан башка да өздөрүнүн турмуштук иштерин сүйлөшүп отурушту. Ошо баарлашуу маалында бир кызык окуя болду, муну бардыгын ойлоп тапкан Бектур ага да ойлоп таба алмак эмес.

Жай мезгили жаныбарларга жакшы эмеспи, көп кабаттуу үйлөрдүн чатырларында, башка

ыңгайлуу жерлерде жашаган көгүчкөндөр менен чабалекейлер учуп жүрүшкөн. Аларга эч ким деле көңүл бурушчу эмес, андагылар аларга, алар андагыларга көнүп бүтүшкөн. Балапандары темир канат болгон кезде гана аларды учурууга көндүрүп жүрүшкөнүн көрүп калышчу. Айрыкча эл чабалекейлерди канаттуунун асылы, адамга жакын, сыпаа жаныбар деп санашчу. А бирок азыр башкача болуп чыкты окшойт, иши кылып кызыктын кызыгы болду белем.

Ооба, эки Саманчин эртеңки күнү жөнүндө кызуу сүйлөшүп, бири өз көрсөтмөлөрүн, пландарын айтып, экинчиси эсинен чыгарбас үчүн блокнотуна керектүүлөрүн жазып иш кумарына кирген кезде эки чабалекей, кыязы, түгөйлөр болсо керек, ачык турган терезеден үйгө учуп киришти. Жаңылып-жазып кокустан кирип калышса ошол эле терезеден кайра шашыла учуп кетишмек. Алар антишкен жок, адашып калыштыбы, же дагы башка болдубу, айтор... Жок, атайы келгендей, кеткилери жок, чыйпылдап үн чыгарышып, үйдүн шып алды менен канаттарын ийкемдүү жайып, жай каалгып учуп, эки Саманчиндин төбөлөрүнөн айланып, тынбай чыйылдай беришти.

– Ой, булар кайдан келишти? – Бектур ага ордунан козголо аларга карады. – Булар ушинтип кире беришеби?

– Жок. Мындай болчу эмес, биринчи жолу. Чабалекейлер менен көгүчкөндөр бул жерде оголе көп, терезенин жанынан ары-бери уча беришчү. Чатырда уялары бар, – деди Арсен.

– Анда булар алда неден чочушкан го? Терезени чоңураак ачып койчу, чыгып кетишсин.

Ал терезени толук ачты, а бирок чабалекейлердин кеткиси жок, ары аёолуу, ары мээримдүү, ошол эле мезгилде алда неден чочулагандай көздөрүн балбылдатып, алардын үстүнөн айланып жүрө беришти. А балким, булар алда неден аян берип, ошону кабарлап жатышкандыр? Ким билет, айтор, Арсен Саманчиндин башына ушундай ойлор келди, ал эми Бектур Саманчин болсо орундуктун жөлөнгүчүндө турган сүлгүнү алды да, чабалекейлерди сыртка кууп чыгарды.

– Булардын тамашасына тойдук, – деди Бектур ага башын чайкай. – Эмнеге келишти экен? Мейли, кел эми, иштей берели, убакыт болсо аз калды. Сен бизге качан келесиң? Качан жолугушабыз? Ошону тактап айт. Анткени биз сени менен да контракт түзүшүбүз керек.

– Анын эмне кереги бар? Өз дегендердин арасында кереги деле жок.

– Керек, азыркы шарт ошондой. Бизнес деген контракт менен гана жүрөт.

Арсен Саманчин, – Ой, байке, мен сизге атамдай эле ишенем да, контракттын кереги жок, – деп айтайын дегенче жанагыл чабалекейлер кайрадан учуп кирищти да, кайрадан бөлмөнү айлана башташты.

– Ой, Арсен! Булар кайра келип калдыбы? Бул эмнеси? – Бектур ага таңдангандай сөз катты.

Ооба, алар бекер кирген жок, бир нерсеге тынчсызданышып, анан ошону төкпөй-чачпай буларга билдиргиси келип, же аны толугу менен угуп алууну каалап келишсе керек деп ойлоп жиберген Арсен ошол эле замат алардын тынчсыздана сырдуу чырылдаганын кайра-кай-

ра тыңшап, көз албай тиктеп туруп бул экөөнүн дил-мүдөөсүн түшүнгүсү келди. Чабалекейлердин кулактан кирип, жүрөккө жеткен аянычтуу чырылдагы жакпай кеттиби, же ага чыдай албай койдубу, айтор, Бектур ага эми терезени жаптырып салды. Арсен анын каалаганындай болсун деп кондиционерди толук иштетип койду.

Арадан бир мүнөт өтүп-өтө электе эле жанагыл чабалекейлер терезенин сыртынан ары-бери учуп, кайрадан үйгө киргилери келишип чыйпыйы чыга чырылдашып, жана айталбай калганын эми айтууга шашкандай, жана унутуп койгонун эсинен эми тапкандай болушуп мурдагыдан катуу тынчсыздана улам-улам айнекке келип, тийип-тийбей кайра кетип, бизди киргизип койгулачы деп жалынып суранышкандай сезилип жатышты.



Катылган сыры кандай экенине таңданган Бектур ага:

– Бул эмнеси? – деп жиберди. – Жакшылыккабы, же жамандыккабы? Мейличи, биз буларга алаксыбайлы. Терезе парданы тартып сал, биз көрүнбөй калган соң, анан өздөрү эле кетип калышат.

Ошондой кылышты.

Алар андан кийин майда-чүйдө маселелерин талкуулашты, дагы башкаларын такташты. А Арсендин оюнан жанагы сырдуу чабалекейлердин табышмагы кетпей, башта андай шумдукту көрбөгөнүн, болду-болбоду мында бир маанилүү мандем бар экенин таразалап, алардан кутулалы деп бекинип алып отурушканына бир чети таңданып, бир чети өкүнүп, санаасын ошолорго байлап отурду. Ал тургай Бектур Саманчин туу-

ганча сүйлөшүүгө абдан ынтызар болуп, айтор, кепке бериле маани берип, иниси Арсендин бойдок жашоосуна өзгөчө басым жасап, жаны кейип жүргөндүгүн билгизе сөз баштаганда да ал жанагыл оюнан кутула алган жок.

– Арсен, сенин ишиң, жүргөнүң, айтор, баары жакшы, – деди ал анын көзүнө тигиле карап. – Ыракмат. Ушу чайың гана бойдокторду-кундай, буга сен таарынбагын. Кеп чайда эмес, эми сен канчага чейин жалгыз жүрө бересиң? Жетишет, айрымдар беш-алты жолу аял алып, атүгүл телевизордон чыгып ошонусуна мактанып да жатышат. Ырас, сен бир жолу мүдүрүлүп калдың, андайлар болот, жалгыз эле сен бекенсиң, анан ошого да чүнчүп, өзүңдү өзүң колго алалбай жүрө бересиңби? Жок, мындай иш сага жарабайт, Арсен. Жашсың, акыл десе акыл бар, ыраматылык атаң көзү тирүү болгондо сени менен сыймыктанмак, кайран кишинин неберелери да болмок, бай да, жакыр да эмессиң, интеллекттүү адамдардын көбү ушундай болот. Үйлөн, туугандарыңдын бардыгы ошону күтүп жатат. Андай-мындайынан коркпогун, мына мен даярмын, кудайга шүгүр, бир үйүр жылкы бар, калыңга берем, атасынын көрү, шаарга десең шаарга айдатып келем. Күлбө, эмнеге күлөсүң? Шаарда да, айылда да жакшы аялдар бар. Каалаганың танда. Ушинтип жүрө берсең убакыт деген өтүп кетет. Аны түшүнөсүң да.

Арсен мындайды көп уккан, ушу азыр да акырын жылмайып, макул дегендей баш ийкеп, анан сөз удулун башка жакка бурайын деп калды эле, Бектур ага унутканы эсине эми түшкөнсүп:

– Укчу, Арсен, жанагы эки чабалекейдин үйүңө кирип, ары-бери учканы бекеринен эместир? Балким, алар сенин аялыңды көргүлөрү келип киришкендир? Азырынча ал жок да! – өзүнүн тамаша сөзү өзүнө жакты окшойт, ал аябай каткырды. Арсен:

– Ошондой болсо кана! – деди чын эле олуттуу сүйлөп.

Бектур аганын сөзү ага жаккан экен, аны короодо узатып жатканда да ичинен жанагыл сөздөрдү ойлоп: «Ошондой болсо кана?» – деп алды. А Бектур Саманчиндин оюнда пайдалуу иштер чечилип жаткан. Жууп-тазалагандан кийин анын жип машинасы ого бетер сүрдүү, ого бетер көз тайгылтып калат экен. Анын катарында Арсендин чаң баскан «Нивасы» турган, аны көрүп:



– Эгер ишибиз жана биз болжолдогондой жакшы болсо, анда сен да ушундай жиптен бирди сатып алат элең. «Нива» деген совет мезгилинен мураска калган жакшы машина, а бирок бизнес доорунда сага окшогон адамга жип ылайык.

– Ыракмат, байке, ыракмат, буйруганын көрөлү. Тоо жеринде жүргөнгө жип жакшы да, буйруганы тургандыр. – Арсен Бектур агасына ыраазылык билдире ыракмат айтты да, дагы ичинен: «Ошондой эле болсо кана?» – деп ойлоп жиберип, анан сөзүн Итибайга бурду:

– Итибай, жакшы эс алдыңбы? Азамат, ар дайыма ушундай жүр. Биздин тоолордогу жолдор менен жүргөн киши гана жүрөт.

– Ооба, Итибай экөөбүз ал жолдор менен канча жүрдүк дейсиң? Үч жүз миң километр!

– Үч жүз кырк миң болуп кетти! – Итибай сыймыктана тактады.

Ошондон соң алар кучакташа коштошту. Арсен алар түшкөн жиптин артынан кол булгалап жатып дагы бир жолу ичинен: «Ошондой эле болсо кана?» – деп койду.

Арсендин табияты ушундай эмеспи, жаңагыл чабалекейлерди кайра эстеп, дил-оюна тынчтык бербеген дагы бир ич бышыра муңайткан иш бар эле. Муну ал эч кимге айтпай калсын, айтты дегиче апендиче күлкү болмок. Ооба, ошол чабалекейлер, аларды Айданага гана айтыш керек, Айдана гана шылдың кылбай түшүнөт, атүгүл андан жандүйнөгө байланышкан романтикалуу бир нерсе чыгарып, балким, алда кандай сюжет таап, болбосо либретто жазыш керек, мүмкүн обондуу ыр жаратса болот деген акылын айтмак. Ал өзү ошондой купуя сырдашууну жакшы көрөт, андай учурларда ойго келбес нерселерди таба коёт. Ушунусу жакшы, жандүйнөсүн жаныңа ого бетер бириктирип жиберет. Ал экөө мындай жанына жаны бириккен, дилине дили кошулган сырдашууларды канча ирет өткөрбөдү дейсиң. Эми антип сырдашмак түгүл жүрөк туйлаткан үнүн телефондон угууга зарсың, анткени ал кулакты кесип, көздү алып «Лимузин» менен кете берди. Өкүнбөй койчу иш бекен, болбосо бул айтары сырдуу табышмак болгон кабарчы чабалекейлер жөнүндө ага аңгеме курмак. Ошентмек, а алар ага эмнени айталы дешти экен?..

Ушуларды ойлоду. Антпесе бир-эки күндөн кийин мунун бардыгын унутуп салмак. Ооба, ошондой эле болду, Туюк-Жар тоолорундагы

аңчылык-бизнесине камылга көрүү аны кыялдантмак түгүл, эсинен атын чыгарып, кыяматка салды. Ошо түйшүгү түндө түгөнбөс күндөрү бир ирет ошондой кырдаал болуп, капылет-кайыптан чабалекейлер эсине түшкөн да, алар эртеңкини алдын-ала айтып келген аянчылар экендигине көзү жеткен. Бул иш өз айылына, барстар жүрчү тоолорго келгенине беш күн болду дегенде ал «Көзгө көрүнбөс эшик, же тагдырдын формуласы» аталыш коюп, баягы каргашалуу жазууларды күндөлүгүнө жазган: «Ар бир пенденин алдында мурунтан эле даярдалып коюлган, а бирок көзгө көрүнбөгөн, ачык турган жазмыш жазган каалгасы болот. Анын босогосун аттоону тагдыр качан буйруса ал ошондо, эшиктен ары киргенден кийин, башынан байланган барымтага түшкөн соң гана жазмышы экенин билет. Энеден кайра төрөлүү мүмкүн эмес сыңары ошо босогону аттагандардын эч кимиси кайрадан артка кайта албайт. Тагдырдын буйругу ушинтип ишке ашып турат. Бул тагдырдын формуласы, кирүү бар да, чыгуу жок».

Жараткандын жазыгы жок жаныбарлары жан сабаша ушуларды эскертели дешкенби? Алар муну кайдан билип алышты экен? Кызык... Күлкүбү?.. Аңкоолукпу? Жок нерсени бар кылып апыртуубу? Ишениш кыйын, а бирок азырынча ушундай болуп жатат. Азырынча... Бирок мындай жазуунун Арсен Саманчиндин калеминен жаралышы алдыда болчулардын жышааны эле. Анткен менен азырынча санаага коога түшүргөн эч нерсе жок, бүт бардыгы бизнес-пландагыдай өтүүдө.

Эртеңки тагдыры кандай болуп кетерин капарына албастан эси-дарты Айдана болуп, аны

эми көрө албаймын, чабалекейлер жөнүндө айтып да бере албаймын деп жаш балача жылдызын жерге түшүрүп жүрдү. Антпесе деле болмок, айткан күндө да кана ошол чабалекейлер деп Айдана жетип келмек беле?.. Деги анын эсинде бул бечара суукумшук бар бекен?

Ошол мезгилде дагы бир суукумшук, жырткыч Жаабарс Үзөңгүлөш ашуусунун алдында арбалгандай айланчыктап жүрдү. Анын күткөнү эмне? Аны эмне күтүп турат?

## VI

Арадан эки күн өткөн соң, Арсен Саманчин «Нивасын» айдап жолго чыккан. Анткени ханзадалардын келишине саналуу гана күндөр калган. Ырас, эмираттык Хасан менен кувейттик Мисир ханзадалардын урматтап толук айта турган узун аттарын жаңылбай жаттап, таптак айтуу кыйынга тура турган. Ошондуктан аларды кыргызчасынан ханзада Хасан, ханзада Мисир десе деле жараша бермек. Ошентип чечкен. Мына эми, алыстан келчү ардактуу ханзадаларга кызмат кылуу үчүн ал туулган жерине, Теңир-Тоо тоо кыркаларынын өтөк-өндүрүнөн орун алган Туюк-Жар тоолоруна бараткан.

Ооба, баш-аягы беш саат тынбай жол жүрмөк. Машинаны айдаганды үйрөнүп алгандан бери далай ирет каттаган, бурулушу тургай ташынан бери тааныш. Басар жолдун жарымы асфальтталган, калганы таш жол, тоолордун боору менен тик кыялап өтчү, ошондуктан ал, сөөгү менен кошо кетчү баягы адаты да, ар дайым сапар

алганда өзүн өзү сыноого салып барчу. Анын үстүнө «Нивасынын» жүрүшү жакшы болчу, алыска чыккан кезде жолдо кала элек, болгону жанагы чет өлкөнүн кумурскадай жайнаган көз кызарткан машиналарынын арасында өткөн кездин табылгыс таберигиндей көрүнүп турчу.

Ал азыр шаар четиндеги буйтка көчө менен бүтө элек курулуштарды жандай, чыгыш жак менен баратат. Аздан соң бу жол бактарды, кыштактарды, анан мурдагы колхоздор менен совхоздордун талааларын кесип өтөт. Андан ары көк тиреген Тянь-Шань кырка тоолорун көздөй бөксөлөп кеткен ээн талаага келет. Ошо күн төгүлгөн талаадагы аптап тебелеген жол Арсен ойлогондой эл аралык деңгээлдеги аңчылык өтө турган, кабылан-жолборстордун жомоктогудай мекенине айланган, дүйнөнүн бир да жеринен кездешпеген, жалгыз гана Үзөңгүлөш тоолорун байыр кылган мөңгү барстарына, өзүнө жакындатып айтканда, Туюк-Жар айылына алып барат. Айылы аны алыстан эле көрөт да, ошо замат айылы бак-дарагын баскыла деп жетелеп алдынан тосуп чыгат. Дайыма ушундай, бу турмушта не болбойт, бирде үйлөнүү тоюна, бирде үй тоюна, кээде сөөк коюуга, айтор, жакшылык менен жамандыкка ушул «Нивасын» минип келет да, кайра келиш үчүн кетип турат. Ушу барышында ал бир тууган эжесиникине токтогону турат, анын да себеби бар. Жездеси темирге жан киргизген уста эле, азыр узанбай калган, аны менен тапканың талканга да жетпейт, бу турмушуң кабырга санап турганда алар үйүн улаганга кар болуп, көптөн бери кайдан канат-бутак табылар экен деп жүрүшөт, антке-

ни уулу Өскөн үйлөнгөнү жатат, анан Арсен бараткан иш Кудайдын парманы менен оңунан чыгып калса, анда аларга жардам бериш керек. Ошентет, чымчыгын улар кылып, унутулгус иш жасайт. Ошону ойлоп баратыр.

Ырас, анын үстүнө бу мертебе ал өтө өзгөчө, дегеле мурда болбогон иш менен, өзүнүн карачебелчекей тууганы, эл-журтка кадыры өткөн белгилүү аңчы-бизнесмен Бектур Саманчиндин чакыруусуна тилмеч катары макул болуп, биринчи жолу көз карандысыз, эркин журналист иретинде бара жатат. Ошентсе анын макул болгонун жердештери түз эле кабыл алышат, агасы чакырып жатса эмне экен, асмандан түшө турган додо-додо доллардан ким эле алгысы, жөн эле эмес, маңдай тери менен иштеп, өз үлүшүн алгысы келбесин. Мындайдан кай келесоо баш тартмак. Ошону айтсаң, араб мергендеринин чөнтөгүнөн, тагыраак айтканда, кароолго илинген мөңгү барстарынан жайнаган жашыл акча чыгып жатса... Азыр жырткыч дегениң базар казанын кайнатып жатпайбы. Ушу барстар болбосо ханзадалар бул жакка тиги жер түбүнөн эмнеге келмек эле да, төө көтөргүс акчаларын каякка чачмак эле?! Мындайда иш кылган ар бир адам белине түйбөсө да, чөнтөгүнө акча салып кетет. Ооба, ушундай болот.

Эсеби жок акча сайылган кумардай иште кимдин дил-оюнда эмне бар экенин эч кимдин ойлогусу келбейт. Менде гана болсун, башкалардын короосунда коргол дагы болбосун дегендей, ар ким өз арбайын согот. Ошондуктан Арсен Саманчиндин эмне үчүн тилмеч болгонун сүрүштүрүүгө эч кимдин деле иши жок. Бул жагы мына ушундай.

Бурулуш-буйтка жерлерде гана ылдамдыгын азайтпаса ал жакшы эле айдап келатты, жанагыл жүк тарткан машиналарды кытай машиналары деп коюшат, алар бу жолдо ыйлап келишет, ошолордун жанынан өткөн сайын өзүнөн өзү жеңилдеп, кандайдыр бир жүктөн бошонгонсуп терең дем алып алат да, анан ал ушуларды көрүп туруп кандай жашоо керек, эмне кылуу зарыл деп ойлоно берди. Ушул эле болсо жарасы жеңил эле го, эне сүтү менен жаралган адаты алыс жолдо калчубу, көкүрөктө күйгөн, көңүлдү эзген көйгөй ойлор менен алпурушуп баратты. Бу мандайга жазгандын жообу болорбу деген ой азабына эзилип, ал деги өзү эмне, кайдан чыккан, кайдан бүтөт деп кайгыра берди. Анан ал мээсине мыктай кадалган баягыл өч алуунун өртүнө түшүп, чагарак куйрук чаяндай касын, анан өзүн өзү өлтүрүүнү көгөрө көксөй берди. Чегине турган, жазыла турган түрү жок, кекенгени кек алдырып тынчудай. Анткен менен ал ушуларга бушайман болуп жатып, өзүнөн өзү бошоно албай, кандайча кайкы мээ болуп калганына түшүнө албай, ажырыктын тамыриндай бу санаага туткундалганына дилинен кылдай каршылык таба албай, руханий байлыгынын кутун учуруп алганына айран-таң болуп баратты. «Башкалар үчүн жанын да аябаган адам элем. Азырчы? Кудай безери болуп кеттим го? – деп түйшөлүп алды. Өчкөн от болгон өч алуу дегенди кайрадан жаратып алдым, базар идеологиясы мени итке ыргытар сөөк кылды... Социалисттик башкаруудан базар үстөмдүгүнө туш келдик, мунун мыйзамына макул болбосоң сурап-тескеп отурбайт,

өлтүрөт. Турмуш закону ушундайбы, анда мени өлтүрөт деп отура бербе, андан мурда озунуп өлтүр. Базар жашоосунун суроосуна жалгыз гана жооп ушул. Ал өзүн өзү ушинтип жемелеп, өзүнө өзү акыл, шылдың айтканы менен карайган дилин агартып күнөө-айыбын моюнуна алган жок, суроого жалгыз гана жооп болот, ушул туптуура деди.

Бир тарабын өндүр талашкан ээн талаа мейкининде Кудай унуткан дал өзүндөй безерлер менен жана да Кудайды унуткан дагы өзүндөй макулуктар топтолушкан шири кийгизме жерден улам алыстап, анан эң башкысы жансерек маданияттын темир түрмөсүнө Айданасын азгырып алып кетип, ага жеткирбей койгон карадил шаарды бир эмес үч мертебе каргыш алсын деп, андан качкан адамдай куйругун түйүп баратты. Анткен менен шаар аны өзү ойлогондой таптакыр коё берген жок, улам кайра чөнтөк телефон аркылуу кууп жетип, бир нерселерди сурап тынчын ала берди. Мындай учурларда ал жол жээгине токтоп, жайынча шашпай жооп берип жатты. Антпесе болбойт эле, шаардан телефон чалгандардын көпчүлүгү редакциялардан эле, макулдашкан макала-маектер жөнүндө, аларды качан алып келери туурасында болду. Аларды кантмек, кийинкиге жылдыртты, шартына түшүнбөгөн, телеберүүнүн программасын түзүп жаткан өжөр редакторлор күйүп жатышканын айтышып, кыйла кыжын-мужуң болушту. Аларга үч жумага чейин шаарга келбесин айтып, айтор, калаанын капканынан араң бошонду. Чөнтөк телефону аны дагы бир ирет токтотту, антпесе болчудай эмес, мунусу талаш

чыгарчудай түрү бар, экинчиден, тикеден-тике өзүнө тиешеси бар экен. Арсен Саманчин басма сөз менен теледе коомдун көйгөйлүү маселелери боюнча айткан ой-пикирлерине, айтылган сындарга карата өз көз карашын, далилдүү аргументтерин билдирип келчү, талаш-тартыш болчу. Азыр да ошондой кырдаал түзүлдү. Жеринен болгондо иш башка эле, эми минтип сапар үстүндө, телефон аркылуу пикир алмашууга туура келди. Арга жок, машинасын жол четине токтотту да, «Новый путь» гезитинин башкы редактору Кумаш Байсалов экен, ачык сүйлөштү. Кумаш өз киши, өз дегени ушул, ал экөөнү далайдан бери журналисттик иш байланыштырып келет.

– Эмне мынча шашылыш, Кумаш? – Арсен туталана үн катты. – Мен деген жолдомун, сага айтпадым беле? Кайра келем, ошондо сүйлөшөбүз.



– Арсен, мен сени түшүнүп турам, сени билип кой деп жатам, баягы медиафорумдагы конференцияда сүйлөгөнүң эсиндеби? Ошол боюнча.

– Эсимде эмей.

– Эсинде болсо ошондогу сөзүң боюнча биздин дин кызматкерлери ачык кат менен кайрылышыптыр. Мусулманы да, христианы да, баптисти да, айтор, баары бар. Мен сага айтпадым беле, Арсен, – сен дайыма аша чаап, аарынын уюгун козгоп сүйлөйсүң деп. Ошондой болду.

– Аларга эмне жакпай жатыптыр? Башта аларың бирин бири колдомок түгүл кол алышчу эмес эле, эми аларды кайсыл Кудай бир тууган кылып ийиптир?

– Сен да эл алдында Кудайды тандың, Жаратканды да өз «Сөзүнө» көз каранды кылып

койдуң. Тигилер ушинтип элге жарыя айтты, Кудайга шек келтирди деп жазышыптыр.

– Бул эмнеси экен? Дөөдүрөшкөн го? Менин сөзүмө көз каранды болуп калса анын эмнеси Жараткан? Келжирешет!

– Жөн эле билмексен боло бересиңби, Арсен. Сен бүт бардыгын билесиң. Алар сени бул менин байкабай жаңылганым эмес, чындыкты атайылап бурмалап бузганым деп гезит аркылуу кечирим сурасын деп жазып жатышат.

– Чындыкты качан бурмалаптырмын?

– Алматыдагы медиафорумда чыгып сүйлөгөн сөзүңчү?!

– Аа, эстеп жатам. Май айында беле?

– Ооба, майдын аягында, 25инен 27сине чейин...

– Анан эмне болду?

– Угуп тур, алардын катынын негизги жерин сага окуп берейин.

– Окусаң оку.

– Азыр. Телефонуң отуруп калбайбы?

– Кам санаба.

– Анда окуймун, жакшылап ук: «Биз, дүйнө элдеринин жергиликтүү диний борборлорунун өкүлдөрү, белгилүү журналист Арсен Саманчиндин көз карашын талкуулап чыгып, бир пикирге келдик жана ал боюнча өзүбүздүн кеңешип чечкен оюбузду билдиребиз. Анын «Евразия» медиафорумунда Кудайга акарат келтирип сүйлөгөнү бизди өтө нааразы кылды. Ал тарыхтын көчмөн мезгилине таандык, маани-маңызы көчмөн элдердики демиш болуп, «Сөздүн» философиясы жөнүндө мисал келтирди. Конференция да мындайга жол берди, мунун өзү атеизмден өткөн коркунучтуу көрүнүш». Угуп жатасыңбы?!

– Ооба, угуп жатам, угуп жатам.

– Мындан кийин сенин текстинди келтиришет. Билесиңби, Арсен, конференцияда чыгып сүйлөгөндөрдү теледен беришкен. Мен окуп берейин, сен мындай деп айтыптырсың, булар шилтеме кылышыптыр: «Азыркы массалык маалымат каражаттардын жер жүзүндөгү тендешсиз маанисине өзгөчө мамиле жасоо, аны туура түшүнүү керек. Ошондуктан мен доордун калыптанып келе жаткан маалымат мейкиндигинин бүгүнкү күндүн талабына ылайык маанисин жана жоопкерчилигин гана эске албастан, өткөн замандын көчмөн философторунан мураска калган түшүнүк катары сөздүн ар тараптуу маанисин, түпкү маңызын аңдап сезүү үчүн эзелтен калган элдик метафораларга кайрылгым келет. Ушул өңүттөн караганда, мен дүйнө диндеринин үстөмдүк кылып жаткан жоболорунан алда канча мурда айтылган, көчмөндүк мезгилге чейин эле кыргыз-казак поэзиясынан орун алган бир накыл сөздү келтирейин: «Көк асманда Улуу Сөз бир Кудайды кайтарат да, Сөз Ай-Ааламдын сүтүн саап, ошол сүт менен адамдарды укумдан-тукумга багат. Ошондуктан Сөздөн тышкары, Сөз чегинен сырткары Кудай дагы, Аалам дагы жок, жана да ушул жарык дүйнөдө Сөз күчүнөн ашкан күч да, дагы жалган дүйнөдө Улуу Сөздүн алоо кызыл жалыны менен ашып-ташкан күчүнөн күчтүү жалын да жок». Бул ошо кездеги көчмөн элдин ойчул философтору менен бу дүйнөнү ат жалынан караган төкмө-ырчылардын акылынан жаралган накыл ой.

– Баары туура. Биздин молдолор менен попторго мунун эмнеси жакпай жатыптыр?

– Сенин элге жарыя айтканың. Сенден үзүндү алышып, мындай Кудайды танган, кыжыр кайнаткан нерсени теледен эмне үчүн беришет деп, жалпы маалымат каражаттарына жабышып жатышыптыр. Түшүндүңбү?

– Түшүндүм. Чынын айтканда, мен алардан мындайды күткөн эмесмин. Кеңири ой жүгүртүшөт деп ойлогом. Бирок мен бул маселени жакшы билемин.

– Жакшы. Эми кандай кылабыз?

– Кандай кылсаңар ошондой кылгыла.

– Макул. А бирок Арсен, сенин жолдо экениңди билип туруп эмне үчүн телефон чалып жатканымды айтып коёюн. Динчилерди биз колдойбуз, талабын аткарабыз, алардын катын биринчи бетке берели деп жатабыз. Туура түшүн. Сен экөөбүз кайра куруудан бери кол кармашып биргебиз, а бирок биз агымдан тышкары калбашыбыз керек, гезитибиз отуруп калат. Акчасын айтып жатам. Түшүнөсүң да. Кыйытып айтып жатышат. А биздин «безге сайгычыбыз» ким экенин өзүң билесиң.

– Түшүнөм, түшүнөм. Силер эле эмес, жакында бүт маданият анын чеңгелинде болот. Кааласа бар кылат, каалабаса жок кылат.

– Демек, сен бизге таарынбайт экенсиң да.

– Кенедей да. Ошондой кыла бергиле, а мен болсо өз пикиримди коргоп алам. Чындык үчүн өзүнүн жолу табылат.

– Болуптур, о'кей! Сен туура түшүн, Арсен. Мындай иш жыргагандан болуп жаткан жок. Буга чейин деле тигил бука моюндарга анча жакпай калган макалаң болду эле го?

– Кайсыл макала?

– Орусия гезитиндегичи.

– А-а, ооба.

– Анын темасы эле шумдук болчу. «Байлык менен бийликке кутурган иттей жутунуу!» Макала деп ошону айт, таш доорунан биздин күндөргө чейин...

– Ооба. – Арсен Саманчин көңүлкош жооп берди. Ал анткени ошо макала да чагымчылардын тилин буудай кууруткан. Эриксизден ошону ойлоду. Мына эми алар поптор менен молдону жумшашыптыр. Муну жасагандардын баштында баягы Эрташ Курчал турат да. – Мейли, Кумаш, эске алам. Жөнөйүн, жакшы кал!

– О'кей, Арсен! Мен сага үйрөтмөк белем, эмнеси болсо да тегерегинде болуп жаткан иштерди байка. Макаланы бере беребиз, башка айла жок, кудайчылар биздин босогобузда турушат.



– Кайдагы кудайчылар, көз боёмочулар!

– Ооба, мен жөн эле... Эмнеси болсо да жол сырын жакшы билесиң, кайсыл жер өр, каери ылдый, кай жери тик кыялап кетери сага таамыш. Жолуң шыдыр болсун!

– Ыракмат. Жөнөдүм. – Арсен ушинтип жооп берип жатып тигинин кандай мааниде айтканын, жолдонбу, же турмуштан сак бол деп жатабы деп бүшүркөй калды.

Андан кийин дагы эки жолу телефон шыңгырады, жайынча экен.

Андан кийин бир гана жолу, машинага май куйганда кармалды, анын үстүнө тоону чырмаган ойрума жолго жакындап калган. Ойрума жол оңой болбогону менен бир чети кыял козгогон романтикалуу жайы бар. Жайы менен курусун, эч нерсеге алагды болбош керек, машинаң ыл-

дамдыгын азайтып ыйлайт. Көз оту жолго кадалган Арсен Саманчин медиафорумда сүйлөгөн сөзүнүн атайы бир тараптуу түшүндүрүлүп берилип жатканы түйшөлтпөй койгон жок. Мындай болорун ал ойлогон да эмес. Анткени ал далай-далай конференцияларда талаш чыгаруучу ойлорду айтып жүрөт, а бирок мындай бет тырмарлык уюшма биринчи ирет болуп жатканы. Атайы ар нерсени эске алып, ойлонуштурулуп жасалган иш. Арсен Саманчин жарым жолдон кайра кайрылбас зарыл иш менен кетип баратат, ойлогонун, жаман болсо да дил тереңинде даярдаганын өзүнөн башка эч бир жан билген эмес, эми минтип өзүнүн маңдайына жазылган жалгыз байлыгы кайра өзүн басмырлаганга, анан да башка бирөөнүн тагдырындагы трагедияга чайкоочулук кылганга, байлыгы менен баса көктөп басмырлаганга көнгөн немелер эми минтип жол үстүндө тим койбой сары изине чөп салып артынан түшүп, каратып туруп каралаганга көчүгүнөн түтүн чыкканча шашып жатышат. Ушунчага жетишкен соң, шашпай тур, араб ханзадалары менен ишти бүткөн соң ачыктан-ачык бул кармаштын аягына чыккан оң.

Учуна чыккыс узун жолдо ушинтип кыска, так ойлонду да, өзүн өзү сооротуп, кас адамын, анан өзүн өлтүрүү керек деген кайра жанбас чечимин тезинен аткаруу гана калганын эң туура деп баратты...

Бу да болсо маңдайга жазылган иш, ал ойлордон арылуу ага тозоктун торундай туюлду. А балким, бул да тагдырдыр?.. Ооба, жол жүргөнүнө төрт сааттай болуп калды, тааныш, бала чактан бери канына сиңген, киндик кан тамган

жери көз алдына жакындап, анын ой туманы баскан аза бою Туюк-Жар айылынын деминен улам жеңилдей баштады. Бир саат калды, андан соң айылына кирип барат. Ошентсе да ушул азыр, канчалык андан алыстаган сайын, унутула баштаган балалыгына жакындаган сайын эмнегедир улам кайра Айданага жолугууну самап, аны менен баштагыдай эзилише баарлашууну каалап баратты. Анысы аз келгенсип, аны бир-эки күн болсо да Туюк-Жарга өзү менен кошо келсе, сейрек машинага айланып бараткан Арсендин «Нивасына» отуруп алса, ал ага кайда жана эмне үчүн айылына баратканын жол бою божурап айтып берсе деп кыялданды. Эмнеге антти, өзү да биле албады. Анткени ал жолго чыгар алдында ага телефон чалган, анын «алло» деген үнүн уга албасына көзү жетип турса да ошенткен. Жүрөккө жетип бойду алган үндү, бир убакта угуп жатып кайра угууну эңсеген үндү уга албаган. Ошондой болмок, тигиниси азыр супер-тагдырда, супер-шоумендин кареги кадалып бапестелген тагдырда, ал тагдыр, ал турмуш ал экөөнү үн алыштырмак беле! Ошону айтсаң, ал аны менен кыялы менен гана, самандай сапырылган санаасы менен гана сүйлөшө алат. Андан башка ага айтар сөз да, аны көздөй басар жол да жок. Азыр ошентип туру.

...Айдана ийинине ийинин жөлөп, ай нурундай бети тамылжып, бул дүйнөдө ал гана жападан жалгыз бактылуу болуп жанында отурду. Бу дүйнөдө ал гана, Арсен Саманчин да эмес, Арсен Саманчин үчүн ал гана бактылуу болчу. Ал көз кыйыгы менен аны карап келатты, ал чын эле бактылуу да, чын эле сулуу да болчу.

Ооба, бу дүйнөгө аял болуп жаралган соң сулуу жана бактылуу болбой койгондор, күйөөсү күндө мээсин жеп, күйөөсү күндө күйгүзүп тургандар, Жаратканды алдагандар, алар өз сулуулугун, өз бактысын табышы керек. Алардын таалайы маңдайында ыйлап турат. А Айа болсо табиятынан сулуу, бою да, дене түзүлүшү да, айтор, сымбаты сыртына чыккан, карлыгач канат кашына жарашкан карагаттай көзү моймолжуп, ар дайыма жылдыздай жанып турчу. Баарынан да Арсенге анын коюу, далысынан ылдый төгүлгөн чачы жакчу. Канча жолу жыттап, канча жолу сылабады. Көздөрү күлүп, жүзүнө кызгылтым нур толкуй калчу. Ал эми үнүчү! Айта көрбө, таң атар алдындагы кулак кескен жымжырттыкта чыккан жылаажын добуш. Жалгыз гана Айага, ооба, жалгыз дүйнөдө жалгыз гана Айага ушундай үн бергени үчүн Кудайга ыракмат айтуу керек. Туурабы, Айа, туура деп койчу! А бирок мен сага түшүнөм, өзүмдү күнөөлөйм, негедир өзүмчө кемсинем... Неге антеримди да билбейм. Балким, сен... Ооба, сен бирде тигинде, бирде мында коюлчу диск катары пайдаланылып, акча тапкыч шылуундардын, шоумендердин колуна түшүп кеттиң да. А мени болсо... айталбайм, жалдырак деп жалдыратып жолго таштап кеттиң го. Мунун баарын ыңгайы келгенде кийин айтамын.

– Токто! Сен кайда? – Рулдагы Арс чочуп кетти, анткени анын жанында Айа жок болчу.

Тууган-урук деген негизинен ушул айылда, бир тууган эжеси, уста жездеси, жээн-таяке, ини-карындаш, эки ата, үч ата өтүшкөн туугандар, айтор, ошолордун баары, айрыкча кан жол-

ду карап, саат, мүнөтүн санап Бектур аганын өзү күтүп отуру. Убакыт деген ошондой, араб ханзадалары беш күндөн кийин, 17-июлда, саат 17де өздөрүнүн менчик самолёту менен Олуя-Атага келет. Ал маселенин бүт бардыгы, кетерине чейин аэропорт кызматы интернет аркылуу макулдашылган. Самолёт жана анын экипажы ушул жерде, Бектур Саманчин айткан «аирпортто» болот, алар үчүн менчик самолёт деген сенин алдагы «Ниваңдай» эле. Кыскасы, Бектур аганын бизнес-планында кыбыр эткендин бүт бардыгы бар. Ушуларды ойлоп баратып кайрадан Айасы жанында отуруп калды. Кызык, ал ушинтип элестеткенди эмнегедир жакшы көрөт.

– Кайда баратасың, Арс? – деп сурады анысы.



– Ой, кечирип кой, Айа, – деди мунусу рулду тегерете. – Мен сага телефон чалып ала албай койбодумбу. О-хо! Сен баягы көйнөгүңдү кийген турбайсыңбы, эсиңдеби, Хайдельбергдин сейилбагы, сага ушунуң аябай жарашат.

– Билем, ошол үчүн сактап жүрөм да. Атайы сен үчүн кийип чыктым, Арс.

– Кайда дейсиң да, көрбөй жатасыңбы, тигил жакка баратабыз. Келгин, тамашасы жок сүйлөшүп алалы, бир нерсе кылыш керек?! – Арсендин үнү башкача чыкты.

– Сүйлөшсө сүйлөшөлү.

– Анда мындай, эстеп койгунуң, ойлонбосоң иш жаман болуп калышы мүмкүн. Сенин жашооңо тиешеси жок, бирок...

– Эмне бирок? Сага тиешелүүбү?

– Мага эле эмес.

– Анда эмне? Айтпайсыңбы?

– Билесиңби, Айа, сен акылдуу, сулуу, күчтүү аялсың. Кудай сага бүт баарын берген, ырдасын деп эч кимде жок үн берген. А бирок сен Кудайдын бул жакшылыгын актап жатасыңбы?! Жок! Азыр сен Бизнес-Кудайды Кудай кылып алгансың, анындын аты Эрташ Курчал! Курчал-Мурчал! Каргыш алсын ошону. Ал жөн эле семирген чанач бай эмес, ал деген шоумендин кементайын кийип алган азезил. Ал өзүнө иштебегендерди жеп ийчүдөй жек көрөт. Муруну менен жер казган чочко.

– Койчу, Арс, жолду кара!

– Кабатыр болбо, бүт баары жайында.

– Машинаны кыйын айдаймын деп сен бир жолу мактандың эле.

– Ошондой болсо ошондой да. Мен оюмду аягына чейин айтайын, сен жакшылап ук. «Байлык менен бийликке кутурган иттей жутунуу» деген макаламдын темасын окуп эле тигил жырткыч менин эмне деп жазганымды тумшугу менен сезиптир. Ал макала Москванын гезитине жарыяланган.



– Мен окуй элекмин. Ал макалада эч кимдин аты аталган эмес деп жүрүшөт го?

– Ооба, мен бирөөнү жаманатты кылайын деген эмесмин. Кептин баары ошо аталбаганында болуп жатпайбы. Сөз негизинен байлыкка ээ болуунун оорусу жана бийликке жетүүнүн кошоматчылыгы жөнүндө болгон. Автордук подтекст ушундай. Бийликти жакшы көргөн адамга баары бир, түз жетүү да, аны сатып алуу да ага бирдей. Бийликке байлык абадай эле керек, ансыз дем алалбай калат, мен ушуну айткам. Азыр адам турмушу ушундай. Бийлик менен

байлык бири-бирисиз жашай албайт, ал экөө бирин бири колдойт, бирин бири таяныч кылат, кимдир бирөө анын убайын көрөт, кимдир бирөө каргышын айтып кара жерди жазданат. Байлык аркылуу бийликке кызыл көз болуп кызыккандар, тескерисинче, бийликке жетип байлык деп башын ооруткандардын тилек-мүдөөсү ар кандай жол менен аткарылат. Ал эми тигил, биздин тигил немебиз менин макаламда өзүнүн көралбастыгы, кастык мамилесинин маани-маңызы ачык айтылып жаткандыгын дароо эле сезди. Башы бар көк мээ да.

– Ой, Арс, антпечи, сени дайыма эле лекция окутуп койсо... Андан көрү жолду кара.

– Коркпой эле кой. Сен жакында байлык менен бийликтин жаралганда эле жаны бир, бири-бирисиз жашай албаган эгиздер экенин көрүп көзүң ачылат.



– Сен эмне, дагы эле социализм деп жатасыңбы? Аны да көрбөдүк беле?

– Кеп ал жөнүндө эмес.

– Анан эмне жөнүндө?

– Сен экөөбүз базар Кудайына сыйынып, анын курмандыгы болуп калдык. Туурабы?

– Ооба, бүт баарын сен гана билесиң! Кыйнаба мени...

– Эмне унчукпай калдың? Капа болуп жатасыңбы?

– Ооба! Токтот машинаны! Болбосо секирип кетем. Болду! Мени тим эле жабышып калды деп ойлойсуңбу?! Сен бүт баарын билесиң. Мениин жандүйнөмө канжар сайганыңды токтоткун. Айлам жок ушуга барганымды түшүнөсүң, карыган ата-энем жадегенде пенсия алышпайт.

Жалгыз кызымды алар багып жатышат. Муну да жакшы билесиң. Кызымды башкаларга бергим келбейт, өзүмдүн болсо убактым жок, керээлден-кечке жиндилерче тытынып эстрадада жүрөм. Сен мага боор ооруп жатканыңды да билем. Кызкайып үчүн дагы эле күйүп, дагы эле кайгырып жүргөнүңдү түшүнөм. А бирок сен бу дүйнөдө жалгыз калган идеячыл болсоң мен эмне кылайын?! Жок, бизде эч нерсе жок!..

– Эмне жок. Сен эмнени айтып жатасың?

– Мындан ары көрүшпөйбүз, мен ошону айтып жатамын.

– Эмне үчүн көрүшпөйбүз?

– Сенин оюнча мен ошондой туругу жок болоюн, аны сага түшүндүрүп беремин. Сөз жүзүндө башка, иш жүзүндө башка болгон турмуш деп өзүң деле күйүп-бышып жүрөсүң го. Ооба, ошондой. Сен жалгызсың, а тигинин бизнес-гареми бар, мен аерде жалгыз эмесмин, мендейлер толуп жатат, жүгүрүп жетпей жүргөндөр канча, акча, акча жүгүртүп, акча жүгүнтүп жатат. Эстрадалар менен «Лимузиндердин» ээси сага жакпайт, көрө да албайсың. Андан эмне чыкты? Аны мурда эч ким билчү эмес, азырчы! Азыр баары тааныйт, бүт бардыгы колунда. Ооматы ооп турат, түшүндүңбү. Бүттү анда!

– Ооба, бардыгы бүттү, Айдана. Бүт баары сен айткандай. А бирок мен ага баш ийип бербейм, ойлобой эле койсун. Жакында сен бир нерсени билесиң, мен ошол үчүн жолдо баратам. Эмне болду? Сен кайда? Кайгырбай эле кой, сенде күнөө жок... Акча Кудайы болуп калган базар мезгили күнөөлүү. Эй, сен кайда? Кайдасың, Айа?..

Айдана кайып болгондой жок. Жанында жанаша отурган, а бул болсо ар нерсени айтып келаткан, а бирок жолдон көзүн алган эмес. Караса эле жок, машинадан секирип кеттиби? Көз ирмемде бар эле да, көз ирмемде жок калды. «Нивасын» токтото коюп, сыртка чыкты да, жолду карады, жан көрүнбөйт. Анан ал ошо замат баятан бери анын элеси менен сүйлөшүп келатканын шак эстеп, алаканы менен чекесин чаап, мыскылдуу жылмайып алды. Ошентип кайрадан жол улады. Өзүнөн өзү эле акылдан ажырап, дал Кемчонтойдун өзү болуп, жок киши менен бар кишидей сүйлөшүп келатканына айран-таң калды. Ооба, дил-оюнда ал өзү эки адамга айланып, дегеле ага мурда болбогондой мамиле жасап, баарлашып жатканы кызык болду. А балким, аны маң кылган махабат дарты менен кекиртегин кесе муунткан ыза-кусалыктын күн көргөзбөс күйүтү күчөй берип, акыл жөөлүтмө оорусуна башын байлап салгандыр. Айтор, ал аягы жок, башы жок, чеги менен чети жок мейкиндикти жара тилген жол үстүндө кете берди. Жанагыл элестетип сүйлөшүүлөр дилинде ойлонгону болсо да акылга сыйбас иш болчу, а бирок аны өзүнөн башка бир да жан билбегендиги Арсендин абийирин сактап калды. Ошонусу жакшы болду. Сөз бекер айтылбастыр, бу дүйнөдө элдешпей кек сактагандар тигил дүйнөдө бирин бири кечиришип, кыйбастардай кучакташып табышат деп жүрүшпөйбү, балким...

Ошентип Арсен Саманчин киндик каны тамган айылына жакындап калган эле. Туюк-Жардын өндүрү өр тартып отуруп тоолорго кетет, а

айыл болсо ана, чатырлары шиферленип жабылган тааныш үйлөр, короолордун тосмолорунан бери көз кусасын кандырып, аны тосуп чыккандай ага жабыла жакындап келет. Толкунданып кубанып алды, кубанганда да жана жол бою жанын жанчыган баш тегеретме ойлордон кутулуп, анын баарын бир көргөн түштөй унутуп, көңүлү көгүчкөн канатындай шаттанып, дене-бою агарып аткан таң болуп келе жатты. Анткени ал жарым жылдан бери бул жерге келе элек эле. Колунда Кокон базары болбосо да, аны айыл сыйлайт, ошол үчүн жолдогу кыштактан май куюп, машинасын камбылдап алган.

Жол карап күтүп жатышкан. Ал короого кире бергенде эжеси Кадича менен жездеси Ормон көрө калып, алдынан тосуп чыгышты да, ай-буйга келбей кучакташып, ал-жай сурашып учурашты, уста жездесинен кызытылган темир менен дөөшү жыттанып турду. Эжеси байкуш жетине албай эркегенден ыйлап да жиберди, анысынан да ит сатат деп ичинен түтөп намыстанган Ардакты, анын бала-чакасынан бери эбедейи эзилип сурап жиберди. Айтор, туугандары аны агынан жарылып тосуп алышты. Араб ханзадалары менен тартынбай сүйлөшө турган тилмеч Арсен экенин бүт баары билип алышыптыр. Мына, баарынан чый-пыйы чыга уйку качыра күткөн Бектур ага арадан беш мүнөт өтүп-өтпөй өзү келди, антпесе болорбу, Арсенсиз анын колу чолок, тили жок болмогу турган иш го. Ошол үчүн минген атын ойдолотуп келип туру.

– Ой, Арсен, – деди каргылданган үнү менен, – сени аябай күтүп, эртеден кечке жол карап отурбадымбы, убагында келип калганың

жакшы болду. Иш сүйлөшкөн боюнча жүрүп жатат, баары даяр. Меймандардан факс келиптир, мынакей, окуп чыгып которуп бересиң да, бүгүн эс ал, жол басып келдиң. Эртең башка да жумуш толтура.

Эжеси дасторконун белендеп турган экен, чайга отурушту да аны-муну акылдашып сүйлөштү. Ал ортодо кошуналар да учурашканы баш бакты. Балдар болсо жүгүрүп келип, «Ниваны» тегеректеп жүрүшөт. Ушу арада күтпөгөн да иш болду, Таштанафган деген классташы менен ойдо жок жерден көрүшүп, чер жазыша сүйлөштү. Анын чыныгы аты Таштанбек, армияга чакырылып, анан ошондон ары толук үч жыл Ооган согушунда болот, жеңил жараланат да, төшүнө орден тагынып, айылына алты саны аман келген. Ушундан улам айылдаштары аны Таштанафган, а үйүндөгүлөр болсо кыска гана Ташафган – жаны таштан жасалган деп эркелетип атап алышкан. Ооба, тоолук кыргыздардын турмушунда ат коюунун өзүнчө кызык салты бар. Темирбек, Темиркан, Темиркул деген аттар кеңири тараган, анда баланын жаны темирдей бек болсун, оору-сыркоо, жамандыктын алы жетпесин деген түшүнүк бар. Жаңы төрөлгөн балдарга ата-энелери күчтүү, чымыр чоңойсун деп ырымдап, тилек тилеп, ишеним байлап берилген аттар чын эле ошондой болот, алардын тагдыр-турмушуна белги-таасирин берет. Таштанбектин тагдыры да ошондой болду, дени сак, чымыр чоңойду, кийин балтыры каткан боз улан кезинде айылдагы балбандар менен күч сынашып жүрдү, андан Ооганстандын киши баспаган тоолорунда согушту, алтын башы аман кел-

ди, эли-журту, тели-теңтушу дегендер анын эсен-соо кайтканына сүйүнүшүп Таштанафган атап алышты, бир чети тагдырга ыраазылык болсо, экинчиден, анын өзүн сыйлап эркелеткендик, жакшы көргөндүк. Мунун тарыхы ушундай.

Арсен Саманчин экөө ары айылдаш, ары бир уруудан, классташ, айтор, балалыгы бир, ынак достор. Кийин алардын жолу бөлүнүп кетти, Арсендин студенттик жылдары Москва менен Ленинградда өттү, андан ары аны турмуш биротоло шаардык кылып салды. Таштанафгандын тагдыры андай болгон жок, оболу облустун борборундагы айыл чарба техникумунун агрономдук адистигин бүтүп жатканда аскерге чакырылды, жөө аскерлер бөлүгү менен Ооган согушун башынан кечирди, Горбачевдун мезгилиндеги аскерлерди чыгаруу кезинде, кудайга шүгүр эли менен эсендикте көрүштү. Колхоздо иштейин деп жатканда демократиялык реформа дегени жолдон чыгып, жер менчиктештирүүсүн жапырт жүргүзүп ийди. Ошондон бери Таштанафган эл катары өзүнө тийген үлүшүнүн аркасы менен өлбөстүн күнүн байлык көрүп жашоодо.

Арсен Саманчин классташы жөнүндө мурда минтип эстечи эмес, азыр неге ойлоп отуру? Бүт бардыгы эжесинин сөзүнөн чыккан. Инисинин келгенине жетине албай, анын үстүнө айылдагылар бул мертебе аны кандай күтүп жаткандыгын жан-алы калбай сүйүнө айткан:

– Сени жакындардын бардыгы күтүп жатышат, келдиби деген эле киши. Таштанафганды билесиң да, чогуу окубадыңар беле, ошо сени үч жолу келип сурады.

Ушинткен, айтор, аны асмандан түшкөндөй эле күтүп алышты. Бирде тигиниси менен, бирде мунусу менен сүйлөшүп, сурагандарына жооп берип, ал-жай сурашып дегендей жаны тынган жок. Бектур ага менен кошуналардан башка айылдаштары аны баштагыдай эле байке дебей, жаңыча, кызыгың кургур, «шеф» деп калышыптыр. Билбегени жок бизнес дегениң бу жерге да өзүн таанытып, кандай мамиле кылышты үйрөтө баштаптыр. Ооба, бүт дүйнөдө ушундай, ар бир бизнестин өзүнүн шефи болууга тийиш. Ошондо Таштанафган Бектур шефтен кийин учурашканы келген. Айткандарына караганда, булардын көрүшө элегине мына эки жылдын жүзү болуптур, сагыныша кучакташып, акыбал сураштты. Таштанафган шондо мындай деди:



– Шаарда силердин ар бириңердин телефонуңар бар, каалаган кезде сүйлөшө бересиңер. А биз телефон дегенди көрө да элекпиз, анын болоруна да ишенбейбиз. Дагы жакшы, Арсен, айылда электрдин болгону, Совет мезгилинде тартылган, ошол күн көргөзүп жатат. Жанагы чөнтөк телефон дегени шефтин өзүндө гана, анан эки жардамчысында да бар. Сен аларды билесиң, Бөрүбай менен Жанарбекти, мектепке чогуу барчу элек го?

– Билем, аларды кантип билбей калайын, – деди Арсен ага жылмая. – Чөнтөк телефонду болсо, араб ханзадаларын барстарга мергенчиликке алып чыксак, колуңа жакшы эле бирдеме тиер. Шеф Бектур ага экөөбүз бул ишти ийнежибине чейин сүйлөшкөнбүз. Ошондо а киши барс айдакчыларынын башчысы деп сени айткан. Иш татаал, таштан-ташка секирип, аска-

ларга чыгыш керек. Барсыңдын башы жарылып, жүрөгү түшкүдөй ач айкырык салуу зарыл. Андай сапат, андай үн сенде бар. Оогандан топтогон тажрыйбаң мына ушу жерге керек. Бектур ага өткөндө сени оозунан түшүргөн жок, демек, маянаңа телефон эле эмес, самолёт сатып алсаң да жетет. Айтор, барстар буктурмага түшүп берсе болгону.

– Аны көрөбүз, – деди Таштанафган ийинин арсар куушуруп. – Кандай болор экен? Сүйлөшөбүз да. Бирок Арсен, кандай болгон күндө да бу мөңгү барстары биздеги өтө сейрек жаныбарлар. Ушулар жөнүндөгү жомокторду угуп чоңойбодукпу. А чөнтөк телефонуң шаарларда капкап болуп турса керек.

– Сеники чын. – Арсен ага ичинен ийип макул болду. – Азыр алар бизге жомок эмес, өзүң көрүп жаткандай эл аралык чоң бизнес. Ошон үчүн барстарды араб мергендерге өзүң айдап келгени жатпайсыңбы.

– Чоң бизнеси чоң бизнес дечи.

– Шеф Бектур ага силерди беш адам деген. Аларга сени бригадир өңдүү баш-көз болот, алардын ар биринин алдында аты бар деп айткан. Ат үчүн да төлөнөт.

– Ал туура дечи. Бешөөбүздүн тең аттарыбыз тың. Алар аткарар иштер аз эле, илбирс менен барс жүргөн жерлерге ат жаныбар барчубу. Аскарын ак кар, жапсарын көк муз баскан тоолордо жөө-жалаңдап, өңүттөн-өңүт кубалап, шырп алдырбай, жыт бербей жүрүү керек. Ошентсе да аттар пайдаланылат, алар үчүн жарытпаган эле акы төлөгөнү жатат. Бизнес бизнес болгондон кийин үзөңгү боо үчүн да төлөнүш керек. Мейли эми, эртеге чейин. О'кей!

– О'кей!

Таштанафган короодон чыгып баратып, унутканы эми эсине түшкөнсүп ойлоно токтой калды да, анан кайра бурулуп:

– Арсен, бир мүнөткө токтой тур, – деди.

– Ии, унутканың эми эсиңе түштүбү? Кулак сенде.

– Мындай туралы, Арсен. Сен биздин өз кишибизсиң, бүт баарыбыз ушул жерде төрөлүп, ушул жерде эр жеттик. Жат адамга жаткан ташын бербейбиз. Арабдарга эмне, биздин тоолорго келип, көңүл ачып сайрандап кете берет. А биз ошону ойлонушубуз керек. Жанагы сен айткан бешөөбүз сени менен отуруп сүйлөшөлү дегенбиз. Мындай учур болбостур. Айтмакчы, шефтин тапшырмасы боюнча сага ат даярдап койгонбуз. Араб ханзадаларынын жанында дайыма жүрөсүң, аяк-биякка чапкылап каласың дегендей. Айтор, сага ат мыктысын камдадык, ээр-токумун да ойдогудай тандадык. Шефтин сөзү эки болмогу жок. Ошону барып көргүнүң, минип алып ары-бери бастыргын, анан чай үстүндө сырдашалы.

– Макул, Таштанафган, барайын, бүт бардыгы сен айткандай болсун. Бирок качан? Убакыт табыш керек экен, бизнес-план боюнча жылчык табылар бекен? Шеф менен кеңешиш керек экен.

– Мен дагы ошону айтып жатамын, азыр биз бизнес-план менен гана жашап калдык. Бүгүн 12си, арабдар 17синде келет. Эртең сүйлөшсөк кандай болот? Андан кийин кол-жолубуз бош болбойт. Тоого чыгып келели, ойноп эмес, жер чалгындайлы, өңүт кайда, куугун кайдан болот,

ошону акылдашалы. Атаңкөрү десең, болгону атабыз таанымак турсун бир көрбөгөн эки араб келе жатат, а биз болсо бүт айылыбыз менен кымгуут түшүп даярданып жатабыз. Күлө турган киши жок, ой тобо.

– Бизнес-план ошондой да.

– Ошондою ошондой экен. Ансыз кыймылдаганга да, өлгөнгө да мүмкүн эмес, капырай. Мейли эмесе, бешөөбүз сени күтөбүз. Ай, ата, дагы унутуп бараткан экенмин, алар мал баккан жигиттер, сени менен жолуксак деп көздөрү төрт болуп отурушат.

– Жолугайын. Шеф менен макулдашайын.

– Ошент, бирок кечеңдетпегин, классташтарым менен деп айт. Ичмей-жемей деген бу жолу болбойт, аны башка жолу жасайбыз, беш куугунчу тигилерге ушинтип айттык. Иш маанилүү эмеспи.



– Убара чекпе, Таштанафган, мен деле ичкиликке жокмун, – деди жай гана. Анан анын баягыл шайтандары азгырып, жакында эле «Евразия» деген ресторанда бир стаканга кырынан куюлган арак ичкенин мактана айтып жибере жаздады да, а анын не себептен болгону ошо замат мээсине тикенектей сайылып, жаагын жап кылды. – Бир мектепте окубадыкпы, чогула турган, сүйлөшө турган жайыбыз бар.

– Ошондон айтып жатам да, Арсен, болбосо... Не болсо да беш айдакчыны билип кой. Саксаңды тааныйсың да, чогуу окуганбыз, мурда мугалим болчу, эсиндедир, биз аны Саксагай деп жинине тийчү эмес белек. Педокуу жайын бүтүргөн, дене тарбиядан сабак берчү.

– Ооба, ооба. Кантип билбей калайын.

– Ошо биздин Саксагай азыр жылкычы, мугалимдин акчасы менен жан багуу кыйын эмес-пи. Айла жоктон ошентти.

Ушу саам Саманчинден эмнегедир сөз качты.

– Саксандай адам болорбу, тагдыр карабай койду аны. Болбосо... Эки жылдай чааралекей канар сумка көтөрүп соода да кылды. Иши жүрүшпөдү. Кел, көчүк басалычы, сага Саксаң жөнүндө шашпай айтып берейин.

– Отурса отуралы. Анан?..

– Саксаң оңой тагдырга кабылган жок. Бала окутту, товарга жону жооруду, айтор, тагдырдын кеги бар белем, кабыргасынан түтөп отуруп калды. Анан жылкы багып кетти. Ошо турмушунан айтылган бир укмуштуу кеби бар. Айтууга кыйын, айткан күндө да өзүндөй болбос.



– Ал эмне деген сөз?

– Бул жердегилер ага анча деле маани беришпейт. Анткендиги биз деген башкалардын ишин жасап, отун жагып жүрбөйбүзбү. Антпейин десең элден чыгып каласың, очогуңдан от өчөт.

– Түшүнбөй турам, ачык сүйлөп, так түшүнтчү, байболгур. – Арсен тигинин табышмак сөзүн билгиси келди.

Ташафган сөз жоготкон адамдай карайлай калып үн катты:

– Көр сооданын айынан барбаган жери жок окшойт. Андайларды бу тагдыр үмүтүнөн жетелеп каалаган жерге алпарат тура. Ал ошо куу турмуштун айынан кулдай куурап жүрүп уккан окшойт. Араб өлкөлөрүн, жанагы мунай Кудайы болгондорду, бейиште жашаган эмират, сауд дегендерди желмогузундай жек көрөт. Саксаң-

дын айтканына караганда бу өлкөлөр мунайзаттын арам тамактары, Кудайдын бекер байлыгынын баасын атайы көтөрүп, ошонун эсебинен кутуруп жатышат. Анын оюу боюнча арабдар адам эмес, жер канын соргон жезиттер.

– Ооба, ошондой дечи. – Арсен Саманчин салабаттуу үн катты. – Бул баарына белгилүү, бүт дүйнөлүк кырдаал. Мунай долларларынын ооматы октой учуп, асманды тээп жатпайбы.

– Анын туура дечи. Араб байларын айтат. Биз укпаган, биз билбеген, түшүбүзгө да кирбеген иштерди жасайт экен. Дүйнөдөгү эң кымбат машиналардын жарышын Сахаранын кумунда уюштурушат имиш.

– Сахаранын?! – Арсен Саманчин уккан эмес окшойт, аны таңдана тиктеди. – Кудай ургурлар десе, мындайды билчү эмесмин. Тоолордо коркунучтуу жолдор менен жарыш уюштуруп тамашага баткандар бар эмеспи, ал эми эшилген кумда андан да кызык болсо керек.

– Ошол эле болсо мейли го. Элестетип көрсөң, Арсен, буларды Саксагай өз көзү менен, жана да телевизордон көргөндөрү боюнча айтып берген. Анын сөзүн укканда оозубуз ачылып, көзүбүз чанагынан чыгып кете жаздаган. Жарыштырган машиналары кандай дейсиң, ооба, тигинин айтканына караганда андайлар бизде жок, чөнтөгүбүз түгүл баштыгыбыз да жетпейт, шефтики да алардын жанында кол араба болуп калат дейт, бул жипти деле эмираттарданбы, Кувейттенби, айтор, ошо жактан айдап келишкен деп жүрүшөт. Жанагы супер жип жарышка түшкөн айдоочулар машыгып бүткөн немелер дешет. Бархан-сархандардан өтүп, кум чокулар-

дан секирип, айтор, машинаң жаны ачыган адамча боздоп ыйлайт экен. Кум жиреген машиналар алиги океандын толкунун алакандай тактай менен ойкуп-кайкып жиреп жүрүшпөйбү, ошондой дейт. Ошо шайкелеңдеткен тактайды эмне дечү эле?

– Албы?.. Серфинг болсо керек эле. Англисче айтылган сөз, мааниси деле жок. Анан?..

– Ошо шайтандай ойноктогон тактайга туруп алгандай болуп кум сапыра жарышышат. Ар бир жиптин жөнөгөн жери, жетер марасы өз-өзүнчө болот дейт. Марага акыркы болуп келгенди каражолтой, жолу катуу катары санашып, аны жок кылышат экен. Андагылардын бардыгы чогулуп, бензин чачып өрттөп салышат деди. Машина күйүп бүткөнчө ырдап, бийлеп, «каражолтой каскакты жок кылдык, ишибиз илгерилейт» дешип көңүл ачышып, шампан аттырышып куунашып, кыларга иши жок, бекерчиликте жүрүп байлыкка көмүлгөн арбак ургурлар ошентип сайрандашат экен. Акчага чиренген иттер да, эртеси кайра жаңысын сатып алышат дейт. Алар үчүн андай жиптин акчасы акча эмес, бекер жатып эригип машинасын өрттөп, кумарга батып, черин жазып алды да. Ошол ыракат экен. Карабайсыңбы, бир мезгилде бул акмактар ошол кумдуу чөлдөрдө төө минип, Кудай сактай көр, сөөгүм кумда калбасын деп барса келбестен Жаратканга жалынып араң жүрүшкөн көчмөн арабдардын тукуму экенин унутуп отурушат. Адам сыпатынан кеткен макоолор.

Арсен Саманчин нес боло акыл жоготту. Чекесине исириктеп чыккан терин жай сүрттү.

– Ошондой бекен? – Шалкы бош үн катты. – Андай болсо аларың акмак экен, көңүл ачуусу ошол болсо... Кылымдан-кылым Кудай деп, өлбөстүн күнүн көрүп, ошо кумду кечип тиргилигин өткөргөндөр эми минтип Теңирге жакпас иш кылабы?

– Ошону айтпайсыңбы?! Жер алдынан суудай агып чыгып жаткан акчадан улам көөп жатышат. Бу дүйнөнүн жалган-чынын ажыратар адам жок. Бирөөлөр тигинтип эрмек үчүн машина өрттөп көңүл ачып жатышса, башкалар, мисалы, мына бизге окшогондор мектепке барар балдарына бут кийим сатып бере албай томсоруп отурушат.

– Мен түшүнөм. – Арсен Саманчин аргасы качкан айыптуудай сүйлөдү. Анан кантмек, жанагы кыларга кылдай иши жоктор тигинтип тамаша үчүн «Жиптерди» өрттөп жыргап жатышса, башкалар минтип балдарына бут кийим сатып бералбай, алардын жалдыраган көздөрүн тике карай албай жер менен жер болуп жүрүшсө, турмуштун ушу карама-каршы көрүнүшү анын дилине канжар сайып, көңүлүн кароолонтту. Ырас, ал мындай сүйлөшүүнүн болорун күткөн эмес, кирди-чыкты сөздөр айтылат деген. Кыжыры кылыч миз болуп жаалданып алган Ташафганды жубатуу үчүн мындай деди:

– Болбогонго зээн кейитип, ачууланбагын, дос. Сени түшүнүп турам, аларга да кези келет, жасагандарынын жазасын алат. Жашоонун өз мыйзамы бар.

– Ооба, а мен ага капаланбайм. Уккан сөз, ошону гана сага айттым. А бирок Саксагай айтса чыдап угуш эң кыйын, кыжыры кайнап,

кайың ыйлап, тал сыздап, таш жарылып, суу күйүп жаткандай айтат. Карөзгөйлүктү жек көрөт, дили таза, пейили ак. Биз аныг түшүнөбүз, жашырганда эмне, араң жубатып, жүз грамм алып беребиз.

– Туура, бирок андай нерсеге көп деле көңүл бөлбөш керек. – Арсен аны далыга таптап койду. – Ал жактагы адамдардын байы бай, а бирок алар мен билгени биздей эле. Жанагы Кудайын тааныбагандар өздөрүнчө топтошуп кесири башын жээр иш жасап жатышса керек. Андайлардын сурагын Кудай өзү берер, а бизге келчүлөрдөн пайда көрөбүз. Алар олжолуу болсо, биз да бирдеме алабыз.

– Андай болсо мейли, биздин шеф иштин көзүн көргөн адам. Мына, баарыбызга бизнес-артелди ошо киши уюштурду. Мергенчилик иштин ооматы шамалдай болот, кармасаң кармадың, болбосо жок. Көрө жатарбыз.

Арсен Саманчин анын оюн иле калды да, ошо замат ага тамаша кошту:

– Кудай бизге ушу мөңгү барстарын бергенине ыраазы болуу керек. Алар бизде жок болсо мергенчилик да болмок эмес. Бектур аганын контракттары кайдан түзүлөт эле?..

– Ошо да, – деди ал. Эмнегедир добушу да, турпаты да олуттуу боло. – Биз барстарды саткан болуп жатпайбызбы! Андан башка эмне кылмак элек? Алар менен контракт да түзө албайсың.

– Катырдың! – Арсен Саманчин кырдаалды оңдоюн деп күлдү. – Барстар менен контракт түзөт дегенди биринчи угуп отурушум. Сөзүңө баракелде, өзүңө ыракмат. Эми эс алалы, мейлиби? О'кей?

– О'кей! Сени бир азга кармап койдум окшойт. Күн да кечтеп калыптыр, эс ал. Эртең жолугабыз, эсиңден чыгарба, макулбу? Сен мине турган атты ала келебиз.

– Жакшы, Ташафган, жакшы. Билесиңби, мага айтып аткан ат көргөзүүнү шаардыктар ат таанытымы болот деп коюшат.

– Ой, сен эң туура айттың. Ат таанытымы! Шефке ошентип эле айталы. – Анан ал коштошуп жатып минтип койду: – Ат го бар, а сенин өтүгүң барбы? Ат миниш үчүн атка жарашкан өтүк да болушу керек. Жок болсо ачык айткының, татыктуусун тандап жүрүп табабыз.

– Кам санаба, баатыр, эски өтүгүмдү ала келгем.

* * *



Ушуну менен бу күн да өмүрүн таштап бара-тат. Талыкшыткан жол азабы аны жаздыкка тартып турганда шефтин өзү – Бектур ага телефон чалып калды. Жана унутса керек, араб хан-задалары келери менен улуу тоонун этегиндеги Дасторкон өтөгүндө өргүй тургандыгын билдирди. Туура, жылдызы жерге төгүлгөн, айдын нуру ак жибек болгон бу керемет жаратылыш койнуна мындай даражалуу меймандарга эс алар жай ырастоо кыйын иш. Ошон үчүн эртең, майда-барат иштерди бүтүрмөккө түштөн кийин жолугушмак болду. Анан үч күндөн кийин араб мергенчи-меймандарын Олуя-Ата аэропортунан кантип тосуп алуу маселеси талкууланмак. Ошондон баштап Арсен Саманчиндин ким экендиги билинмек, келери кандай, дегени эмне, жакка-

ны кайсыл, айтор, күнү-түн дебей бул жердегилер кыргыз араб ханзадасынын көзүн карап калышмак. Анан да мергенчилик деген өзүнчө дечи, атат, кетет, а бирок аларын кандай адамдар, кыял-мүнөзүн, мамиле-жосунун ким билип коюптур... Айранга талкан чалгандай иш эмес. Бүт бардыгы Арсенден гана башталат.

Канткен менен Арсен Саманчин өз милдетин ак аткармак, ага жан-дилин берип койгон. Ошо телефондон кийин ал жаздыкка башын койду, кирпик кагардын алдында эмнегедир жанагыл Ташафгандын айткандарын кылт эстеп ийди. Эмнеге ал мынчалык туталанып алган? Ага кереги барбы? Кызык экен...

Жай бышкан кездин ал күнүнүн ошо маалында улуу тоолордун коюн-колтугуна кирген кара буурул жылан чаар түн карайгандан карайып, күн нуруна күлүп турчу капчыгайларды өтөк өйдө жутуп барат. Түн уюган сайын тоо туланын чыйрыктырган жай суугу кыштагыдай күчөөдө. Тоо турмушу таң күтүп, тиргилигин токтотуп өлүк түндүн койнунда өлүк сымал тунжурап жатат. Бул жердин жашоо-жазмышы жаралгандан ушундай, көз жашындай мөлтүрөгөн көк асмандын чачылган мончогундай жылдыздар магдыраган тоолорду кытыгылагысы келип, аларга барган сайын жакындап келет, ак шайы кийген булуттар да кыл чокуларды аяр сылай, жай каалгыйт, ак бермет шурукөбүгүн жээгине чачкан тоо суусу баш көтөрүп көз ачалбаган жымжырттыктын кучагында эркелеп жатты.

Ушул саат, ушул жакта, өлүмдүн жолу башталган Үзөңгүлөш ашуусунун алдында, суук

тумшук жек көрүндү болгон кайран Жаабарстын каңырыгы түтөп, кара башын кайда катарын билбей, таман тилер корумдан өтүп, дилыйын ыйлай сооротуп, кумурсканын изиндей үмүтүнө таянып, дагы бир жолу дагы бир түнгө калуу үчүн жатар жай издеп жүргөн. Анткени анын ашуу ашмагы дагы бир жолу азабын колуна карматып койду. Жол берер жай капортосунан ооп барат, ал болсо жок болот да, кайра келет, кайрадан жанын оозуна тиштеп, бу ажалдай ашууну ашып кеталбай кетет. Өлүмдөн башка токтотпос кармаштын аягы бу жолу да эртеңкиге калды. Шамал өткүс чер токойдогу куштардын түнү бою үн алышып чыкканы негедир ага жаккан жок, түн үкүсүнө да ошондой болду белем, тигилерди жактырбай күңкүлдөп тилдеп жаткансыды. Баарынан да Жаабарска буга чейин күндүзү да, түнкүсүн да угулбаган адамдардын тээ алыстан үзүл-кесил чыккан бир башкача добуштары азабоюна тикенектей сайылып жаткансыды. Кайдан келишти? Башталышы да, аягы да жок түбү тешик бу дүйнөнүн түндү күн, күндү түн кубалаган жашоосунда таш тагдырдын айынан ушул тоолорду кайгуулдап кезип жүргөн кайындалган Кызкайып менен Жаабарстын билери болуп билсечи. Сүйгөнүн күйүп издеген Кызкайып ушу азыр кайда болду экен? «Кайдасың сен, кайдасың сен, каралдым? Үн катып койчу, үн катып койчу мен үчүн. Мен Кызкайып – кайындалган колуктуң. Кайдасың сен, кайдасың деп, какшап жүрөм чакырып, сен деп чуркап, сен деп жетпей баратам. Сансыз таңды сыздап ыйлап атырып. Кайдасың сен, кайдасың сен, каралдым». Кызкайып бул мер-

тебе жаны чыгып бараткансып кыңкыстап онтоп боздоду: «Эми кандай күн келет да, эми кандай түн болот, ай?! Эми кандай түн келет да, эми кандай күн болот, ай?! Күн акырын – ала туйгансып ал эмнеден коркту экен?..

Жаабарс Кызкайыптын армандуу куса-күйүтүнө, безбелдектей безилдеп коркконуна чыдабай ордунан турду да, жойкун из менен башка жакка баш уруп кетти. Кызкайыптын муңарман кусасына, алда не сезип сыздаганына анын кандай тиешеси бар эле? Бир Кудай өзү билбесе...

## VII

Босого бойлоп турган алаамат бир Кудайдын өзүнө эле эмес, бу жалгандагы кимдир бирөөгө кыйыр болсо да, аян-белги аркылуу ишарат берет тура. Чети менен чеги жок кара жердин бир капталынан башка бир капталына – Кызкайып жашаган аймакка келип, Туюк-Жардын тоолорундагы барстарга мергенчилик кылууга кумар арткандар бар экен.

Арсен Саманчин ошо таңда эрте турду да, сакал-мурутун алып, кузгун жашындай мезгил кызмат кылган жуунгучтан жуунду. Эжеси анын таза сүлгү менен аарчынганды жакшы көрөрүн билчү, ошондой болду, айтор, анын көңүлү көтөрүңкү. Эртең менен сырткa чыгып, күнөстөп отурайын деп терезеден сыртты караган, аба ырайын айта көрбө, мээлүүн жели мемелеп, туулган жеринин жытын алып келген, чайыттай асман калкалап турган тоо кыркалары сүрөтчүнүн сүрөтчүсү тартып бере алгыс абалда

шаңкайып турган экен. Мөңгү барстары ушундай гана жерде болот. Аңгычакты чөнтөк телефону ыйлап ийди. Болду-болбоду шеф Бектур ага, кечээги сөздү уланта талкуулайын деп жатса керек дегиче телефондон таптаза англис тилинде сүйлөгөн үн угулду. Тоо койнунда али мынчалык англисче суудай билген адам жок эле, кайдан чыкты?

Үн жандуу, угумдуу экен, тартынбай сүйлөшсө болот.

– Ак таңыңыз кут берсин! Жаңылбасам сиздерде азыр таңкы убак го? Кечиресиз, сиз Арсен Саманчин мырзасызбы?

– Ооба, ооба! А сиз кимсиз, кечирип коюңуз, кайдан чалып жатасыз?

– А-а, менби, мен кайсы бир жагынан сизге кесиптеш болуп кетем, Хасан ханзаданын эл аралык байланыш кызматынын басма сөз катчысымын, атым – Роберт, жөн айткандай Боб Лукас. Таанышып алалы. Англис тилин суудай билет экенсиз, сиздердин эл менен сүйлөшкөндө өзүңүз тилмеч болуп бериңиз, анткени биз силердин жериңиздерге мергенчиликке баратпайбызбы? Угуп жатасызбы?!

– Эң сонун угуп жатам! Ооба, мен тилмеч болуп берүүгө аракет кылам. Кайдан чалып атасыз, Боб урматтуу!

– Кайдан болмок эле, урматтуу Арсен. Спутник байланышы. Дүйнөнүн каалаган жерине, каалասак космоско да чала беребиз. Биздин ханзада таксырлардын ошо космос орбитасында спутник байланышы бар. Качан, кайда жана кай жерден болбосун чала беребиз. Мына азыр мен алыскы Азия тоолорундагы сиз менен сүйлөшүп

жатам. Спутник байланышы ушундай, сиздердин мөңгү барстарыңыздарга мергенчилик кылганда алар менен акыбал сурашып койгонго да кызмат кылып калышы ажеп эмес. Кечиресиз, муну жөн гана тамаша үчүн айтып жатканым.

– Эч нерсе эмес, урматтуу Боб, күлүш да керек. А бирок барстар менен байланышууга болбостур...

– Ооба, ооба, мергенчиликте илбээсиндин көп болгону олжо го. А барс дегениң жолборстордой эле сейрек жаныбар, демек, таңсык товар, пайда санына жараша эмеспи. Улуу урматтуу ханзадалар аңчылыкты спорт деп карашат, ошондуктан сиздер менен биз болсо илбээсиндин саны көп болсо деп, илбирс-барстын териси жерге батпай жайылсын деп бир Алладан тилейли. Андай болгон учурда бизге дагы, сиздердин «Мерген» аңчылык фирмасына да жакшы. Фирманын эл аралык бедели көз ачканча көкөлөйт.

– Туура, Боб, туура.

Арсен Саманчиндин башына дагы башка ой келди. Карасаң муну, маалыматтык технология дегениң адам түгүл жырткычтардын ийин-ченине чейин жетиптир, аларды космостон аңдып турат экен да. Тоолордогу жан-жаныбар аттуулар спутник байланышы алардын сары изине чөп салып, кызмат кылып жатканын билер болсочу.

Басма сөз катчы Роберт Лукас сүйлөшкөндү сүйгөн жан окшойт, ага жагып калды. Иш да унут калган жок, мергенчилердин келиши, алардын тейлениши, айрыкча араб ханзадаларынын самолёттон түшүшү, анын жол-жоболору, тосуп алуу жөрөлгөсү, айтор, керектүүлөрдүн көбү

макулдашылды. Айтканына караганда алардын самолёту өтө жогорку даражадагы адамдарга ылайык келген «Боинг-727» деген экен. Экипаж аларды аэропортто күтүп турмай болуптур.

Ал бул сүйлөшүүдөгү зарыл маалыматтарды шеф Бектур агага кабарлоо үчүн кол дептерине жазып койду. Шеф азыр Дасторкон жакта, жай ырастагандарда, келери менен сүйлөшмөк. Макулдашкан сөз ушул.

Эми мине турган атын көрмөккө, өздөрүнчө анын таанытым шаанисин жасагысы келген Ташафгандын беш айдакчысына барыш калды. Барбаса да болорбу, ошо Ташафган, үрпөк чач Саксагай үчөө бир класста окуган, калгандары булардан эки-үч жаш кичүү. Эң башкысы бир айылдын кулундары, өз дегендер, анын үстүнө бир убакта бүт баары бир мектептен окушкан. Ошондой, а алар окуган мектептин шифер менен жабылган чатыры эскирип, анысы аз келгенсип жепирейип калганын кечээ келаткан-да байкаган, учкан уяң кайдан гана унутулсун.

Эртең менен Ташафган менен Саксаң саксагай келген маалда ушуларды ойлонду. Бирок алар классташтык баарлашууга гана эмес, аны башка бир ой менен да чакырышкан экен, Арсен Саманчин бул жөнүндө билген эмес. Мектепти көздөй жөнөштү. Жол үстүндө Ташафган тамашага чала айтып калды:

– Арсен, эсиңе алып кой, сени менен бир мектепте окуган досторуң азыр бойдокпуз.

– Кантип бойдоксуңар? Эмне болду? – Арсен чын эле таң калды.

– Бас, баса бер, корко турган эч нерсе жок, азыр айтып беремин.

Үрпөк чач Саксагай бир нерсени билгендей жылмая, баш чайкап койду.

– Биздин бойдок экенибизди бүт айыл билет. Болбосо сени мектепке эмес, үйүбүзгө чакырып сыйламакпыз да.

– Койгулачы тамашаңарды!

– Койбой эле, Арсен, сен биз үчүн кадырлуу адамсың. Кайдагы тамаша. – Ташафган кебин улай берди. – Азыр мектепке барабыз, аерде деген эч ким жок, бүт бардыгы каникулга кеткен. Кароолчусу бар эле, чөнтөгүнө акча салып, алигиден алып ал деп үйүнө жөнөттүк. Бала-чака азыр жайлоодо, ошон үчүн бойдокпуз. Ошондуктан алтообуз мектепке чогулалы, ээн-эркин сүйлөшөлү дедик. Аттар короодо. Ушундай. Ак-Сай суусунун өйүз-бүйүзү эсиңде чыгар, ошол жерлерди жайлайбыз. Мурунтан келаткан салт, азыр ал бизге өткөн.



– Ошондой да, а эмне үчүн андай болбошу керек? – Саксагай коштой калды. – Эркиндик! Кайда барсам өзүм билем, колхоздо белек!

– Ошо колхоздун жогуна өкүнөм. Мейли, ал арманды анан айталы, – деди Ташафган. – Бул жакка болсо шеф Бектур ага өзү чакырган, аңчылык деди, анда биз айдакчы болобуз, ага жарар иттерибиз бар. Билесиң да, Арсен, илбирс-барстарды тигилер атып алгыдай буктурмага кубалаш керек. Антпесе аларды атыш кыйын, атмак түгүл кароолго да илинбейт, капылет алдындан чыкса кол салуудан жазганбайт, жара тартып кете берет. Айдакчы жакшы болсо, мергенчинин канжыгасына олжо байланат. Ошондой болсо экен деп жайлоодон жетип келгенибиз.

– Анан дароо бойдок боло калдыңар. – Кеп төркүнүн түшүнгөн Арсен күлө сүйлөдү.

– Анан эмне кылабыз? Бирок мунун убактылуу экендиги өкүнүч болуп жатпайбы! – Саксагай үрпөк бурк этти. – Кайрадан жайлоого барабыз, кайрадан жүгөндү башка салабыз, пайда жок. Мал арзан, мээнетиң кайтпайт, ого бетер итке мине бересиң.

Арсен бир нерсе айтайын деп бараткан, Ташафган сөздү жулуп кетти:

– Мейли, Саксаң, бул жөнүндө анан сүйлөшөлү, сүйлөшкөндө да кызыл чеке түшөрбүз. А азыр башка жөнүндө ойлонолу. – Экөө тең үн дебей калды.

Ушундан улам Арсен аларга эртең менен ханзада Хасандын басма сөз катчысы Роберт Лукас Эмираттан телефон чалганын, кандай сөз болгонун айта баштады. Бул аларды мынчалык кызыктырат деп ойлогон эмес, жантыгынан жата калып, мектепке барар-баргыча сурап-тактап отурушту. Жанагыл спутник байланышы дегени алар үчүн өзүнчө эле ачылыш болду.

– Мына сага! – Ташафган дилинен жарыла сүйлөдү. – Аларың балакет экен. Өздөрүнүн спутниги аркылуу төгөрөктүн төрт бурчуна буйдалбай телефон чала беришет турбайбы! Биздин тоолордон, андагы капчыгайлар менен мөңгүсү кетпеген үңкүрлөрдөн эч ким, эч кимди уга албайт дейли, а тигилериң шумдук го, космоско да, Эмиратка да, Европага да, ал тургай Америкага да телефон чала беришет тура. Укмуш экен!

Ал экөөнү араб ханзадаларынын ааламда жоктой самолёту аң уулоо бүтөр-бүткүчөктү аэропортто күтүп тура берери да эмнегедир алар-

га да тиешеси бардай кызыктырды. Кыязы, пендечилик көз артуудан улам го.

– Карасаң! – Камгактай кара чачы желкесин жапкан Саксаң үрпөк. – Карасаң, ой! Килейген «Боинг» учкуч-мучкучтары менен кожоюндарын күтүп турушат экен да. Мен көтөрүнүп соода кылып жүргөндө бир мүнөткө да кечигүүгө болчу эмес, уччу да, кетчү, сен түштүңбү, түшкөн жоксуңбу, түкүрүп да койчу эмес. Булардыкы жыргал экен. Каалаганда келем да, каалаганда кетем. Акчанын күчүн карачы!

– Самолёттун токтоп турганы, демек, ханзадалар каалаган учурда учуп кете беришет экен да? – Ташафган тактап койду. – Менин атым гана бар, тигине короодо турат, кааласам байлап коём, кааласам бошотуп жиберем, минем, чабам, айтор, өзүм билем.



– Кыязы, бул алар үчүн эч нерсеге арзыбаган нерсе болсо керек, – деди Арсен Саманчин түшүндүрүүгө аракеттенип. – Иш чыкса самолётко отура калышат, учкучтары даяр турат.

Ушинтип жатып ал үчөө бир убакта өздөрү окуган, тамга таанып, билим алган, азыр минтип тагдырдын буйругу менен зарылы ашкан ишке баш байлашып, ошондон улам мектепке келип отурушат. Мындай болору биринин да башына келген эмес, ойдо жок жерден аңчылык бизнес дегени чыга калып, анан ошо кызыкчылык аларды бириктирип турганы.

Арсен Саманчин көптөн бери мектебинде боло элек эле. Алардын мектеби айыл четинде, өзүнчө окчун жайгашкан. Кээде бир иштер менен анын жанынан өйдө-ылдый каттаганда көз кырын салып өтчү, атайы чыгынып барып, өткөн бала чагына, өспүрүм-жигит кезине дил туюму ме-

нен кездешпеген эле. Ошо мектеби мына, канткен менен сезимде жашап келген экен, көнүл дүйнөсү көтөрүлүп, алда кандай таасирден улам эреркеп кетти. Мезгил алчусун алыптыр, тегеректеги үйлөрдүн чатырындай эле мектептин шифер чатыры жепирейе түшүптүр, эшик-терезелери кагжырап бүткөн, а мектептин турушу баягыдай экен; жанталаша жүгүрүп жүрчү короо мына, коридору турат, анан класстар...

Жана Ташафган Арсенге мектепке эле чогулалы дегенде ал негедир өзүн ыңгайсыз сезген, мектеп деген мектеп, мындай кезде чай-пай дегени үйдөн болчу эле деп ыңгырана калган. Директору менен макулдаштык, ал бир жакка кетти, үй-бүлө болсо жайлоодо, шарт ушундай, мектепке эле баралы деп акыбалды алаканга сала түшүндүргөндөн кийин Арсендин көөнү көшүлүп, тигилердин агынан жарылып жатканына ыраазы болгон. Күн жанагыдай эле чайыттай ачык, канча кылым кар баскан аска тоолор да эртең мененкидей шаңкайып турат, ааламда жок мөңгү барстары менен жан-жаныбар ошол керемети кел бери деген жерлерде жашайт деп ойлоп койду. Ошондой эле куш аттуунун бардыгы ушул тегеректе эле каалагандай учуп жүрүшчү, аларга эч ким тийчү эмес, кайра аларга адамдар суктана карашчу.

Ташафгандын беш айдакчы аталгандарынын үчөө мектепте экен, алар Арсен Саманчинди жылуу тосуп алышты, ошондон кийин эле бул топто тартип аскердегидей катуу экени туюлду. Ташафган буйрукчул экен, тыякка бар, биякка кел, бу жерге отур, алып кел, алып кет, айтор, командирдин өзү, а тигилер болсо айтканын айткандай аткарып жатышты. Ичип алып кал-

жандаган адам жок. Ал атына өзгөчө шаан-шөкөт менен минди, мектеп тегерегин бир айланып чыкты. Ак боз атта айып жок, жүрүшү жеңил, ээр-токуму жарашыктуу. Ошондо атты Ташафгандын өзү жетелеп келген:

– Ардактуу Арсен, биз бүгүн, кечээ күнү өзүң айткандай мине турган бууданыңдын тааныты-мын өткөрүп жатабыз. Сенин ушуну билип өтүк кийип алганың жакшы болуптур. Мына сенин тулпарың, төрт аягы төп келген Камбар тукуму. Арабдар менен ары-бери чабасың, а биз болсо барстарды койдой айдап беребиз.

Бүт баары күлүп калышты.

– Ыракмат, мен дагы арабдар ыраазы болгондой кызмат кыламын. – Арсен айылдаштарын алкады.



– Анда эмесе биз окуган классты көрөлү, кандай гана кайталангыс кез эле, агайлар менен эжейлер... Азыр болсо мугалимдер мектептен кетип калышкан, а биз болсо барстарды арабдардын мылтыгынын кароолуна илинип калса экен деп Кудайга жалынып отурабыз. Бирөөлөр минтип мергенчиликке «Боинг» минип келишет, а биз болсо жан багыш үчүн...

Аларды бу турмуш да жакындатып койгон окшойт, бүт бардыгы үн дебей баш ийкешти. Арсен ошо маалда айланага көз чаптыра калды: мектеп ээн, токулуу аттар байланып турат, канаттуулар ары-бери каалгып учууда, ал эми адамдардын дил-көңүлү тынч эмес окшойт. Ташафган кыйытып айткан көйгөйлөр турмуш чындыгы, а эл деген андан да ашыра айтат, айтор, жашоо оорлошту. Кайда барбагын Мамайдын көрү.

Класстарды кыдырып бара жатып, Арсен Саманчиндин байкаганы бул болду: көптөн бери акталып сырдалбагандай, мектептин ичи деле эскирип бүткөндөй, болгону мурдагы үстүнүн жарымы ачылып-жабылма парталар, орундуктар, анан доскалар да жаңыртылыптыр.

– Саат он бир болуп калыптыр, туугандар. Эми убакытка уттурбай, Арсен, өзүбүздүн класска баралы, парталарыбызга отуралы, сүйлөшөлү, – деди Ташафган саатын карай.

– Жок, эжемдикине эле баралы, ошерден жайма-жай сүйлөшөбүз.

– Жок, жок, Арсен, биз азыр өзүбүздүн классыбызга кирели. Анан...

– Болуптур.

– Кир, кире бер. Столго бетме-бет отуралы, келгиле.

Алар терезенин жанына, тоолор көрүнүп турган тарапка отурушту. Ээси жоктой ээнсиреген мектепке Арсен Саманчинди эмне үчүн чакырышканы ага али да болсо белгисиз болчу, ошондуктан ал беймарал отурду. А Ташафган бүт баарына көңүл коюп, алдын ала көөнүнө бышырып алган сөздөрүн айтып кирди.

– Арсен, көңүл буруп угуп тур, биздин сага айталы деген сөзүбүз бар.

– Угуп жатам. Эмнеге түнөрөсүңөр? Бир жамандык болдубу? Жакындардан бирөө-жарым көз жумдубу? Биз тууганбыз, жакын адамбыз. Андай жамандык болгондой болгон жок эле. Анан калса баарыбыз ушул мектептен окубадык беле?!

– Андай эмес, Арсен. Кеп биздин кайдан окуганыбызда, кайда жашаганыбызда эмес. Ооба,

сен биздин бир тууганыбызсың, сен биздин мейманыбызсың, а бирок бүгүн сен биздин колубуздасың. Ошондуктан биз сени бул жерге эмнеге алып келгенибизди, мындан ары эмне иш болорун сага билдирип коёлу дедик.

– Токточу, эй! Биздин колубуздасың дегениң кандай? Ат бердиңер, аныңарга ыракмат, эртең-бүрсүгүнү шаарга кетем, а ат бул жерде, силерде калат.

– Сенин кетеринди же кетпесинди ким билет.

– Кандайча? Ачык айткылачы.

– Ачыкпы? Анда алкымга бычак такашкандай сөз болот.

– Эмне?! Койсоңорчу нары, силер эмне, мени келесоо деп ойлойсуңарбы, же Ташафган, сен өзүң жинди болуп турасыңбы?



– Кызандаба сен. Сөз ушундай болуп кеткенине мен күнөөлүүмүн. – Өңү кызарып-татарган Ташафган ордунан козголду, беркилер да кооптоно кыймылдап калышты. Ошо маалда мектеп короосунда, ошо терезе тушта жүргөн, буларды карап да койбогон короочу ит арсылдап үрүп калды.

– Карап келчи! – деп буйра сүйлөдү Ташафган четте отурган айдакчыга. – Бул жакка бир да жан келбесин, итти кубалап ий, тегерекке адам аттуу жолобосун!

Мындай болорун күтпөгөн Арсен Саманчин ордунан шарт туруп, класстан чыгып кетейин деди эле, аны байкай калган Ташафган шадылуу колун ийинине коюп, тургузбай койду. Ал ордунан обдула калып, Ташафгандын колун түртүп жиберип туруп кетүүгө умтулган маалда

ит үргөн короо жактагы ачык терезеден айтканынан кечигип калгандай шашкалактаган, куду баягыдагыдай, өз үйүндө Бектур ага менен отургандагыдай эки чабалекей октой учуп кирип келишти да, бир нерсени кабатыр боло кабарлап же алда нени алдын ала айтып жаткансып безелене кооптоно сайрап, шып алдында айланып жүрүштү. Уясын бирөө бузгандай чырылдайт. Сыртка кууп жиберишсе да, алар кайрадан чый-пыйы чыга учуп келишип, бекем жабылган терезеден ичкери кире албай, канаттары менен айнекти улам кайра ургулап, кимдир бирөөнүн алда кандай аманат сөзүн билдире албай, кыйышпастын кыйышпаска кыямат болор күндү айткан кабар-саламын жеткире албай, балапанын жылан соруп жаткансып безбелдектей безене сайрап чырылдап, айланып уча беришти. Арсен Саманчин өзүн азыр өлгөн жандай жоготту. Бул эмне? Жазмыш дегендин жан ала турган сырыбы? Жан кыямат болору жакындап калды дегенин айткан чагыбы? Чабалекейлер ошондон аян берип жатабы? Каш кагымда чагылган болуп келген ой аны акылдан адаштырды.

Өз үйүндө да, өзү окуган классында да эмне үчүн чабалекейлер безилдеп анын артынан жүрөт? Бу мертебе да алар чырылдап сайрап, сүйлөшүүгө эч мүмкүндүк бербеди. Ошондон улам алар чабалекейлерди жөн гана сыртка кууп чыгышты, жайбаракат сөз уланталы дегиче алар кайрадан класска кирип келишти эле, жадашкан айдакчылар антсеңер мындай кылалы дешип терезелерди таптакыр жаап салышты. Антсе да тигил экөө болгон жок, терезенин сыртынан

айланып учуп, кайра-кайра айнекти чырылдаша канаттары менен чапкылай берди. Ушу маал, ушу кырдаал эки чабалекейге кошулуп, кубалаша кайра келген, короо кайтарган жалгыз ит да мурдагысынан алда канча жаалдана үрүп жатты. Саксагай Саксаң ошондо мындай деди:

– Тигил жакка өтөлүчү, ал жердеги класс бир аз чакан, а бирок тынч. Антпесек бул жин тийген чабалекейлер жан коё турган эмес. Бул тарапта алардын уясы бар, ошондон улам алардын чый-пыйы чыгып жатат окшойт. Кеттик тиякка.

Ошондой кылышты. Арсен Саманчин жанагы сөздөрдөн кийин алда неге коoптонуп, сабыр кармап, ичинен тына баштаган. Айдакчыларга да, Ташафганга да каяша айткысы келбей калган, аларды негедир кыртышы сүйбөй, алака-катышы жоктой болуп, жакын арада бир нерсе, адаттан сырткаркы, тагдыр-жашоосун сынай турган, а балким, трагедия менен аяктай турган бир нерсе болорун дил туйгусу менен туюп жатты. Ал эмне болду экен? Бу жарыкта ошол иштин болорун биле турган жан барбы?..

Башка класска келип, жанагыл чырылдаган чабалекейлерден кутулган соң кыязы Ташафган бир нерселерди кайра ойлонсо керек, берки шериктерине:

– Мындай кылалы, Арсен экөөбүз бул жерде сүйлөшөбүз, а силер болсо мурда айтылгандай өз ордуңарда болгула, бизге эч ким жолтоо болбосун. А сен Култай, аттарды сугарып кел, Чоң-Таштын жанында экенин билесиң да.

Айтканы аскер буйругу экен, айтышмай жок аткарышты. Оогандан алган өрнөгү өзүнөн көрүнүп туру.

– Кабатыр болбогун, Арсен, бул жерден бизди эч ким укпайт да, билбейт, ошол себептен сени буерге алып келгенбиз. Эмне үчүн ошенттик, эми мен ошону сага айтып берейин. – Ал Арсенди бир нерсе дейби деп саамга унчукпай, сынай карады. Арсен өзүн өзү токтотуп алган эле, ал дагы үн дебестен токтоо гана баш ийкеп койду. Ташафган сөзүн улантты. – Ааламдаштыруу деген эмне экенин, жашоо үчүн кандай бийлик керектигин менден жакшы билесиң.

– Өтө эле бийик кеттиң го? – Арсен Саманчин жактыра бербей үн катты. – Ааламдаштыруу дүйнөдө болуп жаткан иш, андан көрө айтарыңды айт.

– Жакшы болот. Дүйнөдөгү байлар, аларды азыр олигархтар дешерин өзүң жакшы билесиң да, ушу бойдон асмандан түшө калгандай эле болуп кетишти. Кудайга койдум, ошентсе да эгер Кудай бизнестин Кудайы болгон болсо, анын тегерегиндеги миллиондордун бардыгы биригип келип, жалгыз ал ээ болгон байлыктын күкүмүнө да ээ эмес экенин көрүп туруп кантип гана унчукпай коё аласың? Тамырыңда кан кайнайт.

– Атаандаштык.

– Ооба. Ал атаандаштык деген ар кандай болот. Акчалуулар дагы байый берсе, биз кол куушуруп кул болуп отура беребизби?! Мына, бизге келе жаткан араб мергенчилерин алалы, каалаеа баарыбызды бир ууч дилдеге гана сатып алат, а биз аларга мөңгү барстарын атып алгыла деп алардын алдына койдой айдап беребиз да, ошонубузду эрдик санап кубанабыз.

– Сен таптакыр башка жакка кеттиң, Таштанбек. Мектепте окуп жүргөндө Таштанбек

элең, Ооганстандан кийин Ташафган болдуң. Эми сен башка жакка баратасың. Атаандаштык өндүрүштөн башталат, ал жерде технология да, жумушчу күчү да болот. Артта калып калбаш үчүн алар өнүгүүнү жолго коёбу? Коёт.

– Башка жакка дегениң эмне? – Ташафган анын сөзүн буза тартты. – Мен ошол эле жакка барамын жана сен дагы биз менен ошо жакка барасың. Болду! Иш бүттү! Жашагың келеби, анда сен бүгүндөн баштап биз менен бир болосуң. А биз антташып ачык чечкенбиз, ошо бизге келе турган ханзадаларын барымтага алабыз. Эмне алаясың? Оңой эле деп ойлоп жатасыңбы? Оңойго турбайт, аларга да жан керек, ошон үчүн алмадай баштын амандыгы үчүн айткан акчаны айланайын деп төлөйт.



– Эй, токточу! Токто, акылың ордундабы? Кайдагы келжиректи...

– Сен эмне, өзүм эле акылдуумун деп жүрөсүңбү? Башкаларда да акыл бар. Иш бүткөн, Арсен, жети өлчөп, бир кесилген. А сен болсо эсиңе кайра түйүп кой, өмүрүңдүн акырына чейин биз менен бирге болосуң, эч жакка кетпейсиң, кыйшаң-буйшаң дебейсиң, башка жол жок. Телекөрсөтүүдөгүдөй алып баруучу болосуң, барымтага алынгандар менен барымтага алгандарды сүйлөштүрүп турасың, биздин иш-аракетибизди туура багыттап турасың.

– Эмне, эмне?! Дөөрүгөнүңдү токтотчу! Сен өзү эмне деп жатасың? Ушул үчүн ушул жерге алып келдиң беле?!

– Коркпой эле кой, эч ким бизди укпайт. Дагы бир жолу айтайын, ортомчу-тилмеч боло-

суң. Алар сенин алдында Кудайга жалынгандай жалынат, а биз сага өмүр бою сыймыктанабыз.

– Тапкан экенсиң маңбашты. Ата-энеңди баш кылып, жотондон бери калтырбай сөксө болор эле. Мага эмне деп былжырап турасың?! Ооганстандан үйрөнгөн карөзгөй канкорлугуңду мага айтпагын. Мен дагы сага эскертип коёюн, кеч боло электе арамза оюңдан кайткының. Муну сен кайдан ойлоп жүрөсүң?! Биздин шаарларда эркиндик, демократия үчүн демонстрацияга чыгып жатышса, анан ал аз келгенсип эл аралык чыр-чатак чыгаргыңар келеби?! «Мерген» фирмасын жок кылгыңар келеби? Башыңар иштейби?

– Туптуура айтасың! Башты иштетиш керек, эл аралык жаңжал чыгарууга болбойт. «Мергенди» да жок кылууга болбойт. Акчасы кумдай куюлган миллиардерлердин алкымына канжар такоого да болбойт, а бирок бизди, бир сындырым нан үчүн башы менен жер казгандарды жакырчылыкта тепселөөгө болот, балдарыбызды билимсиз калтырууга болот, оорусак акчанын айынан дарылана албай калсак болот. Ооба, азыр ушундай болуп жатат, байлар деген байлык-мүлкүн катарга жер таппай жатышат, ал эми жакырларды кара жер батыра албай баратат. Барымта деген биздин салтта бар болчу. Барымтага кеткендер үчүн үйүр-үйүр жылкы, короо-короо кой беришкен, чыр-чатакты ушинтип чечишкен, байлыкты элге ушинтип бөлүштүрүшкөн. Бул жөнүндө канча бир болумуштар, санжырадай санат кептер айтылып келгендиги сенин эсиңден чыгып кеткен экен да.

– Эй, Ташафган, ушинтип айта берсе болот. Мылтыктын оозу чыкыйыңа такалбай турганда ошентип ойлой бересиң. Адамдарды барымтага алууга мен катыша албайм.

– Катышасың. Катышканда да кандай. Арабдарды барымтага алар замат сен биз тарапка өтөсүң, менин буйруктарымды ханзадаларга жеткирип, аларды өзүң башкарасың. Бешөөбүздүн барибиз да англис тилин билбейбиз, ошондуктан биз колго курал алып, аларды коркутуп тегеректеп гана турабыз, калганын өзүң бүтүрөсүң. Эмне айтышты, эмне сураштьı өзүң билесиң. Биздин багыбызга келаткан араб ханзадаларын, же сен айтып жаткандай Улуу урматтууларды, үңкүргө айдап киргенде сен өз ишиңди айттырбай баштайсың. Акчасын айтып коёюн, ар бир ханзададан он миллион доллар. Ошондо жыйырма миллионду үңкүрдөн санап алабыз. Биз бешөөбүз, сени менен алты, угуп ал, биз муну эбак чечкенбиз, ар бирибиздин үлүшүбүз үч миллион үч жүз миң доллар. Көз ачып-жумганча үч миллион үч жүз миң. Биз үчүн бир эмес, үч өмүргө жетет. А сен аны эмне кыласың, өзүң гана билесиң, балким, эркектана өңдөнүп катын аларсың, Кудай сага бала берсин.

– Мага жомок айтканыңды токтоткун. Жакшылык менен эсиңе кел, Ташафган. Ойлонгун. Билип койгунуң, эч бир суммага, эч качан, эч жерде жана эч убакта сатылбайм, андай ишке башымды кесип алсаң да барбайм. Мен террорчу эмесмин.

– Биз дагы террорчу эмеспиз. Жыйырма миллион алар үчүн кеппи, менин эки тыйынымдай эле. Жыйырма миллион колго түшөр замат

ханзадалар урмат-сый менен бошотулат. Сен дагы эркин болосуң.

– Мен азыр да эркинмин, менин эркиндигим сенде эмес, менин гана өзүмдө. Сенин каракчыларыңа тирүү туруп кошулбайм. Сөз бүттү.

– Эй, сен жаңыласың, досум. Сен эч качан эркин эмессиң. Мен айттымбы, бүттү, сен биздин алтынчы адамыбызсың.

– Эмне? Мен аны каалабасамчы!

– Каалар, каалабасыңды билбеймин. Каалабасаң ачык айт, анда сен бул жерден чыкпайсың. Мүрзөңдүн орду дапдаяр, ушул короодо, жалпы даараткананын артында, эски сарайды билесиңби, ошонун ары жагында болот. Сен аерди билесиң, бир эмес, миллион жолу болгонсуң, ошол үчүн ошерге мүрзө казабыз дедик. Лом, күрөк деген дапдаяр. Беш мүнөттө көөмп салабыз. Ооганды айтасың, аерде менин өмүр-тагдырым бузулду, мен да канчаныкын буздум, ушундай. Керектүү курал-жарак, үнү чыкпас тапанчабыз да бар. Билип кой, Арсен, менин шериктерим куралдын ар кандай түрүн, жадагалса гранатамётко чейин беш колдой билет. Мен сага мактанып коёюн, бул ишке көнгөн устатмын. Кыскасы, бул жерден тирүү кетпейсиң, чекеңе ок кадалат. Сени жек көргөндүктөн, же сенде өчүбүз барынан эмес, кырдаалдан улам... Ушундай, башка арга жок. Сен тигилерге чырмалышып калдың, а биз болсо сага чырмалыштык. Биз террорчу эмеспиз, жөн гана дүйнөлүк капиталдан өз үлүшүбүздү алабыз, болгону ушул, мунун эмнеси жаман?

– Жетишет! Жадап бүттүм. Мен кеттим.

– Ордуңдан жылба! Мени классташын өлтүргөн канкор атка кондурба.

– Ооба, мен да ошол жөнүндө ойлоп жатамын. Биз ушул жерде окуп жүргөндө, ушул жерде танапис сайын жүгүрүп ойноп жүргөндө качандыр бир кезде, дал ушул жерде ушундай иш болот деп ойлодук беле? – Арсен Саманчин ордунан турду да, терезеге жакын келип, аны ачты.

– Эмне, үп болуп кеттиби?

– Ооба, аба жетишпей жатат, – деди Арсен. Ал терезени таза аба кирип турсун үчүн эмес, жана береги чабалекейлер учуп келер бекен, жан кыйнаган кыжалатты ошолор оңдоп жиберер бекен деген ой менен ачты. А бирок ал күткөндөй болгон жок, чабалекейлердин карааны көрүнбөдү. Тагдырдын жолу башка экен...

Ташафган ого бетер өжөрлүгүн карматып, каны кайнап, жинденип чыкты.



– Биз мээсинен айныган келесоолор эмеспиз, антип ойлобогун. Биз сенин мындай ишке эч качан макул болбошуңду, кадам таштабашыңды билгенбиз. Анткени бул сен үчүн кылмыш.

– Кылмыш болсо кылмыш болсун, – Арсен Саманчин кесе жооп берди. – Ошондой иштти ойлогондун өзү эле кылмыш...

– Мейли, каалаганыңдай ойлой бер. Биз баары бир чабуулга чыгабыз. Сен биз менен, же катарыбызда, же күнөө жасап туткундалган адам катары колу-бутуң байланып барасың, кайсынысы жагарын өзүң танда.

Арсен Саманчин столду муштуму менен бир коюп, «шымың башыңа кийилип калсын!» деген демейки ач айкырыкты сала жаздады, а бирок бу саам өзүн араң токтотту.

– Анан эмне болот? Сенин буйругуң боюнча мен сени менен чабуулга чыгамбы, же туткун болуп байланып турамбы?! Эгер мен каалабасамчы?!

– Үстөлдү койгулаба! Анткен сага жарашпайт экен. Сен канчалык акылдуу болбогун баары бир бизди сөзгө келтире албайсың. Сен түгүл Кудайдын өзү келсе да кайра кайтпайбыз. Жыйырма миллион көчөдө жаткан жери жок, ал үчүн жанкечтиликке барыш керек.

– Ооба, көчөдө жатпайт. Таштанбек досум, жаш кезинде, сен жайдары, жакшы чагында сенин атың Таштанбек эле, анан жыйырма миллион сенин үлүшүң экенин кайдан таба койдуң? Же эмне, чын эле көктөн түшө калдыбы?! Сен эмне болуп жатасың? Бул деген каракчылардын талап-тоноосу. А сен болсо асмандан түшөр өз үлүшүңдү колдон чыгып кетпесин деп коркосуң. Эмне болоруңду ойлон!

– Жыйырма биринчи кылымдын тың чыкма билимдүүлөрү силер бара жаткан жакка. Өзүң баштаган топ каякка баратса, ошол тарапка, дүйнөлүк байлыктан ар бир адамга өз үлүшү бериле турган сен айтчу ааламдаштыруу дегенге бара жатамын.

– Айнып калгансың го, ааламдаштыруунун бул жерде кандай тиешеси бар? Таптакыр башка түшүнүк. А сенин «ааламдаштыруң» түркөй түшүнүк. Түшүндүңбү?!

– Түшүндүм. Кыйналбай эле кой, аны өзүбүз билебиз.

– Билгениңди көрүп турамын. Банкир көрсөң бакырып, жакадан алып жаалданып, эмне үчүн

менин бутумда жыртык байпак деп жулкулдатмайбы?!

– Ой, эненди десе, банкирлерди коргогонун!..

– Ананчы, колумдан келсе ошо банкир экөөнөрдү бороондуу күнү калагы жок кайыкка салып, силер көксөгөн ааламдаштыруу деңизине салып иймекмин.

– Эмне деп жатасың? Эмне үчүн мени аны менен бир кайыкка саласың? Аныңдын эки миң кишилик кемеси турса, бизнеси турса мени менен отурмак беле. Байлардын ааламдаштыруусу өзүнчө, байлыктан байлыкты басып ала берсин, а биздики дагы өзүнчө, кол жеткен жерден бөлүшүү, кол жеткен жерден өз үлүшүбүздү тартып алуу. Тоого келген арабдарды колго түшүрүп, алардан өз барымтабызды өндүрүү. Бул биздин укук.



– Таштанбек афган, сенин билимдүү экениңди билемин. Анан кантип мындайды укук деп айтып жатасың? Кайдагы укук? Тоноо укугубу?! Эч нерсе түшүнбөйм.

– Сен түшүнбөй эле кой, – деди Ташафган терезе жакка бурулуп кеткен Арсен Саманчиндин артынан. Ошо замат ал мойнун бура бурк этти:

– Түшүндүргөнүңө тойдум, болду укпайм.

– Угасыңбы, укпайсыңбы мен аныңды биле албайт экенмин, Арсен, терезенин жанына туруп алып жакшылап ойлон, ансыз кутулбайсың. Баары бүттү, сен капкандасың. Бардыгыбыз бир капканга түштүк. Артка чегинүүгө жол жок. Анан, Арсен, бизди кайдагы бир тексиз каракчылар дебегин. Ата-бабалардан калган ишти улантып жатабыз, жайыттарга, өзөндөгү суу-

ларга акы төлөбөгөндөрдөн эр-азаматын туткунга алып барымталаган, эр башы үчүн үйүр-үйүр жылкы, короо-короо бодо, жайыты толо кой-эчки айдап келишкен. Азыр башка, бизди каалаганыңдай атай бер: бандит де, каракчы де, мыкаачы же ууру де. Болгону сенден бир гана нерсе талап кылынат, жанагы акчасын катаарга жер таппаган алтын байпак арабдарың келери менен, келери менен деп жатам, угуп атасыңбы, ошо сааттан, ошо мүнөттөн баштап, ар бир кадам сайын мен буйругандай иш жасайсың. Мени шеф Бектурдун жанында куйругумду шыйпаңдатып жүгүрүп жүрөт деп ойлобой эле кой. Анын өз бизнеси бар, ал ошону ойлосун, а биздики өзүнчө аңчылык. Бадал-шактардын арасынан, коо-аңдардан тайганча шимшип, барстарды баскыла деп айдап келүү. Тигилериң тигишинен сөгүлө сүйүнүп, кылмерген болуп карoолго алып мээлегенче биз алардын өздөрүн – ханзадаларды мээлеп туруп кармап кетебиз да, үңкүргө айдап киребиз. Биздин бизнес-аңыбыз ушул, алардын башын соодалайбыз. Сен угуп жатасыңбы, Арсен, мен муну эриккенимден былжырап жаткан жерим жок, сени билип алсын деп жатам. Анткени сен алар менен ар дайым бир болосуң, а биз болсо асманда жүрөбүз. Тигилериң барстарды көрүп акылдан калган маалда аларды кекиртектен алып, куралын тартып, жарга сүйрөп киресиң. Эч качан, эч бир жерде, жадагалса түшүндө да мындай ыңгай болбойт. Себеби чоң Кудай өзү ушинткин, куралын колдон жулуп ал деп жатат. Түшүндүңбү?! Меймандардын көңүлүн алып тилмечтик кылышыңды Кудай берсин, арабдардын колуна ки-

шен салгыча бизге да жардам кылсын. Бардык иш, бардык үмүт жалгыз сенде, Арсен, сен угуп жатасыңбы?!

Арсен жооп берген жок, кара жерге баш салып, терезеден кетпеди.

– Дөңгөчтөй болбой, адамча ук! Сен биздин адам болгонуң, бардыгыбыз бир айылдан экенибиз жакшы болду. Каныбызды сатпайбыз. Араб ханзадаларынын спутник телефону болгону да жакшы, үңкүрдө калчылдап, өз жерине акча деп ыйлап айтышат. Анда да сен жанында болосуң, эмне дегенин бизге айтып турасың, ашыкча сөз сүйлөтпөйсүң. Бардык иш, бардык үмүт жалгыз сенде, Арсен, сен угуп жатасыңбы?! Сенсиз биз эч нерсе жасай албайбыз. Сен түшүнүп жатасыңбы, сага жетип жатабы? Сен эмнеге унчукпайсың, Арсен?



– Айта турган сөзүм жок. – Так кесе жооп берди. Анан экөө тең унчукпай калышты.

«Дүйнө ордундабы?» Эс тарткандан бери ушул айылдаштарынан эчен ирет уккан бул сөз акыры анын өзүнө ушинтип жетип отуру. Ооба, жан жалдырап дил кыйноого түшкөн кезде бу Ташафгандын табакташтары мектеп короосун менчигиндей кайтарып турган, ошондон улам бул тегеректеги дүйнө да өз ордунда болчу. Теребел деген теребел, ар качандан бир качан калыбынан өзгөрбөй кала берет, а адам баласы, анын ички дүйнөсү кубулат экен, кээде таш тийген күзгүдөй талкаланып калышы да этимал экен. Ошондуктан адамдар: «Дүйнө ордундабы?» – дешет тура. Ийе, дүйнө дегениң ар дайыма ордунан жылбай турары белгилүү го, ошентсе да адамдар биринен бири: «Дүйнө ордундабы?» –

деп, сурап турушат. Турмуш ушундай, тагдыр ушундай.

Акылга мүшкүл түшүргөн мындай коркунуч туулган кырдаалда деле ойго күтүлбөгөн нерселер келе берет экен. Ал эзелтен бери тоо-талаа кезип жүргөн Кызкайып азыр кайда жүрдү экен, ордунда турган бул дүйнө ордунда эмес экенин ушу саам билип калды бекен, а Айданачы, билеби, тынчсызданабы деп тынчсызданды. Жок, жок шоу-бизнестин «Лимузиндеринде» зуулдап куунаган ал мындай кыямат менен иши жок. Беймарал жашаган тоо жаныбарлары гана дүйнө ордунда эместигин жакында билет, ооба, жакында баштарынан өткөрүп, калабага кабылат деп ойлоду. Ордунда турган дүйнөнүн ордунда эмес экенин кабыландын тукумдары билишти бекен? Билишти бекен, бул жолу күчүктөрүн ак сүтүнө тойгузган эне барстар?



Дал төбөдө бийиктиктин чексизине бийлик кылган тоо шумкарлары жер бетинен жоготкону бар сыңар жай каалгып жүрөт. Көз талыткан бийиктиктен алар нени издейт, нени күтөт, нени айткысы келет?..

Ордунда турган дүйнөнүн ордунда эмес экенин Ак шумкардын тукуму бийиктиктен билишти бекен?..

Ордунда турган дүйнөнүн ордунда эмес экенин жакында болор алаамат салар күн айтат.

Ал дале болсо ой дүйнөдөн чыккан жок, Ташафган болуп алган мурдагы классташы Таштанбек андан эки кадам арыда таш болуп карайып турат. Ордунда турган дүйнөнүн ордунда эмес экенин ошо безери жасабадыбы, андан улам ал аны жалаңкычындай жек көрүшү керек эле.

А бирок Арсен Саманчин антпеди, кыяматтай кылмыш иш жасоого бүт жандили, акыл-эси менен кумарчыдай берилип алган тигиге ичинен гана өкүнүп турду.

– Эй, Арсен, – деди Ташафган анын не ойлоп жатканын билип тургансып ортодогу жымжырттыкты бузду. – Көзүң чекчейип, белиң бекчейип, сакалың куу болгончо ойлоно берсең болот. Канча ойлон, тандай турган жол жок. Эч кимге ачкыс эшикти сага гана ачтык, биз менен болбогондун иши бүтөт. Босогодон аттадың, эми өз башыңды сактагын.

– Эмне?! Ким жашап, ким жашабасын качан сен чечип калгансың?! Мындай укукту сага ким берди?

– Ачууңду бас! Азыр сенин эки гана жолуң бар. Биринчиси, биз менен бир болосуң, жана мен айткандардын бирин калтырбай аткарасың, үлүшүң өзүнчө. Экинчиси, макул болбосоң анда сен бизди саткан болуп саналасың, чыккынчысың, душмансың. Анда биз, ачык эле айтайын, өч алабыз. Кандуу моюн дүйнөдө багынбаган душманга жалгыз жаза колдонот, кыйын болсо андайдын бир октук алы болот. Өч өлүм менен бүтөт! Биз сени биз менен чогуу жашап жүрсө экен деп тилеп жатабыз. Түшүн.

– Эмне үлүш, үлүш дейсиң? Мен үлүш жөнүндө бир нерсе дедимби? Бул үлүш эмес, карактоо, кылмыш!

– Ооба, бул ошондой. Мен Ооган согушунда болгом, аябай ок аткандар гана жеңишке жетет. Биздин аракет-планыбызды ук. Майдалап айтып берейин. Арабдардын келгени, бизге жеткени, жолугушуу, таанышуу, жагынуу, айтор,

бешөөбүзгө булардын кымындай да кереги жок. Алар менен сен болосуң. Биз тезек терип, от жагабыз, малайлардай жүрөбүз. А сен өз ишиңди иштей бересиң, биз жөнүндө ойлобо, келери келгенде биз өзүбүз унуткандарды унутпас кылабыз. Ал биздин, беш баатырдын иши. Чабуулга өтүүгө добулбас уруп белги берилет, сен ошого даяр бол, белгини мен өзүм берем. Чабуул жүрөктүн бир кагышында башталып, жүрөктүн бир кагышында максатына жетип бүтүшү керек. Арабдар келгенден кийин сенин Бектурган агаңдыкында эс алышат, кийинки күнү Коломто конушуна барышат, ал жак тоо, жол жарымына чейин Бектургандын жиби менен, башка машинада барышат. Андан кийин ат менен. Баары ойлонулган, баары даярдалган. Түшүнүп кой, Арсен, кырдаал бизге белгилүү болсун деп айтып жатамын. Бул өзүнчө программа, иштеп чыкканбыз. Укмуш дейсиң айтсам. Эмне унчукпайсың?

– Сүйлөй бер, анан унчугам.

– Анда мен эми бизде кандай курал бар экенин айтайын. Азыркы иште эң керектүүсү аткыч курал. Ошого басым жасадык. Мыктынын мыктысын камдадык. Жолборсту билесиң да, ага эч ким куралсыз барбайт, а мөңгү барсы деген андан да жаман. Ар кандай жырткычтар цирктерге үйрөтүлүп, ойноп жүрөт. А барс андайга багынбайт. Жердин бийик, таза жерин жайлашат, ошол үчүн териси баа, дүйнөнү кызыл көз кылган бизнеске айланып калды. Кудай аларды бизге бергенине ыракмат, ушундайбы? Эмнеге унчукпайсың? Мейли, унчукпай тура бер, мени келжиреп жатат деп ойлоп турасың да.

Мындай кезде мүдүрүлбөш керек, кумурска мүдүрүлгөн, пил качып кеткен учурлар болот. Күлкүң келген жокпу, Арсен?

– Азырынча жок.

– Эми жанагы чириген байларды кайсыл жерден, кантип жана качан кармоо керектигин түшүндүрөйүн. Аңчылыкка керек деп Кувейттен үн күчөткүчтөрдү жиберишиптир. Телефон жетпейт, анан ошолор менен тоодон тоого сүйлөшүп турабыз. Ошону дагы кандай дечү эле, жанагыл демонстрацияларда сүйлөп жатышпайбы?

– Рупор.

– Жок, дагы башкача.

– Мегафон.

– Ии, ошол. Сага бирди беришет. Биздин ар бирибизде бар. Ат чаап баратып мегафон менен кыйкырабыз, аны тигилерге, тигилердикин бизге которуп айтып турасың. Барстар эч жерге жашына албай калат, кулактары тунуп, шайлары оойт. Муну эмне үчүн айтып жатам, жанагыл үчүн. Душманды кекиртектен алып жарга такаганда мындай-мындай кылбасаң көргүлүктү көрөсүң дегендей айтышчу эле го... Ошону келиштире айт, бардыгы сенин айтканыңа жараша болот. Кандай эле ошол сөз? – Арсен Саманчин ультиматум деген сөздү таздын башынан бит издеп таппай жатканын түшүндү, бирок айткысы келбей жатып айтты:

– Ультиматумбу?

– Ии, ультиматум. Унутуп калганымды карачы, тилимдин эле учунда турган. Биздин бир жаш ырчыбыз минтип ырдачу: «Минген атым Ультиматум, Алтын туяк султан атым. Баары мага таазим кылсын, Жаман менин курган ачуум»,– деп

уланта берчү. Жамак да, бирок мага «минген атым Ультиматум» дегени жагып калган. Муну жанагы ультиматум деген сөздөн улам айтып калдым. Эми тигилерди үңкүргө айдап кирип куралсыздандырабыз, анан аларды жыланачтайбыз, кыйын болсо аска-таштардан чуркап көрсүн, акыл-эсин тандыра ультиматумду ошондо дароо коёбуз. Бүттү, же өзүбүздүн жыйырма миллионду кагып алабыз, болбосо мен пехотага каршы коюлган минаны жардырып жиберем. Ал даяр, ошол жерге коюлган.

– Минаны сен койдуң беле? – Арсен таң кала сурады.

– Ооба, мен бул ишти Ооганда жасап жүргөм. Ультиматумум ушу. Жыйырма миллионду колго салсаң – чыгасың, антпесең жарыласың, сөөгүң сөпөт. – Арсенди тиктей калды. Эмне карайсың, акыл-эсим жайында. Бул бир келген шыбага, мындан ары эч болбойт, анткени барстар ашууну ашып кетет. Дагы да сага айтканым, сен биздин суу тилмечсиң, бүт баарыбыз сен аркылуу сүйлөшөбүз. Мергенчиликте эки ханзада гана болот, жанында өзүң. Айдакчылар ар кайсы тарапта болобуз. Ал эми калгандары тейлөөдө, алар артта болушат. Сенин шеф Бектур агаң берериңди бере көр деп жакасын кармап Кудайга сыйынат. Сыйына берсин, ал сыйынып жатканда менин буйругум менен ханзадаларды желкесинен жетелеп үңкүргө киргизебиз да, куралдарын колунан жулуп, барымтага алабыз, талабыбыз жыйырма төрт сааттын ичинде нак акча түрүндө колубузга тийиш керек. Ультиматумду аткарууга бир күн, бир түн гана берилет. Мөөнөт узартылбайт, буйрук деген

буйрук, ал аткарылышы керек, кыскасы, накталай акча болсун, болбосо баштары кетет. Ушуну дароо түшүндүрүп, ачык айтып коюш керек. Сени сезип турам, Арсен, мунун баары сага жакпай жатат, дилиң ооруп атат, кантип ушундай болсун дейсиң. Туура, бирок мунун баары эсептелген, айтып берейин, жакынкы чыгыш банктарында кыштыр-жайдыр күнү-түн алардын сейфтеринде миллиарддаган акчалары жатат, бизге бере турганы жыйырма эле миллион, бир түкүрүп койгону. Акчаны алтымыш, сексен беш сантиметр өлчөмүндөгү төрт кагаз кутуга беш миллиондон салышат, ошондо ар бир кутунун салмагы жыйырма килодон болот, бардыгы сексен, кеп эмес. Муну кантип алып келиш керек? Самолёт тогуз саат учат. Буйрук болсо аны букаралары буйдалбай аткарышат. Тоо арасындагы үңкүрдөн кантип кабарлашат дейсиңби? Проблема жок, алардын өзүң айткан спутник телефону бар, чалат да, айтат, айтканда да мен айтканды айтат. Жанынан карыш жылбайсың, ашыкча сөз айттырбайсың. Сен бул арты Чубактын кунундай чуулгандуу, кулак угуп, көз көрбөгөн кылмыш ишке аралашкың келбей, ошол үчүн унчукпай жатасың. Андай эмес, бүт баарын эсептеп, тактап, ойлонуштуруп койдум. Аны сен деле көрүп турасың, үлүш колдо, аны алып калууга жанымды сайып да болсо тырышам. Кандай ойлосоң ошондой ойло, билемин, сенин ааламдаштырууң бир башка да, меники бир башка, кайнаса каны, байласа башы бирикпейт, ошентсе да бул жолу менин буйруктарымды кыңк этпей аткарууга туура келет. Башка жол жок, бар болсо да ага бара албайсың. Ала

турган энчиң алдында турат. Дагы сага эмне керек? Тоонун арасынан кайсыл атаң тутамдап доллар карматты эле? Жок, акчаңарды ала албайм, булганыч экен десең биз сага ыракмат айтып алып коёбуз. Андай күндү күтө берип, күйүп-күйүп күл болгонбуз. Ал өзүндүн ишиң дечи, баары бир сен унчукпайсың, жүрөгүндө бир нерсе бар. Эмне, тигилерди үңкүргө кантип желкеден алып киргизебиз деп бушайман болуп жатасыңбы? Башың оорубасын, баатыр, анын баары майда-чүйдөсүнө чейин ойлонуштурулган. Эсиңе кыт куйгандай куяйын. Меймандар алгач Коломтого үргүйт, ошондо алар капчыгайдагы зынданга түшө турган жерге жакын, айлана-тегеректи алаканга салгандай көрө турган жерде көңүл ачып жайгашат. Ошондо биз алар көрө тургандай жакын жерге сыртынан акмалап карап жүргөн барсты айдайбыз. Биз аны «укурук куйрук, казан баш» деп коёбуз. Көрөр замат жүрөгүң түшөт, тулкусунан күч-кубаты туйлаган, ыңгырана караса сүрүнөн дароо жан чыккан, чубалган узун куйругун чыкчырылта баш жагын көздөй серпкенде чулук кулак, жал-мойнуна жеткен, уютулган коргошундай казанбак баш кабыландын бир тукумун көптөн бери балдар карап-багып жүрүшөт, ал жай бою Үзөңгүлөш ашуусунун этегин энчиге бөлүп алгансып жалгыз жүрөт. Айдакка көнөт, мына ошону Кудай деп, Баабединдин жолуна деп биринчи айдап келебиз, көздөрү кызарып күйүп чок болсун, анын жолун табабыз, тигилер даана көрсүн үчүн анча-мынча жеңил жарадар да кылып салабыз. Бүт бардыгы ханзадалар үчүн болуп жаткандай уюштурулат, а чынында аларды

мергенчилик кумар менен азыткыдай азгырып, үңкүргө айдап киребиз. Үңкүр даяр, жайлоого баратканда же келатканда койчулар түнөп өтүүчү үңкүр. Мына, Арсен, сени өз киши санап, бүт баарын айтып бердим, эми кандай десең өзүң бил, эң жооптуу милдет сеники, ошону тигилер менен бетме-бет туруп аткарышың зарыл. Анан эң негизгиси ультиматумду так, даана, түшүнүктүү кылып айтасың. Биз үңкүрдүн оозун тегеректеп, колубузга автомат алып кайтарып турабыз, кароолдо балдар болот. Алар өз иштерин жакшы билет, бүт үйрөттүм. Ханзадалардын ар бири үчүн жыйырма төрт сааттын ичинде он миллиондон келиши керек, ошондо аман калышат. Ушуну бетме-бет туруп ачык айт. Ошо замат үңкүрдөн чыгасың да рупордон үнүңдүн жетишинче айлана-тегерекке англис жана кыргыз тилинде араб ханзадалары барымтага алынгандыгын, ар биринин башын куткаруунун жолун, ошондон улам бул аймакка өзгөчө кырдаал жарыяланганын, башка жактан келгендер да, жергиликтүүлөр да орундарынан жылбоо керектигин, эч жакка басууга уруксат жок экендигин, үңкүрдү көздөй кадам койгондорго же башка аракет жасагандарга эскертүүсүз ок атыларын айтасың. Эсинден чыгарба, ханзадалардын баштарына канча акча сайылганын эч жарыя айтпайсың, бейчеки сүйлөп жибербе. Эгерде жыйырма төрт сааттын ичинде коюлган талап аткарылбаса, анда бир мүнөт да күтмөй жок...

Арсен Саманчин капылет жерден бөрү зындага кабылып калгансып, кыймылды унутуп, бир кездеги кээри жок класссташынын кара башка түн түшүрчү каргашалуу максат-оюн аргасыз

чыдап, сезим-туйгусун өчүрүп, өзүн өзү тирүүлөй өлтүрүп туруп укту. Кара мүртөз тагдырдын жалгыз башка салганынан кантип чыгып кетүүнүн бир айласын табалбай каңырыгы түтөп турду. Бирок аны ушул абалдан кандайдыр бир күйкөнүн канатындай дирилдеген ой дилине от тамызып жибергендей болду. Ал келбейт эле, тагдырдын изи катары көңүлүндө так бойдон кала бермек. Барымтага алуунун планы кылдат иштелип чыкканы, ультиматум дегени, акча маселеси, анан, анын бул иште жан кыюудан жалтанбаган чагылган жарык көздөрү, даулдап күйгөн өрттөй мүнөз-кайраты анын удургуп турчу ой-кыялын жүлүндөп салгандай тынчытты, ошол эле учурда ушул күч-кубаттын бардыгы пайдалуу ишке жумшалбай жаткандыгына өкүнүп алды. Ушул иш ошол болгонунан чегинүүгө жол жок эле, сөз бүтүп, көз жетип, канжыгага баш байлап коюшкан эле. Өксүгөн өзөгүндө жана калып жок болгон кызыктай бир ой тагдырдын кегиндей болгон Эрташ Курчал эске түшө калганда пайда болду, пайда болгондо да жанагыл барымтага алынгандардын арасында ал дагы болсо, ошо кысталакты Арсендин дал өзү кежигесин кесе чаап, көчүгүн жара-жара тээп, жансоогалатып, үңкүргө айдап кирсем деп ызырынып жиберди. Мындай ойлогондун өзү пас адамга таандык, уят иш дечи, а бирок эмнегедир ойлоп жиберди. Базар аркылуу ажыдаар болуп классикалык искусствону соруп жаткан, «Кызкайып» менен Айдана Самарованын жолун корумдап салган өлүгү жерге батпагырдын акчасын чекесине ок тийгенде көрөмүн. Балапанын жылан соруп жаткансып безеленген чабалекейлер бир нерсени

билишкен экен, көздөрү тамар-тамбас тамчыдай жалдырап тургандай көрүнгөн деп ойлоду.

Күн түш болуп барат, таштан бүткөн Ташафган тажай турган түрү жок, өчөт десе өзүнүкүн өжөрлөнүп сүйлөп, өзүн кошо ишендирип, туткундоонун акыры кандай бүтөрүн, андан ары эмне болорун кумардан чыга айтып кирди:

– Бизди сен жанагыл шыбаганы алганга эле жанталашып жаткандай сезип жатасың. Андай эмес, эгерде жыйырма миллион доллар колго тийип калса аны булар эмне кылат, базарга айлантабы, кайда барышат деп беймаза болуп жатасың. Барымтадагылар бошотулар замат бизге, жапайы бандиттерге, атайын даярдыктагы өзгөчө милдет аткаруучу отряд ач бөрүдөй жабылат, бул турган иш, жер өңүтүн алышкан. Эч кабатыр болбогун, бир күн, бир түн сааттай иштейсиң да, андан кийин биз менен чогуу болосуң. Барымтанын акчасын алабыз, ошондо жети сааттык убактыбыз болот, ал жакта эч ким аракетте болбойт, бейтарап убакыт. Бул эмне деген убакыт, ал эмне берерин билесиңби?

– Жок. Сенин айткандарың чынында менин боорумду эзип, өтүмдү ичип баратат. Мен сени менен башка нерселер жөнүндө сүйлөшөйүн дегем. А сен болсо өз окобуңа кирип алып, тегерегинде эмне бар экенине карабай атып эле жатасың.

– Мен окопто болсом, сен дагы ошол окопто болосуң. Эми жанагыл бейтарап убакыт. Үңкүрдүн дал жанына барымтанын акчасын алып келишет, иш айтылгандай болгонуна көзүбүз жетип, аны өткөрүп алгандан кийин сен дөңсөөгө чыгасың, ханзадалар биздин колдо, демек,

эч ким тийише албайт, алгач англис тилинде, анан кыргыз тилинде жети сааттык бейтарап убакыт жарыялайсың. Бардыгы уккудай кылып айтасың, үн күчөткүч колуңда. Барымтадагылар аман-эсен экендигин, тамак-аштан өксүү болбогонун айтасың. Жети саат бою үңкүрдөн чыгууга, ага кирүүгө эч кимдин акысы жок экенин, эгер бул талап бузулса үңкүрдүн кире беришиндеги саат менен иштеген чечен миналары жарыларын, алар жети сааттан кийин гана коркунучтуу болуудан каларын айтасың. Түшүнүктүү болсун үчүн муну үч жолу кайталайсың. Аларга айтар акыркы сөзүбүз ушул болот. Жетим баладай жер тиктеп жети саатты күтүшөт. Ал ортодо биз өз арбайыбызды согобуз. Ортого түшкөн олжону Бектур шефтин ханзадаларга деген аттарына жүктөп, биз баарыбыз Үзөңгүлөш ашуусун көздөй токтоосуз бөрү жортуул алабыз. Жол өңүтү чалгындалган. Ал жагы камсыз. Биздин үй-бүлөлөрүбүз жайлоодон дал ушул ашуунун этегине келип күтүп жатышат. Кам санай турган кам иш жок.

Арсен Саманчинде үн жок, тыйын майдалаган адамдай болуп отурат. Ал адамдын колу тургай дити баргыс каргашалуу иштин мыкты ойлонулганына, тоодогу диверсиялык иштин программасын канчалык көбүрөөк түшүнгөн сайын ошончолук балээге башын байлап жатканын, бул Ташафганчы беш бөрүнүн айды жанган азуусу алкымдан алып турганын, ошондуктан жөн эле макул болбой кутулуп кетүү мүмкүн эместигин, арам ишти билиштин өзү алардан күнөөсү аз эмес экендигин билди, а чынында анын колу-буту

байланып, тил-оозу жок жалдырап тозоктун босогосунда турган.

– Санааркаба, Арсен, – деди Таштанафган. – Тобокел дейбиз, бирок сага бүт бардыгын жашырбай айттым, акылдан чыккан тобокелдик. Улуу тоолордон улуу көчкү жүргөн кезде ал жердегилерди алаамат алат, канат какканча канча бир кушуң кетет, анча-мынча тик учканы гана тирүү калбаса, бүт бардыгы жер жуткандай болот. А балким, биздин маңдайыбызга тирүүчүлүк жазылгандыр?

Арсен Саманчин ийинин куушуруп койду:

– Убайым тартканым жок. Мен өзүмчө эле ойлонуп жатам.

Ошо маалда анын чөнтөк телефону чырылдап калды. Экөө тең селт эте, ойлорун баштан качырды. Арсен Саманчин англисче сүйлөшө баштады, анысы тайманбаган Ташафганды ого бетер шекшинтип, тигил араб бир нерсени билип же көрүп калган жокпу дегенсип алапайын таппай кетти. Качан гана Арсендин жүзү жанданып, үнү ишенимдүү чыкканда жүрөгү ордуна келди. Беш мүнөттөй сүйлөштү. Ал Арсенден Боб деген атты мурда уккан. Ушундан улам ал: «Ооба, Боб! Жакшы болот, Боб!» – деген сөздөрүн гана божомолдоп түшүнгөндөй болду. Ошондой экен, ханзада Хасандын басма сөз катчысы Роберт Лукас телефон чалганын, ак карлуу аскар тоо жери үчүн жаңы моделдеги альпинисттик кап-төшөктөр, башка керектүү буюм-тайымдарды үч адам 15-июль күнү алып келет экен. Ошол эле самолёт менен бул аймактын табиятын, кооз жерлерин, аскар тоолорун, мергенчиликтин даярдыгын, жүрүшүн фильмге тартмакка эки кино-

оператор да кошо жөнөтүлүп жатыптыр. Ушуларды тосуп алып, жайгаштырып, иштешине жардам берүүсүн өтүнүптүр.

– Мына иш башталып калды, – деди Арсен Саманчин. – Бүрсүгүнү Олуя-Атанын аэропортуна барыш керек, шеф менен да сүйлөшөбүз. – Ал Таштанафган айткан тарыхты бүтүрүш үчүн класстык бөлмөнүн терезесине барып, сыртты телмире карады. – Таштан, мен шефке барайын, убакыт болуп калды, – деди.

– Ал Дасторконго кетпеди беле, азыр келе элек.

– Келер маалы болуп калды, – деди Арсен Саманчин. – А экөөбүз болсо жакшы эле акылдаштык. Эми иштейли.

– Ошентели, а бирок андан чоң иштер бар. Араб меймандарынын келерине мына туптуура үч жарым күн калды. Баары мен айткан план боюнча болушу керек. Ошол үчүн менин буйруктарыма макул болуунун өзү, аны аткарууга киришүү дегендик, ал болсо ажал менен бетме-бет келген бир мүнөт. Ал уланат, же токтойт. Буга жин тийди деп ойлобо, андай эмес, акыл-эсим жайында. А сен болсо ушундай бир кыйын кысталышта башыңдан байланып калдың, басынтып же башка кылганым жок, тескерисинче, сенин жөндөмүң, билимиң, акылың бизге керек. Ошо артыкчылыгың менен менин буйруктарымды аткарып берсең болду. Аткарып! Анткени эми сага башка жол жок. Чын, айылга өзүң келдиң, биз сени чакырбадык. Тагдыр сени бизге кошуп жатат, демек, маңдайга ушундай жазылган. Бизди бандиттер дешсин, мейли, а бирок биз бандит эмеспиз, өз энчисин өндүрүп алгандарбыз. Заман ошондой, башка жол жок.

– Болуптур, – Арсен Саманчин анын сөзүн бөлдү. – Көрүп турасың, сени эле угуп атам, мени мажбурлап жатасың, муну мен өзүм чечишим керек да.

– Туура, мен да ушинтип айтканмын. А бирок дагы кайталайм, Кудайдын өзү суранса да баш тартмай жок, энчибизди гана алабыз, бир жума бөрү турмуш өткөрсөк, Памирдин Ооган тарабында болуп калабыз. Ал тараптын жолун мага кой, ай караңгы түн түшсө да жаңылбайм. Ак жайдын күнү ашуунун жолу жеңил го. Үй-бүлөнү таштасак, биз үчүн жазаланышат, өмүр бою куугунтукталышат. Сен бойсуң, сага жеңил. Үй-бүлө менен Үзөңгүлөштүн түбүнөн жолугабыз. Бирок алардын бири да Коломто коктусунда, андагы чыйыры жойкун из болгон жердин жанындагы үңкүрдө не окуя болгонун билбейт. Ушундай, анткени бул алардын иши эмес. Топоз баккан Ооган кыргыздарына барып, алгач ошерде турабыз. Анан балдарыбызды кийин Кытайдагы, Индиядагы, Пакистандагы жогорку окуу жайларынан окутабыз. Аны акча жасайт.

Телефон. Бектур шефтин өзү экен.

– Сен кайдасың? Кандай жаңылыгың бар?

– Мектептемин, Ташафган экөөбүз окуган жылдарды эскерели дегенбиз. Мага деген атты көрсөтүштү, суу төгүлбөс жорго экен, ыракмат, ага. Жаңылыкпы? Басма сөз катчысы Роберт Лукас телефон чалды. Бүрсүгүнү даярдык көрүү тобу келет, үч адам экен, алар менен кино тарткан дагы эки оператор болот деди. Ханзадалар болсо кийинки күнү келет экен. Болуптур, офиске бир аздан кийин барып калам, кеңешели.

Бардыгы графиктегидей болуп жатат, кабатыр болбоңуз.

Агасы Бектур шеф менен сүйлөшүп жатып өзүн кармай билгени, бул жерде эмне болуп жатканын билдирбегени Ташафгандын бөдөнөдөй бөккөн көңүлүн көтөрдү.

– Иш чачтан көп, келе кал деп жатат. Билесиң да, Таштан, мен басайын, – деди ал олуттуу.

– Жакшы, негизи бүт баарын эле сүйлөштүк көрүнөт. Эсиңе түй: бир белги болот – мен ал күнү өзүмдүн сержанттык шапкемди, советтик кызыл жээктүү, киемин. Демек, иштер мен буюргандай жүрүш керек. Түшүндүңбү? Дагы бир эскертүү, биздин операцияны бузамын деп ойлобо, анда мамиле жаманчылык менен бүтөт. Чегинүүгө жол да жок. Алар, же баштары сайылган акчаны берет, же мергенчиликте, же үңкүрдө ханзадалардын каны төгүлөт, айтор, алар тирүү калбайт. Ушундан тыянак чыгара бер. Бул ишти дагы эле кылмыш же карактоо деп ойлосоң, бир эскертүү, анда аны ичинден чыгарба. Агаңа болсо ооз ачпайсың, эгер айтсаң, анда бүт баарын атып салабыз, эч ким калбайт. Ачыгы ушу. Шаарыңа жылт эте турган болсоң, артыңдан кууп жетебиз, жоболоңду жол үстүндө салабыз, болбосо калааңдан кармап, кашыктап каның ичебиз. Ошондуктан сенден дагы бир жолу аябай өтүнөм, жыргаганымдан сени коркутуп-үркүтүп жаткан жерим жок, арга түгөнүп бүткөн, Арсен! Ошол үчүн тобокелди дос кылып, канжыгага баш байлап отурам. Бүттү! Башка сөзүм жок! Бир аз токтой турчу, балдарды чакырайын. – Терезеден башын созуп кыйкырды: – Эй, Култай, баарын чакыр, биякка киргиле!

– Эмнеге? – Арсен таңдана карады.

– Азыр...

Жанатан бери мектептин талыкшып жаткан короосун кайтарып турган төрт берен класска кирип келишти да бир катарга тизиле калышты. Ташафган аларга Арсен Саманчинди көрсөттү да, аскер командиринин буйрукчул үн-кырааты менен:

– Коломто боюнча бардык маселени сүйлөшүп чечкенибизди силерге билдирем. Ал үчүн шерттешүү милдети келди. Баштагын!

Биринчи болуп саксагай Саксаң Арсенди көздөй кадам таштады.

– Антты бузган – чыккынчы! – деди да четке чыга берди. Калгандары да ушул сөздү кайталашты:



– Антты бузган – чыккынчы!

– Антты бузган – чыккынчы!

– Антты бузган – чыккынчы!

Акырында Ташафган Арсенге кайрылды:

– Кандай экен? Антка түшүндүңбү?

– Дал ошондой! Аскердегидей, буйрук Кудайдан улук!

– Ооганстанда биз буйруксуз жашаба, сүйүүнү да баштаба дечүбүз. Беш элек, алты болдук, эми ишке киришкиле. Арсендин өз жумуштары бар. Мени менен Саксаң байланышып турат. Култай, Жылкыш, Жандос – үчөөң түнкү чалгынга чыккыла да, эртең түшкө жакын, сөзсүз, келип калгыла. Жырткычтар кайсыл жерди жайлап турушканын, кай жакка беттээрин чалгыла. Ал эми баягыл узун куйрук чара баш ашуунун алдында бекен, карагыла. Аны Коломтого чочутпай түшүрүүнүн жолун аныктагыла. Курал-жа-

ракты толук алгыла, не бар, не жок аттарга кол салгандар болсо... Мергенчилик башталганда кароолдо тура турган жерлер белгиленсин. Аттангыла!

Ошол ошол болду да, алар мектептин короосунан тараштты. Арсен «Мерген» фирмасынын офиси жайгашкан, мурдагы колхоз конторун көздөй Бектур агасына өзү жалгыз жөө баратты. Аялдабай анын артынан Ташафган жетип келди да, атынан түшүп, анысын жетелей катарлай басты. Кайрадан баягыл жомогун баштады. План бузулса келгендердин да, бул жерликтердин да чекесине ок кадаларын, ал эми иш ойдогудай болсо эч кимдин бир тал чачы түшпөсүн кайра-кайра эсине алып койгун деп эскерте берди.



## VIII

Ошол экөө ошентип таш эриткен күн аптабы түш маалын алып келген убакта тоо өңүрүндөгү Туюк-Жар айылынын ылдый кеткен, мемиреген тынчтыкты кучактап жаткан чоң көчөсү менен эртеден бери ойлордун эки өйүзүндө отуруп чаалыгып бүткөн, а бирок бойлору да, далылары да бир калыптан чыккандай, бир убакта бир класста окуган эки курбу ушу азыр бир ой-максатка ичтеринен эки башка көз караш-өкүм карманышып – аларга макул болбогон Арсен Саманчин менен аны өздөрүнүн каргашалуу калабага кошулат деген ойдогу Таштанафган «Мерген» фирмасынын офисине өмүр бүтүп, өмүр башталып жаткандай болуп бара жатышты. Ошо маалда алардын алдынан атын текирең-таскак

салдырган бирөө чыга калбаганда, жалгыз кынга сыйбаган кош канжардай сурданган ушул экөө балээси башты жутар иш жөнүндөгү сөздү дагы да уланта беришмек. Көрсө, аны шеф Бектурдун өзү Ташафганга чаптырган экен. Аты – Орозкул, уяттуу неме, атайы жиберип жаткандыгын түшүнүп, шашып алыптыр, аттан түшүп, аларга катарлаш басты, антпесе болобу, Арсен Саманчинди сыйлайт, анын үстүнө ал Бектур аганын өз иниси болсо, анан мордон чыккан түтүндөй болуп сороюп көрпөчөгө көчүк такап алганы адепке сыйбас, ошол үчүн Арсенди ортого алып басышты. Ушундай болмогун Арсен Саманчин кыялында канча жолу элестетип, Туюк-Жарды аралап жөө бассам деп самады эле, тагдыр экен, акыры аны буйруду. Кең көчөдө кенен-чонон сүйлөшүп бара жатышат. Айылдаштары аны кантип таанибай коюшмак, келерин угуп-билип калышкан, жөөсү да, эшекчени да жетиналбай учурашып, короосунда жүргөндөр атын атап, чыга калып көрүшүп, айтор, көргөндөрдүн бардыгы Арсендин Туюк-Жар айылынын кулуну экенине сыймыктанып сүйлөштү.



Дарбазанын жанында сөз сагынган курактагы байбиче отурган, буларды көрүп ордунан тура берерде кайдан-жайдандыр колуна чакан фотоаппарат кармаган, шыпылдаган жаш келин чыга калды. Эркек көзүн тарта алгыс солкулдаган денеси келишимдүү мүчөсүн ого бетер кереметке айлантып, кара тору жүзүнөн мээримдүүлүк менен жагымдуулук төгүлүп турган, карагат көздөн жалооруу менен жылуулук жанган, а бирок чачынын таралышына, жынсы шымына, кебез-

дей төшүн көрсөткөн спорттук кофтасына караганда башка жактан келгендей.

– Саламатсыздарбы? Үчөөнүздөрдү ушул калыбында тартып алайын, Арсен аганын ортодо келатканы сонун болуп туру. Уруксат этиңиздер, сүрөт сонун чыгат, артыңыздарда эки ат, андан ары айыл көчөсү, жол... Токтобоңуздар, жанагыдай эле сүйлөшүп баса бериңиздер, мен астыңардан тартып алам. Учурун өзүм кармап каламын, фотоаппаратым жакшы, санариптик.

– Санариптик фотоаппаратпы? Кайдан? – Арсен Саманчин таң калды. – Укмуш го?

– Соода кылам, челнокчумун. Атым – Элес, тиги Түмөн айылынанмын. Бул жерде эжем турат, бир аз ооруп калган экен, ошого келгем. Жакынырaак болгула, чылбырды кыскараак кармагыла. Мына эң сонун! Мен да «Мергендин» офисине барам.



Кыймылы жеңил, баскан-турганы куш канатындай эркин экен. Арсен муну байкады, Таштанафган менен болгон тагдырдан татаал сүйлөшүүдөн кийин жандүйнөсү өрттөнүп, көңүлү чөгүп келаткан, бу жаш келиндин аларга жасаган мамилеси, баскан-турганы, тулку-бою, үнү, айтор, андагы кандайдыр бир жагымдуулук анын аза боюн жеңилдетип, маанайын көтөрүп ийди. «Дүйнөнүн ордунда болгону» кандай экенин сезди, тумчуктурган деңиз түбүнөн чыккандай болду. Жандүйнөгө жарык тийгенде, жагымдуулук болгондо байкуш жүрөктүн бир гана жолку дилазабын унута калып кагышында сен кайра жаралгандай боло каласың. Азыр Арсенге ошондой бир көз ирмем келди да, кетти. Кетиргиси келбеген, аны кайра-кайра сүрөткө тарта берсе

экен, кайра-кайра бир нерселерди сурап тура берсе экен деди. Андай болорбу?

Жок, болду, аны Элес өзү жасады. Кадам шилтей беришкендерди токтото калып, фотоаппараттын экранынан азыр эле тарткан сүрөттөрдү көргөзө баштады. «Караңыздар – үч жигит! Эң эле сонун түшүптүр!» Жигиттер не демек, көрүштү, ыраазы болушту. Ташафган болсо: «Мына сага, азыркы техниканы», – деди.

– Элес, – деп анын атынан атады Арсен. – Кел, баарыбыз чогуу сүрөткө түшөлү, а бирок бизди ким тартат?

– Ой, жакшы болбодубу? Мен сиз менен кантип сүрөткө түшпөй коёюн, эстелик болот. – Келин жылуу жылмайды, анан алардын жанынан өтүп бараткан жаш жигитке: – Кел, Балабаш, бизди сүрөткө тартып койчу. Мына бул кнопканы басасың, – деди. Жаш жигит элпек макул болду. Арсен менен Элес ортодо жанаша турушту. Ошондо сезди, жаш келиндин денеси кебезден жумшак, жибектен назик, жагымдуу экен. Ошону туйду, ошону туяр замат өзүнөн өзү анын денеси менен дене болууга жакындап кетти, келинге да денелери тийишип туруу жаккан белем, ал четтеген жок, ооба, четтеген жок, а бирок ушунун баары көз ирмемдик гана убакытта болду. Анткени тигил жигит сүрөткө тартып алды.

– Ыракмат, Балабаш, кел дагы бир жолу, дагы бир жолу тартып койчу. – Арсен Саманчин ага карбаластай кайрылды. Анан алардын тийишкен денелери кайрадан көлкүп ээрип бараткандай болду... Азыр да жакшы түшүшүптүр.

– Жакшы түшүптүрбүз, Арсен ага, ушундай сүрөткө түшөм деп ойлогон да эмесмин.

– Жакшы түштүк, Элес, а бирок сүрөттү кантип алабыз?

– Аласыз, Арсен ага, мен чыгарып бергенге аракет кылам, Сиз азыр кетпейсиз да?

– Жакында кетпейм. Мерген-бизнесте болуп жатам.

– Мен да «Мерген» фирмасына жардам берем, алардын мергенчилигин сүрөткө тартам, меймандар тоодон кайткандан кийин аларга көңүл ачар концерт беребиз. Ушунун баары шеф аганын тапшырмасы. Кыздар ырдашат, Түмөн айылдан Баялы деген ырчы келет. Мен да ырдасамбы деп турам, гитара ала келдим эле.

– Ой-бо-ой! Концерт болот экен да. Андай болсо биз да угалы.

Чогуу жол улантышты. Көчөдө баратып Арсен:

– Элес, сен фотографсыңбы? – деп сурады.



– Жок, менин кесибим китепканачы, китепканада иштегем. Пединститутта окугам. Облус боюнча китеп таркатчубуз, өзүбүздүн автобусубуз бар эле, биз аны библиобус* деп койчубуз. Анан минтип бардыгы токтоп калды. Библиобусубуз менчиктелип кетти, айлыгыбыз болсо он беш доллар болду, ошентип ар кайсы тарапка кеттик.

– Түшүнүктүү, – деди Арсен Саманчин, а Таштанафган болсо ага негедир сырдуу карады. Анын бул кылыя карашынан көрдүңбү, эмгек акы деген он беш доллар, ал эми буерде жыйырма миллион жатса, анан сен кесирленип чамгарактайсың деген ой айтылып турду.

---

* Библиобус – (*гр.* biblion – китеп, bus – унаа) китеп ташуучу унаа маанисинде.

Орозкул бара берейин деп кетип калган, а Таштанафган дале болсо алар менен келатат, атына минип, шеф Бектурга эртерээк кетип калбайбы деп Арсен Саманчин ага тандаңып койду. Шашыла турган түрү жок. «Мейли?! – деп койду Арсен ичинен, анан жана эле ал экөөнүн ортосунда болгондорду эстей калып, аларга азыр эмнегедир кайрылгысы келбеди. Ошондой болду, непадам ал экөө бир кудукка түшүп кетишсе бирин бири төмөн көздөй тартыша берип иш бүтмөк.

Жанагыл Таштанафган азыр жок, оозунан ныпым сөз чыкпайт, айтор, алар ортодо эч нерсе болбогонсуп, жанагыл иш боюнча элдешкис эки көз караштты көтөрүп, ал боюнча ооз ачышпай, эч нерсе билдиришпей кең көчө менен жайбаракат келе жатышты. Ал иш кандай болот, эмне менен бүтөт, бул кыязы Кудайдын иши болсо керек. Элес кайдан келди, чын эле ал өзү билбеген бир кooганы туюп, жалгыздыктын зынданына түшүп кеткен, кайсыл бир чөйрөгө жек көрүнчү, иши оңунан чыкпаган жолу катуу жоболоң саналган, ооба, ушунун бардыгына башка биреөнүн айынан башын сайган азаптуу адамды арман-муңдан арылтайын деп, периште болуп келдиби?! Чын эле өчү бардай эрегишкен бул тагдырдан кантип кутулууга болот? «Жакындаба, жан кыйноого түшөсүң, ал жөнүндө ойлонбо!» – деди ал дил өзөгүн акырындан жылытып келаткан бир сезимди сезе коюп. Анткен менен ал капысынан жолугуп, аны менен беймарал катарлаш басып келаткан Элестин аны буга чейинки тагдыр тозогунан кутултайын, сактап калайын деп келди деген өзү тапкан ише-

нимине ого бетер байлана берди. Бу кургур эмнеге антип жиберди, аны өзү да түшүнбөй баратты... А Элес болсо өзүнүн дүң соода иши жөнүндө, кызыл кулактык туурасында айтып, Олуя-Атадан Саратовго поезд менен, андан Москвага самолёт менен учарын айтып, аяктан базар сураган товарларды алып келип, андан 10–15 пайыз пайда көрөрүн түшүндүрүп келатат. Мындайды далай укса да, негедир муюп укту, анткени ал булардын баарын өзүнүн көңүлүн көтөрүүчү, өзүн сактап калуучу сөз катары кабыл ала берди. Ал өзүнүн ушундай абалга дуушар болгонуна, капылет жайдан азыр эле чыга калган бул келинге неге тартылып, андан дилин бөлалбай калганына түшүнгөн жок, түшүнмөк түгүл ушундай болорун өмүр бою самап жүрүп, өмүр бою аны менен ушундай мамиледе болуп келе жаткандай эле туйду. Аны менен азыр эле көрүшүп жатат, ошентсе да ал ушу менен, бу дүйнөдө башка эч нерсенин кереги жок, ушу менен гана сүйүү ааламына катарлаша канат кагып учуп кетүүгө, тазалык менен бийиктик жаралган аскар тоонун мемиреген этегинде жалгыз болушун, аны колуна көтөрүп алып жүзүнө жүзүн жакындатып, гүл талындай тыноосунун жылуу, назик, жыпар демин жыргап тыңшоону, жыргап жыттап турууну көңүлү ыйлап, көөдөнү сыздап самады, бүт аалам ал экөөнүкү гана болсо деп көкөйү менен көксөдү. Анан анын эсине «Нивасы» түштү, шашыла ага отурушуп, түн жарымы болсо да шаарга кетип калышмак. Түнкү оттор... түнкү музыка... Кыялың менен куруп кал, азыр алар айыл аралап, айылдаштары менен амандык су-

рашып бара жатышат, бири чыга калып, бири баш ийкеп дегендей, айтор, ошентип барар жерге жетип да калышты окшойт. Ошондо Арсен негедир бири-бирин «сен» эле дешип сүйлөшүү дурус экенин, «сиз» дегенде чоочун, алыс адамдардай туюларын, жаштарынын айырмасы деле буга жол берерин айтып калды, ошону айтууга үлгүрүп калды. Анан офистин босогосун аттаар алдында андан бул жерде канча болорун сурады.

– Мен, Арсен, сен канча десең ошончо күн күтөмүн, – деди Элес чечкиндүү.

– Сенин бул жерде болгонуң жакшы. – Арсен да көңүлүндөгүнү айтып калды.

Айылдагылар ушерге көчүп келиптир, офисте, короодо, көчөдө топурап жүрүшөт. Анан кантмек, бүт айыл чет элдик мергендерди, баарынан да араб ханзадаларын качан келет экен деп сөз тыңшап күтүп жатышкан. Жаш-кары дебей офистин жанында экен. Ушундай болмогу бар эле. Бар болгон менен мындайда ар кандай сөздөр айтыла берет эмеспи. Теңирге табынганы өзүнө жакын адамдарын чакырып, Үзөңгүлөш тоолорун карап сыйынгыла, шамал сурап тилек кылгыла, анткени мөңгү барстарын шамал гана жаткан жайынан айдап чыгат, мергенчилерге жардам берет деген сөз чыккан. Аны уккан молдо тиги теңирчини асманга эмес, бардыгынын эгеси Жараткан, анын өзүнө кайрылуу керек деп ага күнөө койгон. Күлө турган киши жок. Ошентсе да ушу азыр «Мерген» фирмасында шеф Бектур өзү башында туруп, кадырлуу ханзадаларды жайгаштыруу боюнча даярдыктын абалын карап, кеңешме өткөрүп жатышкан. Бу чогулуш карыяларга социализм

кезиндеги аял-эркек дебей катышкан жыйындарды эстетти, чын эле ошо колхоздун эмгек жыйналыштарынан бери мындай иш дегеле болгон эмес. Ошондон улам бу жыйналыш деле болмок эмес экен, тиги улуу мөңгү барстары «көрсөтмө» бериптир, ошондон улам чогулуш өткөрүп жатышыптыр деген тамаша тарап, айылды күлдүрүп жүрдү.

Мында келгендердин көбү сөз угуп, иш кандай болорун билмекке кызыккандар эле. Ошондой болсо да, айылдаштарынын мындай жигери Арсен Саманчинди ыраазы кылды. Айылдаштарынын көбү менен далайдан бери кезигише элек болчу, жакшы болду, бүт айыл күткөн ушундай маанилүү кырдаалда алар менен амандык сурашып, чер жазып туру. Мунусу жакшы дечи, а бирок мынабу Таштанафганга эл өтө жакшы мамиле жасаганына, кадыры бар экенине ичинен бир аз кырт дей түштү. Анын үстүнө ал эртең эле бу жердегилердин төбө чачын тик тургузар иш жасабай тургандай жадырап жүрдү. Андан да айылдагы аялдар Таштанафган жөнүндө ыр чыгарып, анысы элдик болуп кеткенин укканда кирерге жери калган жок. Алар минтип ырдашат экен:

Эй, Афганым, тосуп ал,
Кербениңе кошуп ал.
Сага тиет керегим,
Уул төрөп беремин.
Тагдыр байлап койгонбу,
Тамак тапсаң болгону.
Эх, кербениң, кербениң,
Кантем Кудай бергенин.

Мейли, бул айыл тамашасы болуп ырдала берсин, бизди каражолтой каргашалуу иштерге азгырбаса болгону, деп көңүлкош ойлоп койду.

Ооба, жел тийбеген деңиз сымал көңүл тынч болгону менен дил тереңинде бир бүдөмүк, азырынча эч кимге айтууга да, азырынча эч ким билүүгө да мүмкүн болбогон, бир өмүр менен бир тагдырдын жан адам билбес жалгыз сырындай болгон, ийе, буга чейинки арман-муңунан жалгыз гана өзү үчүн жаралган Элестин башка жактан эмес, дал өзүнүн айылынан табылып, табылып да болду, айылынын ал өтөр көчөсүнүн кайсы бир үйүнүн, кайсы бир терезесинде жол карап күтүп турганы, күтүп турганда да кандай, бир көргөндө эле, бир сүйлөшкөндө эле, бу дүйнө жаралгандан бери жаны бир болуп, эки дене, бир жүрөк болуп жашап келгендей сүйүп калышы – жанга баткан жалгыздык менен ошо жалгыздыктын азабынан жаралган тагдыр муңу акыры ага табылбай келген бакыт болуп тургандай, жазмыш кыяматынан сактап калуучу бир периште-күч болуп келгендей болду. Бул жашоонун жакшылыгындай жаркын жолугушууну Арсен ушундай деп баалады. Ал эми анын айылдаштары ал аксанатай өмүрдүн акжолтой көрүнүшүндөй сезип турган Элеске көңүл деле бурушпады. Башка айылдан болсо да Элес бул айылдын өз кызы болуп калган, эжесиникине изин суутпай көп келет, анын үстүнө Түмөн айыл бу Туюк-Жардын бир бөлүгүндөй болгон жер. Арсен Саманчин аны билет, ошондон улам Сибирдеги Тюмендин аталыш мааниси ушу түмөн деген сөз менен байланыш болсо керек деп да ойлоп койду.

Бектур агасы иш жөнүндө сүйлөшүп, меймандарды тилмечсиз тосо албай турганын айтып отурду, а Арсен Саманчин андан кабатыр болгон жок, өзүнүн иши да, тескерисинче, ушу азыр ал сыртка чуркап чыгып, кыз-кыркындын арасында турган Элести атайы атынан атап чакырып, анысы аткан таң болуп алдына келсе, ак балык болгон билегинен кармап, жетелеп эжесинин үйүнө алып барып, мундашындай «Нивасына» түшүрүп, тагдырынын таалайын тоо-талаага таанытып, тагдырынын мундашы болгон шаарына мелт-калт болгон сүйүүсүн алып баргысы келип кетти. Ошентти, кыялы сабалап учкан шумкар го, ушуларды чок баскандай ойлоп отуруп, анан ал өзүнө өзү буга чейин бир болбогон ойго таң калды, кыялында ар качандан бир качан кызыл гүл болуп ыргалган Айдана кана, кызык, кыялында ар качандан бир качан кыямат-кайып болгон тигинин бизнес-шефи, Кудай алгыр Курчал кана?! Ооба, тагдыр дегениң сага эле эмес, Кудайга да баш ийбейт экен, жанына жаның бергендер да, жаныңды сууруп алчу душманың да жандүйнөңө бакыт келсе жоголот экен... Тагдыр деген Кудай да таппас табышмак экен...

Элес экөө шаарга кетип калышса, анда алар түнкү оттор менен музыканын деңизинде балкышып, ооба, бакыт болмок. Антүүгө азыр болбойт, Бектур агасынын сөзү менен аңчылык-бизнес маселеси боюнча келип, тууганды к парзын аткармак. Ошол үчүн бир карыш да жылбаш керек. Анын үстүнө бу Таштанафгандын иши, барымтага алчуларга даярдап койгон үңкүрү

туру. Азырынча опурулуп айтылып жатат, сөз болуп жатат, а эртең ал сөз эмне болот? Ал эмне кылышы керек? Муну менен эч кимдин иши жок, анткени аны эч кимиси билбейт да...

* * *

Бул күндүн ушул саатында жанды жанчкан жалгыздык менен тула бойду туткундаган коркунуч кордоп зарыктырган, тагдыр тозогун тартып, өксүгө өрттөнүп бүтүп бараткан бирөө бар эле. Ал Үзөңгүлөш ашуусунун алдындагы Жаабарс эле. Жакындан бери бул аймак да тынч болбой барат, туш-тарапка дүрбү салган, алда кандай түтүк сымал бир нерсе аркылуу тоо жаңырта кыйкыра үн алышкан кайдагы бир атчан адамдар келчү болду. Азыр да үчөө жүрөт, жер чалып, керегин издеп жүргөндөй. Жаабарс дилинде аларды тоготкон жок, билгенин кылып алсын дегенсип, казандай башын калдайтып, кумурскага күндүк жол келген куйругун желкесине жеткире серпип салып жатат, тигилердин көзүнөн далдаа болор ою жок. Алар болсо «узун куйрук, казан баш» өз жайында экен, ишибиз эртең оң болот деп, өй тынчытып баратышканын жаныбар Жаабарс бир билип эле койсочу...

А Жаабарс болсо ошондо: «Бул жерге силер эмнеге келдиңер? Силерге не керек? Кесир иш кылбагыла, жакында тоо бузулуп жер болот, ошондо силерге да жамандык болот», – деп дилинде айтып, өзүнчө онтоп, ырылдап койду.

* * *

Кеч жакындаганда Арсен Саманчиндин чыдамы такыр кетти, негедир Элес менен ээн жерде болгусу келе берди. Анткени ал ушу кечте бош болмок да, эртеңден баштап тилмечтикке байланмак. Даярдык ишин жасай тургандар, кинооператорлор, анын эртеси ханзадалардын өзү келет. Олуя-Атанын аэропортунан тосушат. Иш ушундай, өзүнө тиешелүү майда-барат нерселерди блокнотуна жазып алды да, сыртка жөнөдү. Артынан Таштанафган жетти:

– Арсен, сен эртең тиякка кетесиң. Сенин атың токулуу бойдон эжендин короосунда болот, унутуп калба, даярдап алып келишет.

– Жакшы экен, алып келе беришсин.

– Мейли, а куралыңды качан алып келишсин? Сага мылтык керек, анан сен тапанча да сурадың эле... Ал да болот, автоматты биз гана алабыз. Жанагы үн күчөткүчтү да алып келе беришсинби?

– Эртең алып келишпейби, кечке жуук, саат алтыларда. Шеф экөөбүз Олуя-Атадан келип калабыз. Куралдарды менин өз колума беришсин.

– Өз колуңа тапшырат. Шеф Бектурдун буйругу менен, тилкат менен берилет. Анан, Арсен... Мындай чыгалычы.

Бурчтан ары кетишти.

– Биз азыр ар кайсыл жакка кетебиз, тоодон, болжолу Моло-Таштан жолугат болушубуз керек, – деди Таштанафган. – Сен ханзадалар менен келесиң, мергенчилик ошол жерден башталат. Барстарды биз башкарабыз, бас деген жакка баскыдай кылабыз. Бардыгы эле ойдогу-

дай чыга бербейт, ар кандай болуп калышы мүмкүн. А бирок мен баягыл Оогандан бери келаткан аскер шапкемди киерим менен биздин иш башталат. Шапкемди кийгеним – бул буйрук бергеним, бүт бардыгын сүйлөшкөндөй аткара бер. Билесиң да!

Арсен Саманчиндин кулагы зыңылдап, башы жарылчудай болду.

– Сен кандай чалмакей чаларыңды ойлочу! Кеч болуп кала электе токтоткун.

– Сага эмне болду?! Биздин малчылар үчүн тиги кан соргон мителердин жыйырма миллионун аяйсыңбы?!

– Бөлүштүрүү башкача болушу керек.

– Ооба, революция, реформа аркылуу, анан да ким канча жулуп кете алса... Мен күтөмүн.

– Сен теракт жасап жатасың. Ушуну түшүнөсүңбү?



– Түшүнөм. Биз өз энчибизди алышыбыз керек.

– Кайым айтышып олтурбайлы, бул эл аралык чыр-чатакка айланат. Алар «Мерген» фирмасынын проектиси менен келет. А сенин ойлогонуң бизди таш-талкан кылат, кан төгүлөт, анткени алардын өздөрүнүн сакчылары бар.

– Коркпой эле кой. Биз айтканды тигилерге англис тилинде айтсаң болду, биз сага тийбейбиз.

– Мен өзүм жөнүндө айтып жатканым жок. Айтамбы, айтпаймбы ал менин ишим. Эмне, сен экөөбүз эрөөлгө чыгышыбыз керекпи?

– Эмне экен, чыкса чыгабыз. Сен бизди энчиден кур калтыргың келет.

– Дагы эле баягы.

– Жок, Арсен, сен өзүңчө, мен өзүмчө ойлоно берейин, убакыт бар, үч күн, үч түн. – Алар

кыйладан соң коштошту. Таштанафган дале болсо аны коё берчүдөй эмес, желке чачын кашып калды: – Сени билип турам, бирок азыр биз кыйкырып-өкүрүп, эл уккудай сөгүшсөк, балким, ачууң тарап калар. А бирок сен мен жөнүндө да ойлонгун, сууга чөгүп кеткиң келет, өмүрдү кыя албайт экенсиң, жашаш керек, болгондо да бардар жашаш керек. Жанагыл жан алгычтардын бизди мазактаганы жетишет. Бут кийими жогунан балдар мектепке баралбай калды, аны бир нерсе кылыш керек да. Силер селсаяк деп атаган шаардагы адамдарча мал менен мал болуп, мал артында жүрөбүз. Биздин ким экенибизди жанагы силер көчүгүн жалап мактаган олигархтар билсин үчүн, билгенде да кошоматчы жакырлар экенибизди өз көздөрү менен көрсүн үчүн байлардын кекиртегин үзөбүз. А сен болсо байкоочу болуп тургуң бар.

– Шапкеңди кийсең эле баары болот, аларды кекиртектен алабыз деп ойлойсуңбу? Чыр-чатактан башка пайда чыкпайт.

– Урдум мен ошол чатакты. Шапкени кием дедим киемин.

– Кийбей туруп ойлонгун.

– Сен ойлон. Мен ойлонуп бүткөм. Көрүшкөнчө.

Ошентип алар ого бетер убайым тартып, туз ургандай туталанып, бир пикирге келишпей ажырашып кетишти. Анткен менен ал экөө бул кооганын арты эмне болорун, барымтага алына турган ханзадаларды туткундоонун арамзалыгы Теңир-Тоонун түпкүрүндө, кар жаткан капчыгайларында жашаган барстардын тагдыры менен байланышып каларын, анан ошонун айы-

нан өздөрүнүн да кырсыкка учурашы мүмкүн экенин ички туюму менен туюп да, туйбай, ал жөнүндө ойлонуп да, ойлонбой, жалгыз гана ишеним кумарына азгырылып турушту. А бирок ичтеринен үнсүз тазалыктын кыйкырыгы чыкты: жадегенде жырткычтар ушуну билип, ушуну сезип койсочу! Эртең эмне болорун, кимди ким кайда соёрун жырткычтардын паашасы, кабыландын тукуму, туулбай туна чөгүп кал, тагдыр каргышына калган кайран Жаабарс, кайран Жаабарс билсечи! Ошону айтсаң, эгер булар болбогондо бейиш төрүнө кыямат жасоо бир да жандын башына келмек эмес.

Ошол күндүн ошол саатында булар жөнүндө Арсен Саманчин да ойлогон жок. Ал жүрөгүнүн канча бир кагуусуна дейре арамзалык менен кара ниеттикке чыдап, дагы да жалгыз калып, дагы да жалгыздыктын деңизине чөгүп баратып бир көз ирмемге бир адам үчүн чыга калып, анан ошондон улам аман калганына адам катары сүйүндү, мындан бир аз эле мурун, Кудайы атайы берген бактысы үчүн, ооба, бактысын жаратар сүйүүсү үчүн жашоо кумарынан дем алып, ошондон улам өзүн бирөөгө керек санап, анан өзү үчүн эле эмес, ошол үчүн, ошонун бактысы үчүн өмүр жыргалы, өмүр кубанычы эмне экенин айкын сезди. Негедир шашылды. Эмнеге мынча шашылды? Сүйүү деген ушундай болобу, сүйүү деген ушундай шашылыш жаралабы? Неге? Күнү бүтүп, суусу түгөнүп баратканы үчүн сүйүү деген шашылыш, жүрөктүн бир кагымында, тиктешүүнүн бир жалынында пайда болобу? Өлүм менен өмүрдөн турган ар бир күн ал үчүн акыркы күн болуп калары кашына келип турабы? Аны

ал билбейт, ал турмак Жаратkандын өзү да билбейт. А бирок ушул күндүн ушул саатында ал эмне болуп жатканын бирөө билип, бирөө көрүп, ал тургай бирөө келет деп күтүп отурган.

Элес аны терезеден өзү чакырды:

– Арсен, мен мындамын.

Ал ушуну эңсеп, ушуну каалап бараткан. Жан адам туйгус дил сырын алар көздөрүнөн көрүштү, ал экөөнө көздөрү сүйлөп, көздөрү сайрап, каректери каректерине биригип жатты. Элес азыр эжесинин үйүнө барып камынып чыгарын, а Арсен болсо алардын короосунун жанына «Нивасын» айдап келерин, анан алар алыска, тазалык жашаган жерге барышарын, жолдон май куюп алышарын, айтор, сүйлөшпөй билип, сурашпай макул болуп турушту. Ооба, бу дүйнөдө сүйүү менен бакыт гана эч качан, эч убакта кечикпейт. Ушул кырдаал ушундай. Арсен машинесин айдап келгенде Элес даяр туруптур, аркасына жол баштыгын асынып, колунда гитара, ийнине жумшак одеяло жамынып, жылмайып чыга келди.

Уя салган көгүчкөндөй жанаша жакын отурушту да, жөнөп кетишти, жалооруган, бирин бири жоготуп албаймбы деген аёолуу тиктешүү менен экөө тең өмүрүндө жетпей келген, өмүр бою эңсеп, өмүр бою издеп келген бактысына кез келип кетип баратышты. Ооба, бакыт бакытты, сүйүү сүйүүнү табат, ошол үчүн бул жашоодо сүйүү менен бакыт гана эч убакта, эч качан кечикпейт!

Аларды бакыт жаш кылып, аларды сүйүү мас кылды. Жака-белге жаш балача суктанышып, ошо суктануу менен, ошо бакыт менен, ошо сүйүү

менен кайра жаралып, бири жыйырма бештен, экинчиси отуздан ашса да, экөө тең жакшылык менен жамандыкты көрүп, экөө тең үйлөнүү үлпөтүн баштан кечирип, анан экөө тең үй-бүлөлүк чыр-чатактын, арман менен азапка чыдап, ажырашуунун муңуна чыдап, жашаган өмүрдүн өчү бардай өксүгүнөн биротоло бошонуп, кайра бир жолу, биринчи жана акыркы сүйүү кумарына кабылышып, дүйнө жалгыз, дүйнөдө сүйүү жалгыз, сүйүүдө экөө жалгыз болгон бир өмүрдө бир жолу болчу, болгондо да бактысы бакыт, сүйүүсү сүйүү тапкан учурду баштарынан кечирип барatышты. Тагдыр деген бир өмүрдө бир жолу бакыт менен сүйүүгө багынат экен, ушул саат, ушул мүнөттө ошондой болду, ошондой болгону үчүн ушул күн, ушул кездешүү бу дүйнөнү кайра жаратып, күндү күлүмсүрөтүп, тоолор менен талааны жайда келген жаз кылып, айтор, бүт баары, айыл да, айылдаштары да улуулук менен сулуулуктун жаратуучулары болуп турушту. Мунун баары Элес анын жанында, ал Элестин жанында болгону үчүн, тигинин ар бир кирпик ирмеши аны дарылап, аны эркелетип, аны кайра жаратып жаткандай кабыл алынды. Эки жалгыз адамды жалгыз сүйүү бир кылып, жанына жанын кошуп, канына канын куюп койгондо тагдыр менен адилеттик алар үчүн иштейт экен. Ошол гана аларга бакыт, ошол гана аларга жашоо болот экен. Жашоонун өзү сүйүү экен, жашоонун өзү бакыт экен. Ушинтип ойлоп жатып, ал өзүн өзү токтотту.

Ошол саат, ошол мүнөттө анын жандүйнөсү жанда жок ыр болуп төгүлүп турган эле.

– Көрдүңбү, Арсен, мынабу тоолор, мынабу талаалар менин сүйүүмдү күтүп жүрүшкөн, ошон-

дуктан мен бул жерге тез-тез келип турчумун. Күнү-түн күткөм, бирок ушундай болот деп ишенген эмесмин. Билесиңби, биздин ушул жерде биздин Кызкайып эжебиз бакыт издеп, сүйүүсүнө жетем деп аалам кезип жүрөт деген сөз бар.

– Аны мага айта көрбөгүн, Элес. Ыйлап жиберем.

– Ошондойбу? Ал үчүн мен да кейий берем.

Бир сүйүүнү бир киши болуп жараткандар башкаларга бир бакыт болуп көрүнсө, анда алардын ага чейинки тагдыр тозогу, өмүр муңу да ошол бакытка, ошол бакыттын кубанычына айланат. Өткөн өткөн күн менен кетет, а жашоо кайрадан жаңы башталат. Бүгүн мен, мен эле эмес, Элес экөөбүз кайра баштан жаралып, кайра баштан жашарып жатабыз, бизге көз тийбесе экен деп ойлоду Арсен.



Ойлогон менен ошол саат, ошол мүнөттө мен гана, мен гана жеттим деген өзүмчүлүк ой-пикирге биротоло бериле калып магдырап, телегейи текши боло калганда каргаша менен жамандык бакыт менен сүйүүнү көз ирмебей карап турат деп ойлоп ийди. Бакыт болбосо сүйүү жок, сүйүү болбосо бакыт жок, ошол үчүн алар жалгыз келбейт, жалгыз болгон кезде ал алсыз, чектелүү болот деди. Анан: «Араб ханзадалары эмне болот? Таштанафгандын барымтасына түшүп калышабы? Аны айнытыш керек, а эгер ал кежирленип тил албасачы? Анда эмне кылабыз? Бектур агасы ага да автомат берем дебедиби, ошо автомат менен коргонууга чыгып, таштанчылардын баарын атып салып, анан өзүн да жок кы-

луу керекпи? Кедей тургандар көп, алар мени башкача түшүнөт, араб миллиардерлери үчүн баарын, анан өзүн атты дешет. Анткени алар байларды жек көрүшөт. А чындыгы андай эмес, алар деле бай болгонду басса-турса самашат. Деги эмне кылуу керек? Бардыгыбыз кыл арканга байландык. Ташафгандар болсо карактоодон башканы ойлобой калды, ошону жасашат, алардын жогото турган эч нерсеси жок. Акча үчүн баарын жасашат. Жырткычтын олжосу бутунда болсо, каракчылардын олжосу жанкечтилик кылмышта. Таштанафган да ошону айтып жатпайбы, энчинди күч менен, карамдык менен тартып кал, болбосо башкалар жулуп кетет деп. Эх, оңбогон классташ, Оогандын канжар азуу карышкыры, кимди болбосун жара тартууга даяр. Эмне болот? – Заматта ушинтип ойлоду да, анан: «Эмне болмок, эч нерсе кыла албайт, жаңы турмуш башталды», – деди.



Бүт бардыгын экөө тең дилинен туйгандай болду, машинага май куйчу жерге барышты, андан соң жолун улашты. Эмнегедир Арсен Саманчин тоолордон шаарга кеткен чоң жолго бурулду да, анан ал машинасын токтотту. Саамга унчукпай туруп калды.

– Арсен, сага эмне болду? Биз ушул жакка барабызбы?

Элестин сөзүнө үн чыгарган жок, жөн гана башын ийкеп, ага мурда эч болбогондой, өзү да андай учурун сезбегендей жароокерлене жылуу жылмайып, күлүмсүрөп карады да, тамашабы, чыныбы:

– Элес, сен капа болбойсуңбу, мен сени шаарга алып кетким келип жатат, – деди.

– Чын элеби? – Элес таңдана калды. Ошол таңдануусунда, ошол күлүмсүрөөсүндө күтүүсүз келген кубанычтын белгиси да бар эле.

– Ооба, сени ала качып кетким келип жатат.

– Эмнеге?

– Сен экөөбүз бир болсок деййм.

– Ошондойбу? Анда мына бу гитарам экөөбүз ала качкыч журналистке туш болгон турбайбызбы. Ала качкыла! – Элес кубана күлдү. – Бул жакшы да, анда машинаны айдагын, ал кай тарапка бараарын билбей турат.

– Макулсуңбу? Анда сүйлөштүк. Азырынча бир жерде боло туралы, – деди да, Арсен Саманчин жакын жердеги өзөнгө, суу жээгине көк жашыл токой тарапка айдады.

Андан аркысы өзүнчө эле кино болду. Тунжураган улуу тоолордун ак кар, көк музу күн батар маалга салкын желаргысын тартуулап, кокту-колот менен буйтка-буйгоолго түшкөн көлөкөлөр бара-бара кара көгүш түскө өтүп, ак жайдын толгон бу кезинин күч-кубатын көргөзгүсү келгенсип тоонун суусу өзөндү бийлеп, өзөндүн ээси өзүм дегенсип токтоону билбей шар агат. Алар ошол жерден жай алышты. Куу жыгачтарды чогултуп, от жагышты, Элес шамдагай экен, ар нерсеге эптүү экен. Шар аккан суунун жээгиндеги узун чөптөрдүн арасына Элес ала келген одеялды шашыла жая салышты да, жарыша кийим чечишип, ачып көздү жумганча энеден туума болушуп, бири-бирине биригип, бири-бирине балкый эрип, аза бой жалгыздык менен күтүү кусалыгынан, энсөө менен армандан бошоп, өрт болуп күйүп бу тагдырдан өч алып, бу дүйнөдөн сүйүү таап, эки дене бир та-

мырга айланып, эки тагдыр бир бакыттан биригип, тамырдагы кан толкунун кан толкуну кубалап, ушунча жыл, ушунча күн ушул күн, ушул саатты эңсешкен экөө жан кумарын баштан кечирип жатышты... Ушул саат, ушул маалда ал экөөнө бүт табият суктанып, бүт бардыгы кубанып, ар бир чөп, ар бир жалбырак, ар бир гүл менен ар бир дарак, аймалап өткөн айдарым жел да таазим кылышып, бирде ийиле калышып, бирде алар да балкый түшүп, алар да биригe калып, ыргала жыргап жатышты. Октос берген тоо суусу ааламдагы эң керемет кезеңге кезигип турганына, бул экөөнүн бу дүйнөгө келгенден берки эңсегени ушул саат, ушул маалда ажырашпас ак сүйүү болуп, айланып кетпес бир бакыт болуп табышканына кубанып, ого бетер шаркырап акты, ого бетер бууракандап, жээгине чейин мелт-калт толуп акты, бирде саамга токтой калып аларды карап, бирде сүйүнгөнүнө чыдай албай көзүнөн жаш чыгара үшкүрүнө калып, улутуна түшүп, кайрыла калып ал экөөнө ак бермет чачып кайра акты. А күн болсо буга чейин мындай сүйүнгөн эмес эле, кырка тоолордун кылда учуна туруп алып, жүзүнө кубанычтын жыргалы болгон назик кызгылт нур чайып, жүрөгүнөн чыккан суюк кан түстүү жылуу нуру менен аларды сылап, аларды эркелетип жатты. Куштар да чабыт токтотуп, канат кагуусу унутуп коюп кайра эстеп, талаа чычкандары да куюндай шашкан турмушуна карабай токтоп, кулактарын делдейте кош аяктай тура калып, армандан жаралган сүйүү жыргалына батқандарды таңдана карап жатышты. Ооба, ал экөө бу дүйнөдөн аял менен эркек гана жалгыз

жашаган, аларды көңүл каалоолору, жүрөк эңсөөлөрү эки денени бир жүрөккө айланткан башка бир дүйнөгө барып келишти. Денелери эрип, көздөрү ого бетер күйүп, жүздөрү чоктой албырып турду.

Ошол саат, ошол мүнөттө ошол күн ошол экөөнө кылчая карап кызарып батып баратты...

Ушундай бир кызык иш болду. Бул ишти Кызкайып жүрөгү менен сезди да, сүйүү жаралып, бакыт башталган жерге учуп-күйүп келип, анан махабатын тапкан Элестин гитара менен ырдап жатканын угуп бир азга токтоп, анан ак жибектей аруу денесин сууга тийген тал чыбыктай солкулдата буулуга ыйлап: «Бир убакта мен дагы ушинткенди самагам... Кайдасың сен, кайдасың, жаны бирге мергеним? Качан сени кантип гана таба алам?» – деп жиберди.

Ошондон кийин ал экөө көңүлдүн сөзүн сүйлөштү, а бирок ушул саат, ушул мүнөттөн баштап алар бири-биринин өткөн турмушуна, жеке тагдырына кайрылышкан жок. Ал экөөнө жаңы дүйнө башталды.

– Элес, – деди Арсен кубана. – Эми бул капчыгайды Элестин капчыгайы деп атагым келип турат. Сен кандай дейсиң? Мен география мекемесине ушундай сунуш киргизем.

– Ошентсең ошент, а бирок мен Арсендин капчыгайы деген атты сунуштайм. Жакшы бекен, биз бүгүн бала болуп турабыз. Андан көрө мен сени Арстанбек дейин, а сен мени Эркингүл де, макулбу? Бул менин бала кезимдеги атым.

Анан алар ар кайсылар жөнүндө, турмуш, саясат тууралында сүйлөштү. Эл эми эмне кылышы керек, мындан ары кантип жашашы зарыл

дегендин тегерегинде ой жүгүртүштү. Дыйканчылык менен мал чарба азыктарына суроо-талап жок, ошондон улам айылды жакырчылык басты, жумушсуздук муңкуратты. Мындай шартта ыйман качат, ууру-кески көбөйөт, аракечтик орнойт, баңгиликке берилишет. Ушундай кыйын кезеңде «Мерген» фирмасы көп нерсени чечип жатат, аны эл билет, жарнамасы да күчтүү, эң негизгиси бул жерде иш бар, эмгек акы бар. Ошондон улам чет өлкөлүктөр келет, ага бу жердегилер кызыгып, кубанып жатышат. Бектур ага иштин көзүн билет, канча адамга жакшылык кылууда. Билген билет, билбеген жок. Мына, эртең кандай иш болот?..

– Ырас, мени чакырар замат жетип келдим, а бирок билесиңби, Арсен, жандүйнөң кыйналат, – деди Элес айылга кайталы деп жаткан-да. – Экология жөнүндө сүйлөшкөндү жакшы көрөбүз, а бирок өзүбүз аны...



– Туура айтасың. – Ал Элеске дароо эле макул болду. – Экология жөнүндө баарыбыз айтып эле жатабыз, өзүнчө бир эпос болуп калды окшойт. Акча болсо эле болду, өрттө десе өрттөп да жиберет, анан кайдагы экология. Сен го мергенчилердин көңүлүн ачар иштерге гана катышың бар, а менчи? Мен мергенчиликке түздөнтүз катышам. Бектур ага кандай киши экенин билесиң да, кадырын сыйлап сөз берип койдум, бир чети тууганчылык милдет, жок дей албайсың. Байланып калдым...

– Мен билем. Мени аябай бекем кучактап койчу, жаным, мен ошону каалап жатам. – Кайрадан дене биригип, кайрадан аба жетишпей энтиге калып, демине-деми кошулуп өбүшүп

жатышты. – Сен бул жерге келбеген күндө деле баары бир мен… Баары бир мен… – Элес энтиге жүрөгүн ачты.

– Ооба, ошондой, Элес. Биз баары бир бир күнү жолугушууга тийиш болчубуз. Ошол үчүн… ошол үчүн…

– Ооба, жаным, мен сенден ушуну күткөм, мен сени ушул үчүн издеп жүргөм. Мен да сен үчүн, сенин мени издеп, мени күтүп жүргөнүң үчүн келгенмин, Арсен!

– Ошондой, жаным, ошондой. Кейиштүү кырдаал болсо да жолукканыбыз үчүн барстарга ыракмат айталы. Алар бизди бул жерге алып келди.

– Чын эле, ошо барстарга ыракмат. – Дагы да дене биригип, дагы да аба жетишпей кетти. – А билесиңби, Арсен, сен менин барсымсың, а мен ургаачы барсмын.

– А эмне? Ошондой эле!

Ошо саат, ошол мүнөттүн жан жыргалы маалында Арсендин башына коркунучтуу бир ой келип, таштай катып, муздай тоңуп селейди. Тамашадан чыккан сөз эле, «эгер чын эле биз барс болсок, анда эмне болобуз?.. Барс болсок эмне болобуз?..» Денеси муздай түштү, ал өзүнүн жаңы дүйнөсүн көз ирмемге жоготуп жиберди.

Не болсо да ушул сөз жүрөктөгү ок болуп туруп алды. Элес деле бул жөнүндө эч ким менен сүйлөшкөн эмес, ошондой болсо да айыл ооздон түшүрбөгөн аңчылык бизнеси анын дил азабына айланып, эгер бул өнүгө берсе эл бекер оокатка көнүп, жерди карабай калышарын ойлоно берчү. Эгер иш ушундай боло берсе, аңчылык бизнеси тоодогу жан-жаныбар аттууну акыркы кекилик,

чилге чейин кырып түгөтөбүз, мөңгү барстарынын тукуму курут болот, анан эл эмне кылат?.. Бир нерсе өндүрүү керек да? Ал кана?

– Мен аябай капа болуп жатамын, Арсен. Бирок бул жөнүндө эч кимге эч нерсе айталбаймын. Арабдар келгенде: «Биздин мөңгү барстарынан колуңду тарт! Аларга тийбегиле! Барстар өздөрүнчө эркин жашашат, айбанаттарыбызга ок атпагыла!» – деген плакаттар менен чыккым келет. А бирок анте албайсың да, антсең өзгө эмес, өзүбүздүн эле айылдыктар ташбаранга алып, бизнеске, акчага бут тоскон адам деп жек көрүшөт. Бизде өзү аңчылыктан башка эч нерсе деле калбаптыр. Бир нерсе ойлоп табайын деген адам жок. Чын айтамбы, Арсен?



– Чын, Элес. Бирок, бирок мындай ишке кийинчерээк каршы чыгыш керек. Элде иш жок азыр. Ооганстанда баңги заттарды өстүрүүнү токтотуш үчүн башка өсүмдүктү издеп жатышат. Эл пайдасына карайт. Аңчылык дагы ошондой.

– Биздин дилибиз, оюбуз бир болуп жатат, Арсен. Ошон үчүн ушул сөздү баштап алдым. Анын үстүнө сен мага бакыттын эшигин ачтың, а мен болсо ар кайсыл жерлерди көрдүм, аларда бүт баары базарга ыңгайлашкан, биздегидей эмес, тоо байлыгын таламайга бербейт. Жаратылышын жаттарга тебелетпейт. Эртеңин ойлошот. Башкалар мындай жерге эс алуу бизнесин уюштурушмак. Эмнеге эле сүйлөгүм келип жатат. Кечир. Ишенесиңби, Арсен, мен сени сүйөм...

– Ишенем. Аябай жакшы сүйлөштүк, менин да айта тургандарым бар эле, аны кийин. Кетели эми, көз байланып баратат. Биз бири-бирибизден ажырабайбыз. Анда эмесе мен үчүн музыка!

– Сөзсүз. Мен сага эски жана жаңы музыкалардан ойноп берейин. Жарайбы?

– Жарайт. Жалгыз мен үчүн коюлган концерт болсун. Угайын, ойлоноюн, тагдырга ыраазы болоюн.

– Эмнеге?

– Сен үчүн, Элес.

Дүйнөң түшкүр ушу экен, ал Арсен Саманчиндин алдыда күтүлчү алаамат жөнүндө, айдакчылар эмне деген жанкечтилик ишти даярдап койгонун, анысы кандай балээ саларын, ойлогонун бербеген, өлүмдөн кайра тартпаган, ааламдаштырууну ажалындай жек көргөн Таштанафган дегени кан көргөн аскер шапкесин киери менен капырыңа каалабас, кара кыргын, кызыл сүргүн башталарын, Арсендин өзүн да жаагы бекем капканга түшүү тагдыры күтүп тургаарын ойлоп, тилин тишине катууга аргасыз болуп отурганынын бир гана четин билсечи... Жардам берер Жараткан, сен кайдасың? Айтчы, эмне кылыш керек? Каргыш алгырдын бизнеси, адамдарды да, жырткычтарды да бир түйүнгө, ооба, өлүмдүн бир гана чие түйүнүнө байлап салды.

Күн кылкылдап, бул экөөнү кыялбай батып бaратат. Сүйүшкөндөрдү көргөндө табият да жашарат деген чын экен, жай жаз болуп, жаз майрам болуп турду. Ошол саат, ошол мүнөттө ал экөө жашарып, арт жагынан күн батарын айтып, алдыларынан таң атары башталгандай болуп турду.

Күүгүм алгач кокту-колотко түшүп, анан акырындан кыр-кырларды көздөй жылып, буйткабулуң, тумшукту жалмап, көк тиреген ак чоку-

ну көздөй жылып баратты, аскар тоолор караңгылык канчалык коюуланган сайын ого бетер кара тоо болуп калдайып, сүрүнө чыгып тунжурап турду. Ошо тоолорго тийип-тийбей турган шаңкайган көк асманда ак куунун канат алдындай уяң, назик, таптаза аппак булуттар түрмөктөлө топтолуп, келер караңгылыкта ого бетер сулуу, ого бетер назик, ак болуп көрүнгүсү келди. Ошол күнү ошондой бир керемет күн болду, асман көкмөк, жер жашыл, аалам болсо бактылуу эле...

Ойдогу жолдо бир «Нива» жалгыз гана жай келет. Кайда шашмак, андан көрө алардын дагы көбүрөөк чогуу болуусу кызык, ансыз деле биринен бири ажырай албай баратат. Ушул күн, ушу кезге чейинки алардын жашоо-турмушу, тагдыры, сүйүүсү менен кайгысы жанагыл жашыл өзөндөгү тоо суусу менен кайдадыр агып кеткендей болду, анан ушул күн, ушул мүнөттөн баштап, экөөнүн тең өмүр бою өксүү менен көксөгөн, арманга бата эңсеген сүйүү менен, сүйүү бактысы менен кездешүүсү, тагдыр табышуусу алар үчүн жаңы дүйнөнүн башталышын жаратты да, ал экөө тээ бала чагынан бери эле чогуу жашап келаткандай болушту.

Алар ушинтип кайтып келатышты, арткы орундукта отурган Элес жагымдуу ыр ырдап, гитара чертип келет. Арсен Саманчинге бул жол тааныш, далай каттаган. А бирок ал азыр бул жол менен биринчи жолу бараткандай болду, анткени сүйгөн адамы менен бараткан дегеле башкача, алгачкы жолкудай болот экен. Мындайда баягыл аягы жок философиянын да кереги жок экен, маанайга, кубанычка жараша та-

маша айтышып, бирине бири эркелеп келе жатышты.

– Машинаны артка буруп, түз эле шаарга кетип калалы, сен кандай дейсиң?

Элес ага жакындады да, ысык демин чыгара:

– Кетсек кеттик, – деп наздана шыбырады.

Кубаныч күлүп турганда башка да жагдайлар болот экен. Арсен Саманчин ошондой бир жагдайга таң калды, тагдырдын мындай бурулушун күткөн да, болот деп ойлогон да эмес, ошондон улам: «Мен эмне, өзгөрүп баратамбы?» – деди. Анткени анын баягы өч алуу максаты, тапанча табуу түйшүгү, адам өлтүрүү тилеги, анан өзүн өзү жок кылуу иши кайда кетти? «Ошо Курчал акмакты кусур урсун! Жылдыз болуп кеткен Айданасыз деле мен сонун жашаймын, бактылуу жашай аламын. Бүттү! Кайрылбаймын! Жашоонун башка да жыргалы бар. Бир гана «Кызкайып» унутулбайт. Бул – чындык. Мен эми жаңы күч менен, жаңы эргүү менен киришем», – деп өзүн өзү ынандыра ойлонуп жатты.

Ошол эле маалда ал өзүнүн жеке турмушун да унуткан жок, Элестин жүргөн-турганы, мүнөзү жакты, көз караштары да жакын экен, баш кошуп бирге жашасам болот деп ойлонду. Турмушка да бышык көрүнөт, шаардан-шаар кыдырып соода кылган адам тынч отура албайт, андайда чоюлуп чай ичкенге чолоо жок. Анан да качанга чейин бойдок жүрө бересиң деген жакындарынын жемесинен кутулат, «Черчилль байке» атка конгон Бектур ага, өз агасы Ардак, башка эки ата, үч ата өтүшкөн туугандары да тынч алып калышмак. Тагдыр байлап, кол кармап бирге жашаганга Элестин көңүлү бар, жаз-

мыштын жаңы жолуна ал даяр. Ошол үчүн эркек катары анын колун сурап, сунушун айтмак жол Арсендики.

Жол ачылып турган, баш кошуп шаарга кетүүгө ал деле макул болмок, дил-пейил байланышып, көңүл алышып, ниет биригип калган. А бирок азыр аны айта албай туру, «Мергендин» иштери бар, ханзада дегениң келиши керек, мергенчилик кылып көңүл ачышы зарыл, анан ошол иштер аягына чыккан соң гана жүрөк каалоосун, көкүрөк сөзүн айтуу кажет. Аманчылык болсо ал деле болор, аз калды, бүт баары босогодо туру. Кулагы гитарада болгону менен жогорудагы ойлорун салмактап, турмуш сабагын таразалап баратты, аны өзү ойлогондой бир башкача ой басты, болгондо да жаңы дүйнөнүн оюу басты. Турмуш өз өкүмүн чыгара берет экен, тоскоолдукту тоготпой коёт экен. Ушу жерден да ошондой болбодубу, дегдеген Таштанафганы, анын касамдашкан кадырлаштары кыргыз кылбас кыянат-кылмыш кылмакка Абыке болуп асылып, Көбөштөй көгөрүп жатышпайбы. Буларды ойлонбоюн деген, өзүн өзү жазалоодон баш тартып, өзүнө өзү сөз берген. А бирок дил кыйноодон кутулуп кете албады. Таштанафган өзү айткан бир өмүрдө бир болчу байлыктан, өз кызыкчылыгынан кечип, өз айылы, эли-журту эмне болору жөнүндө ойлоп, эсине келет деп Арсен өзүн ишендиргиси келди.

Өзүңдүн керт башыңа таандык нерселер жөнүндө ойлогондо бу дүйнөнүн карама-каршылыктан жаралганын сезбей койбойсуң. Ааламдаштырууга ач бөрү болуп асылган Таштанафган деле жок жерден зордоп, матап жатпайбы. Анын оюу

боюнча ошол дүйнөлүк ааламдаштырууга каршы чыгуу да террордуктун ыкмасы. Кандай гана иш болбосун өзүн өзү актоонун себебин таап турат. Тоолордо да өзүнүн Че Геварасы болуш керек деп бекер айткан жок, оюн карабайсыңбы, ошол Че Геварага жетмек кайдан. Көк, өзүнүкүн өлсө да бербейт, аны көндүрүп көр! Булар үчүн өмүр менен өлүмдүн айырмасы жок, оюнчук көрүшөт. Түпкүлүгү жанагы миллиондогон, атүгүл миллиарддаган долларларын кайда жумшарын билбеген, кумдай көрүп кумарга сайган дүйнөлүк байлар үчүн бизнес аңчылык да табакка куюлган суусундук эмеспи. Ошол үчүн тиги кара мүртөз Таштанафган энчисинин колго тиерине мээкара көк жинди болуп, акылдан ажырап бүтүптүр.

Болду, жетишет. Баарына кол шилтеп жоголуш керек! Кайда жоголуш керек, кантип жоголуш керек? Болуптур, өз жаныңды эптеп сактап каласың, а калгандар эмне болот? Ушинтип ага түркүн ойлор келип жатты, анан бул болбостур дедиби, айтор, Элеске:

– Элес, бир ой бар, кандайдыр бир себептер менен тоолордо, тигил үңкүрлөрдө баарынан кечип, жашап кетсем сен эмне дейт элең? – деп калды.

– Бирге болсок мен деле жүрө бермекмин. – Элес буйдалган жок, тескерисинче, анын ийинине чекесин жөлөдү.

– Жок, Элес, мен чын эле айтып жатам. Кел, менин жаныма отурчу, сүйлөшүп алалы, айылга он чакырымдай калды. – «Нивасын» токтотту, Элес алдыңкы орундукка отурду. Арсендин көөнү жайлана түштү.

– Сен чын эле үңкүрдө жашагың келеби?

– Билбейм, а сен эмне үчүн макул болуп жатасың?

– Сен аны билген жоксуңбу? Сага аябай-аябай жаккым келип жатпайбы?

– Туура. А мен сага жаккым келип жатат.

– Чын элеби? Анда бири-бирибизди жакшы көрүп, сүйүп, тоолордо жашай беребиз. Үңкүрдө жашаганда сен эмне иш кыласың?

– Менби? Мен табынып турам, сага теңирчилик боюнча лекция окуйм, асманга табынган ушундай бир илим бар.

– Молдолор билип калышып, үңкүрдүн оозун корумдап бекитип салса кантесиң? Бирок үңкүрдө жалгыз калам деп эч бир коркпогун, мен жаныңда болом, жан биргем.



– Анда кабатыр болбойм. Молдолорго иш көп, мени коюп өз иштерин жасасын. Кайдагы бир кудайы безер менен алардын иши эмне!

– Ошондойбу? Анда мен сага гана камкордук кылам. Менин ааламым сен болосуң.

– Аныңды кантип актаар экенмин?

– Жакшы көрүп... Жана да биз балалуу болсок деп самайм. Аябай каалайм, жетелеп жүрмөкпүз, сенин лекцияларыңды эс киргенден эле угуп тура турган эркек балалуу болобуз.

– Эң жакшы, мен макулмун. Бирок кечирип кой, Элес, балким, ыңгайсыз сурап жаткандырмын, бирок чын эле билгим келет, кечирип кой, буга чейин сен балалуу болдуң беле?

– Жок. Болтурбай жүрүүгө туура келди. – Ал ачык айтты.

– Мындан ары антпегин.

– Антпеймин. Сен табынганы жаткан Көктөн экөөбүздүн татынакай эркек балабыз болсо экен деп суранам.

– Эгер кыз төрөсөң ого бетер сүйүнөм, Элес.

– Чынбы? Мен дагы аябай сүйүнөм. Кыз бала акылдуу, сезимтал болот.

– Бүт баарын чечип алдык, макулдаштык. Эми кандай болчу эле, эки тараптын протоколго кол коюшу гана калды.

– Эң сонун экен, кол коёбуз.

– Анда протоколду даярдайлы.

Өздөрүнчө ойлондубу, айтор, унчукпай калышты. Ана, айылдын чети көрүнө баштады, аларды оттор жол карап тосуп, аларды оттор сагына күтүп жаткандай. Толгон жайдын ак булаңгыр түнүнөн кабар бергенсип, күүгүм да жука көйнөкчөн. Телефон тынчтыкты бузду.



– Ой, менику го? – Элес артка бурулуп, курткасынын чөнтөгүнөн телефон алды. – Угуп жатамын! Бул ким! А-а, Зейнеп, сенсиңби? Ооба, телефон жетпеген жерде жүрбөдүмбү. Азыр Туюк-Жарга келип калдык, угуп жатам. Он тогузуна дейсиңби? Шашылышпы? Макул, мен ойлоноюн, кайра чалам. Ооба, ооба, сөзсүз чалам, бир-эки сааттан кийин. Жакшы, Зейнеп!

Олуя-Атанын жанындагы Чулган деген жерден соода өнөктөшү Зейнеп чалып жатканын, булар төртөө экенин, аларга бир кездеги пионер вожатыйларча Элес башчы болуп жүргөнүн Арсенге айтып берди. Айтканына караганда Саратовдо майда дүң соода борбору бар экен. Ошерге поезд менен барышат, кардар-таңсык товарларды алышат да, бул жакка өткөрүшөт.

– Анда барыш керек. Эгер барыш керек болсо, мен сени жеткирип коём.

– Жок. Убара болбогун. Олуя-Атага чогулабыз да, анан поезд менен кетебиз. Кандай кылсам экен? Бизди Саратовго бир жумадан кийин чакырышат дедим эле, эртең кетиш керек турбайбы.

Ортодогу сөз тынды. Арсен Саманчиндин «Нивасы» да токтоду. Алардын бир өмүрдө бир жолу болуп, анан ошо бойдон жомок турмушка, бейиш жашоого айланып калар бүгүнкү жыргалына күнүмдүк ыбырсыган көртиргилик капылет жерден аралашты. Турмуштун бөтөн агымы аларды эки башка кылып жибергендей болду. Андай болгондо эмне экен, ар кимдин өз иши, өз түйшүгү бар. Ушундай, а булар болсо асмандан түшкөнсүп... Ооба, бир мүнөтчө ушундай болушту, абалды Элес жайгарып кетти:



– Шериктериме телефон чалып, бул мертебе Саратовго менсиз эле бара бергиле деп көндүрөм.

– Өзүң бил, бирок мен ишиңердин кандай экенин толук билбейм дечи. Ошентсе да барышың керек го. – Арсен аны кыйналбасын деди.

– Арсен, – деди ал алаканын анын ийинине коюп. – Экөөбүз үчүн мен баарына бара алам.

Буга чейин бирин бири билбеген жандүйнөнүн бир көргөндөн бир болуп, жарым күндүн ичинде биригип, кыйышпас кыял-мүнөзгө байланып калышканын өздөрү да анча билбей калышты. Анткени алар дил күчү менен ой-максаты боюнча бир улуу нерсеге даяр болуп, деңиз үстүндөгү чардактардай бирин-бири үнүнөн, канаттарынын ар бир кыймылынан түшүнгөндөй түшүнүп турушту. Элести эжесинин үйүнө жеткирерден мурда, бүт бардыгы алаканга салгандай айкын болуп калган өзүнүн мындан аркы тагдыр-турму-

шун ансыз элестете албасын баары бир кыйытып айткысы келди. Мындай сөздү машинаны токтотуп туруп сүйлөшүү керек. Токтотту, ошо замат Арсен Саманчиндин телефону шыңгырап калды. Бектур агасы чалып жатыптыр. Ал анын кайда экенин сурап, анан биердеги жардамчылары менен аңчылык-бизнес планды, ага байланышкан майда-барат нерселерди карап, тактап чыгышканын айтты. Туюк-Жарга райондун администрация башчысы, аким Жанышбаев келиптир, анткени улуу урматтуу ханзадаларды, эки атанын балдары Хасан менен Мисирди мамлекеттик администрациянын башчысынын өзү тосуп, өзү учурашып куттукташы керек экен. Ошондуктан ал түз эле «Мергендин» офисине келиптир, эртең Олуя-Атага бара турган иштерди чогуу сүйлөшмөк болуп жатыптыр.



Көктөн түшкөн сүйүү кереметине көзү жок көртиргилик колун сала баштады, шашылбашка чара жок. Такай телефон менен байланышып турмакка номерлерин дагы бир жолу текшерип алышты. Ал тургай ошол эле жерде Элеске телефон шыңгыратты:

– Урматтуу Элес Баатыровна, тынчыңызды алганым үчүн кечирим сурайм. Сизге Арсен Саманчин деген чалып жатат, ал мындан кийин сизге ар дайым чалып турат, анткени ал ансыз жашай албайт. Сиз буга эмне демекчисиз, Элес Баатыровна?

Элес Баатыровнасы акырын күлүп:

– Ооба, урматтуу Арсен Саманчин, а мен болсо үнүңүздү кайра угуш үчүн телефон чалып жашаймын. Ыракмат, Мухабат Мухабатович.

Экөө тең унчукпай калышты. Мындан ары көрүшпөй тургандай болушуп биринин көзүн би-

ри негедир бир башкача, алда неден кабатыр болгондой аёолуу карады.

– Мен сени күтөм, – деди Арсен Саманчин коштошуп жатып.

– А мен ар дайым күтөм, – деп жооп берди Элес.

Ал чуркап барып, машинанын Элес отурган тарабынын эшигин ачты да, ал экөө караңгылыктын кучагында кайрадан көздөрүнөн көзүн алалбай калышты. Ушул көз ирмемде ал эмнегедир ансыз жашай албасына толук ишенди.

– Негедир Саратовго баргым келбей жатат, – деди Элес. – Курдаштарымды эптеп көндүрөм да.

– Өзүң бил, Элес, болсо болсун, болбосо жок, мен үч-төрт күн чыдайм. Бул жерден сенсиз жалгыз кетпейм.



– Андай болсо анда, Арсен, мен түз эле Саратовдон Бишкекке келбейминби?

– Анда мен сени вокзалдан күтөм. Телефон гана чалып кой. Эгерде мынабу мергенчилик дегени тез бүтсө, анда иш башка, созулуп кетсе аны да көрөрбүз.

– Аны түшүнөм.

Бирин бири кыса кучакташып коштошту.

Арсен Саманчиндин «Нивасы» көзгө көрүнбөй калгычакты Элес кол булгалай узатып турду. А ал болсо машинанын күзгүсүнөн көз албай, анын караанын карап, караңгылыкка айланганча тиктеп келди.

Жолдо кетип баратып күтүүсүз жерден шайтандай болуп Таштанафган операциясы эске түшө калды эле, ал машинасы менен жардан алыс кеткендей болду. Эч кимге, Элеске да айтууга болбойт. Эгер айтсаң бет келгенин кыйраткан

көчкү жүрөт, «Мерген» фирмасынан эч нерсе калбайт, айтпай койсоң андан бетер кыйсыпыр түшөт. Эмне кылуу керек?..

Офиске келип, шефтин кабинетине кирип баратып, кабылдамадагы Бектур аганын жардамчыларынын арасынан Таштанафганды көрүп калды. Тигил ага озуна салам айтты.

– Аа, саламалейкум, Арсен, келдиңби? Жүр, шеф күтүп калды, – деди да, ортодо эч нерсе болбогонсуп аны чыканактан алып, каалганы ачарда: – Акимдин аты-жөнүн билесиңби?

– Жок, мен аны анча жакшы таанбайм.

– Корчубек Алтаевич. Корчубек Алтаевич. Эстеп калдыңбы? Ии, баса, аким деген акимиаттын атынан тигилерге эки бүркүттү белекке даярдап коюптур.

– Түшүнүктүү. А сен кайдан?

– Ушерден эле. Акылдаша турган иштер болгондо шеф дайыма чакырат.

– Түшүндүм.

– Ийи, тиги Элес менен кандай сейилдедиң?

– Ишиң эмне?!

– Башкача кабыл алба. Ал чынында жакшы кыз. Кир.

Ичкери кириишти. Арсен Саманчин жол сактап, адегенде сыртынан салабаттуу көрүнгөн, толук, галстук тагынган, жашы кырктан бир аз өткөн аким менен саламдашты, жылуу-жумшак учураршты, мурда көрүшкөн экен, конференция, чогулуштарда бир-эки жолу жолугушканы эсине түштү. Анан Бектур агасы менен учураршты. Сакалынын жарымын ак басканы агасын ого бетер салабаттуу көрсөттү. Сөздү аким баштады:

– Сени күтүп отурганыбыздын жөн-жайы бар, Арсен. Кээ бир маселелер жөнүндө такташып алышыбыз керек.

– Корчубек Алтаевич, мен даярмын. Менин ишим – тилмечтик. Болгонун болгондой которуп турам.

– Билем-билем. Сенсиз биздин иш жылбайт. Сен биз үчүн тилмеч эле эмессиң, Арсен. Сени менен сыймыктанабыз. Анын үстүнө сенин, баарыбыздын кадырлуу Бектур агабыз, ооба, Черчилль агабыз бар. Биз бу киши менен сыймыктанабыз, сен дагы сыймыктан. Биздин Беке мурда колхозду бекем кармаган, азыр болсо мына, аркардан тартып, барстарга чейинки бүт бизнес иши ушу кишинин колунда. Ушуну менен атыбыз чыгып, ишибиз болуп жатат. Ал эми басма сөз жагында болсо сен өзүң барсың, хандардын бирисиң.



Тамашага жыргап күлүштү. Андан соң иш боюнча сөз жүрдү.

Аким өзү сүйлөп жатты. Анын айтымына караганда араб байлары тоо бүркүттөрү менен шумкарларын жанындай жакшы көрүшөт, ошондуктан Үзөңгүлөштүн алгыр куштарын Кудай деп алып кетишет. Ушундай болгон соң белек тартуулоо аземин ойдогудай уюштуруу керектигин айтты. Ошо салтанатта томоголонгон бүркүттү таш кол кап кийген меймандын колуна колдон берет. Антпесең бүркүт чочуп кетсе, же бөтөн кол экенин туйса, сөзсүз, мыкчыйт, анда эле иштин бүткөнү, арабың өлүп-тирилип, Коконго чейин кокуйлайт. Айтор, тартуу өз жолу менен болору айтылды, бирок ал качан болгону ылайык, меймандар Туюк-Жарга келгендеби, же

кетер кездеби? Ошондо Таштанафган сөзгө кошулду. Ханзадалар өздөрү самаган иштен алагды болбошу керек, алгыр куштарды аларды узатар аземде өзгөчөлөнтүп берген жакшы, салтка да туура келет деди. Мындагы аркы-беркини көргөн нускалуу аксакалдар да ошону туура көрүштү. Райаким Жанышбаев өзүнүн ойлоруна да, бу жердегилердин сөздөрүнө да ыраазы болуп турган, Таштанафган .ошону туйдубу, же пикири колдоо тапканына талпынып кеттиби, айтор, куш тартуулоону салт боюнча жасоо керек, мындай учурда бакшылар болушу кажет, алардын бири аңчылыкка тиешелүү дубаларды айтышы кажет деди.

– Андай бакшылар бизде бар, бийлешет, зикир чалышат, бүркүттөр жөнүндө дуба окушат. Мына Арсендин өзү турбайбы, тигилерге бүт баарын которуп берет, алар бүркүт жөнүндөгү дубага кызыгышат. Айтор, алар менен алдын-ала сүйлөшүп, өйдө-төмөнүн түшүнүп алган да оң.

– Макул, макул, аны көрөмүн, – деди Арсен Саманчин анча-мынча жактырбаган маанайда. Чыны Таштанафган эмне болуп жатканын түшүнгөн да жок. «Айнып калдыбы, же жанагы жөнүндө дагы бир нерсе таап жатабы? Анда бардыгы болот» – деди ичинен. А Таштанафган дагы эле жанагыл бакшылар жөнүндө айтып жатты:

– Бизде, Корчубек Алтаевич, тамашаны угуңуз, бир мыкты бакшы бар. Сиз, Бектур ага, Шамалбашты билесиз да, Арсен деле уккан болушу керек, андай бакшы башка жакта жок. Бир берилсе токтолбойт, укмуш ойнойт, эч токтобойт. Зикир чалганы укмуш, бийлейт, секи-

рет, кыйкырат, бирөөлөрдү чакырат, айтор, шумдук.

Көзүңөр көрбөй турабы,
Тоолор урап жатканын.
Көзүңөр көрбөй турабы,
Бактар кулап жатканын.
Көзүңөр көрбөй турабы,
Суу тескери акканын.
Бу дүйнөнү мен билем,
Малдай айдайм баарыңды,
Короого койдой киргизем.
Касиетим ушундай,
Жыгылгыла бутума.
Шамалбаш бакшы мен болом,
Өзгөртүп баарын мен коём!



Айтор, ушундай! – дегенде баары күлүп калышты.

– Ошол Шамалбашты меймандарга көрсөтсөк болобу?

– Жок, – деди шеф Бектур ошо замат. – Жакын жолотпош керек! Шамалбаш айкырып-кыйкырып жиндерин чакырат, калчылдап-титиреп, алкынып-жулкунуп, көзү-башын акшыңдатып өлүп кайра тирилет. Анын баарын тигилерге көторуп отуруунун кереги барбы? Башаламан болот го?

– Которгонун которо берем дечи, а бирок бүркүттөрдү тартуу катары белек кылып жатканда аша чаап кетебиз го. Бүркүт деген сөөлөттүү куш, тоту куш эмес да.

Ушуга токтолушту. Терезенин сыртында сокур түн соолуп жатат. А булар болсо ишин улан-

тышууда. Тамекини Черчиллче тарткан Бектур шеф райондун акимин «Жаабарс планы» менен тааныштырды. Анда бардыгы камтылган эле, меймандардын өз жеринен чыгып, аэропортко келгени, аларды тосуу, андан Туюк-Жарга келүү, аларды коштоп, эл, жер менен тааныштыруу, мейманкана ж.б., айтор, майда-баратына дейре жазып алышты. Эртең менен тоого барышат, аерде меймандар үчүн чакан лагерь даярдалып коюлган, чатырлар аларга ыңгайлуу, керектүү нерселердин бардыгы бар. Капчыгайга кантип баруу жагы да талаптагыдай ойлонулуптур. Катардан Американын «Хаммер» супер жибин жүк ташуучу самолёт менен алдырыптыр. Башка да машиналар болот экен, айтор, жиптер жеткен жерден аркысына аттар даярдалган. Тоо деген тоо, тоого тоонун көнгөн аттары гана жарайт. Андан ары мергенчиликтин өзү башталат, аскалар менен коңулдарда жөө жүрүп, таштан-ташка бекинип, буйтка-буйгалардан илбирстердин жолуп карап, изин чалыш керек. Бул мергендин шык-жөндөмүнө, байкоосуна жараша иш. Кызмат кылгандарга, машиналардын май-сайы, аттар, алардын жабдыктарына, айтор, эмне керектелсе ошонун баарына акы төлөнөрү айтылды. Базар мамилесинин иши ушул. «Жаабарс планы» элге да, райакимге да жакты. Ошондон улам ал шеф Бектурдан кызыгып сурады:

– Беке аксакал, план аябай ойлонулуптур, а «Жаабарс планы» дегенибиз кайдан чыкты?

Канжасын ыракаттана соргон шеф Бектур жылмая жыргап алды.

– Жаабарс жөнүндөгү бир ыр эсиме түштү. Биздин ырчылар илгертен бери эле ырдап кели-

шет, элдик ыр болуп калган. Ыя, Арсен, жаңылбасам сен дагы жазгансың, туурабы?

– Ооба, оозеки чыгармачылык жөнүндө сөз болгон.

– Ушундай, Корчубек Алтаевич, ал ырдын эсте барын айтып көрөйүнчү:

Аткан октой секирип,
Жаабарс алат өз жемин.
Жолу болуп келгенин,
Кудай күчтү бергенин
Билет Жаабарс. Ар дайым,
Араңарда ушундай
Шер болушун каалаймын.

Ушундай ыр.

Райаким кол чаап жиберди:

– Мына, Жаабарска эми түшүндүм. Кызык экен, Беке, сиз өзүңүз да Жаабарс баатыр турбайсызбы?

– Ким билет, ырас, бизнес боюнча бир нерсе жасап жаткандайбыз. Аны көрөрбүз, а чыныгы баатыр Жаабарстар жаштар го. Мына алардын бири биздин Таштанафган. Бул мөңгү барстарын таап, кулактан алып, тигилерге койдой айдап келет. Иш оңунан чыкса Таштанафган чыныгы Жаабарс болот.

– Ыракмат, ыракмат, – деп күңкүлдөдү ыраазы боло анысы.

– Бардык тилди суудай билген дагы бир Жаабарс баатырыбыз, менин иним Арсен бар. Билимдүү десең билимдүү.

– Ой, мен кайдан Жаабарс болоюн, тилмечтик эле кылам, тилмечтер баатыр болбойт. – Арсен Саманчин тамашалай сүйлөдү.

Сөз жан жыргатат эмеспи, күлүп алышты. Айтор, мөңгү барстарына болгон бизнес-аңчылыктын иш башы көңүлдөгүдөй болоруна көздөрү жетти, чийки май жегендей убайым-санаа, кандай болот деген кабатырлануу жок. Болгону даярдалган иш-чарага араб ханзадаларынын катышышы гана калды, баары даяр, баары ойдогудай. Андан аркысын тагдыр көрсөтөт, мергенчилик кайберендин пейлинен, жүзүн бурса жол болот, болбосо карыш жерде турганга мээлеген огуң атканда качкан ок болуп жоголот. Бул дагы Кудайдын айткан, маңдайга жазган иши.

Райаким Жанышбаев көңүлү толуп кетти. Бектур ага баарын ойлоптур. Аким жергиликтүү мамлекеттик администрациянын атынан меймандарды тосуп алат, куттуктайт, тартуу, белек-бечкек тапшыруу иштин жүрүшүндө билинет. Айтор, алакандай Туюк-Жар ааламдын бир бурчунан бир бурчуна таанылмай болду.



Алар райакимди түн түрө узатып чыгышты, Жанышбаевдин жөнөкөйлүгү, өз кишидей жүргөнү жакты. Ошондон уламбы андагылар акимди кучакташып, кайра-кайра кол кысышып узатышты. Жакшы киши экен:

– Чай ичтик, сүйлөштүк, акылдаштык. Аябай жакшы болду, санаам тынч, көңүлүм жайында. Камылга жакшы экен, «Жаабарс планы» өзүнчө эле стратегиялык план экен. Бектур аксакал, сизге ыракмат, ийгилик болсун, аэропорттон жолугушканга чейин эсен болуңуздар, – деп коштошту.

Арсен Саманчин айылдаштарынын ачык маанай кең пейилдүүлүгүнө ыраазы болду. Ошол эле учурда бизнестин максатын билген, нефтини суу-

дай көрбөгөн миллиардчылардын марттыгынан да бир нерсе үмүт кылып жатышканын байкады. Бүт бардыгы, жетекчилик да бул ишке өздөрүнүн тиешеси бар экенин билдиришти. Жашоо ыңгайы, турмуш шарты ушундай болсо эл кызыл кар жааган күн келерин күтмөкпү. Бул жагына мейли го, таңгалтканы Таштанафган. Жанагы кежир, акыр заманды азыр эле апкелем деген афганчы жок, сылык-сыпаа. Ишке кызыгы кызылынан түшүп, ой-пикири орундуу, айткан-дегендеринен кыянаттык иштин кылдай жиги билинбейт, бир алаамат салбас бекен деп шекшүүгө да себеп бербейт. Кызыталак, бул жагынан кыйын окшойт, же ал дил тозогунан кутулган, балээни баштайм дегенинен баш тарткан өңдөнөт. Түшкө чейин кызыл кыргын саламын деп оолуккан, түштөн кийин, анан кечте башкача болгон бул оёндун оюнун кандайча түшүнсө болот? Кудай өзү колдосун, ишибиз ийги, оң болсун деди Арсен Саманчин ичинен. Ошентсе да буй түшкөн көңүл-туйгусунун айынан ошол ишти тактап сурагысы, болорун, же болбосун билгиси келди, а бирок антүүгө ыңгай келген жок. Анын үстүнө эс-көөнүнөн Элес кетпей туруп алды, эмне болуп жатты экен, эмне кылып турду экен деп санаасы тынчыбай койду. Бир туруп ага телефон чалгысы келди, а бирок Таштанафган кеткени жатат, ошону менен бир сүйлөшүп, жанагы жанды кейиткен ишти дагы бир тактагысы келди. Таштанафган тигине, атын мингени туру, жете барды:

– Токтой турчу, – деди ага. – Аскер шапкенди кандай кыласың? Киесиңби?

– Коркпогун. Бардыгы ойдогудай болот.

– Ойдогудай? Анын кандай?

– Мен сага коркпо деп айтпадымбы! Эмне, түшүнбөй турасыңбы? Мен кеттим, шашып жатамын.

Таштанафгандын кайпытып айткан табышмак сөзүнүн кайсы учугун кармаарын билбеген Арсен Саманчин азыткыдай арсар ой менен алышып жалгыз калды. Бу Кудайдын арканын үзгөн макоопезди кандай түшүнсө болот? Азыр эле дилиндеги күнөөсүн мойнуна алып, көк алдында чөгөлөп, жаман оюнан кайткандай көрүнүп, бүт баарын сөзү менен ишендирбеди беле?! Мына ачып көздү жумганча башка, жанагыл сылыксыпаалыктын бири жок, сүйлөшкүсү да келбейт, өзү түгүл үнү да, сөзү да өзгөргөн. Балким, көптөн бери ойлоп жүргөн планынан кайтыш ага оңойго турбагандыр – түшүнүш керек. Эмне болсо да ойлонуп, аңчылык-бизнес жагынан Жаабарс баатыр болсун. Эсине келер, Кудай бар эмеспи. Айтор, ага кыйын болду, тилсиз түндө тигиге түшүнө албай, бир ынанып, бир айнып, нес киши болуп турду. Базар экономикасы деген мамиленин иши экен, керек дегенди кезинде жасап калбасаң, анда аны башкалар баштап жиберет. Аңчылык-бизнес деле ошондой, бардык жерде базарга кирип, өзүн өзү көрсөтүп жатат. Турмуш-жашоо ошого байланган, ошол үчүн ага жанталашып кызмат кылышууда. Экология дегендин көзүн бизнес дегени тазалап салды, азыр табият кырсыгы деген сөз жок. Айтор, базар экономикасы адамдардын акылы менен дилин, адеби менен ыйманын да басып алды. Мындан бир аз эле мурда шеф Бектурдун өзү аларга бир кызык окуяны баяндап берди. Айылдаш эле

адамы экен, иш-жайын сурап, кенен сүйлөшөйүн деп келиптир. Анан мөңгү барстарын айтып отуруп, бул майда, түбөлүктүү нерсе эмес, андан көрү тоолордогу карды, мөңгүнү сатуу керек дейт. Муну уккан Бектур таң калат, а тигил болсо, дүйнөдө баары сатылат, сатылып алынат. Тоолордогу карлар бул биздин өзөндөрдөгү суулар. Бүт Орто Азия аймагы биздин мөңгүлөрдүн эсебинен жашап жатат. Тоолор биздики, андагы карлар менен мөңгүлөр да биздики. Түздүктөгү суулар асмандан түшө калган жок да. Бизден топтолуп, бизден агып жатпайбы, суу биздики. Ошондуктан суу үчүн акы төлөөнү башкалардан талап кылышыбыз керек. Эмне үчүн мунайзат, газ, дагы эмне, башка энергия дегендер сатылат, болгондо да кымбат баада сатылат, жеңилдик да берилбейт. Ал эми биз болсо сууларыбызды бекер берип жатабыз, суусуз талаа-чөлдө жашоо жок, аны тигил пайдаланып жаткандар абдан жакшы билишет, билип туруп бизге ыракмат да айтышпайт. Түздүктөрдө жашагандар бизди – тоолуктарды адам катары көрүшпөйт. Ошондуктан биз аларга суу сатабыз, барстардын артынан кубалап жүрөбүзбү, ал бир күнү жоголот. А суу, мөңгү, кар түгөнбөйт. «Мерген» фирмасы аңчылыкты эле эмес, сууну да өздөштүрсүн, суу сатсын деп, ойго келбес идеяны айтат. Айтор, алар ары кетип, бери кетип жатышып тил табышат, Кудайдын элге бергенин жайына коймой болушат. Бирок идеяда базардын жыты бар экен, андай болсо кызык эле иш болмок.

Түндү оронгон машинасына отурда да, Элеске телефон чалып жатып ушуларды санаасынан өткөрдү. Телефону албады, кимдир бирөө менен

сүйлөшүп жатыптыр, балким, соода иши боюнча курбуларына чалгандыр. Мейли, үнүн угуп, ушундайда көөнүн көтөрүп алайын деген. Анын үстүнө «Жаабарс планы» аны ойлондуруп койду. Ушу боюнча сүйлөшкөндөрдүн ичинен жалгыз Элес гана барстарга мергенчилик кылууга каршы экенин билди, бирок анын өзү бул оюн ишке ашыра албастыгын да моюнга алган, эл жаман көрөт, элдин ырыскысы турган жерге каршы чыксаң кесирлик кылган болосуң. Элестин телефону дагы эле бош эмес, ошо соода өнөктөштөрү менен маселе чечип жаткан го.

Эжесинин үйүнө барбаса болбойт, жол карап күтүп жатышкандыр. А эртең болсо арабдардын даярдык көрүү тобу келет. Ошону менен анын колу байланат, кыбыр эткендин баарына Арсен Саманчин катышып калат. Мергенчилик кыла турган жерлерди карап чыгышат, барстар жүргөн аска тоолорго чейин барышат, ханзадалар келгенде ого бетер убактысы жок болот, илбирстердин изине түшүп, тигилерди да, өзүн да Кожожаш кылып жол көрсөтүп жүрмөгү бар. Шеф Бектур аны тилмечтикке тууганы катары тандаган эмес, кыраакы, мергенчилик иштин сырын беш колундай билген кадик киши да, ободу анын суу тилмечтигин, анан андай тилмечтин баары эле жер өңүтүн билбейт, мергенчинин машакатына, түйшүгүнө чыдабайт. Арсенге бу тоолордун коён жатагы тургай, кумурсканын изинен бери тааныш экенин эске алган. Андан да анын келе турган ханзадалар менен жаш курагы боюнча тең чамал болуп турганы аларды бат тил табыштырат, демек, ишибиз жүрөт деген. Бул жагы ушундай болгон. Азыр анын эсине Горбачёв-

дун: «Иш башталды», – деген сөзү түшө калды. Ооба, чын эле иш башталды, башталганда да бүт бардыгы жарыша башталды, сүйүү деген да татаал иш эмеспи.

Оюна түшкөн сүйүү иши чынында ошондой болчу. Аны атайы жасай албайт экенсиң, өзүнөн өзү жаралат экен, капыстан келет экен. Мына ушу азыр да Элес жөнүндөгү ойлору от болуп күйүп, өрт болуп тынчтык бербей туру. Анткени Элес аларды өздөрү эле Саратовго бара бергиле деп көндүрө албады, кийинкиге да жылдыра албай койду. Ушунун баарын Арсенге айтып, телефонун токко сайып коюп, сүйлөшүп жатты. Эртең көр турмуш аны Саратовго жөнөтөт. Ал ошондой көр турмуш, сүйүү дегенди билбейт, анда сүйүү да болгон эмес.



Көртиргилик айынан ал кайда гана болгон жок, соода деп жүрүп, ар кандай арзан көр жерлерин толтурган канар сумкаларын көтөрүп жүрүп көрдөн башканын баарын көрдү, кызыл жака менен бажычылар акыркы тыйынына чейин шыпырып алган күндөрү көкүрөктөн кете элек. Бирок жалкткан менен кайрадан көнгөнүн жасоочу, кээде аларга өчөгүшүп да кетчү. А азыр болсо жолго чыгууга көңүлү чаппай турат, мурдакийин мындайды көргөн да, сезген жок эле. Аны бир асыл ой, жаштык максат тоого кетүүгө шык берип турду, ооба, ошентти, ошенткенде да мергенчилердин арасынан өзү сүйгөн адамына жолугуп, өмүр бою тилегени өмүрүндө бир жолу келгенин айтып, аны менен жети катар жер түбүнө барууга башын байлап келгенин айткысы, кайдадыр кол кармашып кеткиси келди. Бирок азыр сооданын иши өрт болуп кычап

жатпайбы. Зейнеп төртөө жанагыдай талоончу зордукчулардан да бир кишидей коргонуп, иштерин бирге жүргүзүштү. Жалгыз-жарым жүргөндөрдү жанагы жалаңкычтар жеп салат. Анын үстүнө бу Элесте уруксат кагаз бар, текшере турган жерлерде ошонун кереги тиет, ал кагазга берки үчөө анын жардамчысы катары жазылган. Ушундай чырмалышкан, анан кантип таштап коё алат.

...Ошол түнү ал үн чыгарбай, өпкөсүн кагып сооронo албай узак-узак ыйлады. Ыйлап жатып бир өмүрдө бир келген бактымдан ажырата көрбө деп жүрөк кагышы сайын Кудайына кул болуп жалына берди.

Чөнтөк телефонунун мункана күткөн шыңгырагы чыккан кезде, жүрөктөн чыгып, жүрөккө кубаныч берген добушту уккан кезде, бирине бири иштерин айтып, бирине бири бириккен кезде, коштошпой жатып жакында жолукмак болуп сүйлөшкөн кезде Элестин көөнү жай таңындай тазарып калды.



* * *

Ошол түнү чокусун аппак кар баскан тоолордун үстүнөн толгон ай бир башкача толукшуп, ак шооласын аянбай чачып турду. Чайыттай таза асмандагы жымыңдашкан жылдыздардын арасында төгүлчүдөй сезилген, демейдегиден башкача жарык болуп көрүнгөн айды жетесине жете жек көрүнчү болгон Жаабарс карап, негедир ага күрүлдөгөн сүрдүү үн чыгарып ырылдап алды. Кор болгон мунун айтып даттандыбы, ким билсин, ай ага добуш берген жок. Баарын таштап

башка барстардын үйүрүнө деле барса болмок, а бул болсо дагы эле дубаланып калгансып Үзөңгүлөш ашуусунун алдында жүрөт. Эки күн болду, ашуу тарапка эки атчан адам келип-кетип жүргөнү түнү түшкөн Жаабарсты бир козголтуп койгон жок. Жүргөндөр жүрө беришсин, анын кандай иши бар дегенчелик кылды. Антпеши керек эле да, аны «узун куйрук, казан баш» деп атагандар ошолор эле, алыстан дүрбү салып, сыртынан кайтарып жүргөндөр да ошолор болчу...

## IX

Бектурдун «Жаабарс планы» иштин жүрүшүн программа боюнча камсыз кылды. Бул жагынан алганда бизнес-план кайра-кайра ойлонулган, эсептелип такталган иш эле, ошондуктан эч кандай буйдалуулар, кайра кароолор болгон жок. Ал эми Туюк-Жар айылы болсо бул ишти даярдоо, өткөрүү боюнча сервис иштерге тартылды. Ошондон улам Туюк-Жарда азыр кедеймин деген бир дагы адам жок, бүт баары жомоктогудай байлыкка маарып жашайбыз деп туру. Чонунан кичинесине чейин бекер эмес, өздөрүнчө күйпөлөктөшүп эле бир иштин башында жүрүшкөндөй маанайда. Аларга арабдар келиши керек, аңчылыкка чыгышы керек, чыккандар олжолуу болушу керек. Андан соң берешендик башталат. Айтор, тоолордо жырткычтын каны канчалык көп акса, Туюк-Жар акчага ошончолук тунмак. А барстар болсо бул апаатты билген жок да, чак түштө күндүн батарын дагы эле болсо туйган жок.

«Мерген» фирмасынын иши оңунан жүрүп жатты. Арсен Саманчиндин тилмечтик өнөрү аркылуу меймандар менен күнү-түн байланыш үзүлгөн жок. Шеф Бектур инисинин тигилерге жасаган мамилесине, аларды сөзгө тартып, эл менен аралаштырып сүйлөшүү жүргүзгөнүнө аябай ыраазы болду, мындай меймандардын далайы менен аралашып, иш алып барып, көзү каныгып, сөзү жатыгып бүткөнүнө жетине албай жүрдү. «Арсен, сен келгендер менен сүйлөшкөндө эле, алар жаандан кийин күн нуруна кирген гүлдөрдөй жандана жана жайдары боло түшөт. Келгендердин бир сөзүн да түшүнбөйм, бирок алардын көздөрү менен жүздөрүнөн өз элине келгендей кубанышканын көрүп турам», – деп ыраазы болуп жатты.

Чынында ошондой эле иш болду. Меймандар самолёттон трап менен түшүп келе жатышкандан жана саламдашып көрүшкөндөн тартып, алжай сурашкандабы, жолго чыккандабы, айтор, араб ханзадалары менен алардын жакындары Арсен Саманчинди эски таанышындай, өз кишисиндей көрүшүп, маңдайлары жарыла сүйлөшүп жатышты. Агынан жарылып дил-көңүл берилсе ушундай болот экен, алар англис, орус, кыргыз тилинде сүйлөшүп жатышты. А бирок кимиси кайсыл тилде сүйлөп, кайсыл тилде түшүнүп жатканына маани беришкен жок. Арсен Саманчинге сүйлөп жатышты, Арсен Саманчинден угуп жатышты. Айтор, Туюк-Жар айылы алыста жүрүп келген өз кишилерин тоскондой эле болушту.

Хасан менен Мисир Кембриж жана Оксфорд университетин бүткөн, учур маселесин ушунча-

лык түшүнгөн, билими менен акылы шайкеш келген, дене түзүлүшү москоол, жаш жигиттер экен, курагы ушу Арсен Саманчин курдуу. Ханзада Хасан кара кыл мурутчан экен, ал эми тиги Мисир ээгине кыл өстүрбөй кырынган такыба окшойт, болбосо эки жаагы өрттөнгөн камыш түбүндөй болуп турат. Жакшы экен, жырткычтарга аңчылык кылуу алар үчүн эрдемсинип мактаныч эмес, туристтик көңүл ачуу, эл таануу, жер көрүү, көңүл ачуу иши экен.

Кыргызстанды Арсен Саманчин жетерине жеткире айтты, Туюк-Жар аймагын ааламдагы бирден бир керемет жер катары баалады. Эл турмушу, салт-санаасы кумдай төгүлүп, тигилердин оозун ачырды. Чын эле алар Туюк-Жарга машиналардын коштоосу менен келди, алдыда өзүнүн жиби менен Бектур шеф, андан соң көрүнүшү танкты элестеткен «Хаммер» менен ханзадалар жана суу тилмеч Арсен Саманчин, алардын артынан сакчылар, кызмат кылуучулар, басма сөз, телеоператорлор ж.б. Айтор, президентти тоскондой эле болду. Айыл эли аларды көчөгө чыгып тосуп алышты да, көчө бойлой кол булгалап узатышты. Айрыкча алар «Хаммерди» көргөндө ханзадан кайсыл, «Хаммериң» кайсы экенин байкабай да калышты. Кинодо көргөн керемет Туюк-Жарда баратса, кайсыл жинди таңданбай да, суктанбай койсун! Анын үстүнө ханзадалар келет дешсе айылдыктар алтын таажы, күмүш өтүк кийгендер деп элестеткен өңдөнөт, спорт кийимчен жигиттерди көргөндө эмнегедир анча алымсынбай да калышты.

Күн отурар кезине бараткан. Күндүн көзү көрүнбөй калгандан кийин ирегени иңир басып,

кара буурул кеч келип, сокур түнгө сокуну жаздап жаткырат. Азыр ушундай маал, мейман тосмок салтын сактап, аларды бир аз эс алдырып, андан соң аларга дасторкон жайышты. Жакшы тамак менен жакшы ичимдик жакшы кишилерге, алардын жакшы жерге келишине гана жарашат дешип арактын төрөсүн сунуш кылышты эле, алар да өз санап көнүп калышкан экен, бул көңүл жыргалын мергенчилик аяктагандан кийин, жарнамачылардын жаны тынчыган соң барстардын терилерин башына жазданган кезде кериле жатып ичебиз деп тамашага чалып, стакан кармабай коюшту. Алардын сөзүнө караганда мергенчилик да ыйык нерсе, ага таза мамиле, ишеним, табынуу зарыл. Ушундан улам Арсен Саманчин аларды дагы бир жолу бу жерге, бу жердин ыйыгы катары саналган Кызкайып жөнүндөгү уламышка көңүл бурдурайын деп калды. Кыскача эле маалымдайын деген, а бирок качан Кызкайыпты алеки саатта айтчу эле, анын үстүнө маңдайында тургандар жердин бир капталынан келгендер болсо, анан толкундана айтты, окуяны өз башынан өткөргөндөй бериле, бүт баарын унут сала айтты дейсиң, Кудай бетин көрсөтпөсүн, тигилер андан аша берилип, эстен тана таң калып, бай болгон менен башынан боорукер немелер экен, адамзат турмушундагы карасанатайлык менен аксанатайлыкты, кайындалган кыз менен күйөөлөгөн жигиттин аянычтуу тагдырына жандары ачып кайгырышты. Күйөөлөгөн жигиттин мөңгү барстарын кантип кармаганын, алардын терисин тартууга апарган фактыларына аябай кызыгышты. Эмне деген курал колдонгонун,

кудаларга мөңгү барстарынын терисин азыр да тартуулайбы дешип кызыга сураштьы. Анткени барстардын терисине эч жаныбардын териси чендебейт, ал дүйнө жүзү боюнча табылгыс баалуулук. Ханзадалар аны абдан жакшы билишет экен, билимдүү, түшүнүктүү мергенчилер экен. Эч нерсе жашырышкан жок, эски тааныштардай сыр ачышты. Ханзада-мергенчилер андан сөз арасында араб өлкөлөрүндө болгон-болбогонун сурады, Египетте болгонун айткандан кийин алар аны жарыша өздөрүнө чакырды, ханзадалык визит карточкаларын беришип, ага дос, жакын адам катары бедуин аймагына алып барууну уюштурмак болушту. Саясый, социалдык маселелер козголбошу керек эле, а бирок азыр көз караштардын ар кандайлыгына карабастан дүйнөнү түшүнүү концепциясы биригип кетти, аларды адам дили жакындатты. Ошентсе да меймандарга ызаат-сый көрсөтүү унутулган жок. Баарынан да анын кыйбасына ачылган дилине улам кайра унутпа дегенсип, көзгө көрүнбөгөн тикенек сайылып турду, сайылган сайын анын көңүлүнө Таштанафган түшүп, анын аракети ар кайсыга түртө берди. Тынчтангандай болбоду беле, ачуусу басылды бекен, айтканынан кайтты бекен деп тынчсыздана берди. Жакшы болгой эле?



Азырынча бардыгы эс алууга келгендей, а эртең мотор ыйлаган жерден кийин башкача турмуш башталат, анан аттар да калат, Кожожаш мергендин жолуна түшүшөт. Барс терисинин баркы мына ошондо билинет.

Меймандар бу жердин түнкү сулуулугун жатар алдындагы дем алууга чыкканда көрүштү.

Таптакыр башка дүйнө экен, толгон ай төгүлчүдөй болуп, шаңкайган асманда толукшуйт, жымындаган жылдыздар, алардын алдында ак чокулар асманды тиреп тургансыйт.

– Арсен мырза, – деди ханзада Хасан колу менен ошол жакты көргөзүп. – Жана сен айткан мергенчи күйөө жүргөн тоолор ушуларбы?

– Ооба, Улуу Урматтуум, ал ушул жакта мергенчилик кылган, азыр да ушул жакта.

– Андай болсо, – деп сөзгө аралашты ханзада Мисир. – Кызкайып да ушул жакта да. Аны издеп, тоо аралап ыйлап жүрөт да?

– Ооба, Улуу Урматтуум, ал бүгүнкү күнгө чейин өзүнүн болочок күйөөсүн издеп, кайдасың деп чакырып жүрөт.

– Олда, бечара, ай! – Ханзада Хасан Кызкайыпка чындап боору ооруду. Ошо маалда ханзада Мисир бир кызык оюн ортого салды:

– А балким, ал ушундай тагдыры үчүн бу дүйнөгө керектир. Ушу тоолордон жан биргесин Жараткандан сурап, таалайымды таптырып койчу деп көзүнөн жашын агызып чуркап бараткан кызды, ал артист болушу керек, космостон телекамерага тартып алса, Кызкайыптын символу катары экрандан эртең менен, кечинде ар дайыма жарнамадай берип турса сонун болмок.

– Сонун болмок! – Хасан да аны колдоду. – Жакшы идея. Кызкайыпты бүт дүйнөгө сүйүү менен сүйгөнүнө берилгендиктин символу, аны ар дайым акыл-эске салып туруучу ыйык эскерткич кылыш керек. Андай нерсе ар бир адамга ушу азыр керек. Анткени сүйүү трагедиясы бардык адамда бар. А сиз кандай дейсиз, Арсен мырза.

– Мен көптөн бери бул жөнүндө ойлонуп, «Кызкайып» операсын жаратсамбы деп жүрөм. Тилегеним ушул, а сиздердин ойлоруңуздар мага ого бетер шык берип койду. Оюбуз бир чыкканына кубанып турам.

Ушундай болот экен, күтпөгөн жерден «Кызкайып» идеясы кайрадан аны толкунга бөлөдү. Ошондуктан алар мергенчилик иш бүткөн соң бул жөнүндө жай отуруп сүйлөшмөк болушту. Кыял ишке ашса, анда...

– Жакшы жатып, жай уктаңыз!

– Эсен көрүшөлүк.

Алар жатарга кош айтышты.

Арсен Саманчин түз эле эжесиникине келди да, короодо ары-бери басып жүрдү, ханзадалардын сөздөрүнө таң калды. Алардан муну күткөн эмес, Кембриж менен Оскфорддон өздөштүргөн интеллектуалдык деңгээлдери ачык эле көрүнүп турат. Ошентсе да, булар мындай жогорку материя менен аңчылык кумарын кандайча айкалыштырып алышкан? Таң калганы ушул болду.



* * *

Ошо кезде түн дүйнөсү магдырап, тоолор үргүлөп, андагы жан-жаныбар текши уйкуда эле. Жалгыз гана Үзөңгүлөш ашуусунун алдындагы кайран Жаабарс жанына жагар жай таппай, айга карап ырылдап, каары кармап туталана чокмордой чоюн чеңгелин тиштегилеп, неге анткенин өзү да жакшы түшүнбөй, белгисиз бир нерсеге кыжыры кайнап, туюк туйгуда жатты. Тээ алыстан баягыл жалбарган үн дагы эле үзүл-кесил угулат. Ушул түн, ушул маалда негедир Кызкайып да уктабай безенип жүрдү...

* * *

Ошо түнү кимдир бирөөнүн оюнан жер жүзүндө теңдеши жок сүйгөнү кетпей койду. Элес эмне болду экен? Саратовго барчу поездге үлгүрүштү бекен? Үлгүрбөй калышса, анда туура бир күн күтүшөт. Поезддер ушундай сейрек каттап калган, азыркылар самолётко түшүшөт. Элес эртең менен чалган бойдон кабарын билдирген жок, ага өзү чалайын деген, а бирок ага чамасы келген жок. Анан ал Элести эстеди, эстегенде да шар аккан суунун боюндагы учурлар эсине түштү. Өмүрдүн бакыт менен, сүйүү менен кездешкен кези экен, ошол үчүн аларга өмүрдөгү эң бактылуу күн тийип, дүйнөдөгү эң бактылуу тоолор карап, ааламдагы эң бактылуу суу аларга сүйүү бактысын, бакыт кубатын чачып турган экен. Ошол учурду ушу азыр келсе деп кайра-кайра кусага батып самады. Кайдан... үшкүрүнүп алды, эң кур дегенде телефондон үнүн угуп алсачы...

Түн ошентип өттү. Эртең менен күн бузула тургансып, тоо тарап түнөрүңкү, сурданган булуттар пайда болуптур. Тоо жактан соккон сыдырым жел бат-бат багытын өзгөртөт. Көптөн бери мындай боло элек эле, ак жайдын карды жарылып, аба ырайы тынч болчу. Азыр күндүн түрү башкача, мындан коркуунун деле кажети жок, бул сур булут өтөр, көп болсо өткүнүн төгүп жок болор.

Ошондой болду, таң атары менен иш жоо чапкандай башталды, анткени «Мерген» фирмасынын ырасмий документтеринде ушундай болчу, мергенчиликти тезинен уюштуруп, бардыгын эртелетиш керек эле. Мейман мергендер ок өтпөгөн «Хаммерден» орун алышканда Арсен

Саманчин алардын ала турган курал-жарактарын, буюм-тайымдарын унутпады бекен деп дагы бир жолу текшерди; снайпердик жана автоматтык куралдар, дүрбүлөр, үндү күчөтүп чыгаруучу аспаптар, түтөк болгондо пайдаланылчу буюмдар, айтор, бүт баарын кайрадан текшерип чыкты.

Бара турган жерге абдан жакшы жетишти, эми мындан ары атайы даярдалган аттар менен кетишет, буюм-тайымдарды жүктөшөт. Бардыгын шеф Бектур ага өзү көзөмөлгө алып, өзү ойлогондой ыңгай-шарт болуусун камсыз кылды. Анан жапырт аттанышты, бардыгынын көз кыйыгы ханзадаларда, а алар болсо атта кадимкидей тың жүрүшөт экен, кыймылдары эркин, күндө болчу жумуштай шайдоот кетишти. Ал тургай тоого чыкканда жылкынын эркине коюп, анын өз жолун өзү табарына маани беришкени беркилерди кубандырды. Эң алдыда бу тоолордун чөбү түгүл ар бир ташын тагдырындай санаган чабан баратат. Анын артында шеф Бектурдун өзү, анан эки ханзада жана суу тилмеч аталган Арсен Саманчин. Алардын жан сакчылары менен жардамчылары булардын изин суутпай келатышат.

Тоолордун койну кең болгону менен жол татаалы аларды өзүнүн ыгына салды, көк тиреген аскалардан куюлуп түшкөн корумдар баскан тоо беттери ат туягына канжар миз болуп, ташыркатып барат. Ат жаныбар башын жерге салып, баса турган жолун бүткөргөнү туру.

Тозогун берген тоо койну эми ачылды, шаңкайган жайыктан тоо текелер, андан ары аркар, кулжалар жайылган бет алардын көзүн күйгүздү.

Аларга тийишкен жок, кайберен сымал ойт берип, кайдадыр качып жок болушту. Кызык, ханзада Хасан аларга аябай сугу түштү, кумары кайнап, дүрбүсүн көздөн алган жок.

– Кандай сонун жаныбарлар, барстар ушулар бар үчүн ушул жерди мекендеп жүрөт да. Булар бир жакка кетип калышса, анда барстар бирин бири жеп салышмак, туурабы? – деди.

– Туура, бирок булардын ага акылдары жетпейт, – деди Мисир көз кысып тамашалай.

– Буларды табигат башкарат, жаратылыш акылы менен жашайт, – деди Арсен Саманчин.

Ханзадалар макул болушту.

– Туура.

– Жаратылыш акылына баш ийүү керек.

– Ооба, барстардын жолу болсо, анда биздин да жол болот.

Көк тиреген тоолордун койнунда көңүл көтөрүп, биринин сөзүн бири улап баратышты. Ушул маанай Арсен Саманчинге аябай жакты, не дегенде алар бу жерге барс атыш үчүн эле келген эмес, жер көрүп, көңүл ачып, өзгө жерди өз жериндей көрүп эс алышы шарт эле. Өзүнөн өзү ошондой болуп, ханзадалардын көңүлү учуп баратат. Мамиле деген, сөз деген адамды кайра жаратат тура. Ушул учурда:

– Урматтуу ханзадалар, – деди Арсен Саманчин жанагыл маанайды улай үн сала. – Шеф Бектур эскертип жатат, аны баарыбыз кабыл алабыз, мына бул бурулуштан кийин, тигил боордун ары жагына барабыз да, бир аз дем алабыз. Атайын тигилген чатырлар бар, аттар ушул жерде калат, андан ары мергенчинин жолу менен жөө кетебиз, – деди.

– Биз макулбуз.

– Мергенчилик деген ошондой.

Күн жерге түшкөн түш эле. Шеф Бектурга ыракмат, бир аз эс алдырып, бир сыйра кымыз берип, бийик тоонун абасына аларды көнүктүргөндөй болду. Курал-жабдыктарын артынышкан мергендер андан ары жол уламак болгондо Арсен Саманчин өзүнүн демейдеги сергектигине салып, ханзадаларды токтото туруу керектигин айтты. Анткени айдакчылардан эч кандай кабар келе элек, барстар кайда, ханзадалар кайда барышат, кай жерден өңүт алышат, азырынча белгисиз. Ошондуктан алар тыным жасап турушу кажет. Ошону менен алар барстардын жолу кайда экенин билгенче күтүп калышты. Алар ушул маалда айтылуу Үзөңгүлөш ашуусунун алдындагы Моло-Таш үңкүрүнөн анча алыс эмес тыным алып турушту.



Тоо деген тоо, мындайда жандүйнө кайра кубулат, кай жерде болбо, ошол жердин табиятын, кубулушун өзүңө жакын аласың. Анын үстүнө адам баласы тоолордо жүргөндө өзүн эркин сезет, ой-кыялы алып учуп, жандүйнөнүн ыракатына батат. Ошондой болот, тоо, андан ары көк асман, мемиреген ак булутка колуң жетчүдөй туюлат, ана-мына дегиче аларга аралашып кетчүдөй туюласың. Ак чоку алдыңа келип, анын адам жеткис ак мөңгүсү менен ак кары, алаканыңда тургандай көрүнөт. Ошо таңдай тазалыкты таманың менен басасың, тагдыр айтпас ыракатка батасың, көгүчкөндүн көзүндөй мөлтүр кашка мөңгү суусу сага өмүр берет, өзөндүн суусу өзүңдүн жаныңа жан, каныңа кан болот. А бирок бийиктик деген бийиктик жолун жасайт,

дем кысылып, аба табылбай, жонундагы жүктү, ал гана эмес өзүңдү да оор санап, дем алуу сени кырк жолу кыл көпүрөдөн өткөрөт.

Жаралгандын табияты ушундай болсо керек, бу асман тиреген ак чокулуу тоо койнунда жүргөндө ой-кыялың да, сезимиң да, айтор, жандүйнө дегендин баары ошол жерге шайкеш келип, алып-учуп көкөлөп калат. Арсен Саманчин да дал ошондой бир башкача абалда турду. Ошо керемет бийик жана кең дүйнө бар да, анан өзү бар, турмуш түйшүгү менен убайым санаа дегендер анда жок, өзүнчө бир ажайып дүйнөдө калды. Кээде адам ушундай болот, ушу күн, ушул маалда, тигилердин арасында эс алып эмес, бул чети бар да, аркы чети жок, дүрбү жетпес, куш баргыс кайдагы бир боз мунарык баскан талаада эңгиреп тургандай болду. Ооба, ушу саам, ушул маалда ага жүк тарткан паровоздун өчү бардай узакка созулган, кулак тундурган ачуу чаңырыгы, жол сабаган шакылдагы менен жерди жарган дүңгүрөгү аза боюн алып, бүт денесине угулуп жаткансыды. Анан ошол ачуу чаңырык, ошол дүңгүрөк четинен чети көрүнбөгөн кең талааны асма көпүрөдөй солкулдатып келип, ушу улуу тоолорду да терметип жибергендей болду. Өзү кайдан байкамак, ошо бойдон ошо дүйнөдө калды. Алып-учкан ошол поезд менен чымын-куюн болуп жанаша чуркап, вагондонвагонду, терезеден-терезени жанталаша карап үнү жетишинче кыйкырып баратты: «Элес, эй, Элес, эй! Сен кайдасың жан биргем, бул менмин, мен сени сүйөмүн, Элес! Сен менин бул дүйнөдөн тапкан, тигил дүйнөдө да бир болор жалгыз эркемсиң, Элес! Менин соодагерим, ме-

нин дүйнөдө жок чүрөгүм. Сен Саратовго бара жатасың, мен сени менен барамын, жалгыз, жалгыз калгым келбейт, жалгыз!.. Уктуңбу, сен. Мен тоодомун, а бирок сени мененмин, жаным. Студент чагымда Москвага ушул жол менен каттагам, Саратовду жакшы көрөм! Саратов деген казакча айтканда Сары-Тау! Кыргызчасы Сары-Тоо! Билдиңби, Элес, мен сени менен Сары-Тауга барамын, жалгыз болгум келбейт! Минтип сени издеп, сага жетип, сага жармашып алганымды, сенин тынчыңды бузганымды кечир, Элес! Кечирип кой. Элдин баары экөөбүзгө таң калып карап жатышат, карашсын, Элес, анткени мен сенсиз жашай албаймын!..»

Ал өз тагдыры менен өзү кездешип турганын анын тегерегиндегилердин эч кимиси билген жок, а тургай поезд менен тең жарышып, Элесин издеп, Элесине өмүр бою чогулган, өмүр бою айтылбай келген дил сырын айтканы, куш канаты талыган мейкиндикте жүрүп, мында, тоо арасында эмне болуп жатканын сезген да, туйган да жок. Керемет мына ушунда болчу. Ал тагдыр керемети, тагдыр касиети эле. Ошондон улам анын жандүйнө кубулушун жанында жүргөндөр да сезип-туйган жок, ооба, сезмек да, туймак да эмес. Дүйнөнүн ушул Арсен Саманчинге гана келген бир керемет кезин Элес гана сезди, Элес гана анын безилдеген үнүн угуп, ок жетпес болуп чуркап келатканын көрүп, улам кайра күч ала жүргөн поезддин тепкичинде бороондогу жалгыз тал жалбырактай дирилдеп, бир колу менен вагондун ачык эшигинин туткасын кармап, экинчи колун Арсен Саманчинге

сунуп, анын кучагына ана-мына бой таштоочудай ийилип, ал дагы учуп бараткан.

– Арсен! Арсен! Мен сени угуп жатамын, мен сени көрүп турамын, мен дагы сени, мен дагы сени сүйөмүн! Мага жет, Арсен, мага жет, мени көздөй секиргин, мен сени кармап каламын! – деп жалбара кыйкырган.

Кыялдан учкул, кыялдан күлүк эмне бар, бүт баарын көрүп, бүт баарын жасай аласың. Вагондун ачык эшигиндеги жомоктогудай бул көрүнүш, бул сөздөр ушунчалык өңүндөгүдөй көрүнүп, ушунчалык өңүндөгүдөй угулуп, бүт баары көз алдында болду. Ал тургай ал жетеринде кайра күчөп, бууракандап узай баштаган поездди буйдалтпай кууп жетүү үчүн күчүн топтоп, түйүлө чуркады. Жебедей сызып кууп жетти. Жаны бирге бул экөө бир болууну, ушу бойдон бөлүнбөй бир адам болуп калууну самашкан. Бул бир адамга, бир жүрөккө айланар ал экөөнүн сүйүү кудурети болчу. Бул түбөлүктүүлүк менен өлбөстүккө, тукум улантууга чакырган ай-ааламдык күч-кубатка ээ эң жогорку кумар болчу. Бир чети бар да, бир чети жок, күн чарчаткан кең талаа жаралгандан жалдырап айтарым качан келет деп күткөн, ошо мейкиндик менен асман ааламын бириктире жер чапчып бараткан мына бул паровоз да кай сапарда каалаганымды кыйкырам деп жиндене күткөн «жетип а-а-а-ал, Арсен, жетип а-а-а-ал!» деген тилеги эле. Ошо тилек бир келди да, экөөнө тагдыр жол берди. Ал вагонго жетти, тигиниси күйгөн шам болуп кол берди, илбирстей ыргып, тепкичке чыга калды, кучакка кучак тийгенде жалын болуп тутанып, отко айланып кетишти... А поезд болсо жа-

нагыл мейкин талаада мурдагысындай эле кетип баратты, жок, мурдагысындай эмес, негедир кубангандан ого бетер зымырап, ай-ааламга ак түтүн чачып бийлеп, ырдап баратты...

– Жүр, эми, отуруп сүйлөшөлү, – деди Арсен Саманчин энтиккенин араң басып. – Сага айтар зарыл сөзүм бар.

– Шашылбачы, жаным, сен деген чарчадың, эс ал.

– Убактым жок, Элес, атайы сага тоодон келдим. Азыр мергенчилик башталат, шашылбасам болбойт. Мына бул папкада менин жазгандарым бар. Сага тапшырайын.

– Жазгандарым?.. Эмне жаздың эле? Ушул үчүн поездди кубалап келдиңби?

– Ооба. Жүрчү, мен сага түшүндүрүп берейин.



Купенин терезесинин алдында бет мандай отурушту. Көздөрүнөн сүйүү төгүлүп, алар бирибирисиз жашай албастай болуп турушту. Арсен сөз баштады:

– Элес, бул менин аңгемем. Анда экинчи дүйнөлүк согуш кезиндеги окуя баяндалган. Андан бери санатсыз далай күн өттү, кылымды кылым алмашты, а согуш сабагы унутулган жок, унутууга эч кимдин акысы да жок. Анткени ал согуш башынан аягына чейин эки тараптан тең тынымсыз адам өлтүрүү, адам канын агызуу болгон. Адам өлтүрүү бүт баарына бир болгон, генералың да, катардагы жоокер да өлтүрүлгөн. Өлүм бардыгына бирдей. Мен ошону жаздым. «...Өлтүрбө!» деген өкүтү күч бир аңгеме жараттым. Ооба, азыр адам өлтүрүү тамекинин калдыгын ыргыткандай эле болуп калды, онду-солду атып жатышат, мен да андай иштин босогосунда бол-

гом, аны сага кийин айтып беремин. Бул аңгеме кылмыш иши эмес, анда жаңжал, чыр-чатак, кагылыш-кармаш да жок, таптакыр башка. Мен бул аңгемени жазганда океандын түбүнөн суурулуп чыгып, көрүстөнгө барып, ал жердеги сан жеткис өлтүрүлгөндөр менен өлтүргөндөр көмүлгөн жымжырттыктын койнунда аларга жана өзүмө окуп берип жаткандай сезимде болдум. Сен мени кечирип кой, мен өзүмдүн чытырман токоюма кирип кеттим өңдөнөт, бирок сен китепканачы эмессиңби, бул аңгемени, андагы менин ойлорумду сен түшүнөсүң. Ии, баса, мен өткөн кышта Байкоңурга поезд менен баргам, космодромдо болдум. Космонавт Салижан ошо кезде космосто учуп жүргөн, ал экөөбүз доспуз, телефон чалды, узак сүйлөштүк. Бу космосуң кызык дүйнө, качандыр бир убакта анда ар бир адам үчүн жашай турган орун болот, ошо жакта жашаган адам жөнүндө эссе жазсамбы деп жүрөм, азырынча бул фантастика, бирок жазылат. Сени дагы өзүмдүн кыялыма азгырып алып кирдимби?.. Ошондоймун, сен аны кечирип кой, Элес. Айтор, кышта мен үчүн негедир өткөндү эңсеген мезгил келди, темир жол менен көптөн бери сапар тарта элек элем. Жол алдым, студенттик жылдарымды эстедим. Москванын, Ленинграддын университеттеринде окугам да, сага айтып бербедим беле. Ии, ошол. Байкоңурдан ары Саратов аркылуу Москвага жол алдым. Мен өзүм жол жүргөндү жакшы көрөм, кыялга батам, кооз жерлердин көрүнүшүнө суктанам. Бул мертебе да ошондой болдум, Элес. Сен билесиңби, мен табиятымдан жашык жаралган сезимтал жанмын, өткөн кез жүрөгүмдү

туйлатып, эс-көөнүмдү муңкантып эске түштү. Ошондой болду, дилимде жашагандын бүт баары ошол тааныш жерлерди, Казакстандын талааларын көргөндө көзүмө жаш кылгыртып, улутунуп алдым. Саратов аркылуу Москвага барчу бул темир жолдо качандыр бир болгон, өткөн бойдон эстелбей калат дегендер саатын күтүп сагыныч болуп жатыптыр. Анан мен ошо саатын күткөн сагынычта эмнелерди ойлондум? Баягыл жол, баягыл эле батыштан чыгышка, чыгыштан батышка күүлөнүп учкан поезддер. А бирок андагы адамдардын тагдыры эмне болду, кай тарапка айланды? Мен ушул жөнүндө ойлондум. Бардыгы көз алдыма келди, Арал деңизин соолутушту, жаның ачыйт, тиги Байкоңурга космодром курушту. Ал экөөнүн ортосу канча? Ошо кеткен боюнча келбестей болгон жылдарда, ушу жол үстүндө жаза батальонунда кызмат өтөгөн Сергей Николаевич деген майып адамдын айткандарын муңкана угуп, өзүмө өзүм ушул тагдырды жазамын деп сөз бердим эле. Ошол аңгемеде Сергей деген уландын жазмыш-жашоосу жазылмак. Саратовдон Москвага чейинки жол эки күндү алат, эки күн бою Сергей Николаевич менен бир болдум. Анан «...Өлтүрбө» деп атаган ошо тагдыр жөнүндөгү аңгемемди жазуу кerектигин мен кашайып он жылдан кийин ойлондум. Карабайсыңбы, Сергей Николаевичтин, башкача айтканда, аңгеме каарманы Сергийдин көзү өтүп кетиптир, аны тааныгандардан сурамжылап билдим. Кайран киши, мен аны Москванын бейтапканасына чейин жеткирип баргам. Сергей Николаевичтин айткандарын мен көркөм чыгармага айлантып алганымды, майдан талаа-

сындагы бейиттерге окуп бериш керек экендигин мен ошондо түшүнгөм. Эсиндеби, Элес, мен сага жоокерлер көмүлгөн жерлерге барып окуп бериш керек, бул маркумдарга керек десем сен аябай таңыркап, «...Өлтүрбө!» дегенди кандайча түшүнсө болот дебедиң беле. Ошондо мен сага муну түшүндүрө албай калгам. Сенин да, менин да, баарыбыздын тиешебиз бар дегем. «...Өлтүрбө!» аңгеменин окуясы Батыш менен Чыгышты байланыштырган бир жолдо, Саратов аркылуу Москвага барчу жолдо болгон. Анткени Сергий да ушул жол менен согушка кеткен, мен дагы ушул жол менен Москва, Ленинградга окууга барып келчүмүн, азыр сен да соода үчүн ушул жол менен каттайсың. Ушунун бардыгын бир нерсе байланыштырып турат. Ой, токтот мени токтот, Элес. Мен дагы бир жакка кетип баратам. Убакыт бүттү! Деген менен мен сага ушул жолу дилимди төгүп, сырымды айткым келген, ошол үчүн поездди кууп жеттим, бүт баарын жайынча шашпай айтып берсем болмок, а бирок антүүгө менин убактым жок. Анан да биздин жолугушуубузга байланыштуу айтар сөзүм көп. Жандүйнөмдө эмнелер гана бар эле, Элес. Сен аны билген жоксуң, а бирок мени сактап калдың, кыйраганы турган дил дүйнөмдү сактап калдың. Ушул жылдын жазында мен «...Өлтүрбөнү» жарыялаганы калгам, согуш менен адамдын түбөлүк табияты жөнүндө бир сөз айткым келген. Анан... Ар кандай согуш кандай гана болбосун адамдын иши. А кандай гана согуш болбосун ал баштагандын да, коргонгондун да трагедиясы. Ал үчүн биринчи чындыкты таанып-билиш керек. Мен ушул согушка че-

йинки чындыкты айтайын дегем. А бирок билесиңби, Элес, мына мен сага жолукканга чейин киши өлтүрүүгө көшөрө кекенген, өлтүрөм дегенинен артка кайтпаган өзүнчө зөөкүр болуп чыкпадымбы! Ии, ошондой болгон, сен ага ишене бер, жазганы башка, а жасаганы башка автор болуш, Кудайга акарат келтирүүгө тете эле иш. Ошол, Элес, ошол үчүн «...Өлтүрбөнү!» эч жерге жарыялабастан өзүмө катып салгамын. Анткени мен, айтып жатпаймынбы, киши өлтүргүм келген, ошондуктан өзүмдүн аңгемемдеги «...Өлтүрбө!» идеямды жокко чыгаргым келген жок. Экинчиден, Элес, сен тагдыр адилеттиги болдуң, мени, Элес, адам өлтүрүү тозогунан алып калдың, ооба, биздин сүйүү бизди кайра жаратты, мени башка адам кылды. Мен ошол үчүн өмүрдү кайра баштадым. Сенин алдыңда, өзүмдүн алдымда мен эркинмин жана тазамын. Сен мени ошол өлтүрөм деген дүйнөдөн алып калдың, эми мен, Элес, сен барда сени менен мен барда бир убакта көшөрө көксөгөн өч алуу кегине эки дүйнө барбаймын. Анткени эки дүйнө мага эки дүйнөнүн сүйүүсүн берди. Жетет ошол...

Убактымдын жетишинче сага ушуларды айтып берейин дегем. Ушунун баары, Элес, өзүңө жолуккандан кийин жаралды. Жандүйнө сырын жаны биргеңе гана айтсаң болот, анан да бозоргон бейит шаарына барганда эмне ойго келет, мен байкуш «...Өлтүрбө!» аңгемемде эмнени айтууга аракеттендим? Сергийдин тагдырынын сырын арбактар угушу үчүн жана да бул жашоодо тирүү жүргөндөр ар дайыма эле андайды таанып-биле бербегендиги үчүн көр түбүндөй жымжырттыкта, бейпилдик бейишинде күнүм-

дүк көртиргиликти катыштырбай тигилерге гана үн чыгара окуш керек. Ар бир адамдын көңүлүндө ыйык туткан өз келмеси болууга тийиш. Менин келме-дубам ушул «...Өлтүрбөнүн» текстинде, эгерде сага жакса, сен макул болсоң, анда мага кошулгун, ой-санааны бирге тартабыз. Бул сүйүүнү кайра жашартып турар касиет. Ии, баса, жан дептериме жазып койдум, «...Өлтүрбөнү!» Москванын жанындагы айтылуу Волоколамск бейитине жана Брест сепилинин алдында жана башка ушундай кыргын баскан жерлерде, анан да Европада окугум келет.

Кечирип кой, Элес, сөзүм көп болуп кетти окшойт, а бирок бакыт деген да, анын сени менен бир болушу да өтө кыска болот, ошол үчүн адам бакыт деген эмне экенин учурунда билбейт. Мен дагы башка жакка кетип калдым өңдөнөт. Ооба, мен азыр тоодомун, анткен менен мен сени менен бир купеде отургандай сүйлөшүп жатам. Ошондой, Элес, мунун бардыгы кыял, ошо кыялдын да чеги болуш керек. Азыр, биз токтогон жерди көздөй бир атчан адам келатат, ал Кудай урган Таштанафгандын айдакчылары болуу керек. Мейли, убакыт келди, айла жок, ишке киришели. Көрүшкөнчө, Элес! Жолугушканча, Элес!

Арсен Саманчин жаңылышпаптыр, айдакчы Саксагай келди. Үрпөйгөн башын меймандарга ийкеп саламдашкандай болду да, шеф Бектурга кайрылды. Таштанафган атайы жибериптир, мөңгү барстарынын эки үйүрү бар экен, аларга дүрбү салып, акмалап жатышыптыр, ал эми узун куйрук казан баш барс жалгыз, аны койдой айдап келсе болот. Аны кандайча бул жакка айдоону,

кайсыл жерден кандай өтүү керектигин Арсенге Таштанафган өзү түшүндүрүп берет экен. Жолун, өңүтүн өзүм көрсөтөм деп жатыптыр. Шеф Бектур ошо замат Арсен Саманчинге барып кел, иштин көзүн байкап кел деди.

– Бу меймандарга кайда барарыңды, эмнеге барарыңды, мергенчилик башталардагы жагдайды айдакчылар айтып, көргөзүп берерин жакшылап түшүндүр. Качыргандан кайтпаган жырткыч кол салуудан тартынбайт. Этият болгула, бадал-шак аралай качса кайрылбайт. Өңүтүн көрсөтүшсүн.

Арсен Саманчин ханзадаларга иштин жайын түшүндүрдү, бир азга күтө туруу керектигин өтүндү да, мергенчилик кандай башталарын, барска барар жолду көз чалгындан өткөрүп келерин айтты.



Саксагай алдыда бастырып барат, жол кыяматтын кыясындай кыйын экен. Чычкандын изи түшпөгөн түнт чытырман бадал-шакты аралай, таш секиртмек кыл чыйыр менен кууш капчыгайга жетишти. Айлана дүлөй дүйнө экен, төбөңдөн асман гана көрүнөт, кайсы бир куштар айланып учуп жүрөт. Башка эч нерсе, бадал-шак, карагай-кайың дегениң да кыймылдан калган, түн түшкөндөй түнөрөт. Саксагай мегафондон өктөм үн катты:

– Таштанафган! Биз айтылган жердебиз! Уктуңбу, биз ошол жердебиз!

Тигил да мегафон менен жооп берди:

– Мен дагы ушул жердемин! Азыр!

Арсен Саманчин аттан түшөйүн деди эле, Саксагай аны токтотуп койду.

– Эмнеге түшкөнү жатасың? Аттан түшмөй жок, тигине, Таштанафган келип калды.

Каптал тараптагы бадал-шактын арасынан моюнуна үн күчөткүчүн саландата илип алган, автомат асынган, балээни баштаганы калган тура, башына баягыл аскер шапкесин баса кийген Таштанафган минген атын алкынтып чыга калды. Арсен Саманчин таштай катты. Тигиниси түшүндү окшойт, шапкесин жогору көтөрүп, кайра кийип койду да, ошо замат:

– Акырая караба! Биз баарыбыз даярбыз. Бешөөбүздө тең автомат бар. Эки гана жол бар, же 20 миллионду колубузга салышат, же бүт баары күм-жам болушат! Бир да жан тирүү калбайт, эч кимди аямай жок! Уктуңбу, Арсен! Сен эмнеге унчукпайсың?

– Эмне дешим керек эле? – Арсен Саманчин араң сүйлөдү. – Сен кабатыр болбогун, бүт баары жайында болот дебедиң беле?

– Дал ошондой болуп жатат, бардыгы жайында. Тартибибиз ушундай, ирети менен аткара бер. Бул жакка бурул, мына бул жерде баягыл мен айткан Моло-Таш үңкүрү бар, ага катыра мина коюлган. Тигил ханзада-бийлерди ошол жерге айдап киребиз. А сен азыр мен айткан сөздөрүмдүн бирин калтырбай англисчеге которуп турасың. Өз энчибизди гана алабыз, башканын кереги жок. Мына бул жерде үңкүрдүн оозу бар, аттан түш да, үңкүрдүн ичин көрүп чык, орун жетишет. Барымтага алынгандар туура бир түн, бир күн отурушат. Башын сайган акча болбосо мүнөтү мүнөт келгенде булардын көзүн тазалап ийебиз. Эмне эле унчукпайсың? Эстен тандыңбы? Тилден калдыңбы? Үн чыгаргын мен сага ийне-жибине чейин түшүндүрүп бергенмин, сен аны билесиң. Бүт бардыгы эсептелүү, суроо

болбош керек, буйрук гана калды, буйрук гана аткарылышы керек. Башты айлантпагын, эмне, мени момпосуйдай эрип кетет дедиң беле?! Андай нерсе сенин түшүңө да кирбейт. Түшүндүңбү?! Эмне сүйлөбөйсүн?! Мен сенден менин буйругумду токтоосуз аткарасыңбы, же аткарбайсыңбы деп сурап жатам?

Арсен Саманчин шашканынан аттан түшө калган эле, кайра элеңдеп Үзөңгүгө бут салды. Алактаган Арсенди тигил теше тиктеп, какты:

– Токтогун! Адегенде угуп ал. Эсиңден чыгып калдыбы! Сен аларды бул жерге ээрчитип келесиң дебедим беле! Биз алардын куралдарын алабыз, анан колдорун өйдө көтөртүп үңкүргө айдап киребиз. Сүйлөшүү кылтың-мылтыңсыз катаал болот, өкүмдүк кылабыз. Сен менин буйругум боюнча аларга өздөрүнүн спутниктери менен алардын жерине, кимиси менен сүйлөшөт, кантип жеткирет, алардын иши, билдиртесиң, 20 миллион бир сутканын ичинде ушул жерде болушу керек. Бул буйрук деп айтасың, соодалашпасын. Алардын айткандарын мага сөз калтырбай кыргызчалап турасың. Түшүндүңбү?! Түшүндүңбү деп жатам! Эгер андай болбосо сен туткундасың. Сенин да, алардын да иши бүтөт!

– Шашылбагын, – деди акыры Арсен Саманчин араңдан зорго. Таптакыр эсинен кетип элирип алган немени азыр ынандырыш кыйын эле. – Эгер сен ушундай чечсең, анда билип кой, бир тамчы кан төгүлсө, мен эч нерседен кайра тартпайм.

– Коркутпа мени! Бир тамчы канга жол бербейм. Барымтага алынгандар үчүн 20 миллион. Бүттү! 20 миллион алып келсе тирүү кетишет,

болбосо жок. Бул менин сөзүм. Калганын азыр аткаргын. Тездеткин! 20 мүнөт гана беремин. Бир секунда да ашык эмес. Жөнөгүн, аларды бул жерге биз менен жолугушууга ээрчитип кел. Башканын кереги жок. Эсиңе түйүп кой, барстарды атуу үчүн эки ханзада гана келсин. Барстар буктурмада дейсиң, калгандары кийин деп айт. Булардын адамдары да, Бектурдун кишилери да ошол жерде күтүп турсун. Түшүндүңбү?! Ашып кетсе 20 мүнөт! Түшүндүңбү?! Бүттү, буйрукту аткар!

– Азыр, – деп түшүнүксүз бир нерсени айтты да, Таштанафгандын башындагы шапкени көз кыйыгы менен карап койду, кыязы бул болбосо бардыгы башкача болмок деди окшойт. Оор күрсүнө унчукпай атка минип, азыр эле келген тарапка кайрадан бет алды.

Тирүүлүк тилден калган жымжырттыктын койнунда артына кылчак карабай, ээрге бир аз бүкүрөйө отуруп, ындыны өчүп, жерден башын алалбай, азабой кара таш болуп кетип барат. Анткени ал азыр кайра бул жерге ханзадаларды ээрчитип келиши керек, аларды мынабу мерездерге көз көрүнөө колго түшүрүп бериши керек, анан алар менен кошо өзү да туткун болушу керек. Алдыда ушундай ойлоп тапкыс тагдыр туру. Көр ичиндей жымжырттык. Төмөн көздөй аккан майда суулардын алда неден корккондой шылдыраганы гана басылбайт. Төбөдөн кандайдыр бир куштар жай, жердеги жымжырттыктай үн чыгарбай учуп өтүштү. Ат жаныбар өзү жол ыңгайын таап, корумдан аяр өттү да, ханзадалар турган тарапка баратты. Ойлоно турган эч нерсе деле жок эле, ошентсе да жаман кабар

айтканы келаткан чабендестей шалкы бош, аза күткөн адамдай араң ыргалып келе жатты. Жетерине аз калган, аска таштын артындагы бадалга келип, ат тизгинин шарт тартты да, тегерекке көз чаптыра үзөңгү тээп тура калды. Эмне болду? Оң ийинине асынган мегафонду шашыла алды да, ээр кашына автоматын коё коюп, бир нерсе айтчудай камына калды. Ошондой болду, Арсен Саманчиндин жаалданган өкүм үнү жан чыгара жаңырды. Англис, орус, кыргыз тилинде жиндене да, каардана да кыйкырып кирди:

– Көңүл бургула! Менин буйругумду уккула! Чет өлкөдөн мергенчиликке келгендер, силерди каргыш алсын! Уктуңарбы?! Силерди каргыш алсын! – үн күчөткүч анын сөздөрүн жаңыртып турду. – Мен силерге айтып жатамын, келгин мергендер, силерди каргыш алсын! Биздин мөңгү барстарынан колуңарды тарткыла! Аларга ок чыгармак түгүл бул жерден караанынарды көрсөтпөй жоголгула! Мен силерге өзүбүздүн жырткычтарды тукум курут кылдырбайм. Колуңарды тарткыла! Жоголгула! Барстарды тукум курут кылчуулар, жолуңарга түшкүлө! Болбосо бириң тирүү калбайсың, баарыңды атып саламын, баарыңды кырып саламын! – деп ач айкырык салды да, айтканынан кылчалык кайтпай турганын далилдегенсип, асманды көздөй автоматтан тарсылдата ок чыгарды. Тоо жаңырып, аска кабышты. Кайсы бир жактан таштар кулап, жер силкинип жибергендей болду. Жер бекер силкинбептир, жер бекер тиштене түнөрүп турбаптыр, билген экен, сезген экен, ошол замат ар тараптан ок атуулар башталып, тилден

калган тирүүлүк жаны чыгып бараткансып тыбырчылап, дүлөй дүйнөнү кыйсыпырга түшүрдү. Арсен Саманчиндин аты окурана ооздук кемирип, тарса-турс түшкөн ааламга батпай, чыдамы кетип ойт берип үрктү да, анан ошо замат качарында тийген октон бир кишенеп чаңырып алып, мүргүй барып күп эте жерге кулады, Арсен Саманчиндин бутун баса жыгылган экен, ооруксунган бутун аттын капталынан араң чыгарды. Атышуу айыгыша күч алды, Таштанафган тарап да, Бектур тарап да жин тийгендей өчөгүшө атып жатышты. Арсен Саманчин мына бу чалды-куйду, будуң-чаң түшкөн учурда ким эмне болгонун билалбай калды.

Ат жаныбар сунган бутун тарталбай жатат, жаны чыккан экен. Арсен Саманчин дене өлүк абалдан чыгып, анан гана түшүндү, бир нече жараат алыптыр. Мүрүсү, көкүрөгү, бели кан какшатып сыздайт, кыймылдаса эле жаны чыгып кетчүдөй көзүнөн жалын чачырайт. Денесин бош койсо эле ылдый кулап кетчүдөй экен, ошондуктан тик эңкейиш жерден жанын оозуна тиштеп болсо да оолактагысы келип, боортоктоп жылууга аракет кылды. Жүрөгү оозуна тыгылды, көзүн кайра-кайра ирмеп алды, дал астынан дене-башы канга боёлгон, тоонун сеңириндей болгон барс чыкты. Бул кадимки Жаабарстын өзү болчу. Ал ырылдап алып, жер менен жер боло жылып, ок тийген бутун сүйрөп жандап өттү. Кыямат келген экен, асмандагы күн ары-бери термелип, улуу тоолор теңселип, шамал аны алкымдан алып муунтуп бараткандай туюлду. Ал мегафонду ары ыргытып, автоматын таштады да, эмнегедир жаралуу Жаабарс

тарапка барууга аракет кылды. Эмне үчүн? Өзү да жакшы түшүнгөн жок, анткени ал кансыроодон эч нерсе көрбөй, эч нерсе сезбей бараткан. Кутурган иттей жинденген Таштанафгандын: «Акмак! Чыккынчы! Ичи тар ит! Сени кескилеп өлтүрүш керек! Жардан учуп өл! Бизди сатып кеттиң!» – деген сөздөрүн, өкүрүп-бакырып шыбай сөккөнүн уккан жок. Ал эми Бектур карыя кара жерге өбөктөй өксүп: «Уят болдук! Өлдүк! Ушундай да болорбу?! Кудай менен ата-бабанын каргышы тийсин!» – деп сакалын жулуп, жер муштап жатты. Ханзадалар да кыйсыпыр түштү, жанталашып качып баратышат, арабчабы, же башкачабы, айтор, кыйкырып житип кетишти.



Бул алаамат заңкайган улуу тоолорду кыйлага чейин дүңгүрөтүп турду. Анан барып башаламан атышуулар ок жегендей токтоду, ызы-чуу түшкөн кыйкырыктар адашкандай бириндеп, үзүлө-үзүлө чыгып, анан анысы да басаңдай баштады. Кайран Арсен Саманчин, кирпик ирмеп алганча кандай алаамат баштап ийгенин бир билип алса эмне?! Атаңдын көрү куу дүйнө, азыр анын билмеги түгүл, ойрону түшкөн дүйнөнү ойлогонго алы жок, ок тийген жерлеринен чыгып бараткан жан азабын тартып жатканы. Көкүрөгүнөн аккан кан акыры алып тынчудай, денесин жууп, кийимин чылап бүтүптүр. Түшүндү, бир ыңгайлуу жерден жай алышы керек. Ошентти, ок тийген жерин алаканы менен басып, ар сөздүн башын айтып, теңселе кадам шилтеди, кансыраган экен, тула боюн кармай албай көңүлү көчүп жыгылды. Эс-күчүн жыйып кайра турду, аба жетпей деми кысылып барат.

Моло-Таш үңкүрү кай тарапта экени эсине түштү. Эптеп жеткени барат, көзүнөн Моло-Таш учуп, көөнүнөн Моло-Таш чыкпай чалыштап барат. Үңкүр мына, көрдү да бир аз жеңилдеп, ага жөрмөлөп кирди. Ошо жерден карегинин канжар жалыны өчүп бүтүп, жансыз тартып тунара баштаган көздөрү үлүрөйүп, таргыл дөөдөй сулк жаткан кайран Жаабарсты көрдү. Дүйнө кызыгы түгөнсө керек, былк этип койгон жок. Алга карай сунулган колдорунун үстүнө койгон казандай башын көтөрүп, ким болду экен деп караганга да шаасы жетпеди. Ошо калыбынан козголбой оор кыркырап-онтоп, дем алып жата берди.

– Сен дагы мында белең? – деди эмнегедир Арсен Саманчин аны менен абалтан тааныштан бетер.

Жаабарстын өрттөй өмүрү кан болуп агып жатты...

Арсен Саманчиндин тамыры да Жаабарстай кыймылдан кала баштады.

Адамдын каны менен жырткычтын каны үңкүр таманында кошулуп, бир жерге билинбей сиңип жатты...

Ушу саам, ушул мүнөттө адам менен жырткыч бир асмандын алдында, бир үңкүрдүн ичинде каршылаш да, кас эмес болуп, сүйөнүшө катар жатышты...

Улуу тоонун үстүнөн бул кандайча жазуу деп добул жүрүп, күн күркүрөп, чагылгандын канжар оту булуттарды тилип-тилип жатты...

Бир сааттын аркы-берки жагында «Мерген» фирмасынын эл аралык аңчылык бизнес-долбоору астын-үстүн түштү да, анын минтип куу камыштай күйүп кетишине Бектур аганын ишен-

ген иниси себепкер экенин андагылардын эч кимиси ишенген жок, анткени алардын ою боюнча мындай болушу такыр мүмкүн эмес эле...

Ханзадалар аттарынан түшөрү менен машиналарына жоо куугандай шашыла отурушту да, Туюк-Жарга куюндай тийип, коштошпостон отуруп, коштоочулары менен «Хаммерге» түшүп, Олуя-Атанын аэропортун көздөй, карышкырдан качкан кийиктердей жүрүп беришти.

Туюк-Жардын көчөлөрүн өрт басты. Эл деген эл, болгон иштин чет-бучкагын угушуп, айылды көтөрүп ийишти.

– Уят эле болдук, каргышка калдык!

– Арсенди тирүүлөй асып салса да аздык кылат! Аны тирүүлөй өрттөп, күлүн көккө сапырыш керек!



– Ушундай иштин ойронун чыгарды! Бектур агасын кашайтты, биздин ырыскыны тепти!

– Жакшылык көрбөсүн! Ага адамдардан айбандар артык экен да! Тууган-уругуң сенден колун тартсын!

– Ошону барстар тирүүлөй тытып жесе экен. Сооп болот эле!

Буларды да түшүнсө болот, аңчылык-бизнестен айылга бирдеме түшмөк, ошон үчүн эл ырыскысын оозунан алдыргандай болуп бейпайга түшө беришти. Анан алар бирин бири сүрөп отуруп, Арсен Саманчиндин эжесинин үйүн көздөй жабыла жөнөп беришти да, короого келип, колдоруна тийгенин жулуп, тепкенин тээп талкалап, «Нива» машинасынын айнектерин, ал тургай фараларынын таш-талканын чыгарып, кузовун мырыйтып, эл безери немениин буюм-тайымдарын өрттөйбүз деп ызы-чуу салышты. Анан кермеде

илинип турган Арсендин көйнөгү менен курткасын ит талаштай тытып, колго көтөрүп жүрүүчү компьютерин эжесинен жулуп алышып, талашайын дегенде аны кадимкидей жулмалашып, абийирин айрандай төгүштү. Уста жездеси үйүндө не болуп жатканын уккан экен, жумушунан чуркап келсе, үй-жайын үч көтөрө сапырган эл ары түртүп, бери түртүп ур-токмоктоп салышты.

Капылеттен чагылганы жарк этип, күн күркүрөп, жамгыр төгүп киргенде гана чуу салгандар тарай башташты. Жамгыр ого бетер күчөдү, тоолорго чагылган түшүп, добул жүрүп, асман титиреп, жер калчылдап жаткандай болду.

Ошо күнү кечке маал Элес бир нерсени сезгенсип вокзалдан Туюк-Жардагы эжесине телефон чалды. Мурда минтчү эмес, эмнегедир кетеринде байланышып турам деп чөнтөк телефонун атайы калтырган, ошонусу жакшы болуптур. Саратовго жөнөргө жарым саат калган кезде үй-бүлөңөр кандай, не жаңылык, мен азыр поездге отурам, кетебиз, а бирок тез эле кайра келгенге аракет кылам деп эжесине телефон чалды. Анан да арабдарды, айрыкча Арсен Саманчинди сурайын деген, тоого кеткендерден кандай кабар бар экенин билгиси келген. Сурамак түгүл аны-муну айтканча эле эжеси туталана кыйкырып ийди:

– Бул сенсиңби, Элес?! Тоого кеткендер чатак. Сенин Арсениң ишти ойрондоптур. Бүт айыл дүрбөп жатат, Арсенди сөгүп, каргап жатат. «Биздин барстардан колуңарды тарткыла! Бул жерден кеткиле! Жоголгула, каргыш тийгирлер!» – деп жанагыл үн күчөткүчү менен айтыптыр. Айтор, аларды кубалаптыр, аларга ок атып-

тыр. Ханзадалар жүрөгү түшүп, ошол жерден эле качып жөнөшүптүр. Ошентип атышуу башталып кетет. Бектур ага кокуйлап башын ташка койгулайт. Бизнеси бүт күйүп кетти деп жатышат. Айылдагы эл Арсениндин эжесинин короосун талкалап, айтпаганды айтышыптыр. Арсендин өзү жок имиш, бир жакка жоголуп кетти деп жатышат, дагы бирөөлөр аны атып салышыптыр дешет, же өзүн өзү атып салганбы, айтор, жок окшойт. Элес, сен мени угуп жатасыңбы?! Эмне унчукпайсың? Эмне болду? Сүйлөсөң боло, бай болгур?!

Эжеси шолоктоп ыйлап жиберди.

– Ой, бизди да кырсык чалды окшойт. Элестин үнү чыкпай калды, ал Арсен дегенине жанын берип койгон да. Эми эмне болот? – деп кыйкырып-өкүрүп кирди.



– Ой, токтотчу! Кыйкыргандан эмне чыгат? – Күйөөсү аны тынчтандырууга аракет кылды. – Элес келсе, мен аны тоого, ошо Моло-Таштын өзүнө алып барайын. Кааласаң сен да баргының. Аерде эмне болгонун Элес өз көзү менен көрсүн, түшүнсүн. А сен өзүңдү жөн эле кыйнай бересиңби?!

– Эми эмне кылам? Ал эми эмне болот? Барсак баралы, бирок балдарды кантебиз?

– Балдар чоңоюп калбадыбы, эч нерсе болбойт. Бир-эки күнгө чыдашат, малды карашат. Кошуналар турбайбы, алар да көз салышат.

Элеске жаман иш болду, артынма баштыгын шак жонуна салды да:

– Бүттү! Өзүңөр бара бергиле! Саратовго керек документтер мына. Алгыла. Мен азыр айыл-

га, тоого шашылыш кетишим керек, – деп ар бир сөздү баса айтты.

– Эмне, бирөө каза болуптурбу?

– Мүмкүн.

– Келгенде жолугушабыз да?

– Мүмкүн.

– Биз эмне деп айталы? Товарларыңа келесиңби?

– Мүмкүн.

– Ой, деги сага эмне болду? Айтчы? Мүмкүндөн башка сөзүң жокпу?

– Мага тийбегиле! Айтарымды айттым, бүттү. Өзүңөр бара бергиле!

Ушинтти да ал вокзалдан четке чуркап, элди аралай куюн түшүп баратты. Эл анын эмнеге безилдеп баратканын билишсе го...



* * *

Билишсе го... Жүрөгүн өрттөп, жүлүнүн тилген күйүтү мейкинден мейкинди аралап, анан ал ошол эле маалда чагылганы ойногон кара нөшөр менен бирге жанына жаны кошулган жалгыз сүйгөнү жоголуп кеткен Үзөңгүлөш тоолоруна ак жибек болуп төгүлүп, ушу азыр ал Кызкайыпка кошулуп алып улуу тоолорду түрө кыдырып жүгүрүп: «Жараткан, мага жардам бер, эгер көрсөң айтагөр мага», – деп баратканын ким билмек да, ким элестетип ойломок.

Ошол күнү ошол улуу тоолордо аскаларды жаңыртып күн күркүрөп добул сокту, чагылгандын көз тилген жарыгы кокту-колот, өзөндөн бери жаркытып, айтор, кечке чейин кара нөшөр жер сабап турду. Жамгырдын алай-дүлөйүнө

кошул-ташыл болгон күүгүм да бара-бара түнөргөн түнгө айланып баратты. Бул жайда мындай көз ачырбаган жаан көптөн бери боло элек эле, төктү. А Моло-Таш үңкүрү болсо барган сайын караңгы тартып, ичи муздай берди.

Капыстыктанбы, же тагдырдын эрки мененби, айтор, бул үңкүрдө калгандар үчүн караңгы менен муздактын эч кандай таасири болбой калган. Бир күндүн бир маалында өлүмдү бирге тосуу иши маңдайына жазылгандар экөө эле, жаны чыгып бараткан адам менен жаны чыгып бараткан жырткыч. Экөө тең аламан атышууда жаңылган октон, а балким, атайы мээлеп аткандан, жарадар болгон бул экөө өмүр жолун бирдей карытып, өмүр күнүн бирдей батырып жатышкан. Кимди ким атканын эми териштирип кереги не? Аздан соң алар изсиз түбөлүккө кетишет, ошол үчүн мына бул күн тийбес жайда күн тийген жердин көйгөйү тагдырды кайдан өзгөртмөк...



Жараттарынан аккан кан басылбай алдан тайып кансыраган кайран Жаабарстын деми кысылып бүттү. Козголууга дарман жок, алдыга сунулган колдоруна мурдагыдай эле ат көтөргүс килейген башын коюп, бут тартарга каруу жок сулап, ажыдаардай куйругу айбатынан айрылып, ыргытылган буюмдай капталында жатат.

Жаны чыгып бараткан Жаабарстын жанында, жаныма жайлуу болсун деп капталына сүйөнүп Арсен Саманчин жаткан. Ал ага: «Акыркы жайга кетерде кездешкен экенбиз да» – деп койду.

Барган сайын Арсен Саманчиндин капталы канга чыланып, анан анысы таштак жерге сиңе берди. Алдан тайып, аркы дүйнө босогосунда

турганы менен акыл-эстен кайта элек, ал ошонусун, өмүрүнүн соңку байлыгы болгон ой жүгүртүүсүн мүмкүн болушунча жоготпоого тырышты. Ошентти, анын үстүнө көкүрөгү таза турганда бир нерселер жөнүндө ойлоно алмак, өткөнгө кайрылып, билип-билбей кетирген күнөөсү канчалык экенин ойлоду. Атаганат десенчи, өлүм алдында да сүйүү болот экен, сүйгөн адам сүйгөнүнө жолугат экен, ал Элеске жолукту, ал Элеси менен коштошту. Бу дүйнөдө аларга сүйүү менен бакыт ченеми жок берилген эле, азыр да ченеми жок кеткени жатат.

– Кош бол, Элес. Ишке ашпай калган кыялдар үчүн мени кечирип кой. Сага таазим кыламын. Кошкун, жаным, кош болгун. Тилегиме жетпей калдым... Жазасын төлөп жатамын... Мен күнөөлүүмүн...



Ал кордолгон араб ханзадалары азыр аны угуп турушкандай элестете калып, уялуу сезими аны кыйнап жиберди.

– Мен күнөөлүүмүн, сөздүн жеткен жери менен каргагыла. А бирок башка арга менде жок эле. Силерди капсалаңдуу каргаша кырсыктан ушинтип гана сактап калууга жанымды сайдым. Эгер кечире алсаңар кечиргиле. Менин акыркы сөзүм ушул. Мойнума алам... Жараткан берген өмүрдү жашай бергиле.

Ал ого бетер кайгыга батып өкүнүп, күнөөсүн мойнуна алып Бектур агасына кечирим сурап кайрылды:

– Бектур байке, мени карга! Бир аябай каргагын! Мен урук-тууғандын намысын сындырып, ишиңдин ойронун чыгардым, күйүп кеттиң. А бирок мындан башка аргам жок, калга-

нын эми кантип түшүндүрөмүн. Ооба, сага канчалык кайгы менен зыян алып келгенимди, кадырыңды кантип тебелегенимди жакшы билемин. Каргап-шилегин, мен ага татыктуумун, мен ошондой иш кылдым, азыр демим кыстыгып баратат... Бирок кечирип кой, мен кара ниеттиктен мындай иш кылган жокмун, көралабастыктан да эмес... Көп жашагын, байке. Сенин бир тууган асыл агаңа, менин ыраматылык атама тигил дүйнөдөн бүт баарын өзүм түшүндүрүп берем...

Эки дүйнө өртүндө жатып ал туугандарын, эжеси Кадичаны жана уста жездесин да эстеди.

– Мен силерге кандай кайгы-капа алып келгенимди билемин. Кечиргиле... Кечиргиле, мен күнөөлүүмүн. Көңүлүңөргө жаман албагыла.

Анан ал ит бизнеси менен күн көрүп келаткан Ардак агасын да эстеди:



– Ардак, мен өлүп баратам, эми экөөбүз экинчи көрүшпөйбүз. Сен мени жакшы билесиң, мен акмын. Мен үчүн кайгы жебегин, өзүңдүн башка түйшүгүң деле жетишет. Балдарыңды чоңойткун, а мен болсо баласыз кетип баратам. Кантейин, бу да болсо Жараткандын жазасы...

Арсен Саманчин Айдананын алдында да күнөөсүн мойнуна алды:

– Айдана, сени жеңил баа жылдыз болгонуң үчүн айыптап, жектегеним үчүн кечирип кой. Ал сенин ишиң, Айдана. Мен сени Кызкайып болуп операнын сахнасына чыгышыңды эстен тана кандай гана эңседим эле! Тагдыр эми менин тажатмаларымдан сени кутултту. Жалгыз суранычым бар, Эрташ Курчалга бир да сөз айтпагын, ага акыры өзүм айтамын. Эрташ, мен сени соңку күнгө чейин өлтүрөм деп келгеним

чын, көргүм келген эмес, жектегем. Ага себептер бар болчу. Аным күнөө экен, айыбымды мойнума алып тынчыдым. Жаман ойлобо, эгер мени кечире алсаң кечирип кой.

Өлүм алдында жаткан Арсен Саманчин эми жан чыгардын азабына түшүп, акыркы күчүн жыйнап, классташы Таштанафганга жана анын шериктерине да айтар сөзүн, кечирим кебин айтты. Не демек эле, күнөөлөп каргаш керек беле?

– Бир Кудайга койдум! Мейли, мен Кудай алдында сенин курмандыгың болоюн, сенин эмнени көздөгөнүң, эмне кыларың жөнүндө эч ким билбей эле калсын. Мен өзүм да сенин алдында эмес, өзүмдүн алдымда күнөөлүүмүн. Ошон үчүн мен сенин сатып алып садага чапканың, күнөөдөн арылтуучуң болуп берейин, Кудай өзү кечирсин сени...

– Айылдаш агаин-туугандар, мени кечиргиле, мен силерди бир келген ырыскыңардан ажыраттым. Ушундай болду. Өлүп баратып, өлгөндөн кийинкиме кечирим сурайм. Анткени мен мындай ишти жыргаганымдан жасаганым жок, аны эч ким билбейт. Кошкула!..

...Жаабарстын жаны кетти. Анын артынан Арсен Саманчин оо дүйнө салды. Жүрөгүнүн эң акыркы кагышында ал Кызкайыптын: «Кайдасың сен, кайдасың сен, жан биргем», – деген үнүн укту. Бүт дене бою менен, бүт акыл-ою менен: «Кош бол эми, көрүшпөйбүз эч качан», – деп мукактана шыбырады...

Түнкү булуттардын арасынан ай адашып, аскалардын коюн-колтугун жойлогон шамал акырындан алсырады, башка эч нерсе угулгандай болгон жок.

* * *

Эртеси түшкө жуук Моло-Таш үңкүрүнө үч атчан жол алып келди, алдыдагысы – эркек, артындагы экөө – аял. Алар Элес, Элестин эжеси менен жездеси болчу. Болгон ишти өз көзү менен көрсүн, күйүт бугу басылып, көксөөсү суусун дешип алар бул жерге Моло-Таш үңкүрүнө алып келишкен.

Жоро жездеси бул жерди беш колундай билчү эле. Баягы жылдары колхоздун кой ферма башчысы болуп жүргөндө буерден ары-бери көп өткөн, Моло-Таш үңкүрүнө да далай кирген. Ошондон улам ал тигил экөөнө жол азабын салбай, тез эле алып келди. Алар жолдон ок тийип өлгөн ак боз атты көрүштү, күнү-түн төккөн жамгыр менен добулда калгандан уламбы, айтор, төрт аягы сырайып, ыкчырыла жыгылганда кош басмайыл үзүлүп кеткен окшойт, ээри жанында жатат. Арсен ыргытып ийген мегафон менен автомат да ошол жерде экен, Жоро түшө калып аларды алды. Үн деген жок. Окко учкан ат, ташталган курал Арсендин соо эмес экенин айтып турду.

Алдын-ала жакшылыктан күдөр үзгөн үчөө тең үңкүргө кирип баратышты. Элес өзүн өзү кармай албай, муун-жүүнү калчылдап, көзүнүн жашын токтото албай койду, ушундан улам эжеси аны колтугунан алып келет. Үңкүр болбой үмүрөн кал, көргөндөрүнө көздөрүнөн байланып, тилоздон калып, молоташ болуп турушту. Жаны эбак чыккан, аккан каны көл болуп каткан жерде адам менен жырткыч, зорлугунан жан чыккан мөңгү барсы, жан кыйган тагдырлаштардай жанаша жатышкан экен. Арсен Саман-

чин Жаабарстын көкүрөгүнө башын жөлөгөн бойдон жан бериптир. Бир көз ирмем өттү окшойт, анан эже-синди эчкирип ыйлап ийишти:

– Ай, Кудай ай! Бул эмне деген карантүн?! Чын эле Арсенден айрылып калдыкпы?! Эми кандай күн болот?!

Элестин эжеси үнүн баскан жок:

– Арсен өзүн өзү көргө салды дешкендери чын тура! Бул эмне кылганы?! Акылдуу эмес беле? Кантип ушуга барды?! Силерге аябай кубанбадым эле, Элес! Сен ченемсиз бактылуу болчусуң, мен ушундан корккомун!

Элес эстен тана жыгылды да, чөгөлөй калып Арсендин эбак муздаган колун сылай зээн сыздата боздоп, эмне айтарын, эми эмне кыларын, кайда кантип барарын билбей өзүнөн өзүн жоготуп баратты... Ийе, тагдыр деген ушу экен, эжесинди көпкө ыйлашты. Анан Элеске эжеси түндөй кара жоолук салды. Жоро болсо булардын аза бугу чыксын деп, үңкүргө кирип-чыгып, үн каткан жок.

– Кумар, сен мага энемдейсиң, сага сырымды айтайын. «Биздин барстардан колуңду тарт! Тообуздун көркүнө кол салгандар биздин жерден жоголсун!» – деген плакат жазып алып пикетке чыгам деп Арсенге мен айткан элем. Акылсыздык кылыпмын. Минтүүгө мүмкүн эмес экенин ошондо эле түшүнгөм, ал жөн эле ой болчу. Арсен анда эч нерсе деген эмес, бирок ичинен менин сөзүмдү макул көргөнүн сезгем, анан... ушинткен тура. Кайдан гана андай сөздү айттым экен, кара көзүм кашайган тура!

– Ыйлаба, Элес, жакын адамдар ар нерсени сүйлөшөт. Тагдырдын жазганы ушул экен да.

Андан көрө сөөк коюуну ойлонолу. Туура түшүнгүн, тууган-уругу азыр муну көммөк түгүл көргүлөрү келбей жатат. Болгонун көрдүк, эми мунун сөөгүн ушу үңкүргө таштап кетмек бөлек?..

– Ооба, таштабайбыз. Билесиңби, мен өмүр бою Арсен менен жаны бирге адамдарча кол кармашып жашап келгендей болгом, эми кантип жашарыма көзүм жетпей калды. Кечил болуп кетейин, Россияда аялдардын кечилканалары бар, ошону билейин, Кудайга ишенбей келсем да, эми күнү-түн тынбай Арсен үчүн Жаратканга жалынып сыйынайын.

– Мен сага ишенем, Элес. Сенин колуңдан келет. А бирок ойлонуп көргүн, өмүр бою кечил болгуң барбы?

– Билем. Эгер тагдырым бакыт тартуулап, бала берип калса, анда ал жакка барбаймын.



– Кудай жалгасын! Ыраспы ошонуң?

– Негедир күтүп жатамын. Түш көрдүм... Ошого жоруп койдум, эгер андай болбосо мен өзүмдү кечилдикке түбөлүк беремин.

Ошо маалда үргүлөгөн тоолордон кубаттуу, уламдан-улам күчөгөн дүңгүрөө угулду. Үчөө тең үңкүрдөн чыгышты да, анан алар вертолёттун келе жатканын билишти. Бийик чокулардын ортосундагы капчыгай өрдөп келет. Жакындашкан сайын байланган аттар үркүп, кошкуруна тыбырчылады эле, Жоро барып аларды тизгинден алып, «та-ак, та-ак» деп жоошутуп жатты. Жанагы вертолёт Моло-Ташты айланып-айланып учту да, анан кетип калды.

– Бул вертолёт бекер келген жок, Моло-Таш окуясы райборборго жетсе керек. Ошого келишти, – деди Жоро ойлоно.

– Бул алардын иши, – деп кирди анын аялы. – Сен өз ишинди жасагын. Арсенди жерге бериш керек, Элес экөөбүз ушуну сүйлөштүк. Сен кандай дейсиң, Жоро?

– Кандай демек элем, эмнени ойлонобуз, мүмкүн болушунча жерге бериш керек. Тууғандарынын биринен да сөз чыга элек. Бектур ага да, жездеси менен эжеси Гүлайым да унчукпайт. Кошуна-колоңдорунан да акыл чыга элек. Сөгүп, каргап-шилеген эле киши. Курусун ошолор, качанга чейин ошентишет. Өлүм деген өлүм, ага атаандашууга болорбу?.. Мейли, бирок сөөктү бу тоонун жалгыз аяк жолу менен айылдын чоң көрүстөнүнө алып баруу да оңой эмес. Ат менен жеткирүү да кыйын, жана көрбөдүңөрбү, жаман жерден замбилге салып өтүү керек, ал үчүн бир нече адамдар керек, колдон-колго алып колдошуп дегендей. Бирок азыр эч ким анткиси келбейт, ал жагы да бар.

Жоро кандай болсо да бул ишти Арсендин жакын туугандары менен акылдашып чечүү керек деген тыянакка келди. Ооба, канчалык ачууланып кыжырланган менен анын сөөгүн жерге жашырыш керек да, бул эмес Кудай бези болуп бүткөн жексур кылмышкерлерди деле жолу менен жайына узатышат го.

– Ооба, ойлонолу, – деп сөзүн улантты Жоро. – Азыр ичкери кирели да, Арсендин арбагына багыштап дуба окуп коёюн.

Кайрадан үңкүргө киришти. Жанагыл эле көрүнүш. Жаабарска башын жөлөгөн Арсен Саманчиндин жүзү куу камыштай кубарып кеткен. Анын жанына жакын отурушту да, дымып калышты. Чымкый кара жоолук алдында-

гы Элес кайрадан суугa салган тал чыбыктай солкулдап ыйлап кирди. Жоро болсо ага караган жок, жаттап алган, а бирок өзү таптакыр түшүнбөгөн араб сөздөрүн чын дилинен бериле кыраатты менен айтып жатты, а чынында анын маанисин ал эмес, жергиликтүү элдин бүт баары эле билишчү эмес. А бирок салт деген салт да, андан кайда чыкмак.

Ушу ыйык жымжырттыктын кучагында калган Элес бир нерсени ойлоду, бир тууган эжеси менен жездеси канткен менен ага күйүшөт экен, бу жалгыз дүйнөдөн жанын берип тапканы ойдо жок жерден окко учуп минтип калганда, экөө тикесинен тик туруп аза күтүп жатышканы Арсенди тирилтип бергендей эле болду. Булар болбосо анын жанында кайгысын бөлүп ким болмок. Ичинен ушинтип ойлоп жатканда сырттан аттардын дүбүртү, анан адамдардын үндөрү угулуп калды.



Үңкүргө шарт-шурт беш адам кирди. Таштанафган баштаган айдакчылар экен. Алар каада сактап отурушкан жок, кабагынан каар жаадыра түнөрүп, Жоронун дуба окуп бүтүшүн күтүп турушту. Тигил бүтөрү менен Таштанафган кесе сөз айтты:

– Биз силерге бу Моло-Таш үңкүрүнө мина коюлганын айтып коюшубуз керек. Силер бул жерден тез кеткиле, анткени азыр үңкүр жардырылат. Тез кеткиле!

– Жардырылат?! – Жоро каршы сөз айтты. – Эмне үчүн? Бул жерде киши колдуу болгон Арсен Саманчин жатпайбы?! Анан кантип жардырасың?!

– Ал биздин ишибиз эмес, жардырабыз де-

дикпи, жардырабыз. Анынар ушул жерде калат, үңкүргө көмүлөт.

– Эй, сөөк коюу да ошондой болчу беле? – Сөзгө ачууланган Кумар аралашты. – Мен силерге аял катары айтып жатамын. Адегенде сөөктү ойлонгула, анан жардыргыла. Баарыбыз өлөбүз, анан каада-салт менен, өз жолу менен көмүлүшүбүз керек да.

– Үйрөтпө мага! Атайын тапшырма боюнча үңкүр жардырылат. Биз ошого келдик, ойноп жүргөн эч ким жок. Жарым саат убакыт беребиз.

Кудай бетин салбасын, ошондо Элес карасын алып ыргытты:

– Ошентип эле көргүлөчү! Адамдын сөөгүн кордобогула! Ал үчүн силерди арбак урат. Өлгөн адамдын сөөгүн маскаралоого акынар жок, ал салт боюнча көмүлүш керек. Кордобогула! Мен сөөк үчүн башымды сайып беремин, – деп буулуга сүйлөдү.



Ошондо кыл чайнап араң турган Таштанафган:

– Сен кимсиң? – деп ызага сына, жаалы төгүлө жарылды. Ал ошентмек, кечээ күнү дал ушул жерде анын каракчылык максатын Арсен Саманчин башынан кечип, таш-талкан кылганын Элесиң кайдан билсин. А Таштанафган болсо актыкка айланган классташынан кан ичкичтик менен өзөккө түшүп өксүткөн өчүн алууну көздөгөн. Ошондо касынын канын кочуштап ичкендей болмок. Ошол үчүн ал дагы бир жолу: – Сен кимсиң?! – деп жаны чыга кыйкырды. – Жооп бер деп жатам. Сен кимсиң?!

– Менби?! Мен ким экенимди башка жерден, башка убакта айтсам болот эле. Мына, бутуңар-

дын алдында кишиден өлгөн киши жатат, мен өлүмгө даяр адаммын, өлтүргүнөр келеби, өлтүргүлө, мен өлүмдөн коркпоймун. Азыр жардырып жибергиле, урандынын астында Арсен менен түбөлүк бирге калууга даярмын. Жардыргыла, силерге ыраазы болом, жардыргыла! Аны менен мен бирмин...

Бул жаакташуу дагы канчага созулат эле, ким билсин, айтор Жоронун жол билги акылы ортолукту жумшартты:

– Таштанафган, мени бир жолу угуп койчу. Көз жашын төгүп, жүрөгү канап күйүткө түшүп турган аялдарды туура түшүн, антип сүйлөшпө. Экинчиден, сөөк жатат, анын алдында катуу кеткен жарабайт, өлүм улук. Ошондуктан сыртка чыгып, эмне кылуу керектигин сүйлөшөлү, кеңешип иш кылалы. Жардырууга качан да болсо үлгүрөсүң. Ага чейин акылдашып алалы.



Сыртка чыгышты. Чыкканы менен ары кетип, бери кетип далайга кыжылдашты.

Сөөк башында жалгыз калган эже-сиңди эми өз камын көрүштү. Эжеси Элестин башындагы кара жоолукту оңдоп, сылап-сыйпап минтти:

– Элес, ыйлаба, арбак баарын угат, сен өз сөзүңдү айттың, арбагы ыраазы болот. Биз милдетке турдук, калганын эркектер чечсин. Эх, ушундай да күйүт болорбу!

– Мен сага ыраазымын, эжеке! Сен чын эле менин энемсиң. Арсендин тагдыры неге мынча чукулунан өзгөрүп кеткенин ойлоп жатам, эжеке. Ал аябай акылдуу жана адилет эмес беле. Кыз кезимден бери анын жазгандарынын бирин калтырбай окучумун, теледен сүйлөгөнүн жылбай отуруп укчумун. Сүйгөм, эже, ал дагы

сүйгөн, бактыбыз менен сүйүүбүз кандай эле... Эки дүйнө ээлеген эки өмүргө жетмек. Анан... Акыры ушул болду, барс менен моюндашып үңкүрдөн жаны үзүлдү. А тигилер болсо үңкүрдү жардырып көөмп салгылары келишет, жер менен жексен кылгылары келишет. Бул эмнеси? Урматтагандыкпы же кордогондукпу? Бирок мен үчүн ал эми ыйык, касиеттүү болот. Мейли кыз болсун, мейли эркек болсун, күмөнүм бир күн чын болуп калса Арсен Саманчиндин атын өчүрбөй, жазыксыз жазалангандын тукумун уласа болот эле.

Боору бирлер боорунан күйүп турушту.

Жоронун кабагы жерге түшүп келди, ары кетишип, бери кетишип жатып бир сөзгө келише албай койгонун, Таштанафган кара дил болуп көшөргөнүн айтты. Дагы жакшы, тигил аксым эртең мененкиге чейин убакыт бериптир, шеф Бектур менен акылдашамын, күтүп тургула, ал эмне дейт, күн муруту чыга электе келемин, ошондо баары чечилет дептир.

Түн ичинде от боюнда отуруп ал Арсен экөөнүн баласын жетелеп алып анын бейит башына барып тураарын тагдыр буйруйт бекен деп ойлонду. Ошо кезде алыскы тоолордон: «Сен кайдасың, жан биргем, сен кайдасың, добуш берчи менин сүйгөн мергеним!» – деп Кызкайыптын боздогону угулду. Ал ага дилинен шыбырап: «Кызкайып, мен сени угуп жатамын, эми мен да сага окшоп жалгыз калдым, өзүмдү өзүм каралуу жесир атадым, ал экөөбүздүн кандан бүткөн балабызды жетелеп бейитке барар тагдырды бере көр деп бир Кудайга жалынып жатамын...»

Кудай бар экен, эртең менен иш жакшы жагына айлангандай болду. Ооба, күнөөнү сезүү кээде ушинтип кечигип келет турбайбы, анын үстүнө түбөлүк өзү менен өзү күрөшүүнүн жолу да татаал болот окшобойбу, анткени өз күнөөсүн мойнуна алуу үчүн ар дайыма ай-ааламды жакшылык менен тазалап, өзүңдөгү карөзгөйлүктөн кол жууш керек. Ошентиш керек. Ошондой болду, эртең менен Таштанафгандын балдары замбил, кепин, жабуусунан өйдө алып келишти. Сөөктү замбил менен капчыгайдын оозуна чейин колмо-кол көтөрүп алып баруу керек, аерде шеф Бектурдун жиби, башка машиналар күтүп турат. Иш жайында, ал тургай Моло-Таш үңкүрүн жардыруу да кийинкиге калтырылса керек, а балким, жардырышпай калгандыр. Айтор, шеф Бектур ага сөөктү алып келгиле дептир, а Жаабарсты болсо ошо тоо арасына көөмп салгыла дептир.



Өзүн өзү каралуу жесир атаган Элес сөөк салынган замбилди көтөрүп бараткандардын артынан түштү, андан соң анын эжеси Кумар, аттарды куюшкандай жетелеген Жоро келатты.

Таштанафган эмне болуп жатканын эч ким билген жок, ал сөөк көтөрүп, аза күткөндөрдүн эң артында ат жетелеп келаткан. Байкагандар аны көзүнүн жашын токтоталбай ыйлап келатты дешти. Ошентип келатканда эле ал башындагы аскер шапкесин күтүлбөгөн жерден жулуп алып, кырбусунан кармап туруп алынын жетишинче алыска ыргытып жиберди.

Элес болсо сөөк артынан баратып Арсен Саманчин айткан Кызкайып тагдырын дагы бир жолу эстеди да, анан: «Кызкайып, мен сени угуп

жатамын, угуп жатамын. Мен кайрылып кайра келемин, издеп жүрүп, бир өзүңдү табамын, андан кийин сен экөөбүз кучакташып алып чогуу ыйлайбыз. Мен сага сеникине окшош дил күйүтүмдү, тагдырымдын таш ыйлаган арманын айтып беремин. Күтө тур, мен жакында… ооба, мен жакында келемин…» – дилинен сүйлөп, дилинен сыздап баратты…

Ошо күндөрү жалган-чынын жан билгис дагы бир имиш сөз чыкты. Канча бир жолу ок тийип, анан ошондон улам Моло-Таш үңкүрүндө жан берген узун куйрук, казан баш барсты ал жерден алып чыгып, ошо тегерекке көөмп салуу үчүн Таштанафгандын эки баласы келет. Кудаятобо, ошондо Жаабарс үңкүрдө жок болуп чыгат. Жараткандын амири менен кайдадыр ыңжыңсыз жоголуп кеткен болот. Кийин-кийин аны ошол улуу тоолордон көрдүк, Кызкайып алып кетсе керек дегендер да чыкты. Көрдүк дегени ушу, Жаабарстын көлөкөсү же караанын көрүп жүрүштү. Ал эми аска тоолордогу мөңгү-карлардан Жаабарстын албан-кубат айбаттуу изин көптөр көргөнүн, көргөн кезде аза бойдон ал качып калчылдап кетишкенин айтышты. Чын эле ал улуу тоолорду кыдырып, түбөлүк улуулукка айланып жүргөн чыгар… Ал ошондой жаралган…

## ЭПИЛОГ ОРДУНА

***Арсен Саманчин***

## ... ӨЛТҮРБӨ!

*(Аңгеме)*

***Жарыялаган Элес Жаабарсова***

Кан чачырап жетпеген жалгыз
гана күн калат,
Чылбыр сүйрөп, ээсин жоктоп
окуранат качкан ат.

**Көзү ачык цыган аялдын айтканы**



Көз ачырбаган зенит огунун жолунан самолётун буйтата бурган учкуч кара таандай аламан октон чын эле кутулдумбу деген кыязда төмөн жакты карады. Кырдана ойт берип учкан самолёттой бир жагынан кыйшайгандай көрүнгөн, тийген ок тешип өталгыс жыш чытырман, үстү жагынан күрөң-жашыл көрүнгөн түнт токой сокур түндөй кооптуу түнөрүп жаткан экен. Ал аңгыча истребитель түзөлө калды, а алды жактагы токой да абалкы абалына келип, түтүн уюган мунарыкка жуурулуша аңтар-теңтер түшкөн бул ааламда көнүмүш өз ордуна келди. Көзүнө жаны көрүнгөн учкуч эми өзүнө келерде дагы бир шумдук жүрөгүн түшүрдү. Так самолёттун тумшугуна кайдан-жайдандыр бир нерсе капыстан тушма-туш чыга калды да, анын эмне экенин билгенче күүлөнгөн бойдон түптүз келип былч урунду. Жандуу нерсе окшоду, само-

лёт тигинин урунганынан улам бир аз калдандай түштү, а үрөйү учкан учкуч көз ирмемгеби, айтор, бет алды жагын көрө албай калды.

Алар артта калбоо үчүн канаттары үзүлгөнчө учуп, көзүнө караан көрүнбөй келатышкан куштардын тобу эле.

Учкучтан кара тер кетти. Самолёт тик ылдый түшүп кетпес үчүн ал штурвалды карыша кармап, кабинанын маңдайкы айнегин каптап калган жанагылардын кан-жинин көрө жийиркенип, дене-башы жыйрылып кетти.

Ооба, негедир бу жылы келгин куштар күздүн келишин күтүшпөй эле ак жайдын карды жарылган маалда аяны ачык айткансып, кайрылып кете башташты. Не экенин ким билсин, адегенде түгөйлөшө, анан топ-тобу менен күндүзү да, түнү да кандайдыр бир аянычтуу үн чыгара чурулдай кетип жатышты. Ооба, кетип жатышты, уясында жумурткаларын баскандары да, канатын кагып балапанын басканы да жин тийгендей кетип жатышты. Ителги тийгендей кеткендердин акыркысы түн бакыры бабырган болгон өңдөнду, жоро ичкендердей бакырып жүрүп, анан алардын да үнү угулбай, тоо арасы кулакмурун кескендей тынчыды.

Жырткычтар да кайдадыр житип кетишти...

Уюлгуй чыгып, көктү көздөй созулган түтүн тумандана тарап, чылк чытырман токойду кызыл жалын аралап, даулдаган от чача чачырап күйүп, өчөшкөн өрткө айланды, канча бир жылды тамырына жан кылган карт дарактар корконунан кокуйлап кулап, кылда учу көккө сайылып, кылымдан кылым жараткан карагайлар жан кейите качырап барып жыгылууда. Ой-

талаанын топурак-ташын сапырган бомба менен миналардын жарылуулары, танкалардын бетме-бет атышуулары, артиллериянын баш көтөртпөс мөндүрдөй аткылоолору кара жерди калчылдатып турду. Жан чыгарган жарылуулар сууларды да нугунан чыгарды, алар агымынын абазын, тунуктугун жоготуп, туш келди жылжып, чөөт-чөөткө айланып калды. Агын суу сиңип каймак болгон жерге танканын бири чөгүп, замбирегин көккө созгон бойдон жалдырап жатат.

Ушунун баары күн сайын болбой койбос көрүнүшкө айланган эле жана анын токтотулушу да мүмкүн эмес эле, себеби аскер сөзү менен айтканда, бу жерде согуш айкашы күчүнө кирген кез эле, эрегишкен эки тарап кан жута тирешип турган. Алар бири-биринин коргонуусун талкалап, баш көтөртпөс аёосуз чабуулга өтүп, душмандын оң канат, сол канат колун жексендеп, тылын тыптыйпыл кылып, аскерин кызыл канга айлантып кетиши керек эле. Ушундан улам ар бир тарап душманынын коргонуусун бузуп, чабуулга каршылашынан мурун өтүүнү көздөп жатышты. А бирок андай мүмкүнчүлүктү эч кимиси бири-бирине берген жок, ошондон улам оңутун тапкан ок жаадырып, бомба таштап, чабуул талаш согушу жан мойсоп, чыккан күндү батырып, баткан күндү чыгарып, чычаладай кызарып жатты...

Кандан качкан күндөр күндү кубалап өтө берди. А бул жер күйгөн аймакта атышуулар күнү да, түн тынган жок, Жер эненин боорунан коч-кул кан агып солкулдап жатты. Алаамат айды боздоткон ушул жайга ушул жылы уясына куштар кайтып келген жок, тебелендиде, ок-дары-

нын күйүк жытына ууланган чөптөр жалбырагын жазалбай жалдырап калды...

Биринин канын бири ичкиси келген душмандардын согуш штабдары шашылыш пландарын иштеп чыгышып, жоготуулар жөнүндө, окко учкандар менен катардан чыккан жарадарлардын сан-эсеби тууралында жашыруун билдирүүлөрдү беришип, эки тарап тең Жогорку командачылыктан душманга кыйраткыч сокку уруу үчүн кошумча аскер күчүн, техниканы, окдарыны чектөөсүз сурап жатышты. Эки тарап тең өздөрү турган жерди коргоо менен касташын каршылык кылган аймактан сүрүп чыгып, жаңы согуштук өнүт мейкиндигин ээлеш максатында бекем турушту. Алардын талабы жогорку жактан канааттандырылып, жаңы толуктоолор келип жатты, чабуул талаш согушу кайрадан өз билгенин жасап аскер күчүн сурап турду, соргонунун ордуна жаңылар келип жатты, жеңишке да, жеңилүүгө да эмес, өлүмгө келип жатты...

Тамыр-гүлүн согуш соргон жай мезгили бул жерден эрте картайды, ошондон уламбы, айтор, эки тарапка тең чабуул талаш уруштун көрүнөө керез айттырган акыркы мөөнөтү – аскер күчүн өкүрүк чыкпас өлүмгө бирме-бир берип, көчүгүнөн көк түтүн чыккан бар тобокел согушу жетерине жетти. Мына ушул улуу казатка, адам менен жан-жаныбар аттуунун чачыраган ысык каны аалам жууп, жалгыз гана Күнгө жетпей калар күнгө, кайберен качып, куш учкан дал ушул кыямат-кайым аймакка тагдыр деген жазмышы бүтчү адамдарды атайлап айдап келгендир... Мүмкүн.

Мандайына жазылганын билбеген ошондой адамдардын бири Кудайына ишенип ушул жакка, аскер эшелону менен Азиянын аптабына балкыган Волга боюндагы Саратовдон келатты. Эшелондогулардын бардыгы кан майданга келатканын билишчү, а бирок кайда барышат, кандай тагдыр күтүшөт, аны алар эмес, жогорку жактагылар гана билет, а булар кайда айдаса каршылык жок, бара бермей. Ошентсе да, аларды Москвага алып барат экен деген сөз угулду, андан аркысы белгилүү, Москвада ойнотмок беле, ошерден ар кайсыл фронтко бөлөр... Ооба, акыры ошондой болот.

Саратовдон түш оогон кезде чыгышты да, анан түн бою думуктурган сапар сазайына чыдашып, жай аптабы куйкум кылып куйкалап, көкөйү көзгө сайылган эринчээк Волга боюндагы кунары качкан ач талааны да артка калтырышты эле, мына, темир жолдун эки жагынын алыс-жакын аралыгынан жашыл бадал-шактар, а тургай ийне жалбырактуу токойлор да башталды, тим эле табикке айланган эски сүрөттөгүдөй ажайып дүйнө, моокумуң канып, караган көзүң тешилет. Жоокерлер менен курал-жарактар толгон вагондордун ачылган эшиктеринен жан сергиткен салкын желаргынын илеби келе баштады да, андан соң алып учкан бул поезд жашыл токойдун койнуна кирип кетти.

– Мына, токой башталды, Россия босогосун аттадык! Россия энебизге келдик! – жоокерлер ошо Россиядан эмес эле, башка жактан келе жатышкансып, эл-жерине келгендей жарыла сүйлөп жатышты.

Ошолордун арасында өтө эле жаш, бою узун болгон менен чычкак улактай тыртайган, атасынын аскердик кийимин кийип алгансып шөлбүрөгөн Сергей Воронцов, болбосо взводдогулар сүймөнчүк менен Сергий инок, бизче Сергий кечил, Сергий монах же мындан да көтөрө чалып айтканда Сергий отец – Сергий ата аталган бирөө бар эле. Ошо жигит сөздөн сөз чыккан бир учурда Кудайды айтып, ал деген икона эмес, өзгөчө ыйык кубулуш экенин айтып калды. А бирок андагылардын бири да ошо кубулуш эмне экенин түшүнгөн жок. Ушундан улам араң турган ажына шылдыңдагычтар аны ошо замат эле Сергий ата, Сергий кечил деп атап алышты. Болгону ушул, жок жерден ырахат табышты да калышты. Ал эми ошо Сергей Воронцов бар болгону он тогуз гана жашта эле, ошого карабай булардан акылы ашып жатпайбы, анан аны тамаша менен өздөрүнө жакын кылбаса болбойт да. Ал болсо тигилердин тамашасына териккен да жок. Ошо Сергий вагондун эшигине туурасынан коюлган темирге бир канча саат былк этпей сыртты карап өбөктөп тура берет, эргелчектей эмеде андай турган бирөө жок. Башкалары бака-шака түшүп карта ойношот, кимдир бирөөнүн узаткандар берген арагы түгөнө элек экен, шакылдаган поездде бекерчилик кумарынан шарактап, кажы-кужу ар кандай сөздөр айтылып, уу-дуунун аягы жок, а дагы бирөөлөр телмире жалгыз туруп, өзүнө өзү муңайым ырдап келатат. А Сергийдин дүйнөсү башка, эшиктин ачыгынан сыртты – бирин бири артты көздөй кубалаган жерлерди карап келет. Караганда да жаш балача таңыркай да, бериле да

карайт. Анткени Сергий нагыз орус жерине биринчи ирет келатат. Мектептен кийин ал түз эле Москвага барсам, ошерден окусам деп тилек кылчу, анын баарынын таш-талканын чыгарып, мынабу поезд алып учуп аркырап согушка алып баратат. Тагдыр ушундай тура, ал эшелон турмушун көрдү, станцияларда калай чайнек көтөрүп кайнак сууга чуркады, жоокердин жол азыгын үнөмдөп жеди, Волга боюнда үч ай бою аскердик машыгууда болду, анан минтип сапарда, жер кызыгы менен алек. Башкалар үчүн күндө көргөн көнүмүш нерсе болсо да, Сергий үчүн мурда көрбөгөн кызык көрүнүш, ошондуктан ал андай кездерде таң калууга берилип, жанына бара калган бирөөнү тигини карасаң дегенсип женден тарткылап келет. Анын таң калганы темир жол боюндагы жалаң жумуру карагайлардан тургузулган кыштактар, камыш өскөн көлмөлөр, айылдын апенди мүнөз бир адамы уй минип өкчөндөп жыргап барат, дагы башкасы, айтор, айыл турмушу. Ары жакта заводго жакын талаада асман мелжиген бийик труба, андан мунай майы жалындап күйүп жатат. Муну Сергий жакшы билет, атасы мунай чыкчу жерде иштөөчү, ошерде да ушундай бийик, жалыны чыгып турган труба бар эле, ал ашыкча газды жок кылат, жанындагыларга ошону айтып келатты. Анын кыялына кылт этти окшойт, кыштын сокур түнүндө, кар зампарлап жаап турганда, эчтекеден-эчтеке жок асманга жалбырттаган жалын чыгып турса бир керемет көрүнчү. Жаңы жылда кээде ошо кереметке апасы менен эжелерин ээрчип, алар менен кол кармашып алып ошол түн кереметиндей көрүн-

гөн отко ак карды кечип барышчу. Эки бетине аяздан эндик сүртүнүп кайра келишчү, жарык жана жылуу үйгө кирген соң ошо куунак маанай менен ар дайыма ыр окушчу, апасынын май токочторун бурдай жешип, демейде катаалынан кайтпаган бухгалтер атасынын да жарпы жазылып, шайырданып калчу. Ушуларды ал сапарлаштарына айтып коюп жатпайбы, ошондо алар: «Эсинен ыр менен май токоч кетпейт... Анан ушу да согушка баратат ээ», – дешип жыргап күлүп алышчу.

Темир жолу жүрөк тамырындай кыйма-чийме түшкөн станцияга алар көз байлана баштаган кезде келишти, поезд үн чыгарбай акырын жылат. Бомба тийип вагондоруна чейин өрттөнгөн, ташы талкан болгон, бардык составы запастык жолго чыгарылып салынган паровозду көрдү да, бир аз таңыркай дел боло түшүп, анан Сергий андагылардын көңүлүн ошого бурду. Дүрбөй түшүп карагандардын бүт бардыгы таш болду, поезддин бомбалоого кантип кабылганын, кандайча өрттөнгөнүн, фашисттердин самолёттору кантип бомба таштаганын, вагондордогу алааматты ар бири көз алдына келтирип, алардын ордуна өздөрүн коюп жатышты. Денеден жылуу жан качты, канчасы мүрт кетти, канчасы тирүүлөй күйдү, ооба, секирип кеткендери да болгондур. Ооба, бул аларды тилден калтырган согуштун алгачкы сүрү, анын адам аябас каар белгиси эле. Муну көргөндөр күйүтү бирлер күүгүм талаш бейитке барып, үн-сөзү жок жолугушуп, үн-сөзү жок солкулдап ажырашкандай болушту. Дене өлүк болуп сөздөн калгандардын көпчүлүгү махоркаларын түтөтүп, ой бастыда калышты.

Көйрөң күлкү ага карабайт экен, көңүл көтөргөн да кез болду.

– Ой, карасаң! Булардын кудуктары да башкача экен, үстүнө кооз чатырча салып коюшат экен. Укмуш эй, сонун көрүнөт экен, – деп Сергий дагы жандана калды. Мындайда тамаша тынчып калчубу.

– Сен кудукту, кооз чатырчасын эмес, ошол кудуктан суу алып жаткан кызды карасаң боло, байболгур! Жүрөгүң менен карачы, күн жалаган ак денеси азгырып, жел сылаган соорусу көзүңдү гана күйгүзөт го, чиркин. Жок дегенде ушуну карасаң боло. Эх, инок. Мен сенин ордунда болсом тигил үчүн вагондон секирип түшүп... ай атаңдын көрү, анда мен дезертир болмокмун да.

Ушунда бир күлкү төгүлдү.



Ооба, чынында эле ал эл көргөндү көрбөй, эч ким көрбөгөндү көрүп алчу, ошондон улам анын мунусун жакшы көргөндөр кемчонтой, кечил, мадыра баш деп алышкан. Сергийди сыртынан караганда кылдай кыйкым таба албайсың: бойсымбатты Кудайы аябай эле берген, кең далы, акыл-эси деле ордунда, тамашаны деле түшүнөт, а бирок телегейи тегиз болгонсуган менен уяң, тартынчаак, а турсун кээде апенди чалыш сүйлөгөнү боюнча, айтор, көп жагынан жаш балага окшоп кетчү. Ал өзүнүн бул жактарын жакшы билчү, билмек түгүл тигил өзү сыяктуулар эрезеге тез жетип, мурдуна суу жүгүртүп дегендей кыз-кыркынга кынала калгандарын көргөндө Сергий да, эркектана эмеспи, кадимкидей ойлонуп калчу, а бирок өзүнүн кечиккен жигиттигине өкүнчү деле эмес. Ошентсе да бир жолу көңүлүн көгүчкөн канат кылган бир керемет

сезим башталарын башталып, анан эле аягын таптырбай кетти.

Кечээ күнү вокзалдан поездге отуруп жатышканда дагы кызыктай, мүмкүн күлкүдүр, а балким, андай эместир, айтор, ойдо жок бир окуя болбоспу. Ал ошону жол бою эстеп келди. Бул окуя да анын ичинде кылдай арамдыгы жоктугунан, эл аны бир көргөндө эле ким экенин билип, кечил дегендей эле тырмагынан чачынын учуна дейре таза экенинен улам болгон.

Таң куланөөк салганда алардын бөлүгүнө жолго чыгуу жөнүндө шашылыш тревога болду. Команда деген команда да, анын мынчалык шашылыш экенин айтуу кыйын, анткени согуш маалы, мындайда суроо-сопкут болбойт, болсо да ошол согуш менен түшүндүрүлөт. Бүт бардыгы дүрбөлөңгө түшүп камына башташты. Анан алар Саратовдун четиндеги лагерден бүт жөө аскерлер рота-рота болуп шаардын ээнирээк көчөлөрүнүн бири менен станцияны көздөй жөнөштү. Ошо колонналардын көбү аскерге чакырылган Саратовдун балдары болчу. Алар түшкөн көчөдө ошо саратовдуктардын айрымдарынын үйлөрүнүн терезелеринин түбүнөн, кээлери иштеген жеринин дарбаза жанынан өтүштү. Айтор, Саратовдун балдары көчөгө батпай баратышты, ошентсе да эч кимиси катардан чурап чыккан жок, андайга командирлер да жол бермек эмес. А бирок үйдөгүлөрүнө, же тууган-туушкандарына, жолдошторуна кетип бараткан билдирип коштошуп өтүү үчүн ачык турган терезелерге кыйкыргандар болду. Айрымдары колоннага жол бошотуп көчө боюнда турган тааныштарын атынан чакырып, жакындарына,

үйүнөбү, айтор, дубай салам айтып жатышты. Ал аңгыча бирин бири бол эрте деп ээликтирген балдар көчөгө толуп кетти. «Солдаттар келатышат! Кызыл армиячылар согушка баратышат!» – дешип туш-тараптан тумандай каптап чуулдап жатышты. Анан көчөгө аялдар чыгышты, эже-карындаш, ким бирөөнүн түгөйү, кошуна-колоң, кыз-келин дегендей. Айтор, алар ушул күн, ушул саатты ушу күн, ушу саатка чейин чыдамдын чынжырында күткөнсүп, бирөө тапичкесин сүйрөп, дагы бирөөлөрү таптакыр жыланаяк секирип, айрымдары башын жууп жаткан го, самын суу болгон чачтарын сүлгү менен орой салып, кээ бири жыртык юбкасы менен эле шашкалактап чыгышты. Кызык жери алар аңкыйып карап турушкан жок, катар басып бараткан жоокерлер менен жанаша желип чуркашып, согушка бараткандарга акыл-насаат айтышып, көңүлдөрүн көтөрүшүп, бардыгын бир Кудайга тапшырып жатышты. Сезим деген кыйын тура, мына ошондо алар бир туугандай, бир уяда чоңоюшкандай туюлуп, биринен бири өтүп алкап, Саратовго, ыйык Волгага, киндик кан тамган жерге, өз үйүнө тез арада аман-эсен жеңиш менен кайтып келгин деп ар бирине кайра-кайра табыштап айтышты. Кайгыдан улам каңгы баш болгон бир аял, белимчи белем, көзүнүн жашын көлдөтүп: «Сталинге даңк! Сталинге даңк!» – деп жер жара кыйкырып келатты. Алардын айрылышар жери станция эле, акыры ага да жакындап калышты, ошондо гана тигил аялдар акылына келишип, өзүлөрүнүн мындан аркы азаптуу тагдырларын ойлоп, чуру-чуу түштү, антүүнүн жөнү бар эле – кайра кайрыбас

кан майданга кеткендерди күтүп, бу шордуулар өмүр бою, кылымын түгөнгөнчө каралуу жесир күйүтүн тартып өтүшмөк...

– Болду, кыйкырганды токтоткула! Жоокерлерге жолтоо болбогула! Тарагыла!

Командирлердин жайынча түшүндүргөндөрүн да, кага сүйлөп катуу айткандарын да бир тоготуп койбостон айрылуунун бир өмүр арылгыс арманын сезген алар катарынан жанбастан кадам шилтеп баратышкандарды жанталаша коштой басышып, Саратовдун дарыя бойлой кеткен жылан из көчөлөрүндө балбалактаган аялдар менен күндүн күлкүсүндөй болгон балдар агып келе жатышты. Ыйык Волганы алыска таштап узап баратышат.

Коштошуу деген мынчалык дил кыйноо экенин Сергий байкуш сезген да эмес, сезмек түгүл ал биринчи жолу коштошуу деген эмне экенин зээн кейитип көрүп отурат. Ошондон уламбы, же чын эле бул коштошуунун жолугушуусу жок деген ойдон уламбы, айтор, дил-көөнү ийип, көзү кадала калгандарга жакынындай жылмайып, колун булгалап, калчулардын кабагын ача, камтама болбогула, баары жайында болот дегендей тей көрсөтүп жатканы менен ичинен кан өтүп, дил тозогун тартып келатты. Ошентмек, анткени азыркы кырдаал, анан дагы бир арман, ал үйдөгүлөрү менен коштошо албай калды, ата-энеси жашарын жашап, актыктын жолун карап калган адамдар эле, а Сергий болсо алардын көкүрөк күчүгү болчу. Өкүнгөнү ушул. Булардын эң улуусу кыз, Казакстандын Кытай менен чеги бир жердеги заставада, андан кийинки эжеси – Вероника, ал дал ушул Саратовдун өзүндө

турат, күйөөсү согушка кеткен, ошо бойдон кабар жок. Кичинекей баласын апасына берип, өзү керээлден кечке жумушта болот. Атасы Воронцов Николай Иванович бүт өмүрүн Волга мунай өндүрүшүнө жумшаган эски бухгалтердин бири. Сергий жөнөрдө ал ооруканада эле, ооруганына көп болуп, оңолалбай жаткан. Вероника кыз да, мына ушулардын бардыгын төкпөй-чачпай Сергийге жазып турган. Сергий болсо шаардын сыртындагы аскерге даярдоо лагеринде эле. Ал жерде үйгө барууга уруксат деген жок, ошондон улам Вероника үйдөгүнүн бардыгын, өзүнүн ишин, тыякка да, биякка да жетишип жатканын кат аркылуу кабарлап турчу.



Эжеси чын эле жанда жок боорукер эле, ата-энесин, бир туугандарын ойлоп санааркай берчү, ошондон улам алардан кабар алып турбаса көңүлү тынчу эмес. Ал Вероникапын сыр катпас ачыктыгын да жанындай жакшы көрчү, катты да ошентип болгонун болгондой жазып турчу. Ошо эжекесинин кийинки катына бу Сергийиң жооп жаза элек, жазабы же жазбайбы аны да билбей жүрү, анткени Вероникапын ал каты мунун көөнүнө эмнегедир көк таштай тийди. Анын жазгандарында жаман деле эч нерсе жок, болгон иш, а бирок Сергийдин көңүлүн кыжалат кылган башка себеп – анын баарын эжеси кантип билип алганы. Ооба, Сергийдин Наташка деген классташы бар эле, аны «коминтеринчи» деп коюшчу. Оо, мунун тарыхы кызык, анткени ал жетинчи класста окуп жүргөндө ошо Коминтерн жөнүндө, Испаниядагы коминтерндик бригадалар өлкөнүн бүт жумушчулары менен дыйкандарынын бактысы үчүн кантип со-

гушканы туурасында ыр чыгарып, анысын Москвага салып жиберет. Анан ал жактан ага ыраазычылык айткан кат келет. Москвадан, Сергийдин эсинде жок, Коминтернден беле, айтор, агайлар менен эжейлер Наташкага урмат көрсөтүп, азамат дешип, кыскасы, ал окуя мектепти дүңгүрөткөн. Наташка ошол катты сурагандардын бардыгына окутуп жүрдү. Тыкылдаган чыйрак кыз эле, ошондон кийин ого бетер активистка болуп кетти, жыйналыш сайын сүйлөйт, аны тааныбаган адам жок. Согуш башталар жылдын жаз алдында бир шумдук окуя болбоспу. Кече болуп калды, Сергий кайдан качырсын, Наташка өзү болбой жатып бийге жетелеп чыккан. Кайдан ал бийлемек эле, адатынча терезенин жанында вальс бийлеп жаткан түгөйлөрдү бериле карап турган. Бүт баары көрүп турган, бир маалда эле Наташа капилеттен түгөйүн таштап салып, анын жанына келди да, чечкиндүү түрдө колдон алып: «Сережа, эч ким менен эмес, сени менен гана бийлегим келип жатат», – деди. Чын-чынында Наташка анын ийининен араң келчү, ошентсе да ал вожатыйынын алдында турган пионерден бешбетер кыз сунушуна үн дебей моюн сунду. Ал неге мындай чечимге келди экен? Ушуну самап, ушуну күтүп, ушундай болор бекен деп эс чарчата эңсеп тургансып Сергийдин азабоюн ысык чымырык басып, көзү караңгылап кетти. Денесинен от жанган бойдон ал экөө тең жаштардын арасына кирип кетишти. Тагдырдын табышмагындай болгон иш мына ушундан башталды...

Сергий буга чейин көрбөгөн кыйноодо калды, бийлеп жаткандардын арасына аралашарын

аралашып алып, анан башы айланып чыкты, тегерегинде вальс кумарына баткандардан көзгө илешпеген кандайдыр бир жалындын, жөн жалын эмес, керемет жалындын илеби уруп жаткансып аза боюн аптап каптап, деми кысылды, сезим ышкысын уламдан-улам алоолонткон бул учур аны жанга жагым абалга тартып баратты. Анткен менен аердегилердин көптүгүнөн жүдөп, а балким, эрк-кыймылы чектелип тартынгандыр, айтор, сыртка качып кеткиси келди, жылдыздын кызындай Наташка экөөнү эч ким көрбөш үчүн асманга учуп жөнөгүсү, улам бийиктеген сайын анысын улам бекем кучактап, эки дене бир денеге айланганча улам кыса кучактап, улам кайра бийиктеп кете берүүнү самады. А Наташка анын дил туйгусун кайдан билсин, буту жерге тийип-тийбей чимирилип бийлеп, бүт денеси эрип, ышкындай солкулдап да ийилип, анын эркинде болуп жаткансыды. Ушундан уламбы, айтор, адегендеги аны кысынтып-кыйнаган абал да, сезим да таптакыр жоголуп, экөөнүн ортосунда уламдан-улам күч алган таркабас кумар жаралып, ал заматта өрт болуп барат, жүрөгү балыктай туйлап, кабынан чыгып кетчүдөй дүкүлдөп сокту. Анан ушул кырк тамырын балкыткан абал Сергийди кыздын жылуу демине, магдыраткан назик жытына акырындан багынта берди, ошондонбу, же уламдан-улам билинбей бир дене болуп эрип бараткандыктанбы, ал Наташканын жүзүн ачык, даана көрө албай койду, кандайдыр бир демиктирген толкундануу эстен тандыра берди. Анан ошо маалда тигил керемети капыстан: «Сережа, сен мени жакшы көрөсүң, мени ар дайыма ой-

лойсуң, кыялга батасың, а мен аны билемин», – дегенде гана ал Наташканын тайманбай күлмүңдөп тиктеген көздөрүн, атайылап ага жакындап келген чечкиндүү жүзүн көрдү...

Сергий мындайды күтмөк түгүл андай абалга даяр да эмес эле, ошондон улам ал аябай кысынып, жалгыз муун чөптөн пас болуп тырмагынан тер чыгып уялды, дагы жакшы, өзүн жоготпой, бий ыргагын кармап, бийлей берди. Ошентсе да кызга бир нерсе деп жооп айткысы, болгондо да башкалар көчөдөн бийкечтерге тийишкендей моокум кандыра турган сөздөрдү айткандай кеп салгысы келди, а бирок куруп калсын, мунуку эмне айтса да сөздөрү дайыма олуттуудай чыгып калчу. Анткен менен ал кызга мен сүйүү жөнүндө ойлонбоптурмун, а сен болсо мага жакканы жагасың дегендей сөз айткысы келди. Наташка бул жолу да анын оюн билип тургансып оңтойсуз абалдан чыгарып кетти: «Мен билем, Сережа, айтпа мага, кыйналбагын. Макулбу, мен сени тамашаладым, – деди музыканын ыргагынан, бий кыймылынан чыкпай. – Мен сенин ички дил сырыңды дапдайын эле көрүп турам, ошондуктан мага эмне деп айтарың белгилүү. – Ошентти да, айтар сөзү Сергийге жакшы угулсун дедиби бийлеп жаткандардан четке чыкты. – Мен ким эмне ойлоп жатканын жөн эле билип коём. Мунумду райкомдогулар билет, мени кыраакы комсомол-пропагандистсиң дешет. Сенин оюңду да билип турам. Сен мени сүйөсүң, жакында мага сени сүйөмүн деп айтасың. Анткени сен башка балдардай эмессиң, оюңдагыны айтпай тартынып жүрө бересиң. Баарын билем. Сен кыздар менен жүрө

элексиң да. Чын айтамбы? Билем мен, бүт бардыгын көздөрүңдөн көрүп турбаймынбы, жашырбай эле кой. Жакында кыздардын баары сага жабышат. Көрөсүң го, а бирок эсиңде болсун, мен биринчимин. Ошондуктан сен меники гана болосуң, – деди. Ошо замат алар кайра бийге киришти, а Наташка болсо сөзүн токтоткон жок. – Сен экөөбүз ар дайыма бир болобуз. Мен чогулуштарда сүйлөп турам, а сен журналист болосуң, аларды гезитке жазасың. Сенин колуңдан келет, мен аны билем. А сен болсо менин өткүр экенимди билесиң, сүйлөгөн жагын катырам. Ошондуктан мага сендей акылдуу адам керек, Сережа. Деги сен бир нерсени түшүнүп жатасыңбы?»



Тамаша-чыны белгисиз ушундай бир сөз болду, анын сырын табалбаган Сергий ошол түнү таң атканча кирпик катырып, электир тогуна урунган эмедей чабалактап чыкты. Анан ал Наташкага кат жазмай болду да, жазарын жазып, анысын негедир тытып салды. Олуттуу бирдеме деп жазуу орунсузураактай, болбосо жөн салды кагаздын кереги не, эрмек үчүнбү, кыз көңүлүн көтөрүш үчүнбү, айтор, мындай жалынсыз сөздөр менен жазыш Сергийге кызыгы жоктой сезилди.

Кубалаша кеткен күндөр анын көңүлүн тынчыткандай болду. Мектептен соң ал пединститутка тапшырды, ошо жайда чыйкандай болуп согуш дегени чыгып кетпедиби. Наташка экөөнүн ортосу ошо бойдон тунжурап калган, бар болгону эки ирет жолдон кездешип, а бирок баягы бийдеги сөздүн чет-бучкагы да айтылган эмес, кандайсың деп ал-жай сурашканы болбо-

со, сүйүү түгүл башка деле сөз болбогон. Неге экенин ким билсин, ушундай болгон, а Сергий болсо жолуккан сайын ичинен бийдеги сөзгө кайрылабызбы дей берчү, андай болбоду, экөөнөн тең ошол сөздүн учугу чыкпай койду. Чын-чынында ал ишти унутуп койсо деле болмок, а бирок аскерге чакыруу кагазы келгенде ал кургурун бүт баарын будун-чаң түшүрбөдүбү. Не болгонун ким билсин, Сергий кагаз алгандан кийин эле токтоно албай калды, жерге батпай ээлигип Наташка жашаган көп кабаттуу үйгө барды да, тигини чыгып калар бекен деп зарыга күтүп, толкунданып, кайра чыдамынан чыгып кете берсемби же күтө берейинби деген олку-солку ойдун туткунунан бошоно албай жүрө берди. Акыры күткөнү күйгөн шам болуп балбылдап келатат. ...Ушуну эңсеп, ушуну күткөн беле, кош көңүл жолугушуп, сыпайы адамдарча сүйлөштү. Жалыны бүтсө, от да өчөт, кайрадан аны алоо жалынга айлантыш үчүн кургак чырпык зарыл го. Сергий ага жакшы эле жан тарта сүйлөдү, аскерге баратканын, анан ошондон улам коштошкону келгенин айтты. Кыз муну күндө болчу иштей эле кабыл алды, тынчсызданган да жок, кайра ага азыр бүт баарын фронтко алып жатат, адресиңди мага жибер, кат жазып турамын, азыр болсо убактым жок, шашылып баратам деди. Негедир Сергий кат жазышып туруууга убада алышканы келгенсип, анысы оңунан чыккансып аябай кубанды. Бир чети көзмө-көз сүйлөшкөнгө караганда кат аркылуу көңүлдөгүнүн көбүн, батына албагандардын баарын айтса болот. Ошентип ал кызга катары менен үч мертебе кат жазды, а бирок алардын бирине да

жооп алган жок. Кат күткөнүн айтпа, ал тургай кайра жооп жазарын дегдеп, дилинде кызга арнаган жылдыздын баласындай сөздөрдү тандап жүргөн. Жаш баладай үмүтү өчүп, аскер турмушу менен алагды болуп жүргөндө Вероника эжесинен кат алды. Бүт баарын билип алыптыр, билген адамдардын айткандарына караганда Наташка турмушка чыгат экен, анысы өзүнөн бир кыйла улуу, өткөн жылы аялы каза болгон, фронттон бронь менен калган адам экен. Мунусу аз келгенсип: «Сережка, сен ага кайгыланбагын, кагылайын. Мен сени билем го, романдардын баарын окуй берип, бүт бардыгын ошондогу жазылгандай түшүнөсүң, санаага батасың. Сен антпегин. Билесиңби, сен деген такыр башкасың, ал экөөнөр эки башка адамсыңар. Сен аны күнөөлөбөгүн, күйөөгө чыгабы, чыкпайбы өзүнүн иши. Мага ишенчи, экөөңөр бир адам боло алмак эмессиңер. Айтор, аман-эсен эле үйгө келсең экен, согуш дегени эрте эле бүтсө экен, сени менен бир айдай кыз бактылуу болоруна өзүмдөн артык ишенем. Ошондуктан сен таптакыр өкүнбөгүн, бир гана суранарым ушул. Тезирээк үйгө келип кал. Согуш бүтсө экен, тез эле бүтүп калса экен...» — деп жазыптыр. Минтип безелене кайгыргандай ал экөөнүн ортосунда эч нерсе деле болгон эмес да. Ошентсе да эжеси Сергийдин көөнүн жайкап койгусу келген.

Наташа менен болгон ошол опаасыз окуя элесбулас эсте калган түш сыяктуу, он тогуз жыл жашаган өмүрү берген турмуш сабагы иретинде өттү да кетти. Согуш майданына баратат, али кагылып-согула элек ак көңүлдүгү менен кокустукка ишенүүгө даяр болгон сезимдеринен бо-

шонуудагы жеңилдөө жана өкүнүчтөн турган татаал сезимдери менен, өзүн өзү түшүнө албаган бойдон кетип баратат. Көчөдөгү кыз-кыркын менен балдардын узатуусунда балалыгы калган шаары менен коштошуп, түз эле согушка кетип баратты. Ошо учурда узаткандардын арасында Вероника эжесинин болбогонуна аябай өкүндү, анткени ал булардын фронтко шашылыш кетерин билгенде жүз көрүшүп коштошууга кандай да болсо келмек.

Бу дүйнө өзү керемет тура, эжеси менен көрүшпөй кетип жаткан Сергийге тагдыр башка жактан берейин деген окшойт. Бу жөнүндө ал элес деле албаган, качан гана вагонго отуруп, көңүлү тынчып, жол үстүндө ойлоду.

Катарынан жазбаган жоокерлер вокзалды карай баратышканда аларга жакын чуркап келип жатышкан аялдардын арасынан бир цыган аял көрүндү. Ошону айтсаң, бу Саратов шаарында жайындасы цыган аялдар жайнап эле кетет, а бирок мунун бул жерге кантип келип калганын бир Кудай гана билбесе... Чуркаган сайын жез сөйкөлөрү ары-бери силкилдей берген, эски кооз жоолугу ийнине түшүп калган, жер чийген узун юбка кийген бул аял көргөн көздү ирметпес кара торунун сулуусу эле. Цыган болуп жаралган соң суктантпаса болорбу. Ал көпчүлүктүн шарданында жоокерлердин колоннасын жандай, бир нерселерди кыйкырып, кимдир бирөөгө кол булгап, катардагылардан кимдир бирөөнү издеп жаткансыды. Жоокерлер эч нерсе түшүнүшпөй, бири-бирин капталга түртүп, бири-бирине ээк кага көз ымдап, бу цыган сени издеп жүргөн жокпу деп баратышты. А турсун бирөө:

– Эй, цыган, эй шайтан! Мен бияктамын! Уктуңбу?! Мени тааныдыңбы? Мен баягы баламын да, мага бал ачайын деп издеп жатасыңбы? – деп жиберди.

– Сага бир күнү бал ачып берем. Азыр мага керек адамды өзүм табам, – деген жооп тигини тилин тиштетип, таң калтырды. Анан баары анын айтканындай болду.

Мүмкүн Жараткан берген сезим касиети мендир, мүмкүн көөнү түшкөндүр, айтор, көп өтпөй издегенин тапты. Анысы Сергий болуп чыкканына андагылар таң калды. Эмне үчүн ушунчадан Сергий? Эмне үчүн цыган аял ага көктөн издегенин жерден тапкансып шашыла кайрылды:

– Эй, жигит! Эй, жаш жигит, эй кара каш бала, четке чыкчы, колуңду бер, жолуңа бал түшүп жатат, бактыңды айтып жатат!

Сергий четинен санаганда үчүнчү катарда бараткан. Ал мындайды күтмөгү кайдан, алапайын таппай абдаарып калды. Башына түк чыканы ага бал ачкан адам болбогон, тагдырын айтып төлгө да салбаган, анткени үйдөгүлөрдүн андай сыйкырдуу иштерге жан тарткан жайы жок эле. Атасы жанагы карта ачып тагдыр айткандарга ишенчү эмес, апасы деле ошондой болчу, ишарат-аян дегенге үзүлө түшүп көрбөгөн, анан бул цыганды кара!

– Кереги жок! Бал ачпай эле кой! – деп кыйкыра жооп айтты да, макул болбой койгонуна уялгандай түр көрсөтүп, ийиндерин куушуруп, жылмайып койду. Ошол эле учурда андан сыпайгерчилик кылып кечирим сурап коюш керектиги оюна түштү. А бирок кантип сурайт, эмне-

ге сурайт эле? Мына бу жанындагыларга Кудай берип салбадыбы, цыган аял билет, ушунчадан биздин кечилге көөнү түшпөдүбү. Көзү ачык да, баарын көрүп турат да, Кудайга ишенери чын да, тигил экөө тим эле эгиз тал болуп жатпайбы дешип жыргай башташты.

– Эй, жигит, сен жок дебегин, бул – тагдыр, – деп тигил цыган ого бетер ага жабышты.

– Анын аты Сергий, – деди катардын четиндегилердин бири цыганга.

– Сергий? Эй, Сергий, садага болоюн десе, эй, кара каш! Бул деген тагдыр деп жатпаймынбы, ошол үчүн жок дебе, Сергий, сен али жашсың, тагдырыңды айтып берейин! Бал түшүп жатат, чын дилимден айтып берем. Болгонун болгондой айтам!

Ал аңгыча бирөөлөр:

– Жолдон кач, цыган, элге жолтоо болбогун, – деп аны кодулап кириште. Аларга цыган бош келген жок:

– Мен жолтоо кылбаймын, басып бараткан-да эле алаканын карайм.

– Жадатып бүттүң, эй цыган. Жабышпа деп жатабыз, кач жолдон!

Бу цыган аял орто жаштарда эле. Сергий анын жүзүнөн цыгандарга таандык митаамдык менен мастендиктин белгилерин көрө алган жок, тескерисинче, ал ага Вероника эжесиндей ачык-айрым, жанда жок боорукердей туюлду. Ал ошондой, ар качандан бир качан кимдир бирөөлөргө жакшылык кылайын деп ченден чыга чебелектенип, убара тарта берет. Бул цыган да ошо эжесине аябай окшошуп кетти, кандайча экенин кармай албай калды, караганыбы же

көзүбү, а балким, «мен сенин эжең катары, өзүмдүн бир боорум катары айтып берем» дегенинен уламбы, айтор, ал Вероникадай көрүндү.

Не болгонун ким билет, цыган аял көрүнбөй калды. Ушундан уламбы эмнегедир Сергий аны аяп, бал ачтыра бериш керек болчу, тартынчаак болуп не таптың деп дил өкүмүнө салып, өзүн өзү жемелеп алды.

Алар келер станцияга ошо марш басыш менен, ошо каз-катар турушу менен келишти, саратовдуктар да алардан калган жок, тойдогудай топурап, уу-дуусу күчөп, жоокерлерди жандай коштоп, тегеректи толкутуп турушту. Жоокерлерди алып кетер эшелон товардык вагондорунун эшиктерин кең ачып даяр турган экен. Аякбашы ат чабым, көз жетер эмес.



Вагондорго түшөрдө кыйсыпыр кыймыл башталды, бири батышка, бири чыгышка чуркамай, анысы аз келгенсип, узатып келишкен аялдар менен балдар да кубалаганга карабай опур-топурду ого бетер күчөтүп ийишти.

Орун алмай оголе узак иш болду. Күндүн жерге түшүп турганы аз келгенсип эл кысылыштан кыйналып турду. Эшелонго качан отурарын ойлогон Сергий жанагы цыганды таптакыр унутуп калган, бир маалда эле элдин арасынан анысы көзгө көрүнсө болобу. Көшөргөн көктүгүн кара, акыры тапты.

– Эй, Сергий! Мен сага баратам. Кой дебегин, менин тилимди алгының. Тагдыр деген тагдыр, ал сенин жолуңа бал ачып бер деп мага айтып жатат. Макул болгунуң, согуш деген согуш, тагдырыңды билип ал.

Кызык, Сергий кысынмак түгүл сүйүнүп кетти:

– Макул. Ачыш керек болсо, төлгөндү ача бер, – деди да, баштыгын буттарынын ортосуна коюп, автоматын мойнуна илген бойдон алаканын ача оң колун ага сунду.

Түшөр вагон жанында, бир взводдогу теңтуштары жарданып карап турганда анын тагдыр балы ачылды. Цыган аял анын алаканындагы сызыктарга жандилин төшөп, бериле карап кирди да, эриндерин кыймылдатып күбүрөнүп, анан башын чайкады:

– Ой-бо-ой! Жаман, кара кыргын, кызыл сүргүн согуш болот. Оо, Жараткан, бул эмнең! Мына ошондо кан чачырап жетпеген жалгыз гана күн калат, чылбыр сүйрөп, ээсин жоктоп окуранат качкан ат, – деп эч кимге кайрылбастан өзүнчө күбүрөндү да, анан Сергийдин көзүн тик карап: – Түшүнүксүз бир сүйүү башыңдан өткөн экен. Ал сага күйүт бериптир, куру убайым тарткансың. Сен жазылбаган ак кагаздай тазасың, – деди.

Ошо замат оозун ачып аңырайган жоокерлерге жан кирди:

– Биздин наристенин жолу болбогону түшүнүктүү да!

– Койсоңорчу! – деди андагылардын бири тигилерди жемелей. – Силерди шылдыңдатып эле койсо. Эй, биздин кечилдин тагдыры айтылып жатат, анын дил күйүтү менен ишиңер жок, а тиги болсо куйругун булгап, көздөн кайым болуптур. А мында эмне күнөө, таза болчу, ошол бойдон калыптыр.

– Сен буларды укпай эле кой, жигит, сен менин айткандарымды ук, – деди цыган тигилерге кол шилтеп, – эми сол колуңду бергин да, алаксыбай угуп тур.

Ошентти да, Сергийдин алаканын үңүлө карады да, анан саамга тунжурай калып, анан кубана үн катты:

– Мен билгем да, жүрөгүм сезип турган да! Сен өлбөс адамсың. Карачы, сен өлбөс адамсың. Сенин жылдызың ошондой. Мен ушуну билгем. Ошон үчүн артыңдан келдим да.

Жана тегеректеп тургандар дымып калышты эле, азыр аларга да жан кирди. А Сергий болсо кубанарын, же күлөрүн билбей, а балким, сыпайгерчилик үчүн ыраазылык билдирип, тамаша иретинде ага ийилип коюш керек беле, айтор, ал мыйыгынан жылмайды да, цыгандын колунан колун тартып алмакчы болгондо туурадан чыккан туз баштык болуп баягы Кузьмин пайда болду. Адаты ушул, бирөө-жарым туура эмес сүйлөп койсо эле ошого ач кенедей жабышат да калат, тыйын майдалаган адамдай мээ жеме маңыз. Таз чачындай акылы алты күн айтса түгөнбөйт.



– Коё тур, цыган эжекеси, коё тур, бул жакшы эмес. – Ал өкүнгөндөй өктөм баш чайкап: – Сен таптакыр тескери кеттиң, ойду айтам деп тоону айттың. Өлбөс адамсың дегениң кандай? Өлбөс адам да болобу? Ушундай адам бар деп уктуңар беле? Жандуунун баары күнү бүткөндө өлөт, а бул гана жалгыз өлбөйт экен. А биз болсо, кудага бараткан жокпуз, согушка баратабыз, а согуш деген кандай калчарын өзү билет, тагдырды жалгыз ок чечет. Сенин төлгөңдү ал уруп да койбойт. Керекпи, бирин калтырбай кырат. Түшүндүңбү, сен биздин башыбызга май кайнатпа.

– Кой, эй! Мен баш айланткан жокмун, тагдырды айтып жатамын. А мунун жылдызы чынында эле өлбөс жылдыз. Бешенесине жазылганы ошондой. – Цыган аял тигиге моюн берген жок. Тескерисинче, анчалык ишенерлик болбосо да, андагылардын көбүн ынанткан мындай сөз айтты: – Сен дагы билип кой, тагдыр деген өлүмдөн улук. Ошон үчүн тагдырдан тагдыр жаралат, а өлүмдөн эч нерсе уланбайт. Бул жигиттин жылдызы тагдырдан өлбөс жаралган.

Кузьмин өзүнүн бабырлыгын карматып, цыгандын сөздөрүн туталана жокко чыгарып жатты, а жоокерлер болсо анын айткандарын туура көрүп турушса да, негедир алар тиги аялга жан тартышты. Акыры жөнөр кез да келди, вагондорго отурмай башталган маалда аердегилердин көбү аял менен жакындардай кол алышып-коштошту, а цыган болсо ордунан жылбай телмирип, перрондо тура берди. Качан гана поезд ордунан силкине жулунуп козголгондо казганактаган баягы балдар менен аялдарга кошулуп ал дагы жанынын жарымы вагондо кетип жаткансып эшелонду жандай чуркап, Сергийге колун булгалай кала берди…

Топурак түтөп, таш күйгөн ысык. А түнү да кирпик илинген жок. Жер чапчыган дөңгөлөктөрдүн шака-шагы уюган түндү чыкыйга чаап уктатпай, бир жагынан паровоздун маал-маалы менен көк түтүн бүркө жер жарып, азабойду дүркүрөтө өңгөчүн үзө кыйкырганы жалгызсыраган жаныңды жанчат, жүрөктү мыжыккан сагыныч санаа тындырбайт. Ушундай, дүйнөлүк согуш дегенге тагдыры айдап бараткан Сергийдин ою он бөлөк. Бир туруп жанагыл цыган

аялды, анын айткандарын эстейт. Эстейт да «кан чачырап жетпеген жалгыз гана күн калат, чылбыр сүйрөп, ээсин жоктоп окуранат качкан ат» дегенин дилинде кайталайт. Бул эмне дегени? Түшүнүп болбойт, таш табышмак, сырдуу сөз. Кан чачырап жетпеген жалгыз гана күн калганда кай кыямат болушу мүмкүн? Ээсин жоктоп качкан ат окуранганычы? Жылдызың өлбөс дегеничи? Ал кандай жылдыз? А балким, мунун баары калжың сөздүр? Деги бу жылдыз дегендин адам тагдырына кандай тиешеси бар? Жылдыз көктө да, адам жерде, байланышы болчубу? Анткен менен тагдыр дегендин бар экени чын. Ошол үчүн адам менен тагдырдын тамыры бир. А тагдырдын өзү эмне? Тагдырдан тагдыр жаралар жайы кандайча?



Темир дөңгөлөк темир жолду аптыга жутуп келатат. Каз-катар жаткан жоокерлер сунган бутун тартпастан коңурук тартып кирипти. Эшиктин ачык жеринен ай булутка жашынып, жарк этип кайра чыга калат да, жылдыздар жымың-жымың көз ымдайт.

Деги кызык, Наташка экөөнүн мамилесин, ага ак көңүлдөн кат жазганын, жаштык иши ортодо жанбай койгонун бу цыган аял кайдан билет? Бүт баарын көргөндөй айтты. Эмне деди? Куру убайым дедиби? Ошондой да болот турбайбы. Бир иш түштөй өттү, эми тагдырын эмне күтүүдө? Бу согуш аны не кылар экен? Согуштун жүзү курусун, ал жөнүндө жарадар болуп Саратовго келишкен жоокерлер айтышкан. Көрмөк түгүл уккуң келбейт, а бирок тагдыр аны кан аккан майданга айдап баратат.

Үкүнүн көзүн жегенсип уктайын деген түрү жок. Анан ал ушу карышкан караңгылыктай кайрымсыз ойго чырмалды. Бүт баарынан жана ар бир жаралган жандын үстүнөн карап турган бир кудурет-күч бар окшойт, ошонун өзү тагдыр аталса керек. Аны эч кандай күч токтотуп, мааниси-жайын түшүндүрүп бере албаса керек. Кызы, согуш да тагдырдын буйругу, өмүр менен өлүм, жеңилүү менен жеңүү дагы тагдырдын иши окшоду. Тагдыр жазган экен, элдин баары согушка бара жатышат, поезд болсо алып-учуп аркырап, аларды кан күйгөн алаамат өрткө жеткирсем деп ашыгат. Барганда кандай болот? Кайрадан тагдыр башталат! Өлтүрүшөт же өлтүрүшпөйт. Кимдин кимди жеңери дал ушундан билинет. Тез арада согуш бүтүп, ачарчылыктан чыксак экен дегенди элдин баары Кудайдан тилеп турушат. Көчөнү көлдөй каптап, кара таан түшүп келатканда аялдар ушул жөнүндө, а тургай балдар да ушул жөнүндө кыйкырышкан. Ал үчүн аёосуз салгылашуу керек, душманды өлтүрүү керек, анан жеңип чыгуу керек. Ушундай болушу керек. Ушул үчүн атасы менен апасы талашып-тартышып кетишкен. Сергийге аскерге чакыруу кагазы келген, ошондо алар эмне бериш керектигин акылдашып, эне кургур андай-мындайын даярдап жатып отургучтун четине отура калган да, колдорун көкүрөгүнө алып, капысынан эле: «Эч кимди өлтүрө көрбө, эч кимдин канын агызба, балам!» – деп жалынып жиберген.

Эмне үчүн антти экен? Жөн элеби же бир билгени бар беле? Сырдуу болчу, эсинен али чыга элек, ошондо апасы алыс жактан ашыга келип, ишарат-аян бергенин акыреттин тамандырыгын

аттар алдында айта тургансып, аны экинчи көрөмүнбү же көрбөймүнбү деп жалбара тиктеп, алкай айтканын көзүнүн нуру өчкөнчө, көзүнөн дүйнө көчкөнчө унута албайт. Анткени ал ошондо алдейлеп баккан апасын алгач ирет көрүп, табышпай жүрүп алгач ирет табышып жаткансып, анан да анын көздөрү батар күндөй балбылдап бараткнын, ошол эле мезгилде күндөн күнүмдү, түндөн өзүмдү таппай каламбы деген санаага өзүн биротоло багынтканын көрдү. Эски сатин көйнөгү, далысына түшүрө, ийинине арта салынган тыбыт жоолугу, айтор, ошондогу апасынын жалбарып турган абалы ага күйгөн оттун өчөрүн элестетти. Көзү умачтай ачылды. Чыт курсак курагында атасынын нефтидеги ишине барып түнөп, бу дүйнөнү суй жыгып жүргөн кезинде апасы алтын түс чачын өрүп, желкесине бек түйүп үй тиричилигин, мектеп менен балдарынын, андан калса күйөөсүнүн диабет дартынын түйшүгүнө ноюбай жүргөн кулandан таза, кулундай ойноок сымбаттуу кезинен ушу мезгилге чейинки касиет-дөөлөттөрү Сергийдин аскерге жөнөр алдында айтылар акыл-кеп үчүн кызмат кылган окшоду. Ооба, «согушта эч кимдин канын агызба, эч кимди өлтүрө көрбө» деп апасынын баласынан жалынып суранганда Сергий байкуш алапайын таппай калган, ошондон улам ал анын сөзүнө кайдыгер гана жооп кылган:

– Антип айтпачы, апа! Анын эмне кереги бар? Мен деген армияда кызмат өтөйм да, – деп аны алаксытыш үчүн шкафтагы китептерин ирээттемиш эте баштаганда: – Апа, китепканадан алгандарым бар эле, аларды өзүнчө бөлүп коёюн, Вероника өткөрүп койсунчу, – деген.

Ошондо ошол сөз аягына чыкпай калган, анткени ойдо жок сөзгө атасы аралашып кеткен. Жарыктык киши түз сүйлөгөн, бетке чабар, андан калса айтканым айткан деген кыялы бар, ачуулуу эле, өзүнүкүн бербеген мүнөзү кармаса урушканга чейин барчу, мүмкүн жетекчилер менен тил табышып, мамиле түзө албаганы да ошондон болсо керек.

– Өлтүрбө дегениң эмне?! – Ал ачуулана айкырды. – Эч кимди өлтүрбө, эч кимдин каныи агызба дегениң кандай?! Айтканын кара! Балаң кайда бaратат? Согушка баратат, душманды өлтүргөнү баратат! Анан айтканын кара! – Адатынча ал махоркасын издей баштады. Анысын аялы ар дайыма катып салчу, антпесе капаланып кызууланса эле тамекисин ороп кирчү. Ошондон улам арык жана жини тез келгенине ушу тамеки себеп болууда деп түшүнчү.

– Тамеки чекпечи, Коля, өзүңдү аясаң боло, – деп чебелектенчү.

– Сергийге айткан сөзүңдөн кийин кантип чекпей коёсуң. Ал эртең согушка барат, а сен эмне деп жатасың?!

– Мен деле ошону айтып жатпаймынбы, Кудай өзү билет да, мен айткандай болмок беле. Бүт баары эле өлтүр, өлтүр дешет. Душмандар бизди, биз аларды өлтүрөбүз дейбиз. Жер үстүндө анда кандай жашоо болот, жалаң киши өлтүргөндөр калабы? Мени билбейт дейсиңби, билемин. Сен өлтүрбөсөң алар сени өлтүрөт, ошол үчүн өлтүрүшүң керек, өлтүрөсүң, душманыңбы, баары бир адамды өлтүрдүң да, мен ошону айтып жатамын. Күйөө балабыз Анатолий эмне болду, тирүүбү же тирүү эмеспи? Аны өлтүрүп салыштыбы, же кишилерди ал өлтүрүп жатабы?

Вероникага ушуну айткандан коркомун. Ушундай, атакеси, жүрөгүмдөгүнү жок дегенде өз баламa айтып алайын. – Эне деген эне да, бук чыгараар буркурагын күчтөп тыйып, өз оюнан баш тарта албай көзүн жаштап отурду.

– Мына-мына! Ушул сөзүң үчүн сени эл душманы деп Сибирге айдап жиберет. Түшүнөсүңбү, жөн согуш эмес, бүт дүйнөлүк согуш болуп жатат. Ошондуктан кимди ким кырып жок кылат, же биз, же алар, башка сөз жок. А сен өлтүрбө дейсиң! Мен эмне, өз баламды же тигил Анатолийди аябайт дейсиңби?! Аяйм. Аяганда да кандай аяйм, а бирок башка арга жок. Жоокер өз жерин коргоп жатат, ошондой, коргогун деген буйрук алган. Эгер жоокер буйрук боюнчабы, өзүнүн милдети боюнчабы душманды өлтүрүп жок кылса, анда ал анын эрдиги болуп саналат. – Николай Иванович көшөрө сүйлөп жатты.



Апасы уулунун буюмдарын сала турган баштыктын жыртылган жерлерин жамап-жазгоо менен алектенип, унчуккан жок. Атасы басылчудай эмес, өзүнүн жаш кезин, эмне кылганын, дал он тогуз жашында, ушу Сергийдин курагында, Биринчи дүйнөлүк согушта суу асты менен жүрүүчү аскер кемесинде моряк болгонун айтып кирди. Айтор, анын сөзүнүн ток этер жери, согуштагы эң башкы иш душманды душмандай кырып жок кылуу керек дегенге барып такалды. Бир жолу алар суу алдындагы кеме менен Балтика деңизинде чалгын салып жүрүшүп, душмандардын согуштук-транспорттук кемесин аскер-маскери менен бүт чөктүрүп таштап ташкан. Адегенде алар ал кемени суу алдынан көпкө чейин акмалап-аңдып жүрүшкөн. Анан мерчеми келген кезде гана торпеда снаряды

менен согушкан. Эки снаряд тең эсептегендей бутага таамай тийип, бортту талкалаган. Кемени кызыл өрт каптап, акырындан аны деңиз соруп бараткандай болду. Тигилер болсо суу ичине терендей кирип, бир сааттан соң кайрадан көтөрүлүшүп, перископ аркылуу деңиз үстүндө эмне болуп жатканына көз салышты. Баары жайында экен, кеменин тумшугу асманды карап, жарымы деңизге чөгүп кетиптир, анын жанында жанталаша чабак урган адамдар жайнайт.

Командир менен чини чоң офицерлер перископтон көз албай карап турушту, а алардын айткандарын радисттер ошо замат Кронштаттагы ставкага Морзе аркылуу согуштук тапшырманын так аткарылганын билдирип жатышты. А тапшырма дегениң – буйрук, болгондо да душманды жок кылуу деген буйрук, аны аткарыш үчүн өлөсүң же өлтүрөсүң, бүттү, башка жол жок.



Алар жанталашкан адамдардын деңизге кантип чөгүп жатышканын перископтон маашырлана карап турушту да, анан качан гана кеменин карааны көрүнбөй калган кезде айлана-тегеректе камындырбай кол салар душман жок экенин текшеришип, андан соң гана деңиз үстүнө чыгышат. Ошондо бүт баары кеменин палубасына чыксын деген команда болду, шашыла катар-катар тизилишип, командирдин азыркы иш боюнча алкыш жарыялоосун күтүп турушту. Ары жакта кемесинен айрылган душмандар биринин артынан бири деңизге чөгүп жатышты. Жан деген ширин тура, чөгө электеринин айрымдары булардын кемесине жан соога сурашып, сүзүп жетүүгө аракет кылышты, алдан тайып бүтүшкөнү албуут деңизге жутулуп, жакындаганын

тапанча менен бирден атып турушту. Күүгүм кирердин алдында кагышарга кас таппаган азоо толкун бирин бири омуроолоп, чалкар деңизди көңтөрүп ийчүдөй долуланат. Кайрадан түнөргөн деңиз түбүнө кайтмай.

Согуш деген мына ушундай. Өлтүргөн тарап жеңет, а чындык дегениң ошол жеңген тарапта болот. Согуш чыккан ошол күндөн ушул күн ар дайыма ушундай болуп келет, эми да ушундай болот.

Апасы талашкан да, бирдеме деп каршы чыккан да жок, баш чайкап гана тим болду. Анан кошуналар коштошолу деп кирип калышты, таежеси да балдарын ээрчитип алып келди. Вероника мындайда тынч отурчубу, шаша-буша чуркап келди да, апасына жардам берип, анан алар түн бир оокумуна дейре божурашып отурушту.



Сергий эми апасын да, атасын да аяп жиберди, энеси эч кимди өлтүрө көрбө дейт, а атасы болсо муну өлтүрө турган душманды бул өлтүрүш керек, согуш ошону талап кылат дейт. Көкүрөккө кусалык келе баштаган го, үйдөгүнүн бардыгы сапарда эсине түшүп, жанына жакын нерседей, аларды жоготуп алчудай сезилип, эт жүрөгүн тызылдатып баратты. Тамыры каккан сайын өткөндөр улам алыстан, арт жакта калып жаткандай туюлду. Негедир анын эсине Саратовдун бөксө тоосунун этегиндеги Волга дайрасы түштү. Жай келгенде андан өткөн жер болбойт, жашыл арчалары, күнгө чагылыша мелмилдеп аккан дарыя бир керемет көрүнөт, анан калса жел кемелер жайнап чыкчу. Бирок ал бала чагында дарыяга салынган темир жол көпүрөсүнө аябай кызыкчу. Анын бийиктигинен баш айланат, дарыянын боюнда.туруп алып, чалка-

лай калып, ошо көпүрө менен өтүп бараткан поезддердин шака-шагына маашырлана кулак түрүп, өткөндөргө соңуркап, кечке чейин карай берер эле. Баарынан да ага бул учунан тиги учуна үн жетпеген көпүрөнүн эки жагындагы асманга тие жаздаган, бири-бирине чатыраштыра карматылган темирлери поезддер өткөн убакта каар жаңырта гүүлдөп, коркунуч чыгара титиреп жиберчү, а Сергий болсо ошо Волганын кереметине керемет кошуп, китептерде гана жазылган бир укмуш өлкөлөргө бараткандарга улутуна суктанып кала берчү.

Сергийдин эсине кайрадан балалыгы түштү. Алардын үй-бүлөсү жаңы жылда кар баскан талаа менен ар дайыма мунайзат жалбырттап күйүп турган, бийик орнотулган түтүккө барышчу. От асманда алоолонот, анын жарыгында кар зампарлап жаап турчу. Жалынга жааган карды от тынымсыз аймай берчү, а отко ашык болгон аппак кар да кайра-кайра жаай берчү. Жалын өчпөй жалбырттап, кар жабалактап басылчу эмес.

Жылдар менен кошо көп нерсе кетет экен, өзгөрөт экен. Эми минтип согушу башталып, өлтүргүн, өлтүрбөсөң өзүңдү өлтүрөт дегени чыкты. Ушундай экен, башка жол жок. Азыр ал дал ошол өлүү менен өлтүрүүнү гана билген согушка баратат. Касындай карышып турган караңгылык койнунда апасын, атасын, Вероника эжесин эстеп үн чыгарбай ыйлап жиберди, уктап аткан солдаттардын арасында ал билгизбей ыйлап жатты. Үйүндөгүлөр менен кубана кол кармашып алып, кар жамынган талаа менен уюган түндүн уйкусун качырып баягы асманда алоолонгон жалын-отко барууну кандай гана кусалана самады.

Дөңгөлөктөр рельстерди така-так айтып сабап баратат, а вагондор куш болуп сызат. Түн койнунда үргүлөгөн күңүрт жарыктан улам кайсы бир чакан станциялар көзгө илешпей артта калууда. Жоокерлер менен курал-жарактарга жык толгон бу эшелон түнөргөн түндү жара тилип, өлтүрүү менен өлүү экөө тең бирдей күткөн тарапка алып учуп баратат. Сенин өлүмүң сенин эркинде эмес, эч бир жан өлүмгө туш болууну самабайт жана ошонун өлүмгө кабыларын да жан адам билбейт. Өлтүрүү деген кара мүртөздүктүн эрк-оюнун иши, а согушта болсо ал иш ар кимдин зарыл, мойнуна тагылган милдет иш. Ошенткен менен өзүңө өлтүрөйүнбү, өлтүрбөйүнбү деп кантип айта аласың.

...Дөңгөлөктөр рельстерге урунуп: «Өлтүр-өлтүрбө, өлтүр-өлтүрбө, өлтүр-өлтүрбө» – деп безене какшап баратты...



Көзүн жаш чайган Сергий үргүлөп баратып кызыл кыргын согушту, ал жактан кимди өлтүрөт, кантип өлтүрөт, аны эмне, атып өлтүрөбү же мушташып жатып өлтүрөбү, айтор, аргасыздан ушуларды жана да душманды өлтүрүүнү жай бою Волга боюнда үйрөтүшкөнүн эстеди. Анан ал өзүн өлтүрө турган адамды, анын кантип өлтүрөрүн көз алдынан өткөрүүгө аракет кылды. Ал тургай ошо душманды – немисти, фашистти да элестетип көрдү. Бирок анысынан майнап деле чыккан жок, андай адам кандай экенин элестетүү чыны ага кыйын өңдөндү. Атасы айткан окуя боюнча кеменин жанында эч нерсе болбогонсуп карап тургандардын көз алдында деңизге чөккөндөрдү да эч бир элестете албай койду. Алсырагандарды албуут толкундар жутуп, дит

баккыс көрүнүш көзгө сайып турган эле. Жаным аман калсын деп кемеге жан талаша жакындагандарды тигилер атып турушту. А алар ыңжыңсыз иримге житип кетип жатышты...

«Өлтүр-өлтүрбө», – деп дөңгөлөктөр безене какшап баратты. Сергий мектепте немис тилин окуган эле, ошо маалда ал өлтүр-өлтүрбө, өлтүр-өлтүрбө, өлтүр-өлтүрбө деген сөздөр немисче кандай угуларын да түк биле албай койду...

Аркыраган поезд түндү тешкен ок болуп учуп баратты...

**P.S.**

Арсен Саманчиндин «...Өлтүрбө!» аңгемесин анын кол жазмаларынын арасынан таап алдым. Анткен менен бул чыгармасынын жарык көргөнүн көрүүнү авторго тагдыр айткан эмес экен, мен ушуга өкүнөм.

Окурман деген автор барында кандай болсо, анын көзү өткөндөн кийин да ошо бойдон, ал тургай алардын саны андан да көбөйүп, түбөлүк кала берет. Ооба, Арсен Саманчиндин дептеринде кандай жазылса, мен ушу «...Өлтүрбө!» аңгемесин согуш кыргыны болгон жерлердеги бозоргон мүрзөлөргө барып, аларга үн чыгара окуп беремин.

Жана да мен бейиши болгур Арсен Саманчин басса-турса оозунан түшүрбөгөн Кызкайыптын чакырыгын ар дайым угуп турамын. Мен дагы Кызкайып менен биргемин.

*Элес.*
*2006-жыл, февраль айы. Брюссель.*
*Которгон Самсак Станалиев.*



990369